82.3(2Ки)
Б-18

manas-discovery.kg

Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгы

СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВ

# Улуу «Манас» эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук БААЛУУЛУКТАРЫ

Бишкек-2021

manas-discovery.kg

**УДК 821.51**
**ББК 83.3 Ки 7-5**
**Б 18**

**Б 18**
**ISBN 978-9967-08-870-2**

КРдин Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жана Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңештери басмага сунуш кылган.

**Рецензенттер:** академик А.А.Акматалиев, КРдин Эл мугалими Б.Исаков.

**Советбек Байгазиев.**

Улуу "Манас" эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык жана патриоттук баалуулуктары, Б.: 2021 – 242 б.

Бул китепте улуу «Манас» эпосунун өзөгүндө жаткан көөнөрбөс рухий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук, мекенчилдик нарк-дөөлөттөр, баалуулуктар, Манас Атанын жана анын чоролорунун өмүр-жашоодо, күрөштө колдонгон, тутунган моралдык-этикалык жол-жоболору, ыймандык эрежелери, атуулдук-жарандык идеалдары, принциптери, ошондой эле тарбия даанышмандыктары, бир сөз менен айтканда, «Манастын» адеп-ахлагы кыска-нуска мисалдары менен чечмеленип, талдалып берилди. Бул баалуулуктар эгемендүү Ата-журтубуздун рухий фундаменти болуп эсептелет.

Китеп өлкөбүздүн жарандарына, жаштарга, мектеп мугалимдерине, тарбиячыларга, студенттерге, ата-энелерге жана окуучуларга арналат.

**УДК 821.51**
**ББК 83.3 Ки 7-5**
**ISBN 978-9967-08-870-2**

**© Байгазиев С., 2021**

manas-discovery.kg




manas-discovery.kg



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

## Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө

Дүйнө жүзү адамзаттын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кайра баштоо жана глобалдуу трансформациялануу этабына өттү. Санарип технологияларын ишке киргизүү, жасалма интеллектти иштеп чыгуу, энергиянын жаңы түрлөрүнө өтүү жана жаңы технологиялык тартиптин инструменттери калыптанып калган коомдук мамилелерди түп-тамырынан өзгөртүп, тийиштүү түрдө өз ара мамилелерде жана башкаруучулук процесстерде жаңы ыкмаларды издөөнү талап кылууда.

Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүн каптаган дүйнөлүк кризис өндүрүштүк мамилелердин түзүлгөн ыкмасы, тынымсыз керектөөчүлүк жарыш, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, анын натыйжасы катары саясий системанын, экономикалык мамилелердин кризиси жана адамдардын жүрүш-турушундагы руханий-адеп- ахлактык башаттын төмөндөшү менен байланышкан. Руханий чөйрөнүн үстүнөн материалдык мамилелердин артыкчылыгы дүйнөдөгү, анын ичинде Кыргызстандагы системалуу кризистин башталышы жана себеби болуп калды.

Кыргыз эли эгемен жылдары үч жолу саясий толкунду башынан кечирди жана бул түзүлгөн саясий, экономикалык жана социалдык стандарттарга жана мамилелерге карапайым элдин каршылык билдирүүсүнүн далили болду. Кыргыз элинин өзөгү жана табияты болгон адилеттүүлүк сезими бийликтин бар болушунун жана адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин көрсөткүчү жана өзүнчө күч болуп саналат. Биздин элдин миң жылдык тарыхы элдин сакталышынын жана өнүгүүсүнүн чыныгы себептерин жана шарттарын далилдеди. Бул биринчи кезекте биздин тил, маданият, салт, үрп-адат болуп саналат, алар биздин жашоо мүнөздү калыпка салат жана бекемдейт.

Дүйнө жаңы тартипти куруу этабына өтүп жаткан азыркы этапта коомдогу руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктар өзгөчө мааниге

manas-discovery.kg



ээ болуп, кайра түзүүлөрдүн багыттоочу күчү болууда. Бул жарандардын, өзгөчө өсүп келе жаткан муундун руханий-адеп-ахлактык абалы жөнүндө дайыма камкордук көрүүнү, анын жаратман чыгармачылыгын колдоону, сергек жашоо ыкчайын жана үй-бүлө баалуулуктарын пропагандалоону талап кылат. Жогорку адеп-ахлактык баалуулуктар жана принциптер сакталбаса жана бекемделбесе биз өзүбүздүн жүзүбүздү жана адамдык касиетибизди жоготуп алышыбыз мүмкүн.

Руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктарды жана технологиялык прогресстин жаңы жетишкендиктерин кылдат жана акылга сыярлык айкалыштыруу мамлекеттүүлүктү да, элдин биримдигин да сактай алат. Кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасында жашаган бардык улуттардын жана элдин каада-салтына, үрп-адатына таянып, биз цивилизациялуу жана гүлдөгөн мамлекетти ийгиликтүү куруп, алдыга илгерилей алабыз.

Ички саясаттын эң маанилүү багытын – жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданияттарынын доолотун, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:

– коомчулуктун, маданият, илим жана билим берүү ишмерлеринин, бардык кызыкдар тараптардын кеңири катышуусунда 2021-жылдын 1-июнуна чейин Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясын (мындан ары – Концепция) иштеп чыксын жана киргизсин;

– бул чөйрөдө колдонулуп жаткан бардык ченемдик укуктук, концептуалдык, программалык документтерди аларды инвентаризациялоо жана иштелип чыгуучу Концепцияга ылайык келтирүү жагына кайра карап чыгуу;

– Концепцияны иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынсын:

турмуштук жүрүш-турушта руханий-адеп-ахлактык жүйөнүн материалдык кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы;

коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы жана аларды бири-бирине каршы койбоо;

мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдеринде, аракеттеринде калыстык принцибинин артыкчылыгы;

мамлекеттин жана коомдун негизи катары тарбиячылардын, мугалимдердин, врачтардын жана аскер кызматчыларынын статусунун барктуулугу жана баалуулугу;

manas-discovery.kg

патриоттуулук, каармандык, мамлекеттик жана муниципалдык бардык кызматтын элге жана Мекенге берилгендиги жана кызмат кылуусу;

– элдин мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына ишенич деңгээлин көтөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматка жаңы таланттарды төмөнкүдөй негиздерде иштеп чыгуу:

мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын Конституцияны жана мыйзамдарды сактоодо, кызмат ордундагы жана кызматтык ыйгарым укуктарды коомдук ишке жана жашоо-турмушта ак ниет аткаруунун үлгүсү болуусу жана элдин пикирин жана талабын билдирүүсү;

мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө үчүн кыйла квалификациялуу, жогору адеп-ахлактуу жана кынтыксыз беделди бар адамдарды даярдоо жана алардын арасынан тандоо.

2. Маданият, билим берүү, илим жана спорт мамлекеттик органдары:

– билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн; жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;

– билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин;

– ар бир жарандын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачуу жана өнүктүрүү, аны эмгекти сүйүүгө жана жогорку адеп-ахлактык принциптерге, инсандын өзүн-өзү жеткилүү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзсүн;

– балдарда жана жаштарда бүтүн дүйнө таанууну жана заманбап илимий көз карашты, эмгекке ыктанууну, активдүү жашоо жана кесиптик позицияны, табиятка этият мамиле кылууну калыптандырсын;

– билим берүү системасына жогорку деңгээлде окуу процессин жүргүзүүгө, жөндөмдүү талантуу педагогикалык жана илимий кызматкерлерди, адистерди тартсын;

– дене тарбия жана спорт каражаттары аркылуу өсүп келе жаткан муундун жарандык-патриоттук тарбиясын жогорулатсын;

– жарандардын, анын ичинде майыптардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылсын.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

manas-discovery.kg


– руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү, патриоттук жана дене тарбиясы жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

– тиешелүү аймакта калкты руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүүгө жана дене тарбиясына багытталган иш-чараларды туруктуу негизде уюштурсун жана өткөрсүн.

4. Жалпыга маалымдоо каражаттары:

– салттуу коомдун баалуулуктарын, үй-бүлө, сергек жашоо, Ата Мекенди сүйүү жана элге кызмат кылуунун идеалдарын үгүттөсүн;

– эл аралык деңгээлде өлкөнү жакшы жагынан көрсөтсүн.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ — **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2021-жылдын 29-январы
ПЖ № 1

manas-discovery.kg

# Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаровдун жарлыгы жана улуу «Манас» эпосунун рухий ресурстары

## Алгы сөз

Кыргыз Республикасынын Президентинин **"Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жонүндө"** Жарлыгы "Манас" эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук нарк-кенчтерин, баалуулуктарын изилдеп, талдап, чечмелеп калайык-калкыбызга, муундарыбызга тартуулоо маселесин актуалдаштырып, алдынкы планга алып чыкты. Анткени "Манас" эпосунун дөөлөтөрү илгертен элдик турмушубуздун рухий пайдубалын түзүп, өсүп келе жаткан муундарды социалдаштыруунун күчтүү куралы болуп келген. Бүгүнкү кризис шартында улуу мурасыбыздын баалуулуктары жарандарыбыздын, урпактарыбыздын тарбиясы үчүн аба менен суудай керек болуп турат.

"Манас" - көлөмү жагынан гректердин атактуу "Илиадасы" менен "Одиссейинен" 20 эсеге, Индиянын даңктуу "Махабхаратасынан" эки жарым эсеге, "Шах-намеден" 5 эсеге чоң, жер жүзүнүн эң зор дастаны, дүйнөлүк эпостордун "Хан-Теңир тоосу" жана бийик "Эверести". "Манас" кыргыз элинин кылымдарды, доорлорду карыткан, "Тоо бузулуп сай болгон, сай козголуп тоо болгон, аты калып озү жок, ар канча деңиз жоголгон" узак тарыхынын "аэропанорамасы" сыяктуу. Калктын социалдык өмүр-баянын ыр менен баян эткен кучак жеткис эпопея, ичине ааламды батырган поэзия храмы. Бул улуу көркөм казына бүтүндөй Азиянын географиясын, көз

manas-discovery.kg


жеткис мейкиндерин, андагы түркүн этносторду, калайык-калктарды кучагына алуу менен бирге, кыргыз элинин турмуш-тиричилигин, аң-сезимин, тилин, дилин, жан дүйнөсүн, эркиндик, көз карандысыздык үчүн жүргүзгөн каармандык, баатырдык күрөшүн, элдин жеңиштери менен трагедиясын, жакшылык күн, жаркын келечек үчүн каруусун казык, башын токмок кылган аракет-мээнетин өз ичине камтып турат. Бекеринен Чокан Валиханов эпосту кыргыз турмушунун "**энциклопедиясы**" деп атаган эмес.

"Манас" эпосубуз дүйнөлүк маданиятта көлөм жагынан гана бөтөнчөлөнбөстөн, ошону менен бирге өзүнүн түбү терең дайрадай орошон мазмуну, обологон бийик ойлору, орчундуу идеялары, омоктуу философиялык нускалары, улуттук маштабдагы, жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий-ыймандык дөөлөттөрү, гуманисттик кенчтери менен да өзгөчөлөнөт.

Кыргыздар-Азияда биринчилерден болуп өзүнүн жазмасына ээ болгон эл. Кыргыздар биздин эранын V кылымында эле рун жазуусун колдонгондугун Чыгыш менен Батыштын окумуштуулары далилдеп көрсөтүшкөн. Борбордук Азия калктарынын ичинен байыркы тарыхта аты биринчи учураган кыргыздар илгерки доорлордо, өзүнүн хандыгына, мамлекеттүүлүгүнө ээгедер болгон (кытай жазмаларынын далилдери), а түгүл Азияда өзүнүн империясын түзгөн (IX кылым), кытай жазмаларынын жана орто кылымдагы саякатчылардын берген маалыматы боюнча чептерди, шаарларды (мисалы, «Алакчын», «Кыргыз хан» шаарлары) курган, башка тайпалар, калктар менен дипломатиялык мамилелери бар, эпостордо айтылгандай, «**Эрендер менен маңдайлаш, чечендер менен таңдайлаш, беттеп адам барбаган, ар душман жеңип албаган**» жоокер, эмгекчил, баатыр эл болгон. "Манаста" ушул тарыхтын издери, көркөм эместери көрүнүп турат.

Кыскасы, тарыхтын узак жолун баскан элибиз бу дүйнөдө адам болуп жашоонун, мекендин жараны, атуулу болуп өмүр

manas-discovery.kg

сүрүүнүн жолун, шартын көрсөткөн моралдык-этикалык, патриоттук дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир системасын иштеп чыккан. Кыргыз эли кайталангыс руханий, адеп-ыймандык маданиятын өзүнүн узак тарыхында дүйнөнүн ой-чуңкурун көрүп, Азиянын бороон-чапкындуу мейкиндеринде, жашоо үчүн каарман күрөштүн жолдорунда азап-тозокту, ("кайың барбы кыргыз балта чаппаган, кырың барбы кыргыз сөөгү жатпаган") ысык-суукту, ачуу-таттууну баштан кечирген татаал жана эң бай өмүр тажрыйбасынан жууруп жараткан.

Ак калпак калк өзүнүн ошондой рухий асыл нарктарын жана адептик – патриоттук кенчтерин топтоштуруп, улуу "Манас" эпосуна уюткан алтындай кылын чөгөргөн.

«Манастын» эң ыйык идея-дөөлөтү – Ата Журттун азаттыгы, эркиндиги, көз карандысыздыгы философиясы (**«Алты сан аман турганда, ыйык кыргыз жеримди, душмандын буту баскыча, асыл кыргыз элимди, тебелетип бөтөнгө, кор кылып карап жаткыча, туулбай туна чөгөйүн, тирүү жүрбөй өлөйүн!»** – Манас баатырдын антынан). «Манаста» дагы эмне ыйык? Улут биримдиги, калайык журттун бекем баш кошкондугу, бөлүнбөстүгү - ыйык дөөлөт (**«Кулаалы жыйып куш кылдым, курама жыйып журт кылдым»** - Манас, **«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет»** - Бакай, **«Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу»** - Акбалта). «Манаста» эмне улук? Ата Журт үчүн, эл үчүн кара жанын карч урган, каруусун казык, башын токмок кылган мекенчилдик, керек болсо кайран жанды курман чалуу идеясы улук (**«Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин»** - Манас). Мекендин, бир боор журттун көйгөйүн ойлоп толгонгон, Ата конуштун тагдыры деп асанкайгыланган атуулдук күжүрмөн рух, жарандык парз, жоопкерчилик улук (**«Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы, журт айласын кылалы»** - Кошой). Калк аралык достук-кымбат кенч (Алманбет менен Манастын достугу, Манас

manas-discovery.kg


ордосунун алгачкы, жакынкы элдер менен алака-катышы) Элдин ар намысын ойлогон, өзүнүн беделин жерге түшүрбөгөн жигиттин, уулдун, эрдин намыскөйлүгү улук (**«Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн»** - Манас, **«Калкы тыргоот, манжуруга кантип сурак беребиз, кол куушуруп, баш ийбей, койгулашып өлөбүз»** - Акбалта. Элдин намысы деп сексендеги Кошойдун Жолой менен күрөшкө чыгышын эске түшүрөлү). «Манаста» мекендин чегин күн-түн күзөтүү, эл-жерин сак-сактап кайтаруу, мамлекеттүүлүктү коргоо жана чыңдоо идеясы ыйык (**«Артыкча башым барында, айлымды кантип берейин»** - Акбалта. **«Кыргыздын жерин жердөөнү, Алоокe сага ким койду, атамдын жерин жердөөнү, ант ургур сага ким койду?»** - Манас. **«Элинди түгөл башкарып, өз алдынча болгондо, кыр-кырда кыргыз элине, кызыккан жандар дагы бар, кысталактын баары бар, ошого моюн бербеске, ок өтпөгөн тон камда, ок жетпеген ат камда»** - Кошойдун Манаска кеңеши). «Манаста» бакубат жашоо үчүн күн тынымын билбеген, түн уйкусун көрбөгөн, ак эмгек, адал мээнет ыйык (**«Эмгек кыл, балдар, эмгек кыл, акыңды эмгек кайырат, арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат, алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оёлу»** - Акбалта. Бала Манастын койчу Ошпурдун колунда тарбияланышын эске салалы). Жетимиш түрлүү тил билүү өнөрү – дөөлөт (Жетимиш түрлүү эл көргөн, жетимиш түрлүү тил билген Ажыбайдын өнөрү). Ала-Тоого болгон ашып-ташкан сүйүү - кымбат кенч (**«Жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы, береке экен, бел экен, пенде көрчү жер экен, жердеген адам бай болор, түгөнбөс ырыс кен экен»** - Манас). Кылымдарды аралап, илгертен келаткан ата-баба салты ыйык («Көкөтөйдүн ашы" жана андагы элдик каада-салттар жана спорттук оюндар). Ата-эне, үй-бүлө ыйык. Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан көрөгөчтүк, акылмандык улук (Бакай). Коллективисттик адеп-ахлак, жан дүйнөнүн рухий сулуулугу жана марттыгы, айкөлдүк, меймандостук, чынчылдык, адилеттүүлүк, калыстык

manas-discovery.kg
ж.б.у.с. адамдык асылзат нарк-насил улук (Каныкей, Чыйырды, Айчүрөк, Алманбет, Чубак, Сыргак, Бакай, Кошой, Манас).

«Манас» эпосунда «өзөктөн чыккан өрткө, өздөн чыккан жатка» (абыке-көбөшчүлүк, көзкаманчылык) каршы иммунитет жана антиманкурттук рух күчтүү. "Улуу "Манас" тукумдарды, урпактарды «абыке-көбөшчүлүктөн», манкуртчулуктан, «көзкаманчылыктан» сак болууга астыртан үндөп, жарандарда тарыхый эстутумду түптөөнүн, ага мекенчилдиктин рухун сиңирүүнүн зарылдыгын туйгузуп турат. Биз ушуну эске түйүшүбүз керек.

Журттун ички өзөгүн тепчип өткөн, ичтен чыңап, чыйралтып турган дал ушул ойдокудой ыйык идея-абсолюттары, руханий тиректери бар болгондугу үчүн кыргыз калкы эзелтен бери карай эл болуп жашап, тарыхтын кыйын-кезең бороон-чапкындарына алдырбай сакталып, бүгүнкү күнгө аман-эсен жетип, эгемендүүлүккө ээ болуп отурат. Ушул нарк-дөөлөттөрдүн бардыгын чогултуп туруп, биз Кыргыз руху, МАНАС РУХУ дейбиз. Кылымдарды аралап "белес-белден бороондоп, беш удургуп" өтүп, Манас руху улутту аман-эсен сактаган. Ошондон президентибизди жарлыгы рухий адеп-ахлактык, маданий баалуулуктарыбызды өздөштүрүүгө басым коюп отурат.

Нан деген эски нерсе, байыркы нерсе, бирок адамзат баласы үчүн нан ар дайым жаңы, күн сайын дасторконуңда турган ырыскы, өлбөс, түбөлүктүү мүлк. Руханият тармагында да, нан сыяктуу дайыма жаңы, эскирбеген, оңбогон, түбөлүктүү кенчтер болот. Ушул жагынан ойлонгондо, кайсы бир акылмандын: **«Чоң аталардын жана чоң энелердин моралы күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багытталган. Тарыхый тажрыйба адам пендесинин турмушунда жаңылыкка караганда, ар дайым кайталанып, кайра келип турган түбөлүктүү, түптүү нерселер көбүрөөк экенин күбөлөп турат. Мына ошондуктан, жаңылыктардын артынан кубалайм деп олтуруп, кылымдап калыптанган «ак чач» нормаларды,**

manas-discovery.kg


**эрежелерди унутуу опурталдуу экенин эскерткибиз келет»** - деген терең ою эске түшөт. Өйдө жакта басым коюлуп көрсөтүлүп өткөн «Манастын» идеялык-рухий, адеп-ахлак кенчтери чынында эле, күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багышталган, кечээ да, бүгүн да, эртең да эскирбес, карыбас, өлбөс-өчпөс улут баалуулуктары.

Башка өлкөлөргө карайлы, эмнеңер бар, улуттук ыйыгыңар, таяна турган пайдубалыңар, тооңор кайсы десе, маселен, Индонезия өзүнүн «Панчасила» аттуу улуттук идеологиялык доктринасын көтөрүп чыгат. Кытай Будда дини менен Конфуцийди көрсөтөт, Арабдар ислам философиясын, куранды даңазалап чыгат. А биз кыргыздар эмне менен мактанабыз жана сыймыктанабыз. Албетте, биз дүйнөлүк аты бар улуу «Манаска», анын философиясына таянабыз. «Манас» - биздин рух храмыбыз, рухий энциклопедиябыз! Таянар тообуз! Адеп - ахлак Конституциябыз.

Тилекке каршы, аз сандагы улуттардын тилине, тарыхына, тарыхый тамырларына, мурастарына кайдыгер караган өткөндөгү тоталитардык, акимчил-буйрукчул системанын атеисттик-таптык тар саясатынын тушунда биздин жергебизде өзүнүн улуттук кыртышынан алыстаган, өз тарыхына чоочун, ата-бабаларынын руханий баалуулуктарын таанытбаган, ага нигилизм менен караган типтер, «Бугу энесине» каршы ок аткан, өз бешигин балталап бүлүндүргөн Орозкулдар («Ак кеме» фильми), өз элинин сыймыгы «Манастан» оолактаган коммунист-космополиттер пайда болгон. Бекеринен Чыңгыз Айтматов маңкурт Жоломандын образын түзүп, «сенин атаң Дөнөнбай, Дөнөнбай, Дөнөнбай!» деп сайраган чымчыгын учуруп, замандаштарын тарыхый эстутумга чакырган эмес («Кылым карытар бир күн» романы).

Өз бир боор очогун, коломтосун таанытбаган, тыштан келген чоочун өрнөктөрдү, батыштык массалык маданияттын жеңил-желпи стандарттарын культ кылган маңкуртчулук илдет эгемендүүлүктүн кырдаалында да уланууда. Бүгүн

manas-discovery.kg

кыргыз жарандарыбыздын бири баптист, бири буддист, бири ийоговдук сектанын мүчөсү, дагы бири хизбут–тахрир, бири христианин, дагы бири диндик террордук уюмдун мүчөсү. Биздин эгемендүүлүгүбүздү каалабаган, ички ниети бузук эл аралык геосаясий күчтөргө дал ушундай жоломандар (Ч.Айтматов), көзкамандар, нигилисттер аба менен суудай керек. Анткени ушундай типтер көп болсо, алар өз максаттарын оңой ишке ашырат. Эгерде мындан ары карай ушундай тарыхый тамырын таанybaган тукумдар көбөйө турган болсо, анда биз эл аралык геосаясий күчтөрдүн, ар кандай күчтүү империялардын, глобалдашуунун, массалык маданияттын алкымына жутулуп, ассимиляцияланып, улуттук жүзүбүздү жоготуп, эгемендүүлүгүбүздү уурдатып коюшубуз мүмкүн.

Ушул өңүттөн алганда, улуттук маданиятты, адеп-ахлакты сактоо жөнүндөгү Президенттин Жарлыгы өз убагында жаралды.

Мына ушундай перспективадан, коркунучтуу опурталдуулуктан сактаныш үчүн биз бүгүн өзүбүздүн улуттук коломтобузга, элдик кыртышыбызга, тарых-казынабызга кайрылып, андагы кылымдарды карыткан түптүү, уңгулуу баалуулуктарыбызды, моралдык-этикалык дөөлөттөрүбүздү, маданиятыбызды, улуу Манас атанын патриоттук-философиялык, адеп-ахлак нарктарын терең өздөштүрүп, аларды бекем карманып, этникалык иденттүүлүгүбүздү сактап, ата-бабаларыбыздын ар намысын туу тутуп жашашыбыз керек. Ошондо гана биз глобалдашуунун шарттарында калк катары, өз алдынча улут катары сакталып калабыз жана дүйнөлүк көчтүн сабында ийгиликтүү өнүгөбүз. Туура, дүйнөлүк илим-билимди, инновацияларды өздөштүрүшүбүз зарыл, конкуренцияга жөндөмдүү болушубуз керек. Бирок улуттук өзөгөбүзгө, Манас Атанын руханиятына таянып туруп инноватор болушубуз абзел. Улуу Ф.Достоевскийдин сөзүн эске түшүрөлү: «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы,

manas-discovery.kg
өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутундун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес». Демек, Чыңгыз Айтматов кечээ «сенин атаң Дөнөнбай, Дөнөнбай» деп ураан таштаса, бүгүн биз **«сенин атаң Манас, Манас! Сенин коломтоң-Манас!»**- деп үндү бийик чыгарып үгүт-тарбия жүргүзүшүбүз зарылдын зарылы.

Биреөлөрдүн оюн оңой кабылдаш,
Бирок аның өз дөөлөтүң боло албас,
Өз пикириң өзөгүңө тамырлаш,
Өзүнкүңдөй кымбат нерсе табылбас.
Ич жагыңдан мотор сындуу айланып,
Өтө керек өз ой менен жалындаш.
Бөтөн ойду балдак кылып таянбай,
Өз күчүңө ишенгендер жаңылбас!

Бул китепте улуу «Манас» эпопеясынын өзөгүндө жаткан көөнөрбөс, рухий, идеялык-философиялык нарк-дөөлөттөр, Манас Атанын өмүр-жашоодо колдонгон, тутунган моралдык-этикалык жол-жоболору, ыймандык эрежелери, патриоттук принциптери, бир сөз менен айтканда, айкөл Манастын адеп-ахлагы берилди. Ар бир эреже-жобо, этикалык принцип, (Көптөрдүн «Манас» менен баштан-аяк тааныш эмес экенин эске алып) эпостун өзүнүн сюжетинен алынган мисалдардын, фактылардын негизинде түшүндүрмөлөр, чечмелөөлөр, кыска-нуска талдоолор,мүнөздөмөлөр менен коштолду.

Эгерде эгемендүү мамлекетибиз өзүнүн пайдубалына улуу Манас Атанын адеп-ахлак жоболорун негиз кылып алса, Ала-Тоо мекенибиздин ар бир жараны –мамлекеттик ишмерден тартып, катардагы атуулга чейин баалуулук багытын кайра куруп, айкөл Манастын төмөндө тартууланып отурган ыймандык, мекенчил, интернационалдык эрежелерин жетекчиликке алып жашай турган болсо, анда ата мекенибиздин, ак калпак журтубуздун «ташы өйдө карай кулап», дүйнө өлкөлөрү менен гармонияда жашап, гүлдөп, өркүндөп–өсмок.

manas-discovery.kg

Улуу «Манастын» моралы улуттук гана эмес, жалпы адамзаттык мааниге ээ жана ал өзүнүн универсалдуулугу менен дүйнөлүк ар кандай этикалык документттердин негизине алынууга татыктуу. «Манастын» адеп-ахлак кодекси кыргыз элинин Азиядагы рухий цивилизациясы өнүккөн калктардын бири экендигин күбөлөп турат.

manas-discovery.kg



# УЛУУ "МАНАС" ЭПОСУНУН РУХАНИЙ, АДЕПТИК-ЫЙМАНДЫК, ИДЕЯЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК, ПАТРИОТТУК БААЛУУЛУКТАРЫ:

## I. АК КАЛПАК КАЛКТЫН ЭРКИНДИГИ, АТА ЖУРТТУН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫ, ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮ-АЙКӨЛ МАНАСТЫН ЫЙЫК ИДЕЯСЫ ЖАНА ТУТУНГАН ЖАРАНДЫК УЛУУ ПРИНЦИБИ

Мен дагы өзүмчө журтмун деген ар бир элдин төбөдөгү чоң кудайдан кийин, дагы башка бир катар сыйынган ыйык "кудайлары" болот. Бул – улуттунтуу тутуп, төбөгө көтөргөн ыйык идеялары. Ошондой сыйынган «идея-кудайлары», пир туткан рухий, адеп-ахлак абсолюттары болбогон эл, эл болуп, өзүнчө бүтүн, жумуру журт болуп жашай алмак эмес. Карманган өзөгү жок болгондуктан андай калк тигиштери сөгүлүп, дал-далынан кетип айрылган кийим шекилдүү, ичинен өзүнөн өзү ыдырап,бириндеп, азып-тозуп, акыры эл катары жок болуп кетиши тарыхта боло келген иш.

«Биз дагы эне тууган эр элек, эзелден берки эл элек» делет «Манаста». Дал ошондой жалпы журттун өзөгүн тепчип өткөн, аны ичтен чыңап, чыйралтып турган өзөктүү, чордондуу идеялары бар болгону үчүн кыргыз эли эзелтеден бери карай эл болуп жашап келе жатат. Ошондой кыргыз элинин тээ байыртан бери карай көңүлүнүн түпкүрүндө, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп, туу тутуп келаткан, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык

manas-discovery.kg
идеясы – бул ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин, Ата Журттун көз каранды эместигинин, бонтондугунун, эгемендүүлүгүнүн идеясы. Манас доорунда дал ушундай идеялык-моралдык абсолюттү-улуттук эң жогорку дөөлөттү кокүрөк көөдөнүндө, жүрөгүнүн төлтөсүндө көтөрүп жүргөн Манас баатырдын өзү болгон. Манас тарыхый доорлордун бир тилкесинде жашаган тарыхый инсан болгон. Манастын өмүр баяны, баатырдык даңазасы бара бара легенда сөзгө айланып, акыры ал эпостун каарманы болуп жашап калган. Бекеринен тарыхчы-окумуштуу Н.Бернштам: «Манас эпосу көркөм чыгарма гана эмес, кайталангыс тарыхый повесть дагы», - деп жазган эмес.

# 1

Эркиндик деген нерсе, абдан татаал, терең маанилүү категория. Эркиндиктин маани-маңызын түшүнүү үчүн руханий, аң сезим жактан адам белгилүү бир тепкичке чыгышы керек. Адегенде инсан катары ойлонушу, инсан катары түзүлүшү керек. Эркиндик философиясын кимдир бирөө даярдап туруп, белен түрүндө Манаска белеке берген эмес. Элдик руханияттын өзөгүндө илгертен жашаган бонтондук түшүнүгүн кабыл алууга, түшүнүүгө Манас ич жактан жетилип өсүп отуруп келген. Манас эркиндик философиясына кандайча келген? Адегенде ушуну билели.

Немистин улуу ойчулу Гөтенин **"Ойлонуу, ой жүгүртүү – бул эң татаал эмгек"** деген сөзү бар. "Айрым тарбиячылардын эмгекке, эмгек тарбиясына примитивдүү карашкандыгы таңгалдырат. Кээ бирөөлөр адам колуна күрөк-кетменди же шыпыргыны алган жерден эмгек башталат деп ойлошот. Эмгек деген – бул күрөк же соко гана эмес, ал – ойлонуу-толгонуу, акыл жүгүртүү дагы" (В.А.Сухомлинский).

Эпостун сюжеттинен жана көркөм тексттеринен Манастын акыл-эси бала күнүнөн тартып өмүрүнүн акырына чейин тынымсыз изденүүдө, ар дайым бийик чыңалуу абалында

manas-discovery.kg
болгондугу айкын туюлуп турат. Кыргызды бир кезде кыргынга учураткан, азыр болсо Анжиянда тактыда отурган кытайлык Алоокеге каршы аттанардын алдында Манастын абал-жагдайы бул: **"Жаны калбай аянып, жатпай чыкты үч күнү, жалаң кылыч таянып, чыканак жерге салбады, чырм этип уйку албады".** Мына ушинтип, Манас кылычын таянып, үч күн, үч түн уктабай тирмийип ойлонуп, башын катырып, саргарып санаа чегип, тогуз толгонуп, өзүн өзү кыйноого салган. Бала Манас эпосто "Пендеден артык туулган", "баш териси, турпаты башка" делип мүнөздөлөт. Ошол табиятынан өзгөчө артык жаралган, "турпаты башка", оргуштаган акыл жөндөмү менен Манас кулунчак кезинен эле алдыга суроо коюп, собол таштап, жооп издөөгө, жашоо-турмуш маселелерин талдап-талкуулоого ык алып, тарбиячылардын берген багытын чап кармап, зарыл коомдук-турмуштук түшүнүктөрдү бат кабылдап, тез түшүнүп, терендеги себептерди, тамырларды аңтарганга, алысты чапчып акыл тегеретеккенге адат алган. Бекеринен бала Манас жөнүндө **"Хан Жакып айтып болгону,кайышып бала толгонду"** делип эпосто айтылып жаткан жок.

"**Ай, атаке, деп айтат, абалында кол салып, сизди келип камалап, урган калмак турбайбы".** Кулунчак Манастын оозунан чыккан ушул сөздөр, койгон суроосу, атасынын айткан тарых сабактарын анын жөн гана пассивдүү кабылдап отурбагандыгын, тескерисинче, ынтаалуу, активдүү кабылдагандыгын, жаш Манастын баш мээси кыймылдап, ичинде ойлонуу, толгонуу түйшүгү жүрүп, тарбиялануучуда субъективдүүлүктүн өсүш алып жаткандыгын астыртан күбөлөп берет. Бала Манас эпикалык жоо-калмак-кытайды **"зордукчу"** деп аныктайт. Мунун өзү Манастын акылында талдоо, баа берүү, этикалык ой толгоо процесстеринин жүрүп жаткандыгынын айгинеси. **"Калмактан коркуп калтырап, кытайдан коркуп кылтылдап, жүрсөм кудай урбайбы"** деген сөздөрүнөн Манастын жигиттик, патриоттук ар-намыс сыяктуу чоң түшүнүктөрдүн айланасында талыкпай ой чуркатып

manas-discovery.kg

отуруп, баскынчы душманга каршы жалтанбай күрөшүү жөнүндөгү чечимге бекигендиги ачыкка чыгып турат. Ал эми **"куу дүйнөнүн түбүнө, кууСаң кантип жетесиң"** деген сөздөр акылгөй жаш баатырдын күн тартибинде турган патриоттук маселелер жөнүндө гана эмес, бу тирүүлүктүн дайымкы, түбөлүктүү койгөйлөрү тууралуу да далай жолу ойго чөмүлүп, акыл азабын тарткандыгын байкатып жатат. Бул дүйнөнү **"куу дүйнө"** деп атаганы Манастын философчосунан да ойлонуп-толгонгондугуна айгак болот.

Устаттын айтканын айткандай, дегенин дегендей шектенбей кабыл алып, автомат сыяктуу эске сактап, кайра аны кандай үйрөтсө, ошондой кылып кайталоосу маанилүү эмес, тескерисинче, устаттын сөзүнөн "дүрт" этип тутанып, тарбиялануучунун өз мээси менен ойлонуп, башын катырып, өз акыл мээнети менен аракеттенгени эң маанилүү, эң баалуу. Лев Толстой мындай сүйлөп турат: **" Знания только тогда знания, когда они добываются усилиями собственной мысли, а не памятью".** Тарбиячынын насааттап үйрөтүп жаткан нерселерин тарбиялануучу өз ой «тегирменине» салып, акыл «жаргылчагына» тартып, жүрөгүнөн өткөрүп түшүнүп-түюнганы аба менен суудай зарыл. Инсан -личность ушундай жол менен түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, Манастын аң-сезиминде жана рухунда тынчтык, магдыроо деген болгон эмес. **"Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич"** деген макалды эске түшүрөлү. Бул жерде акылдуунун айтканын жөн эле үйрөнбөй, **ич** деп жатат. "Ич" деген каймана сөздүн мааниси акылмандын насыятын өз тажрыйбаң менен текшерип, жүрөгүңдөн өткөрүп, өз акыл "тегирмениңе" салып, менчик мүлкүңө айландыр, ошондо осуят сүт ичкендей болуп рухуңа сиңет, жүрөк-жүлүнүңө жетет деген логиканы билдирет. Манас өзүнүн Жакып, Чыйырды, Акбалта, Оншур сыяктуу алгачкы тарбиячыларынын ойготкон, багыттаган, жол көрсөткөн кеп-сөздөрүн, өрнөктөрүн, мисалдарын өз акыл "жаргылчагына" тартып, "ичип", рухуна,

manas-discovery.kg


аң сезимине сиңирген. Манас ушундай жол менен Манас болгон. Манас өзүнүн акыл мээнети менен өзүн өзү тарбиялап, өз инсанын өзү түзгөн, өз тагдырын өзү жараткан.

## 2

Манас мына ушинтип, өз ичинен жетилип, инсандык өнүгүүнүн белгилүү бир тепкичине чыгып, анан эркиндик жөнүндөгү чоң философиялык маселени акыл талкуусуна салууга келген.

Алтайдагы жаш Манас кытайлык Алооке хандын аскеринин кутуусуз агрессиясына кабылып, тымтыракайы чыгып, туш-тушка чилче тараган, ар кай жерде андаалап кор турмуш өткөрүп, эл катары жок болуп кетүү коркунучу алдында турган бир боор кыргыз калкынын кайгылуу абалын өз көзү менен көрүп турат. Тентиген бурут атыгып, душмандын көзүн карап, кейип-кепчип күн көргөн алтайлык кыргыздардын күнкор тагдырына өзү күбө болууда. Алтайдагы ак элечек байбичелердин, ак калпак карыялардын туулган жер деп, "Кара өзөн кайда, бел кайда? Аталаш кыргыз эл кайда?" деп буркурап ыйлаган муң-зарын укканда, жаш Манастын жүрөгү сыздайт. **"Тентип келген бурут, бул буруттун балдарын, чуркуратып курут"** деген жергиликтүү калмак-манжуулардын кордогон сөздөрүн далай ирет угуп, ызага батып, өзүнүн алтайдагы балалык ачуу тажрыйбасынын мисалында эл жерден ажыраган күнкор турмуштун кайгылуулугуна ынанган. Өз энеси Чыйырдынын аңгемесинен каңкайлык душмандардын боюнда бар кыргыз аялдардын тирүүлөй ичин жарган мыкаачылыгын угуп үрөйү учса, кара ниет жоонун кандуу чапкынынын айынан кыргыз калкынын бири Алтайга, бири Каңгайга тентип, бири Эреңге, бири Тереңге кетип, чабылып-чачылган тарыхын абышка-кемпирлерден эшитип, Манастын ичинен кан өтөт. Акыры өз эли-журтунун кайгылуу тагдырына күбө болгондон кийин акылгөй жаш баатыр төмөнкүдөй логикага келип такалбай койгон эмес. Ата конушуң, эли-журтуң жоонун, үстөмчүл кара

manas-discovery.kg
күчтүн колунда болсо, булуттуу көктүн астындагы, муундуу чөптүн үстүндөгү өмүрүң кор, ичкениң ирим, жегениң желим. Этек-жениңди жайылтпай, канат-куйругуңду кыркып турушат. Дүмүрүң түбүнөн казылат, түркүгүң суурулат. Таманга басып жүн кылат, ачык күнүң түн кылат, койдой айдап кул кылат. Бу жарыкчылыкта бүтүү кенен сунуп, өз бир тууган жериңде атуул катары алчактап жашай албайсың. Эркин жериң болсо, эркин элиң болсо гана, өз тагдырыңа өзүң кожоюн болсоң гана сен бактылуу кишисиң. Бала кезинен терең ой жүгүртүүгө көнгөн Манас турмушту талдап келип, эркиндик деген нерсенин, көзкарандысыздыктын, эгемендүүлүктүн жеке адам үчүн да, калайык-калк үчүн да, Ата журт үчүн да тагдырга тете иш экендигин, анын бу тирүүчүлүктөгү фундаменталдык маанисин аңдап түшүнүүгө чейин көтөрүлгөн. Өзүнүн тажрыйбасы, тубаса курч акылы жана гениалдуу интуициясы менен Манас эркиндиктин жашоонун түзү жана маңызы экендиги жөнүндөгү ишенимге ээ болгон. **"Жанды азат кылалы"**- дейт Манас досторуна. Бул акыл тереңдигинен оргуп чыккан өтө олуттуу сөз. Баатырдын терең логикасы боюнча жан азаттыгы болбосо адам пендеси да, эл да бейпилчиликте бутун кенен сунуп эркин жашай албайт. Өзүн эркин сезе албайт. Анан мына ушундай ички терең ишенимден чыгып, ар жерде чачылып калган кыргыз калкынын башын кошуу, бириктирүү, душманга каршы аёосуз күрөш ачуу, Ата журтту көзкарандысыздыкка чыгаруу, элдин башын азат кылуу, эгемендүү кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүү сыяктуу опол тоодой максаттарды, башкача айтканда, "чачылганды жыйноону, үзүлгөндү улоону, жоголгон жокту табууну, кулаалы жыйып күч кылууну, курандуы жыйнап журт кылууну" - кечиктирилгис практикалык милдет катары өз алдына койгон. Бул милдеттер анын атуулдук, адамдык ар намысынын, абийиринин иши болуп калган. Демек, Манасты түп жактан жандуу мүрөк суусундай азыктандырып турган күч кайда болду. Ал күч - Манастын ичтен кармаңып, туу тутуп, сыйынган ыйык идеясы, бардыгынан жогору койгон эң бийик дөөлөтү. Ал ыйык идея –

manas-discovery.kg

дагы айталы,ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин, көз каранды эместигинин идеясы, ата журттун боштондугунун, эгемендүүлүгүнүн, журт биримдигинин улуу идеясы. Манас ушундай улуу мекенчил идеяны өзөгүндө сары майдай сактап, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп, көк асабадай желбиретип төбөгө көтөрүп, ушундай улут идеясы үчүн каруусун казык, башын токмок кылып, "тоодон кулаган таштай чимирилип", өрт кечип улуу патриоттук күрөшкө аттанган. **"Калкым кыргыз, сен үчүн, курман болуп кетейин, найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе окко учам"** дейт Манас. Манастын кара көк жал шердиги Ала-Тоо мекендин, ак калпак журттун азаттыгы үчүн, Мындай бийик мүдөө үчүн ал кара башын курман чалууга даяр. Мына ошентип, шер Манастын эч нерседен кайра тартпаган, жалтанбаган ченде жок баатырдык жүрүм-турумун ич жактан азыктандырган, түпкүрдөн күч-кубат берип, баатырды бийик деңгээлдеги руханий чокуга көтөрүп чыккан кудуреттүү күч - дал ушул эркиндиктин улуу принциби болуп саналат. Ушул эркиндик принцибинен чыгып, Манас төмөнкүдөй ант берген:

«Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!»

Коомдогу кандайдыр бир нравалык эреже, норма тышкы талап болуудан калып, адамдын рухуна, жан-жүрөгүнө көчүп өтүп, анын ички касиетине айланганда гана, инсандын жүрүм-турумун ич жактан аныктаган күчкө айланганда гана чыныгы

manas-discovery.kg
мораль болуп эсептелинет. Адам аткарууга тийиш болгон коомдук правалык эреже, эгер ал кишинин ички индивидуалдуу касиети, ишеними катары жашабаса, анда ал тышкы талаптын, сырткы ураандын деңгээлинде кала берет. Моралдын спецификасы ушундай, ал аң сезимде, логикада гана эмес, эң биринчи иретте, натурада, кан-жанда, жүрөктө, керек болсо, инстинкте жашаш керек. Ушундай болгондо гана адамдагы мораль жөнүндө сөз кылууга болот.

Манастын эл-жердин эгемендүүлүгү жөнүндөгү идея-ишеними тил учунда жашаган жалган ураан эмес эле. Бул ишеним бала кезинен Манастын аң-сезимине тамырлаган, жүрөк-жүлүнүн уялаган, кан-жанына таралган, өзү менен өзөктөш ишеним болучу. Мына ошондуктан жогорудагы Ата журт жөнүндөгү Ант Манастын тилинин учунан эмес, жан түпкүрүнөн кайнап чыккан, жүрөгүнүн толтосунан атылып чыккан моралдык чындык. Мындай жүрөкө тамырлаган ички ишенимдин чындыгынан, Анттан баш тартуу кыйын. Анткени бул үчүн өзүңдүн жүрөгүңдү айырышың керек. Бул өзүңдү өзүң "айрыганга" тете. Бул Манас үчүн мүмкүн эмес. Демек, эркиндик философиясы –Манастын ички терең ишеними. Ал эми ички ишеним – шимердиктин жана күрөштүн булагы.

Мына ошентип, ак калпак элдин көз карандысыздыгы, азаттыгы, боштондугу идеясы Манас атабыз үчүн ыйыктын ыйыгы.Кыргызда ушул ыйык баалуулук таалим-тарбия механизми аркылуу укумдан-тукумга өткөрүлүп турган. **"Баласына атасы, энчи кылып берген сөз, жайнап түшсө мондүрдой, жалпы журтум терген сөз"**,-деп ырдалат "Манаста":

## 3

Манас атанын эркиндик философиясы менен аба менен дем алгандай дем алып, анын патриоттук салтын уланткан Тагай бий, Кубат бий, Жаныл Мырза, Курманбек баатыр, Атаке, Бердике, Жайыл, Тайлак баатырлар, Эр Солтоной, Балбай, Алымбек датка,

manas-discovery.kg


Искак хан, Курманжан датка, Абдыкерим Сыдыков, Алымбек уулу Абдылдабек сыяктуу ондогон, жүздөгөн, миңдеген чыгаан патриот уул-кыздар элибиздин сыймыгына айланган. Манас ата **"Атадан калган конушту, алдырсам кудай урбайбы, ажалым жетип өлгүчө, туу түбүндө турамын!"** десе, анын өрнөгүндө тарбия алган кийинки Курманбек баатыр **"Тууган элдин убалы, мени кантип уктатат, ушуларды ойлонуп, кандай баатыр тынч жатат, эч душманга кор кылбай, элди асырап багабыз"**, деп кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө аттанууга кырк жигитин чакырып турат. **"Элимди, жеримди кор кылбай өмүр бою коргойм"** (Эр Солтоной). Ал эми Манас рухуна сугарылган Эшкожо уулу Балбай баатыр 19-кылымда **"Элимди кул кылбайм, жеримди тепсетпейм,"** деп ант берип, чет элдик колонизаторлор менен өмүрүнүн акырына чейин күрөшкөн.

Кыскасы, эркиндик идеясын туу туткан Манастын "көк жал" урпактары баба салтын татыктуу улантышып, тарыхтын кыйын-кезеңдеринде боштондук үчүн "баштарын канжыгага байлашып," эл-журтка тирек болушуп, унутулгус өрнөктөрдү көрсөтүшкөн. Бүгүнкү эсенчилигибиз, эгемендүүлүгүбүз үчүн өткөндөгү улуу патриотторубузга милдеттүүбүз.

## 4

Бүгүнкү күндө биздин суверендүүлүгүбүзгө көз арткан эл аралык диндик экстремисттик жана улуттук маданияттарды бир көгөнгө тизип унификациялоого умтулган дүйнөлүк геосаясий күчтөр, глобалдашуунун, массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдары эгемендүүлүгүбүзгө коркунуч туудуруп турат. Ушундай "устаранын мизинде оодарылган"(Арстанбек) татаал, карама-каршылыктуу дүйнөдө мамлекетибиздин түп пайдубалын бекемдөө, күч-кубатын чыңдоо, эгемендүүлүгүбүздү коргоо, күчтүү империялардын алкымына оп тартылып, улуттугубузду жоготуп албоо үчүн Ала-Тоонун ар бир атуулу Манас атанындай бийик мекенчил аң сезим менен жана кужүрмөн күрөштүн духу менен жашоого тийиш.

manas-discovery.kg


Азыркы учурдагы мынабу тенденцияны да эсепке албай коюуга болбойт.Кыргызстандын алыскы айылдарында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолор бүгүнкүөспүрүмдөрдүн кыйласынын мектепти бүткөндөн кийин батыштагы бай өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Жаштарыбызда өздөрүнүн тагдырын бир тууган мекени, Ата-Журту менен бекем байланышта карабаган тенденция өсүп бара жатат.2011-2012-жылдарда Кыргызстандын бардык жети областында социологиялык изилдөөгөтартылган 1410 жаш адамдын баалуулук ориентациясында "мекенчилдик" акыркы орундардын бирин ээлеген (8,3%). Жаштар өз өлкөсүнүнүн рухий мурастарын үйрөнүү жагынан да пассивдүүлүкторүн көрсөтүшүүдө. Ошол эле социологиялык изилдөө жаштардын, мисалы "Манас"эпосун айрым үзүндүлөр түрүндө гана үсүл-кесил билерлигин аныктаган (Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. Кыргызстан жаштарынын социалдык бейнеси-Бишкек, 2012, 47-бет). **Демек, жаш адамды Ата журтун, анын эркиндигин, эгемен мамлекеттүүлүгүн эң жогорку ыйык доолот деп сынаган бийик жарандык аң сезимдүүлүккө, «басканча бөтөн жердин көк шиберин, басайын өз жеримдин тикенегин» деп мекени үчүн жанын берүүгө, анын гүлдөп өнүгүшү үчүн каруусун казык, башын токмок кылууга даяр турган, ата конушунун бүтүндүгү, эл-журтунун биримдиги үчүн тикесинен тик турган патриоттуулукка тарбиялоо-бүгүнкү күндүн кечиктирилгис актуалдуу маселеси. Мындай тарбия стратегиясы мамлекеттик деңгээлдеги педагогикалык саясат болуш керек.**

Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин эркиндик жөнүндөгү улут идеясы актуалдуулугун пастатат деп ойлоого эч болбос эле. Баткен окуясы эсибизден эзели чыкпас. Мекендин эркиндиги, көз карандысыздыгы-биздин түбөлүктүү идеябыз. Эркиндигибиз-эң башкы байлыгыбыз. Бул осуятты Манас агабыз бизге калтырган. Эгемендүү Ата журтту көздүн карегиндей сактоо дайымкы мүдөөбүз.

manas-discovery.kg

Манас атанын эркиндик принциби Кыргызстандын ар бир жаранынын индивидуалдуу ишенимине жана атуулдук жүрүм-турумунун мотивине айланганда гана эгемендүүлүгүбүздүн боосу бекем болмок.

## II. СӨЗ МЕНЕН ИШТИН БИРИМДИГИ – МАНАС АТАНЫН АДЕП-АХЛАГЫНЫН АСЫЛ КАСИЕТИ

Манас патриоттук гана маягыбыз эмес, нравалык идеалыбыз дагы. "Адамды сөзүнөн эмес, ишинен тааны" дейт кыргыз макалы. Кишинин сүйлөгөн сөзү, берген убадасы, шерти, анты кургак сөз, куру чечендик бойдон калса, сөзү иши менен бекемделбесе, анда мындай оозу менен орок оргон пенденин кыргыз коомунда кадыр-баркы болбогон. "Үстүңкү эрди менен көктү шыпырып, астыңкы эрди менен жерди шыпырып", кулакты тундурган ураан көтөрүп, төшүн кагып, тили "буудай кууруп", бирок тырмактын агындай иш кылбаган, "куурай башын сындырбаган" адамдын опосуз тайкалыгына элдик нравалык аң-сезим ар дайым тескери мамиле жасаган жана мындай кунарсыздыкка каршы "Сөзүң өлгөнчө, өзүң өл", "Оездун жели опаа болбойт", "Сөзгө – баатыр, ишке – бакыр", "Сөзүң менен орок орбо, көзүң менен машак тербе", "Сөзү калса талаада, өзү калат балаага", "Куру сөздүү куу чечен, учуп жүргөн камгактай" деген сыяктуу макалдардын ачуу жебесин багыттап келген. Манас заманында, жоокердик, рыцардык ар намыстын арааны жүрүп турган доордо айтылган убада сөзгө, антка, шертке биринчи маани берилген. Элдик этика сөзү өлгөн кишини өзү өлдү катары эсептеген – "Эр жигиттин убададан тайганы – өлгөнү".

Сөз менен иштин биримдиги кечээки ата-бабаларыбыздын моралында адамды баалоонун негизги чен-өлчөмү болуп

manas-discovery.kg
келген, бүгүнкү күндүн этикасында да, бул персе инсандын адеп-ахлактуулугунун башкы критерийлеринин бири. Буга байланыштуу эл ичинде "Эрдин сөзү эки эмес", "Эрдин мыктысы ишинен билинет", "Сөзүң менен ишиң айкалышсын", "Сөз – үрөн, иш – мөмө", "Жакшы адамдын сөзү менен иши бир" деген сыяктуу кишиге алдын ала багыт берип, талап койгон макалдар жашап келет. Дегеле, сөз менен иштин биримдиги жөнүндөгү адеп критерийи дүйнөдөгү бардык элдерге тиешелүү жалпы адамзаттык правалык норма го. Ошон үчүн марксизм акылмандарынын төмөнкү: **"Реалдуу кишилердин реалдуу – ой-пикирлери менен сезимдерин кандай белгилер аркылуу билүү керек? Мындай белги бироо гана болушу мүмкүн экендиги түшүнүктүү, ал белги: ушул кишилердин иш-аракеттери, ал эми сөз коомдук ой-пикирлер менен сезимдер жөнүндө болуп отургандыктан, буга дагы: кишилердин КООМДУК ИШ-АРАКЕТТЕРИ дегенди кошумчалоо керек"** деген сөздөрү таамай аныктама катары жер үстүндөгү бардык калайык-калктар үчүн кечээ да, бүгүн да керектүү, актуалдуу, адамды баалоодо ар дайым жетекке алчу чен-өлчөм деп ойлойбуз.

Көсөмдөр айткандай, Манас биринчи иретте, өзүнүн реалдуу коомдук иш-аракеттери, эл-журт алдында көрүнөө кылган көрөсөндүү жумушу аркылуу көрүнгөн инсан. Манас Алтайда өспүрүм бала кезинде эле "калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин" деген күйүп-бышкан патриоттук сөзүн жарыя кылган. Жаш баатырдын бул сөзү чынында эле бекер эмес экен. Манас жогорудагы антын аткаруу максатында күн-түн тикесинен тик туруп, ырасында эле, акыры көптүн кызыкчылыгы үчүн дүйнөгө бир келген өмүрүн курмандыкка чалды. Элим-жерим деп күрөшүп жүрүп, аягында душмандан алган жаракатынан каза тапнадыбы. Жогорудагы **"Сөз – үрөн, иш – мөмө"** деген макалды эске түшүрөлү. Макалдын маанисин улап мобуну айталы. Манастын алды жакта келтирилген **Анты** – бул кыртышка ташталган **үрөн**. Ал эми ошол үрөндөн өсүп

manas-discovery.kg


чыккан **МӨМӨ**–бул антын аткаруу үчүн Манастын кара башын канжыгага байлап жүргүзгөн аскердик күрөшүнүн, каарман коомдук иш-аракеттеринин, кайталангыс эрдиктеринин натыйжасында кыргыз элинин **ээ болгон эркиндиги,** чачылган калктын кайрадан Ала-Тоого чогулуп, эгемендүү, **бирдиктүү журт болгону.** Манастын боюндагы сөз менен иштин биримдиги аттуу улуу адеп-ахлактан жаралган улуу МӨМӨ, улуу ЖЕҢИШ, укмуштуу натыйжа ушул.

Кыскасы, бир сөз менен айтканда, эл алдындагы антын аткарган, сөз менен иштин, ишеним менен жүрүм-турумдун биримдигин алып жүргөн Манас өзүнчө бир гармониялуу, натурасы бүтүн, жоопкерчиликтин жана атуулдук абийирдин жогорку үлгүсүн көкөлөтүп көтөрүп жүргөн улуу патриот. Сөз менен иштин айкалышы жөнүндөгү жалпы адамзаттык моралдык норманы алып жүргөн каарман катары Манастын образы дүйнөлүк универсалдуу өрнөктүн даражасына көтөрүлүп турат десек жаңылышпайбыз.

Бүгүнкү күндө адамдардын адеп ахлагында сөз менен иштин ажырымдыгы күчөп, жоопкерчилик деген нерсе дефицит болуп, эки жүздүүлүк, жүрүм-турумдун кош стандарттулуугу активдешип турганда, кооз сөздөрдөн, кургак убада-ураандардан маска кийген шылуундар жаандан кийинки козу карындай көбөйүп жатканда, айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарган, сөзү менен иши айкалышып турган Манас Атанын атуулдук адеп-ахлагы биз үчүн маңдайда жаркырап күйгөн правалык маяк экени чындык.

Илгерки заманда атактуу Кетбука ырчы:
Адилдиктен алыстап, сөз бузулат сак болгун,
Айткан сөзүн аткарбай, өз бузулат сак болгун.
Асыл байлык эскирбес,
Абийириңди сатпай жүр, - деп насыяттаган экен.

manas-discovery.kg

Кетбуканын булсөздөрүн ээрчий айтсак, Кошойдаэч убакта адилдиктен алыстаган да эмес, сөзү бузулган да эмес. Айткан сөзүн аткарбай коюу анын мүнөзүнө таптакыр жат нерсе. Ал абийирдин туусун бийик кармаган, айткан кебин эки кылбаган, бир сөздүү, антка-шертке бекем турган эң ишеничтүү, сөзү менен иши айкалышкан кутман инсан. (Анын убада-шертке туруп, айткан сөзүн жерге таштабай, Жарманасты, Билерикти зындандан алып чыкканын, Манасты жоонун курчоосунан куткарган эрдигин эске салалы). Ушундай бийик правасы, таза жоокердик этикасы менен Кошой өз заманында болуп көрбөгөндөй атак-аброй күткөн жана бүгүн да бул каарман биз үчүн адеп-ахлак өрнөгү.

Калк энеси- Каныкей өзүнүн моралдык жүрүм-турумунда, эң оболу сөз менен иштин биримдигин алып жүргөн, айткан кеби менен кылган иши бир жерден чыккан, сөзүн эзели эки кылбаган жоопкерчилиги бийик каарман (Букардан он эки жылдан кийин Таласка кайтып келүү жөнүндөгү сөзүнүн өтөсүнө өжөрлөнө чыкканы, Семетейди Букарда тарбиялап өстүрүп, кайра Таласка кайтып келиши, сүйгөнү Манастын керээзин аткаруу үчүн кара башын сайып, тикесинен тик турганы ж.б.). Айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарган, сөзү менен иши айкалышып турган Каныкейдин аруу моралы-маңдайыбызда жаркырап күйгөн маяк.

# III. ДОСТУК–"МАНАСТЫН" ЭТИКАСЫНЫН ӨЗӨКТҮҮ ЖОБОСУ

Улуу "Манас" эпосунун мазмунунун негизинде жаткан фундаменталдык этикалык принциптердин бири – бул калк аралык достук, интернационализм принциби. Тынчтыктын, ынтымактын шарттарындагы эл аралык кол кармашкан достук алака – катыш – "Манастын" адеп – ахлак кодексинин башкы жобосу.

manas-discovery.kg


Бул принципти эпостун сюжетинин мисалдары менен кыска жана нуска чечмелеп түшүндүрүп өтөлү.

Дүйнөлүк акыл-эс тирмийип тиктеп, саргара ойлонуп отуруп тапкан универсал идеялардын бири – бул жарык дүйнөдөгү бардык нерселердин өз ара чырмалышкан байланышы, өз ара шартташкандыгы жана өз ара бири-бирине багынычтуулугу, дүйнөнүн бир дене сыяктуу бүтүндүгү, бирдиктүүлүгү жөнүндөгү философия. Биздин «Манасыбыздын» түпкүрүндө да ушундай фундаменталдык идея чөгүп жатат, ал идея эпосто активдүү аракетте турат. Элибизде тээ байыртадан: «Тиричиликтин күчү-бирдикте», «Тирилик түбү-бирдик», «Бирдик болбой тирдик болбойт» деген өңдүү акылман философиянын жашап келе жаткандыгы бекеринен эмес. “Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достугу миң белди ашырат” – деген ой да ушул даанышмандыктын уландысы. «Манас» эпосунун түндүгүн көтөрүп турган үлкөн идеялардын бири интернационализм, достук, биримдик идеясы дал ушундай концептуалдык дүйнө таанымдан агып чыгат. Манас баатырдын кыргызды гана эмес, түркүн уруулардын жана этносторду бириктирген “Кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган” ишмердиги дал ушундай философияга негизделет.

## 1

Манас дүйнөдөгү эң айкөл интернационалист каарман. Дегеле, «Манаста» адам тегине, улутуна, расасына карап эч качан бааланбайт. Манастын жандай көргөн кырк чоросунун ичинде ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү: казак да, кыпчак да, монгол да, калмак да, кытай да бар. **“Кырк жерден келген кырк кашка, кыркынын жөнү кырк башка”**- делет “Манаста”. Эпостогу эр-азаматтардын достугу жана биримдиги биринчи иретте, чындык, калыстык, адилеттүүлүк, адамгерчилик, эл алдындагы ак кызмат, адал мээнет деген сыяктуу улуу адеп-ахлак дөөлөттөрүнө негизденип турат. «Манастагы» Алманбет менен Манастын достугу жөнүндө да дал ушуну айтууга

manas-discovery.kg


болот. Маселен, Алманбет баатыр Кытай мамлекетинин атуулу, ал адилетүүлүк үчүн күрөшөм деп өзүмчүл феодалдык жетекчилердин курчоосунда калып, өз өлкөсүнөн куулуп чыгат. Алмамбет чыгыштагы феодалдык деспотиянын шарттарында чындыкты, акыйкатты, адилеттүүлүктү издөөнүн ачуу драмасын жана трагедиясын баштан кечирген каарман. «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун» - дейт Алманбет. Чындык, адилеттүүлүк кай жерде болсо, ал ошол жерде. «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» - деп арман кылган Алманбет, акыры издеген идеалын Ала-Тоодогу Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Өз кезегинде «издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди», - деп ичинен тымызын Аккан досту көксөп жүргөн Манас, Алмамбеттен өзүнүн руханий эгизин көрүп, «алыскы ишти ойлогон, акылмандын бири экендигин» таанып, кучагын жайып кабыл алып, «кызыл найза желегим, кытайдан келген белегим» - деп аны менен ажырагыс дос болот. Эки эрдин достугу кыргыз элинин эркиндиги жана кытайдын карапайым эмгекчи элинин феодалдык деспотиядан эркин болушу жөнүндөгү боштондук идеалына негизделген.

Манас менен Алманбет көр тириликтин майда-баратынан, бытовизмден, этникалык, улуттук тосмолордон өйдө көтөрүлүп, акыл-ой маданиятынын өтө бийик чокуларына көкөлөп чыккан каармандар. Ошол рух чокусунан бири-бири менен жуурулушкан даанышман баатырлар. Манас менен Алманбеттин достугу дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка, акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, биримдиги үчүн өзүнчө бир символ.

## 2

Ушул жерден, достук жөнүндө дагы бир сөз. Достук деген бул кандайдыр бир расчетко негизделген жүрүм-турум, же болбосо тартууланган кымбат белектер, формалдуу келишим, салтанаттуу сырткы убадалар эмес. Достук – бул жүрөктөн

manas-discovery.kg
төгүлгөн сүйүү сезими. Кыргыз поэзиясында жогорудагы Манастын досу Алманбетке арналган өзүнчө бир ыр саптары бар. Ал ырда Алманбет минтип ички жан сырын ачыкка чыгарат:

Ак калпакчан улуу кыргыз жеринин,
Уулу болуп кызмат кылдым дилимден.
Аңызына үрөн болуп көмүлүп,
Көктөп чыгып, мөмө болуп ийилгем...
Кыргыз деп да, кытай деп да жүгүргөм.
Эки калкка эркиндик деп бүлүнгөм.
Өлбөгөм мен Чоң Казатта найзадан,
Мен өлгөмүн эки эл деген сүйүүмдөн!.

Бул монологдон улам айтарыбыз, достук ширелишүүнүн негизинде дал ушул Алманбеттикиндей айкөл сүйүүнүн жатышы абзел. Ал эми достук сүйүү сезими элдин, адамдын тилин, дилин, маданиятын, жан дүйнөсүн түшүнүүдөн улам жаралат. Алманбет кыргыз элин, Манасты ич жагынан түшүнүп, өз элиндей, өз бир тууганындай көрүп, ак калпакчан калкка агынан жарылып кызмат кылган. Өз кезегинде кыргыз калкы да, Алманбетке жүрөгүнөн балкылдап ийип, аны өз бир боор уулундай санап калган. “Чоң Казатта” Алманбет каза таап, жан досунан ажыраганда Манас: **“Кызыл болот желегим, Алманбет – каңгайдан келген белегим! Кысталыш жерде керегим! Өодо чыкса – обогум, олбой кантип турамын, кайраным Алмам-жөлөгүм! Алтын айдар, чок белбоо, арыстаным Алмам, ала жат! Кол кармашып кеткенге, кокуй күн, Алмам, ала жат!”**- деп жаш баладай өңгүрөп ыйлаган. Манастын көз жашы өзөктөн өрттөнүп чыккан чыныгы күйүттүн көз жашы болучу. Достукту айтам десең, дал ушул кыргыз менен кытайдын кулундары – Манас менен Алманбеттин достугун айт дээр элек.

Дагы бир жолу айталы, индивидуалдуу деңгээлде дагы, этностор аралык деңгээлде дагы, эл аралык деңгээлде дагы Манас менен Алманбеттин достугу-дүйнөгө балбылдап күйгөн ШАМЧЫРАК!

manas-discovery.kg

# 3

«Манастагы» «Көкөтөйдүн ашынын» эл аралык достук философиясы жөнүндө да айтпай кетүүгө болбойт.

«Көкөтөйдүн ашы» жер үстүндөгү калктардын эл аралык форумуна окшойт. Эпостун бул маанилүү бөлүгүн 1856-жылы Ысык-Көлдө биринчи болуп белгисиз жомокчунун оозунан жазып алган чыгыштын чыгаан уулу Чокан Валихановду урмат менен эскербей коө албайбыз. Ч.Валиханов "Көкөтөйдүн ашынын" калк аралык маанисин баамдаган сыяктуу.

Айтылуу бул ашка Бүткүл Орто Азиянын, Сибир, Алтай аймагынын түркүн калктары гана эмес, алыскы Орхондон, Монголиядан, Жанандын Сыймун аралынан, Кангайдан, Кытайдан, бер жагы Чыгыш Түркстандан, тиги жагы Индостандан, Оогандан, ары жагы Крым менен Урумдан эл чакырылат. Ашка «Ар жумушка дилгирген, алтымыш түрдүү тил билген», жайма көкүл жаш Айдар «булуттуу көктүн астынан, муундуу чөптүн үстүнөн» куштай учкан Маашкер күлүктү минип, чабармандык кылат. Каркырага «кара курттай кайнаган, кумурскадай жайнаган» түмөндөгөн түркүн калк чогулат. «Кытай журту бир түркүн, кыргыз журту бир түркүн, орус журту бир түркүн, ооган журту бир түркүн, калмак журту бир түркүн, казак журту бир түркүн» делет Манаста. Ашка үч жүз миң боз үй тигилет. Чыныгы эпикалык масштаб деп ушуну айтыш керек.

«Көкөтөйдүн ашында» «Жамбы атуу», «Ат чабыш», «Балбан күрөш», «Эр сайыш» сыяктуу спорт оюндары ойнолот. Жамбы атууга жыйырмага жакын калктын көзгө атар мергендери катышат. Ат чабышта түркүн журттардын эки миң күлүгү жарышка салынат. Кыскасын айтканда, «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашы» бүгүнкү замандагы дүйнөлүк олимпиаданы элестетип кетет, тагыраак айтканда, азыркы спорт оюндарынын эл аралык олимпиадасынын алгачкы прообразы өңдүү. Дүйнөлүк олимпиаданын түңгүч орногу эзелки кыргыз эпосунда берилген десек жаңылышпас элек.

manas-discovery.kg

Бирок, «Көкөтөйдүн ашынын» маани-маңызы жалгыз гана ушунда эмес. Иштин терендеги мааниси, тынымсыз кагылыш-кармаштар, кандуу уруштар өкүм сүргөн жоокердик доордо өз жерине түркүн тилдерде сүйлөгөн алыскы-жакынкы калайык-калктарды чогултуп, а түгүл жоолашып турган душманын да (калмак-кытай) мейманга чакырып, ак дасторкондун үстүндө мамилелешүүгө, баарлашууга реалдуу түрдө кадам таштаган, түпкүлүгүндө журттар ынтымагын көздөгөн ак калпак кыргыз элинин айкөл пейлинде жана гуманисттик умтулушунда жатат. Дагы айталы, азыркы эл аралык тынчтык жыйындарынын жана Ассамблеялардын башаты илгери эле кыргыз жергесинде түптөлгөн экен. «Көкөтөйдүн ашын» уюштурган кеңешчилердин акылман тобу «ала-тоодой эт болгон, ала көлдөй чык болгон» бул аш «акыр заман журтуна» чейин адамзат балдарына «санат-нуска» болуп калсын деген улуу мүдөөнү көздөшкөн. Чындыгында эле, «Манас» дастаны «Көкөтөйдүн ашы» аркылуу (анын айрым койнунда котур ташы бар меймандардын айынан чыр менен аяктаганына карабастан) жер үстүндөгү элдердин биригүүсүн, тынччылыктын кырдаалында алака-мамилеге өтүү глобалдык идеясын тереңден каңкуулап тургандыгы менен жалпы адамзат балдары үчүн табылгыс сабак жана баалуу нуска. Сюжеттик өзөгү кечээки жоокердик замандын баш-аягы түгөнбөгөн катаал кагылыш-кармаштарына, кандуу казаттарына, каардуу окуяларына шыкалып турса да, "Манас" акылмандыкка чулганган эпос. Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 1994-жылы 5-октябрда: **"Манас" эпосунун Орто Азия чөлкөмүндөгү элдерди эзелки тарыхтан бери эле бириктирүүнүн жана байланыштыруунун турмуштук негизги түйүнү экендигин, эпос адамзаттын көптөгөн идеялары менен баалуулуктарын таркатууга шарт түзөөрүн, жалпы адамзаттык мурасты байытууга, эл аралык кызматташуу жана өз ара түшүнүшүү мамилесин чындоого кошо турган салымын эске алуу менен, 1995-жылды кыргыздын улуттук "Манас" эпосунун миң**

manas-discovery.kg
**жылдыгы майрамдалчу жыл деп жарыялайт"**– деп токтом чыгаргандыгын эске түшүрөлү. БУУнун Токтомунда "Манастын" мазмундук тереңдиги жана анын нарк-дөөлөттөрүнүн жалпы адамзаттык мааниси мына ушундайча баса белгиленген.

Достук деген асыл сөз Манас үчүн эч убакта формалдуу ураан, кургак чакырык, тил учундагы кооз кеп болгон эмес. Азия мейкиндиктеринде жашаган түркүн калктардын, тайпалардын чок ортосунда, Улуу Жибек Жолунун тоомунда турган Манас мамлекети үчүн достук деген нерсе реалдуу маңызга ээ ыйык түшүнүк болгон.

Интернационализм, достук дөөлөтү эч качан эскирбеген түбөлүктүү философия. Кыргыздардын библиясы (Ч. Айтматов) делип эсептелген улуу "Манастын" интернационализм, достук принциби бүгүнкү эгемендүү кыргыз мамлекетинин түпкү пайдубалында өзөктүү стратегиялык принцип катары жатыш керек жана мекенибиздин ар бир атуулунун жана коомдук, мамлекеттик ишмеринин жүрүм-турумун ич жактан аныктаган этикалык эреже катары реалдуу түрдө жашоого тийиш.

manas-discovery.kg

# IV. МЕКЕН, ЭЛ АЛДЫНДАГЫ АТУУЛДУК ПАРЗ, ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК, МЕКЕНЧИЛДИК– "МАНАСТЫН" АДЕП-АХЛАГЫНЫН ӨЗӨКТҮҮ ЭРЕЖЕСИ

Адам жамаатындагы тирлик ушундай, коом, жамаат өзүнүн жарандарына белгилүү бир нравалык талаптарды коөт. Ал талаптар жамааттын жалпы бакыбатчылыгын камсыз кылуу зарылчылыгынан келип чыгат. Ошол талаптар адеп-ахлак илиминде **парз, милдет, жоопкерчилик** деген түшүнүктөр аркылуу туюндурулат. Коомдун жаранымын деген ар бир адам коом койгон ошол жалпыга бирдей талапты, моралдык мыйзамды аткарып жашашы керек. Коомдун жалпыга тиешелүү талап-мыйзамын орундоо, аткаруу – адамдын атуулдук аброюнун критерийи. Жалпыга бирдей коюлган нравалык талаптар аткарылбаса, ар ким өзүнүн жеке кызыкчылыктарынан башканы билбей жашап калса, анда коомдо башаламандык келип чыгат. Мына ошондуктан илгертен бери карай адамзат коомунда жанагындай жалпыга тиешелүү адеп-ахлак мыйзамын аткаруу парзына, милдеттүүлүгүнө (долг) чоң маани берилип келген. Эгерде ошол талап кылынган нравалык эреже-нормалардын жалпы коом, эл-журт үчүн зарылдыгын туюнуп, аларды өз каалоосу, ички ыктыяры, өз эрки менен аткара турган болсо, анда мындай киши жогорку адеп-ахлактуу адам болуп саналат, парздын адамы болуп атак-аброй күтөт. Ушул жерден улуу жазуучу Ф.Достоевскийдин: "Өзүнүн жеке пайдасын түк ойлобой, өз ыктыяры, жан дүйнөсүнүн, жүрөгүнүн чакырыгы менен көпчүлүктүн жыргалы үчүн өзүн курмандыкка чалып жаткан адамдан жогору турган асыл керемет барбы, бу дүйнөдө", - деген сөзүн эстебей коө албайбыз. «Манас» эпосунун башкы

manas-discovery.kg

каармандарынын бири Бакайдын адеп-ахлагы дал ушундай асылдыгы менен айырмаланат.

# 1

"Манас" эпосунун борбордук каармандары болуп эсептелген Манаска, Каныкейге, Бакайга, Кошойго, Чубакка, Сыргакка эл, мекен алдындагы атуулдук жоопкерчиликти, парзды (долг) сезүүнүн, аңдап – түшүнүүнүн тереңдиги, жогорку даражадагы патриотизм, мекенчилдик мүнөздүү.

Бакай жаш чагынан тарта эле баскынчы душмандын таманы алдында тепселип, кор болгон Ата мекени үчүн ар кайсы жерге чачылган эли үчүн күйүт чегип, бир боор эл-журтту кулдуктан куткаруу үчүн жоого каршы жол баштаар баатырдын кыргыз ичинен чыгышын эки көзү төрт болуп күтүп, эгер ошондой көк жал шер эл ичинен чыкса, аны менен «чалгынды бирге чалууга, доону бирге доолашууга, жоону бирге жоолашууга» даяр болуп, а түгүл ошондой шерди жер кыдырып, эл кыдырып издеп да келген. Армандуу Бакайдын төмөнкү атуулдук-жарандык күйүттүү толгонууларын толкундабай окууга мүмкүн эмес.

Кабарым билип отурган,
Кадырман кыргыз элим жок,
Уктап жатып түшүмдө
Кайпана көрдүм Манасты,
Эштеп таап Манасты,
Мурадыма жетүүгө,
Табалбасам Манасты,
Бул жалганчы дүйнөдөн
Курман болуп өлүүгө...

Эмне үчүн Бакай курман болуп өлүүнү артык көргөн? Эгерде бир боор элимди кулчулуктан куткарар шер чыкпаса, андай шер менен биригип күрөшкө чыга албасам, кыргыз журту чачылып-чабылган бойдон акыры, жок боло турган болсо, анда эли-журтумдан ажырап, ата мекенсиз бу жарык дүйнөдө

manas-discovery.kg
жашоонун эч кандай мааниси жок, бу көрөкчө өлүп калган артык, деп Бакай оор, трагикалуу санаага батып турат. Капыстан Алтай тараптан Манастын атагы дүңгүрөп угулганда, Бакай энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп: «оо өчкөн отум тамган бейм, өлгөн жаным тирилип, кудайым тилегимди берген бейм», - деп тебетейин көккө ыргытып, жаш баатырга кошулууга ашыккан.

Калайык-калкын бир бүтүн нерсе катары карап, өзүн ал бүтүндүктүн бир бөлүкчөсү катары санап, бүтүндүксүз өз өмүрүнүн маңызсыз экенин туюп, ошол бүтүндүктүн алдындагы уулдук парзын, жоопкерчилигин ичтен терең сезип, өз ыктыяры, жүрөгүнүн чакырыгы менен боштондук күрөшүнө көтөрүлгөн Бакайдын асылдыгы көз көрүнөө.

Манас Бакайдын «ажалдан кайра тартпаган, атышкан жоодон кайтпаган шердигин, билбегенди билгизген билгичтигин, туйбаганды туйгузган туйгундугун түшүнүп, эл-жер деп соккон жүрөгүн тыңшаган соң, кудайымдын бергени ушул деп, чечексйи чеч болуп: **«Тулпардын башын буруп бер, ата болуп өзүмө, тутка болуп туруп бер, кара жаак айбалта кайкалатпай аштаңыз, казак менен кыргыздын, жолун өзүң баштаңыз»,** деп абасына кучагын ачып, ак көрпө жайыл болот.

Белгилей турган нерсе, Манастын боштондук казаттарына Бакайдын жан дили менен, чын жүрөктөн чыккан демилгелүүлүк жана активдүүлүк менен катышат. Анын тилегени, көксөгөнү – жеңиш. Тыңшасак, Бакайдын жүрөгү «жеңиш», «жеңиш», «жеңиш» деп согуп турат. Ал өзүнө атак-даңкты каалаган жери жок. Жеңиш кыргыз элине керек. Бакай өзүнүн бир боор эл – журтуна келе турган жеңишке, жакшылыкка, эркиндикке ашыгат. Ала-Тоо ата журтуна, ак калпак кыргыз элине келе турган боштондук жеңиши жөнүндөгү улуу мүдөө, үмүт-тилек – Бакайдын согуштагы «Манастап» ураан чакырган жоокердик жогорку активдүүлүгүнүн, «боркулдап» кайнаган баатырдык энергиясынын жана оптимизминин булагы.

manas-discovery.kg

## 2

Кошой менен Бакайды рухий эгиздер дээр элек. Экөөнүн бир боор мекен, башына түн түшкөн бир тууган эл-журт жөнүндөгү адамдык жана атуулдук толгонуулары, санаркоолору окшош. Кошойдун да эл тагдыры үчүн жоопкерчилик туюму күчтүү жана мекен алдындагы атуулдук парзын сезүүсү жогорку даражада. Кошойдун туюмунда империялык катаал үстөмдүктүн алдында кулчулукта жаткан кыргыз эли бүгүн ырыссыз. Бир боор калкы ырыссыз болуп турганда Кошой да өзүн бактысыз сезет. Ошон үчүн ал дайыма күйүттүү, армандуу, кайгылуу. Ошон үчүн ал Алтайдан Ат-Башыга келген Манаска канкор Алооке баскынчынын калкка көрсөткөн кордугун, адам чыдагыс алымын, салыгын саймедиреп, кор болгон ата журтка күйүнүп, сакалы ылдый жашын куюлтуп, ацгеме курат. Кошой үчүн эли журтунун жоонун колуна өтүп, туткунда калышы, душмандын таманы алдында кулчулукта онтоп жатышы, эл коргогон эрдин, баатырдын өлүмүнө барабар нерсе. Калайык-калкы азаптын чеңгэлинде жатса, муну көрүп туруп, баатырдын тирүү басып жүргөнү – анын тирүүлөй көмүлгөнү. Кошойдун ар намысы ушунчалык күчтүү, кыргыз элинин күнкор абалы үчүн өзүн күнөөлүү эсептеп, мындан улам ал жер үстүндө эр катары “тирүү өлүк” болуп жашап жүргөндөй сезет.

Ошон үчүн элди кулчулуктан куткараар Манас жарк этип капысынан Алтай тараптан көрүнгөндө, Кошой **«Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды»**, деп энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп, тебетейин көккө ыргытат. Жакын арада элдин эңсегенинин орундалышы, калкка ырыс-бактынын, эгемен тагдырдын кайра кайтып келиши Кошой тарабынан өзүнүн баатырдык абийиринин калыбына келиши катары туюнулат. Абийир деген нерсе, Кошой үчүн кимдир бирөөнүн кандайдыр бир жекече иши эмес, ал калк тагдыры менен камыр-жумур байланышкан олуттуу ыймандык категория. Мындан улам Кошойду «Манас» эпосундагы эң ыймандуу, эң уяттуу баатырлардын бири демекпиз.

manas-discovery.kg


Ал эми "калк энеси" деген атка конгон Каныкейдин мекенчил нравасына келсек, анда кыскача төмөнкүнү белгилеп өтүү ылайык. Өмүрлүк жары айкөл Манастын керээзин (**атаң Темирканга барганда, мойнуна тумар тага көр, чунагың Семетейди бага көр, жашы он экиге келгенде, ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин, ошондо эне-ата жайын билгизгин, колуна мылтык бергизгин, кайра Талас көргөзгүн**) аткаруу үчүн тикесинен тик туруп, Букардан Семетейди аман-эсен чоңойтуп, кайрадан Ала-Тоого кайтып келип, уулу Семетейдин күчү жана Бакайдын көмөгү менен Таласта кыйраган Манас ордосунун, Манас мамлекетинин дубалын кайра тургузушу, "Абыке-Көбөш алты арамдын" элге каршы бийлигин кулатышы - Каныкейдин улуу патриоттук эрдиги болгон. Бул каарман мээнет, граждандык улуу жүрүм-турум жана рухий баатырдык эпосто Каныкейдин образын чоң масштабга көтөрүп, анын идеялык-философиялык арымын кеңейтип, өлбөс-өчпөс классиканын даражасына көтөргөн кайталангыс факт.

## 3

Манастын мекенчилдигине келгенде, мына бул факторду байкабай коюуга мүмкүн эмес. Манастын **түп атасы Каракан, Каракандан Огузкан, Огузкандан Аланча кан, Аланчадан Байгур менен Уйгур, Байгурдан Бабыр, Бабырдан Түбөй, Түбөйдөн Когой, Когойдон Ногой, Ногойдон Орозду чоң атасы.** Ушул ата-бабаларынын бардыгы кезегинде Азиянын мейкиндерин чаңдаткан, азуусун айга жанган баатыр, падыша, хан, ажо болушкан. Элин "тумшуктууга чокутпай, туяктууга тептирбей" калкалап, журтунун таянган тоосу болуп, атак-даңктары ай-ааламга угулуп, дүйнөдөн дүңгүрөп өтүшкөн. Чоң аталары жөнүндөгү атасы Жакыптын аңгемелери, эл ичиндеги даңаза сөздөр бала Манастын жан дүйнөсүндө ата-тегине сыймыктануу сезимин астыртан жаратпай койгон эмес. Акылдуу бала ата-бабаларынын даңкына татыктуу тукум болуу тууралуу ичинен кыялданбай койбогон. Бекеринен бала Манас илгерки Ажо, Хан, Бек болгон бабаларына, Орозду чоң атасына

manas-discovery.kg
кыялында окшошкусу келип: **"Тором деп айт мени", "Баатыр деп айткын мени"** деп, жанындагы балдарга бир чети чындап, бир чети тамашалай кайрылбаса керек. Бир сөз менен айтканда, азуусун айга бүлөгөн даңктуу баатыр чоң аталарынын өрнөгү бала-барчын неберегe дем-шык берип, ар намысын ичтен козгоп ойготуп, анын маңдайында маяк болуп күйгөн. Баатыр ата-бабаларынын таржымалынын мисалында тарыхый эстутумга тарбияланган Манас: **"Биздин элди сурасаң, баатырлар менен жүроктөш, балбандар менен билектеш, эрендер менен маңдайлаш, чечендер менен таңдайлаш, бөрү жалдуу кабылан, бөтөнчө эл-журт олуя, беттеп адам барбаган"**, - деп бекеринен сыймыктанып айтып турган жок.

Өзүнүн жеке ата-тегинин жаркын өрнөкторүн жолдобой коюуга акым жок деп туюнган жана ата-бабаларынын патриоттук, мекенчилдик салты, руху менен жашоо жаш баатырдын мүдөөсүнө жана ар-намысына айланган. Манастын ички толгонууларына жана санаркоолоруна караңыз. Намысы тынчтык бербей: «Атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Too, Алтайдан калбай албасам», - деп жаш баатыр дайыма ичинен толгонуп, азаптанат. Өз ата конушунун бирөөлордүн бийлиги алдында калганына катуу чычалап, ичи өрттөнүп: «Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди», - деп дамамат бармагын тиштеп, түтөп турат. Ала-Тоонун, Анжиян менен Кашкардын душмандын таман алдында жатышын өзүнүн жеке инсандык ар намысынын тепселип жатышы катары туюнуп, эч бир жаны жай албайт. Анжиянды басып жаткан Алоокеден улам: «Атамдан калган жеримди, алдырып коюп Кытайга, аңкайып кантип турамын», «Кызыктуу жерди алдырып, кыргыз уулу болгончо, кырылып жатып калалык, кайтарып жерди албасак, кан жөткүрүп калалы» - дейт ал муштумун таштай түйүп. Мына, караңызчы, күчтүү эмоция менен коштолгон бул сөздөр атуулдук-жарандык-патриоттук терең толгонуулардын жана санаркоолордун бийик көрсөткүчү. Манастын жогоруда мисалга

manas-discovery.kg
алынган Анты анын намыскөй, патриоттук рухунун, жарандык аң-сезиминин эң бийик чокусун мүнөздөйт.

Боштондук жөнүндөгү элдин эңсеген мүдөөсүн туюп, ошол зор мүдөөнүн эр азаматтын алдына койгон талап-муктаждыгын ичтен аңдап түшүнүп, патриоттук сезими алоолонуп жанып турган Манас – жарандык бийик аң сезимдүүлүктүн үлгүсү

## 4

Манастын Ордосун талкалаган Абыке – Көбөш алтыарамга кошулган Жакып чалынын, чыккынчылыгы менен келише албай, Чыйырды эне келини Каныкей тарапка өтүп, Көбөштүн чабуулу учурунда балтыр бешик небересин коюнуна катып, тоо-таштын, карагай-чердин арасына кирип, Семетейди баш кесерлерден аман сактап калат. Негизинде Чыйырды эне уулу Манас менен Каныкейди бир эле киши деп санаганы сезилип турат. Чыйырды үчүн Каныкей менен бир болуу уулу Манас менен, анын арбагы менен бир болуу деген кеп. Мына ошон үчүн тагдыр таразага түшүп турганда, 80деги жашына карабай, келинин колтугунан жөлөп, «Каныкей кулунум, белиңди байлап, кайрат кыл, атакең Темиркандын шаарына, тентип кирип кетели», деп кеңешин берип, өбөк болот. «Көбөш көр шүмшүк баштады, казандан бери талкалап, кайырчы кылып таштады, Ала-Көл элек саз болдук, Ала-Тоо элек пас болдук,» деп арман кылган карыган Чыйырды байбиче небереси Семетей үчүн тирүү жашагысы келет. Теңирим берген ушул чүрпөм аман болсо, атасынын арыгын улап чабаар, оогон жүгүн түзөөр деген үмүттө небересине кара жанын чаап, аны ажалдан арачалап, алыскы чоочун өлкөгө тентип кетүүгө тобокел кылат. Чыйырды жаш аралаш небересине жалбарып турат:

- Өзөндөн аккан булагым,
Өлөрдө көргөн чунагым..
Манастан калган мурасым,
Башымдагы паанайым,
Балтыр бешик Семетей –
Маңдайдагы таалайым!

manas-discovery.kg

80 жашында ата конушун таштап, бели бекчейип, көзү чекчейип карыган кезде, үйдүн торундогу тынчтыгы менен коштошуп, келини, небереси үчүн, чындык, акыйкат, адилеттүүлүк үчүн бороонду беттеп жолго чыккан Чыйырды эненин руханий каармандыгына таң калбай койбойбуз!

Чыйырды эне карыганда үй-бүлөсүндө трагедияга учурап, эки айрылыш жолго такалып, этиканын азыркы түшүнүгү менен айтканда, тандоо проблемасына туш болгон. Тагдырды таразага салган дал ушул **ТАНДОО** кырдаалында Чыйырды эненин образы негизги кырынан ачылып көрүнгөн десек болот. Кенен караганда, Чыйырды эне «же», «же» деген катаал кырдаалда Ата журтту, мекенди тандап алган. Кыргыз журтунун эркиндиги, аны колдон чыгарбоо, Манас уулунун мээнети менен курулган мамлекетти сактоо, жоготпоо идеясын көкүрөк-көөдөнүнүн түпкүрүндө алдейлеп алып жүргөн нагыз патриот аялзаты экенин анын ушул **ТАНДОО**су айкындап койду. Абыке-Кобош менен болгон конфликтте ак элечек байбиченин Каныкей тарапка өтүшүнүн, келини менен Букарга качышынын мотиви ушул улуу жарандык идеяда экени ачык турат. «Манастан калган мурасы» - Семетей анын жападан жалгыз үмүтү, алдыдан жанчу шамчырагы болуп калды. Эне ушул улуу үмүттү эрчиди. Биз 80деги Чыйырды эненин Букарга кетишин Ата журт үчүн **УЛУУ КЕТҮҮ** деп айтар элек. Ал эми анын 90 жашында Манастын туусун желбирете турган Семетей небереси, Каныкей ханышасы менен Таласка кайтып келишин **УЛУУ КАЙТЫП КЕЛҮҮ** деп айтат элек. Манасты төрөгөн Чыйырды эне улуу патриот эне гана эмес, тунук абийир, бийик адеп-ахлак менен жашаган улуу жаран болгон.

Каныкей, Ысмайыл менен бирге Букарда өстүрүп, кайра Семетей менен Таласка 90 жашында кайтып келип, Абыке – Кобоштун бийлигинин кулашына, Манас мамлекетинин туусунун кайрадан желбирешине салымын кошкон, Манас уулуна "чычаладай күйүп бүткөнчө", өмүрүнүн акыркы тамчысына чейин кызмат кылган – демек, Ата журтуна улуу

manas-discovery.kg

кызмат өтөгөн Чыйырды энебизди кыргыз аялзатынын, кыргыз эненин мекенчилдигинин өлбөс-өчпөс үлгүсү.

Жыйынтыктаганда, "Манас" эпосундагы Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Кошойдун жана башка баатырлардын тарыхтын «тар жол, тайгак кечүүлөрүндөгү» башты канжыгага байлаган каарман күрөштөрүнө күбө болуп туруп, тагдырдын булуң-буйткалуу, бурганактуу жолдорунда, башка күн түшүп, өлөйүн десең жан таттуу, кирейин десең жер катуу болуп турган мезгилдерде, дал ушул жогорудагыдай баатыр, акылман уул-кыздар эл-журтуна өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк, конорго куйрук, учарга канат болуп, капилеттен сөз таап, караңгыда көз таап, улутту сактап келгендигине дагы бир жолу ынанабыз жана элдин келечеги үчүн өрт кечип, арыбас мээнетти, нечендеген драмаларды жана трагедияларды баштан кечирген ата-бабаларыбызга кийинки урпактар милдеттүү экенибизди терең туюнбай коё албайбыз.

Сөз соңунда бүгүнку күндөгү мына бу жагдайга акыл токтотуп, анан бүтүмгө келели. Чынын айтуу керек, азыркы капиталисттик рынок мамилелеринин шарттарында, экономикалык кыйынчылыктардын жана моралдык кризистин кырдаалдарында массалык аң сезимдин деңгээли төмөн түшүн, ар ким кортирликтин убаракерчилигинде өз кызыкчылыктарынын артынан кубалап жашап жатат. Бир түндүккө башы бирикпей, ар кайсы жерде чачылган уuктарды элестеткен бул жагдай улуттук турмушубуз үчүн опурталдуу. Мындай жагдайдан улам айтар сөз, "Манастагы" жогорудагыдай эл-журттун жалпы кызыкчылыктары жөнүндө күйүп-бышып ойлонгон, мекен алдындагы атуулдук парзды терең сезген, алыкул акын айткандай "Сен ооруба, мен ооруюн ата журт" деген философия менен жашаган, көпчүлүктүн жеңиши жана жыргалчылыгы деп күч үрөгөн кужүрмөн азаматтык асыл сапатка эгедер Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Чыйырды сыяктуу улуу мекенчил ата-бабаларыбыздын, энелерибиздин нравалык бийик өрнөгү бүгүнкү күндө жогорку даражада актуалдуу жана таалим-

manas-discovery.kg
тарбия үчүн “Миңдин бири”. Республикабыздын ар бир жараны Манас рухунун нугунда кайра жаралып, Манастай коомдук парздын адамы боло билип, айкөл атабыздын мекенчил патриоттук принциби менен жашоого көчкөндө гана эгемендүү мамлекеттүүлүгүбүздүн рухий пайдубалы бекем болуп, өзүбүз да, өлкөбүз да өнүп – өсмөк.

Манастын, Бакайдын, Кошойдун: “Чачылганды жыйнайлы, үзүлгөндү улайлы, бузулганды курайлы, жоголгон жокту табалы” деген жарандык-патриоттук бийик сөздөрү бүгүнкү урпактар үчүн өзүнчө бир атуулдук адеп-ахлак программасы.

manas-discovery.kg



# V. ЭМГЕКЧИЛДИК, МЭЭНЕТКЕЧТИК – МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН ТҮПТҮҮ КӨРСӨТКҮЧҮ

Кыргыздын өзүнүн улуттук коломтосунда алтынга алмашкыс түптүү идеялык кенч-дөөлөттөр, айрыкча эмгек, эмгекчилдик, мээнеткечтик жөнүндө "сакадай бою сары алтын" асыл нарктар, эң сонун тажрыйба тарых-тыржымал, сабак-нускалар уюп жатат. Буга улутубуздун улуу мурасы - "Манас" күбө.

## 1

Учурунда ырдап гана эмес, күңүлдөп Манасты да айта жүргөн улуу Женижок акыныбыздын "Адал эмгекдинибиз, жаралган адам эмгектен" – деген терең айтылган сөзү бар. Ырасында эле, адал эмгек-мээнетти дин сыяктуу туу туткан менталитет калайык - калкыбызды сактаган түптүү факторлордон болгондугун эпосубуздун сюжеттик фактурасы тастыктап берип отурат.

Каңгайдын Алооке ханынын кыргызга салган кыргынынын айынан "колу артына байланып, кой ордуна айдалып" алыскы Алтайга сүрүлүп келип, ач-жылаңач, муң-кайгыга батып, карып болуп, не кыларын билбей, айласы куруп турган элге кайрылып, Акбалта: **"Медер кылып жүрүүчү, белгилүү кыргыз элиң жок, керүүгө тиккен багың жок, керсейип жүрөр чагың жок, талаага тиккен багың жок, дардайып жатар чагың жок, эмгек кыл балдар, эмгек кыл, акынды эмгек кайырат, арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат, алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оолу, жан аябай турушуп, аябай жанды багалы, кар жер менен урушуп"**- деп жалындуу чакырык таштап, арып-азган боордошторунун аман калышын дыйканчылык кылуудан көрүп, көпчүлүктү артынан ээрчитип,

manas-discovery.kg
аларды өлбөй тирүү калуу өздөрүнүн колунда экендигине ишендирип, **"кара жер менен урушууну"** (дыйканчылык ишин) чечкиндүү түрдө уюштурат.

Бир сөз менен айтканда, кыргыздар түн уйкусун, күн тынымын билбей, өмүр же өлүм деп "төбөсү менен жер казган" өжөр эмгек-мээнеттин натыйжасында акыры Алтайда экономикалык жактан бутуна турушуп, өздөрүн өздөрү сактап калууга жетишишет. Алтайдагы кыргыздардын өжөр эмгегинин натыйжасы Ала-Тоо мекенинен ажыраган калк үчүн кандай экономикалык-саясий мааниге ээ болгондугу жөнүндө манастаануучу, Кыргызстандын Эл мугалими Бектур Исаков төмөндөгүдөй корутунду чыгарган:

"1. Мунун өзү Алтай аймагындагы кара калмак, манжуу журтка тең ата болуп жашай алат дегендик. 2. кырк үйлүү журт чогуу-чаран жашап, тилин, салт-санаасын, ырым-жырымын өз алдынча жүргүзө алат дегендик. 3. башка эл-журт менен алыш-бериш, ар кандай мамиле жүргүзүүгө кудурети жетет дегендик. 4. бир топ кыйынчылыктарды материалдык байлыктын күчү менен жеңип кете алат дегендик. 5. күндөлүк турмушу үчүн гана эмес, келечектеги укум-тукум үчүн кам көрө алууга мүмкүнчүлүгү бар дегендик. Демек, кыргыздар акыл, ал аркылуу адал мээнет менен байлык топтоонун аркасында кара калмак, манжуу журтка сиңип кетпей, өзүнүн улуттук ажарын, табигый түр өзгөчөлүкторүн сактап калышкан" (Б.Исаков. Кыргыздар элдигин кантип сактап калган? – Бишкек, «Учкун», 2006, 16-17-беттер).

Алтайдагы кыргыздардын эрдиги, тагдыр кылдын кырында кылтылдап турганда, кыяматтуу кыйын-кезеңден, оор кризистен кантип чыкканы бүгүнкү жакырчылыктан жабыркаган элибизге орчундуу сабак. Бүгүн да биздин тагдырыбыз өзүбүздүн колубузда. Кыргыз журтчулугун, мамлекетин бүгүн четтен келген гуманитардык жардамдар жана гранттар эмес, дале болсо өзүбүздүн улуу мурасыбыз "Манастагы" эмгектин культу, интермандыктын идеологиясы сактамакчы.

manas-discovery.kg
"Манас" дастанындагы Жакып менен Чыйырды ата-эненин кичинекей Манасты койчу Ошпурга берип, эмгекке тарбиялаганынан улам айтар кеп, эмгек – бул баланы адам катары калыптандыруунун, киши кылуунун, атуул катары жетилтүүнүн бирден - бир жолу, анын "эрешен тартып эр болушунун, эр уулу менен тең болушунун" куралы деген педагогикалык насыйкатты көңүлгө тутабыз.

## 2

Алтайдан келген Манас өз ата-бабасынын жерин – Ала-Тоону **"жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы, береке экен, бел экен, пенде көрчү жер экен, жердеген адам бай болор, түгөнбос ырыс-кен экен",** - деп толкундануу менен мүнөздөйт. Бирок айта турган нерсе, албетте, ушул жерди адам жөн эле конуштаса эле, жердесе эле ал өзүнөн өзү ырыска тунуп, бай болуп калбас. Манастын логикасынан ушул жерди барктап-баалап, кадырына жетип, чекеден тер агызган ак эмгек менен кетмендеп иштетип, жанагы Алтайга ооп барган кыргыздарчылап (Алтайлык кыргыздардын түн уйкусун, күн тынымын билбей, өмүр же өлүм деген өжөр эмгек-мээнеттин натыйжасында экономикалык жактан буттарына турушуп, бөтөн жерде өздөрүн өздөрү сактап калууга жетишишкенин эстейли), "төбөсү менен жер казып", түйшүктөнсө гана адам ырыс-кешикке, түгөнбөс береке-байлыкка ээ болмок деген идея чыгып турат. А азыр эгемендүүлүктүн учурунда болсо, минтүүнүн ордуна "жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы" делген берекелүү асыл жерибизди таштап, бакытты башка жактан табам деп, чоочун жактарга кетип жатышкан кыргыз жарандарынын тагдыры кандай өкүнүчтүү жана кайгылуу.

Эпосубузда Манастын күтүүсүздөн ажолук тактысын таштап, айтылуу Боз талаага келип, дыйкан болгонун эстейли. Боз талаада Баба дыйкан аксакал менен өнөктөшүп, Манас баатыр алты ай бою тынымсыз дыйканчылык кылат. Мына

manas-discovery.kg
ушинтип, Манас Баба дыйкан чал менен бирге күн-түн тер төгүп эмгектенип, Боз талааны гүлдөтүп, кызылды кырманга тоодой кылып үйүп, акырында атактуу Аккула тулпарды ак эмгеги менен өстүргөн буудайдын түшүмүнө алмашып алат.

Байкасак, Манастын жогорудагы Ата конуш – Ала-Too жөнүндөгү улуу сөздөрүндө жана Боз талаада кызылды кырманга тоодой кылып үйгөн дыйканчылык өрнөгүндө өтө терең маани бугуп жатат. Бул жерде кереметтүү бир боор Ата конушту береке-байлыктын алтын казынасы катары караган өзүнчө бир концепция жана өз бир тууган жеринен, өз очок-коломтоңдон бакыт табуу философиясы осуятталып жатат. Акырында бир сөз менен айтканда, эгерде биз Манас атабыздын туулган жер жана анын кучагынан бак-таалай табуу жөнүндөгү ушул осуятын терең аңдап-түшүнүп, бекем тутунуп жашай билсек жана мындай улуттук философияны урпактарыбыздын жан дүйнөсүнө отургуза алсак, анда өзүбүздү да, өлкөбүздү да гүлдөтүп өстүрөр элек.

## 3

«Манастагы» атактуу Бөлөкбай устаны эске түшүрөбүз. Манас баатырдын **«учун кайкы чыгарган, ууга аябай сугарган, түн ичинде сууруса, өрт күйгөндөй кызарган, шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен»** албарс кылычын, **«камыш кыйып каптаган, тарамышка чаптаган, темирин сегиз кырдаган, он эки түрдүү сырдаган, учун ууга сугарган, бөрү тил мизин чыгарган, шамалга тийсе ырдаган, тийген жери ырбаган»** сыр найзасынжасаган теңдешсиз чебер уста Бөлөкбайдын керемет өнөрү жана чаалыкпас эмгекчилдиги адамды таңгалдырбай койбойт. Дал ушундай бөтөнчө жаралган кайталангыс талантка, анын укмуштуу эмгегине көсөм Бакай жогорку бааны берет:

«Болотту суудай эриттиң,
Канжарың чыкты мокобос.
Камгактай ташты жиреттиң,

manas-discovery.kg

Жалында көзүң карыкты.
Балкада билек талыды,
Тарамышың чоюлду,
Коюу каның суюлду.
Куйкаланып эпкинде,
Каш-кирпигиң келтейди.
Эртеден кечке козголбой,
Белиң какшап мекчейди,
Ширеөлөрдү күзөтүп,
Чечекейин чекчейди.
Аз болбоду эмгегиң,
Ата журт үчүн тердедиң.
Көргөндөрүң көөхардай,
Кармаганың камырдай,
Зоболоңуз зор болуп…»

«Манастагы» Бөлөкбайга арналып, акылман Бакайдын оозунан чубуруп чыккан бул сөздөр Манас баатырдын улуу устасына, анын «Ата журт үчүн тердеген» жарандык эмгегине, каармандыгына тургузулган поэтикалык эстелик сыяктуу. Терең байкасак, Бакайдын Бөлөкбай уста жөнүндөгү даңазасында эмгектин өзүнчө бир философиясы уюп жатат. “Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт” делет кыргызда. Бакайдын логикасы эмгектин көркү, маани-маңызы, пенденин жеке таламы үчүн гана эмес, эң биринчи иретте, көпчүлүктүн бакыбаты, коомдун, жамааттын кызыкчылыгы, жыргалчылыгы үчүн иштелгендигинде экендигин ишаралап отурат. (“Жасаган курал-жарагын башка кимдир бирөө эмес, нукура эл баатыры Манас урунат, ал куралдар менен ата журтун бошотот” – Б.Исаков). Эмгектин куну – анын социалдык-коомдук маңызында. Адамдын кадыр-баркы, атак-аброю анын эмгек-мээнетинин көптүн мүдөөсүн көздөп иштелгенине жараша түптөлүп, түзүлөт. Бөлөкбай устанын ата журт үчүн тердегенинен улам “зоболосу зор болуп” отурат.

manas-discovery.kg

Караңыз, Каныкей эпосто "кара сурдун сулуусу, аялзаттын нурдуусу" делип мүнөздөлөт. Бирок Каныкейди сулуу кылып турган нерсе, биринчи иретте, анын руханий нарк-насили. Ал эми Каныкейдин руханий сулуулугу Манастын кырк чоросу үчүн жасаган укмуштуу узчулук эмгеги менен тыгыз байланышып, ханыша андан бетер сулуу да, андан бетер улуу да.

Демек, эмгек байлык табуунун гана каражаты эмес, адамдын өзүн өзү ачуусунун булагы. Бакай бизге ушундай үлкөн философияны каңкуулап тургандыгы менен улуу. "Каруусун казык, башын токмок" кылган эмгек жана темирдей эрк аркылуу Болокбайдын табият-эне тартуулаган устачылык, зергерлик таланты калайык-калктын, көнчүлүктүн көз алдында ар тарабынан ачылып, анын керемет өнөрүнөн бүткөн Манастын ак албарс кылычы менен сыр найзасынын даңазасы те илгерки түпкүрдөн бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат.

Демек, жогоруда сөз болгондордон улам биз кандай жыйынтык жасоого тийишпиз? "Манастын" эмгек философиясынан ала турган таалим - сабак бул болуп отурат. Улуу мурасыбызда эмгек – бакыттын, береке-байлыктын булагы, кара жанды да, калайык-калкты багуунун да, өзүңдү жана өзгөнү сактоонун да амалы, өзүнүн кара жемсөө кызыкчылыктарын гана канааттандыруунун чегинен чыкпаган эмгектин кадыр-баркы болбостугу тууралуу логикасы, башкалардын бакыбатына, жамааттын жакшылыгына багытталган "ата журт үчүн тердеген" эмгектин маңыздуулугу, куңдуулугу, социалдык-баалуулугу, эмгектин, адамдын адеп-ахлактуулугунун көрсөткүчү, кишинин өзүнүн ички жөндөм-мүмкүнчүлүктөрүн ачуунун, өзүн өлбөс кылуунун жолу экендиги жөнүндөгү залкар ой-идеялары азыркы жаштарды тарбиялоо ишинин негизине философиялык пайдубал катары алынууга тийиш.

Биз эмгек идеологиясын башка жактардан, чет өлкөлөрдөн эмес, өзүбүздүн улуттук коломтобуздан - "Манастан" алышыбыз керек.

manas-discovery.kg



# VI.ҮЙ-БҮЛӨ АДЕП-АХЛАГЫНЫН АЛТЫН ТИРӨӨЧҮ –МАХАБАТ!

«Манас» эпосунда сыртынан караганда, «махабат», «сүйүү», «ашыктык» деген сөздөр анча деле көрүнбөйт, ага караганда социалдык жана жоокердик проблемалар дээрлик басымдуулук кылып тургансыйт. Бирок эпостун мазмундук семантикасына тереңден шыкаалап карай келсек, анын тексттеринин көмүскөгө буккан кодун окуй билсек, анда ошол социалдык проблемалардын жана жоокердик көйгөйлөрдүн астынан махабаттын ысык табынын уруп тургандыгын байкайбыз жана сюжеттин "тегирменин" тегеретип турган тутка – Каныкей менен Манастын бири-бирине болгон жалындаган сүйүүсү экендигин аңдайбыз.

Ырас, «Манас» - бул кыргыз элинин эркиндик үчүн болгон күрөшүнүн тарыхы тууралуу эпос, ошону менен бирге, ал улуу махабат жөнүндөгү улуу дастан деп айтаар элек. Француз жазуучусу Луи Арагон Чыңгыз Айтматовдун «Жамийласын» дүйнөдөгү махабат жөнүндөгү эң сонун баян деп атагандыгы белгилүү. Акыйкат баа. Бирок сүйүү жөнүндөгү эң сонун, эң улуу тарых, андан алда качан мурда, «Манаста» баяндалган.

Үй-бүлөнүн түпкү пайдубалында жубайлардын бири-бирине болгон ыйык сүйүүсү жана ошол сүйүүгө негизделген өз ара мамилелердин гармониясы жатууга тийиш. Мунсуз эрдикатындын чыныгы бактысы мүмкүн эмес деген философия биринчи иретте "Манаста" жатат. Башкы каармандар айкөл Манас менен "кара сурдун сулуусу" Каныкейдин жубайлык биримдиги үй-бүлө ынтымагынын өзүнчө бир өрнөгү.

manas-discovery.kg

# 1

Манас күтүүсүздөн ууландырылып, Көзкамандардын куралдуу курчоосунда жалгыз калып, өлүм алдында тургандыгын капысынан укканда, Каныкей көзүнүн жашын он талаа кылып, «олоңдой болгон кайран чачты төбөгө түйүп», жоо жарагын шайланып, Аккулага ыргып минип, көз ачып жумганча өздөн чыккан жаттардын айылына учуп кирип келип, өлөр-тирилерине карабай, чыккынчылар менен салгылашып, **«башы челек кан болуп, бүткөн бойдун баарысы, кадимкидей нан болуп, көзкамандар огуна, эмчек этин жулдуруп, бой-башынын баарысы, бучкактап аккан суу болуп»,** күйөөсүн ажалдан талашып, акыры Акаяр балбандын жардамы менен Манасты кызыл чоктун ичинен куткарып чыгып кетет.

Көзкамандар окуясындагы көзүнөн көлдөп аккан жашы жана «өлөмүн деп санабай» чыккынчылар менен канга баткан кармашы Каныкейдин Манас менен чын-чынында жаны бирге экендигин, Манас үчүн ажалга тике кароого, кара башын курман чалууга даяр тургандыгын айкындайт.

Айкөл Манас менен каны-жаны жуурулушуп, өмүр сүрүүнүн өзү Каныкей үчүн Манасча мекенчил болуп жашоо, Манасча эл-жердин камын көрүү, арканды узун таштап, Манасча кенен акыл чуркатуу, журттун коопсуздугу, анын жакынкы-алыскы иштери жөнүндө Манасча ойлонуу, толгонуу, санаркоо дегенди туюндуруп калат. Журттун ичиндеги колунан көөр төгүлгөн усталарды, жез оймок уздарды, көзгө атар мергендерди, балбандарды жана башка түркүн өнөрлүүлөрдү чогултуп, алардын күчүн уюштуруп, эл үчүн маңдайдан тер агызган мээнетке чегип, өзү да белин оорутуп, колун жоорутуп, көз майын коротуп, айлап-жылдап түйшүккө белчесинен батып, узак эмгектенип, Манастын кырк чоросу жана кошууну үчүн аскердик курал-жарактарды, аспап-шаймандарды, жоо кийимдерин, тулазык, дары-дармекти шайма-шай даярдап, Каныкей сүйгөн жарынын түзгөн мамлекетинин аскердик күч-кубатын чыңдайт.

manas-discovery.kg


Каныкей «бир тамчысын калтырбай» бүткүл жан дүйнөсүн арнап, акыркы чычаладай күйүп бүткөнчө Манасына кызмат кылган. Каныкейдин мындай улуу кызматы "Манаста":

Береги Манас көк жалдын
Чачылганын жыйнаган,
Үзүлгөнүн улаган,
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган.
Санжыргалуу Манасты,
Аалам журтка кан кылган,-деп даңазаланган.

## 2

Өз кезегинде Манас да өмүрлүк жарга айкөл мамиле жасоонун жогорку өрнөгүн көрсөтөт. Манас алган жарынын өзүнө чын жүрөктөн берилгендигине, ак дилден кылган кызматына, жасаган жакшылыгына ичинен терең ыраазы болуп, жигит кезинде **"алты жылдык зыянды, биле турган кызды алам, акыл кошуп жанымда, жүрө турган кызды алам"** деген тилегинин ишке ашканына кубанып, өзүн бактылуу сезип, Каныкейге агынан жарылып турат. Көзкамандар окуясынан кийин Манас **«очкон отум тамызды, өлгөн жаным тиргизди, ошо кайран жеңең Каныкей, сарып кылды малымды, алып калды арамга кеткен жанымды»**, - деп Эр Шуутунун алдында келинчегин алкайт. Манас Каныкейге карата калыстыгынан өмүр бою жазган жок.

Манас зайыбынын кырк чорого тымызын көргөн камкордугуна, астыртан аскердик кийимдерди камдаган керемет сарамжалына ичинен терең ыраазы болуп, жолдошторунун алдында: **«атаң-энең дебеске, артылта камчы салбаска, артынан күнү албаска, ак келтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун!»**, - деп мындан ары Каныкейди ыйык тутарына шерт берет.

Манас баатыр Каныкейдин өзүнө болжолсуз берилгендигин көрүп, сүйгөн жар жагынан өзүнүн армансыз экенин сезет. **«Жан**

manas-discovery.kg
**курдашым Каныкей –кагып турган жүрөгүм!”**– деп Манас өзү да жубайын чексиз сүйгөндүгүн билгизип, каньшасына жалбарат. **«Каныкей менен Манастын ортосундагы мамиле бири-бирин чын ыклас менен кадиксиз сүйгөн жарлардын мамилеси»** (академик Болот Юнусалиев).

## 3

Аталган эки жубайдын өз ара сүйүү мамилелеринен улам Калыгул олуянын үй – бүлө адеп – ахлагы жөнүндөгү көсөм ойлору эске келет.

«Алганың сулуу болгон соң, аркырап беттен алган соң, сулуулугу не пайда?» - дейт Калыгул. Калыгулдун логикасынан чыксак, аялдын тышкы өң-келбетинин сулуулугу ички руханий сулуулук, асылкеч сапаттар менен айкалышпын турбаса – бул күйөөнүн бактысыздыгы («Алганың жаман болгон соң, жамбаштан өткөн сыз менен тең»). Тышкы сулуулуктан адеп сулуулугу кымбат. «Жакшы катын белгиси - кызмат кылып эринин, маңдайынан кетпеген, үзүлгөндү улаган, жыгылганды жологон, айрылганды эптеген, ага мактанып киши жетпеген». Аял ушундай аруу сапаттары менен үйдүн куту, эринин көркү боло алат: «Алганы жакшы жолукса, азамат көөнү бийиктейт, жакшы болсо катыныц, табыла берет акылың» - деп Калыгул бекеринен ырдап турган жок. Ошону менен бирге алган жардын да көөнү бийиктеп, үй-бүлөнүн шамчырагы ого бетер жаркырап жанып туруш керек. Сыйга сый, сыр аякка бал дегендей, аялга карата күйөөнүн мамилесинин да агыл-төгүл болушу шарт. «Баккан эри жараша, кара катын ак болот» деген сөз бар. «Булбул үнүн эшитпей, буралып гүл ачылбайт, күкүк үнүн эшитпей, күн жайланып ачылбайт» - деген Калыгулдун сөзүндө чоң маани жатат. Айтмакчы, Женижоктун, Токтогулдун, Тоголок Молдонун чыгармаларында куурай башын сындырып оокат кылбаган, үйүндө балдары ачка ыйлап отурушса, түтүн чыккан үйдөн тамак аңдып, кербэли кечке айыл кыдырып жүргөндү адат кылган эркек жөнүндө көп сөз болот. Бул өңдүү күйөө

manas-discovery.kg


аялдын бактысыздыгына себепкер. Жаман эркекке туш болгон аял жүрө, жүрө каны бузулуп, жанагындай аркырап беттен алган кыялды кантип күтпөсүн. Мына ошондуктан кыргыздын илгертен келаткан этикасында үй-бүлөнүн бактысы үчүн аялдын гана эмес, биринчи иретте, күйөөнүн жоопкерчилигине олуттуу басым коюлуп келген. Кыргыздын кызды эрге узатып жаткандагы «ак учук бердим саптап ал, ак шумкар бердим таптап ал» деген салттык ырында күйөөгө чоң жоопкерчилик жүктөгөн терең маани бугуп жатат. 17-кылымда жашаган Алдаш Белек уулунун «Балалуу аялга камчы көтөргөн эркек акмак, балапанын ээрчиткен казга кушун шилтеген мүнүшкөр акмак» деген бир эле сөзүнөн аялга карата кыргыз рухунун гуманизминен көп нерсени туюп койсок болот. Калыгул да өзүнүн адамкерчилик мазмунга шыкалган санаттарында үй-бүлө үчүн күйөөнүн жооптуулук маселесин көтөргөн. Анын «атын баккан азамат катын багат» деген сөзүнөн эле аялдын бактысы үчүн күйөөнүн жоопкерчилиги жөнүндөгү орчун ойду окуп койсок болот. Чынында эле акын айткандай, булбул үнүн укпаса, гүл кайдан буралып ачылсын. Калыгулдун үй-бүлө этикасы жөнүндөгү оюунун эң бийик чокусу момунда. Ал мындай дейт:

Эки кудай – аялга,
Бир кудайы – кудайы,
Бир кудайы – жубайы.

Аялдын жубайын кудайындай көрүшү күйөөнүн алган жарына болгон сүйүүсүнөн, айкөл мамилесинен жана камкордугунан көгөрүп-көктөп чыга турган нерсе. Ал эми эркектин жубайына болгон урматы аялдын берилген махабатынан, жанагындай үзүлгөндү улаган, жыгылганды жөлөгөн ак кызматынын натыйжасы («Кадырман болгон зайыбың, картайса да кыз менен тең»). Кыскасы, Калыгулдун терендеги логикасын ээрчип айтсак, аял үчүн эри кудай болуп, күйөөсү үчүн алган жары кудай болуп, жубайлар бири-бири үчүн ыйык болуп, бири-бирин кудайындай сыйлашканда гана үй-бүлөнүн пайдубалы бекем, түбөлүктүү болмок.

manas-discovery.kg

Калыгулдун даанышман нускаларындагы үй – бүлөнүн моделин "Манас" эпосунан, Манас менен Каныкейдин жубайлык мисалынан даана көрөбүз.

## 4

Манас менен Каныкейдин жубайлык мисалы-жүрөктүн түпкүрүнөн нур чачышкан махабаттын күчү аркылуу эпосто айтылгандай, "адырдагы булактай жошулушкан, аркар менен кулжадай кошулушкан", ак кызмат, ак мамилелери менен бири-бирине жагып, бири-бирине чырак болуп күйүп, бирин-бири кудайындай сыйлап, руханий жактан "күмүштөй оролушуп, жездей чырмалышып" өмүр кечиришкен үй-бүлөнүн ак жаркын үлгүсү.

"Манас" дастанындагы Бакай менен Корпаяндын махабатында эске түшүрөлү. Бакай менен Көрпаяндын махабат тарыхы – бул сүйүүдөгү туруктуулуктун, адеп-актыктын, сүйгөн адамына акыр-аягына чейин ак жана түз бойдон калуунун, өзүнүн махабат бак-таалайы үчүн буюктурган бурганактарга жана бороондорго жалтанбай көкүрөк тоскон рухий каармандыктын, максат артынан кууган өжөрлүктүн үлгүсү. Бул окуя караңгылыкка камаса, жылчыктан жарыкты шыкаалаган улуу үмүттүн, айланасына коргон салса, алкакты жарып чыккан ак сүйүүнүн, жерге көмсө, ак соо болуп өнүп чыккан ашыглык күчүнүн символу сыяктуу көрүнөт.

Дастандагы тагдырдын татаал кыйын – кезеңдеринде Семетейге ар дайым жана өмүрүнүн акырына чейин ак бойдон калган Айчүрөк – махабат идеалы.

Кыскасын айтканда, гениалдуу мурасыбыз-"Манас" эпопеясында "бир үйдүн айы менен күнү" болуп, бактылуу үй-бүлө куруунун философиясы тартууланган. Мындай философия, сабак-нуска жана таалим-тажрыйба бу жарыкчылыкта үй-бүлөлүк жашоого, урпактарга, жамы адамзат балдарына жарык шоола чачып, маңдайдан күйгөн шамчырак десек жаңылбас элек. Ушундай шамчырактын жаркыраган нурун ээрчиген үй-

manas-discovery.kg
бүлөлүк рухий нарк-насил улуттук коломтобузда гүлдөсө Кыргызстан бактылуу өлкөгө айланмак.

Бактылуу үй-бүлө куруунун өрнөгүн жолун жана сырын бөлөк, чоочун жактардан эмес, адегенде, өз улуттук очогуңдан, өз жүрөгүңдүн түпкүрүнөн, акыл-эсиңдин тереңинен, сүйгөн адамыңдын жан дүйнөсүн уялаган СЕН деген махабатынан изде, дейт "Манастын" логикасы.

manas-discovery.kg

# VII. АТА-ЭНЕНИ ЫЙЫК ТУТУП УРМАТТОО – МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## 1

Л.Н.Гумилевдун эзелки доордо түрк калктарында **эне** деген ыйык катары өтө бийик баалангандыгы, уул-кыздар ата-энеге бет келгенде, адегенде энесине жүгүнүп салам берип, андан кийин атасы менен учураша тургандыгы жөнүндө даңаза кылып жазган. Түрк дүйнөсүндөгү эненин ошондой бийик зоболосунун чындык экенин кыргыз турмушу ырастайт.

Төбөбүздөгү теңирден, көктөгү нур жаадырган күндөн, жер-энебизден кийинки эле жан жараткан экинчи кудайыбыз ушул эне го. «Ыңаалап» жерге түшкөндөн кийин боорунa алып, эмчегин эмизип, ак сүтүн берип торолткончу, түн уйкусун үч бөлүп, үстүндө көпөлөктөй айланып, кара жанын карч уруп, асырап-багып бутуна тургузканычы. Андан кийин уул-кызга өмүр бою эненин жаны курман. Балдарым деп отко-сууга түшүүгө даяр. Биздин илгерки ата-бабалар эненин мына ушундай айтып бүткүс улуу касиетин, өзгөчө табиятын, бөтөнчө мээнет-кызматын акылмандык менен аңдап туюнгандыктарынан улам, өздөрүн апанын алдында түбөлүк милдеткер, өмүр бою карыздар сезишип, а түгүл ажал жетип, күн бүтүп, акыркы сапарга кетип жатып да, эненин ыйык ысымын оозанууну парзым деп эсептешкен.

Энеге карата мамиленин көрүнүштөрүнөн улам байыркы кыргыз тукумдарынын акыл-ой жана жан дүйнө маданиятынын жогору болгондугун баамдоого болот. Буга эл ичинде илгертен жашап келе жаткан төмөнкү макалдар жана накылдар да көбө: **«Эне сүйүүсү күн шооласы сыяктуу болот», «Алтын-күмүштүн эскиси болбойт, ата-эненин баасы болбойт»,**

manas-discovery.kg
**«Доолотуң – ата-энең», «Эне баскан жөжөөлбөйт», «Эне – соолбос булак».** Ушул жерден баса белгилей турган нерсе, дегеле, кыргыз көчмөн цивилизациясы эненин статусун эң бийик чокуга койгондугу менен бөтөнчөлөнөт. Эненин кыргыздагы эң жогорку руханий статусун «Манас» эпосу да ырастайт. Эне – Манас баатыр үчүн да ыйык.

## 2

«Манаста» Чыйырды эненин баласы Манаска карата мээриминин чеги жок («Эркелетип энеси, аркалап жүрдү атасы»). Он эки жашка чыгып калса да, апасы Манасты **«Боздон тоодак куткарбас, боз ала шумкар Манасым, калкайган тоого токтобос, кара ала барчын Манасым, сөзү таттуу балдайым, сөөлөтү сонун айдайым!»** деп, уулуна эбедени эзилип турат. Манасы тентек болсо да, эч убакта, эч жерде осол мамиле жасабайт. Уулу үчүн отко, сууга түшүүгө даяр.

Психолог-педагогдор үй-бүлөдө ата-эненин мээримине бөлөнүп чоңойгон бала эч убакта ташбоор болбостугун жана ал чоңойгон кезде ата-энеси менен өзгөчө жакын, ысык мамиледе болорун, ата-энесине агынан жарылып ачылып турарын белгилешет. Мээрим мээримди жаратат. Буга ушул эле Чыйырды эне менен уулу Манастын ортосундагы жуурулушкан ысык мамилени мисал катары келтирүүгө болот.

Атагы таш жарган баатыр болуп, Таласта ажонун тагында отурган чагында да, Манас Чыйырды энесин айланчыктап турат. Маселен, ал бир ирет Алманбет менен келип, бир жагынан энесине эркелеп, экинчи жагынан достук үчүн ант кылып, Чыйырдынын эмчегин эмет. Муну көргөн атасы Жакыптын жылмайып күлүп турганы «Манаста» мындайча сүрөттөлөт:

**«Отуздагы баласы,**
**Зоңкоюп эмчек эмди!» - деп,**
**Эми Жакып чал күлүп турганы».**

Бир сөз менен айтканда, Манастын адам катары жаралышында энеси Чыйырдынын күндөй чачырап төгүлгөн

manas-discovery.kg
мээриминин маанисин ченемсиз. Бала күнүнөн эне мээримине каныккан Манас теренинде Чыйырдыга ыраазы. Ал апасынын эмгек-мээнетин жүрөгүнүн түпкүрүндө алдейлейт. Чыйырдыга Таласка атайылап Ак сарай салып бергенине караганда **(«Чыйырдынын Ак сарай, кеңдиги бар бир далай»)**, Манастын апасын төбөсүнө көтөрүп багып жаткандыгы байкалат. Манастын апасына болгон ак мамилеси – бул энени урматтоонун жогорку орноу. Эгерде көзү тирүү болгондо Манас балким, Чыйырды энесинин ысымын ташка чектирип жаздырып, эстелик тургузат беле. Бирок тилекке каршы, Манастын элим-жерим деп жүрүп, апасынан мурда көзү жумулуп кетти. Баса, айтмакчы, ажал тооруп, көзү жумулуп бараткан да, Манас Чыйырды апасын оозанып: **"Өрүштөн кыркпа желемди, өксүтпө карган энемди"** – деп чогулуп келген туугандарына керээз кылат. Мунун өзү Манастын энесине болгон уулдук чексиз сүйүүсүнүн дагы бир айныгыс далили.

## 3

Айкол баатыр атаны сыйлоо жагынан да үлгү. Манас атасынын зарлап жүрүп, өзүн Теңирден тилеп алганын билет. Төрөлгөндө тебетейин көккө ыргытып, Ала-Тоодой эт кылып, Ала-Көлдөй чык кылып той бергени оюнда. Перзент кезинде аркасына көтөргөнүн **(«Эркелетип энеси, аркалап жүрдү атасы, аркалабай не кылсын, артында жалгыз ботосу»)**, тестиер тартканда эмгекке бышыктырганын, Алтайда баскынчы Жолой менен согушканда өзү менен кошо Жакыптын майданга киргенин («**Ойрон Манас уулу үчүн, кыргындашып турганы**»), уулунун урунтагы алгачкы жеңишинин урматына той берип, ат чаптырганын, кийин Ташкент, Самарканд, Букарды кыдырып, жер кезип жүрүп, Каныкейди таап, аялдыкка алып бергенин, кыскасы, атасынын аталык мээнетин Манас ичинен баалайт. Жакыптын жан дүйнөсү карама-каршылыктуу, мүнөзү татаал киши экенин билсе да, уулу аны ата катары урматтап, кемчиликтерине кечирим менен карайт.

manas-discovery.kg


Бир жолу Жакып чал пендечиликке жеңдирип, Алтайда жыйган оокат-дүйнөсүнүн, өрүш толгон малынын, оро толгон данынын уулу тарабынан эл тагдырына тиешелүү чоң жумуштарга марттык менен жумшалып, күнүмдүк зарыл муктаждыктарга кенен-чонон пайдаланылганына ичи күйүп, капыстан «чарт жарылып»: "Манас, сен талаага чачтың малымды, түгөттүң түптүз күлкүмдү, сарп кылып жоготтуң, сен, Манас, сан казына мүлкүмдү", - деп Манасты буркан-шаркан түшүп, тилдейт. («Манас», 1-том – Фрунзе, 1958, 175-бет). Азуусун айга бүлөп, арстандай күркүрөп, тактыда отурган ажо Манас бийлигине, күчүнө салып. Жакыптын тизгинин катуу кагып, «кынына киргизип» коюшу мүмкүн эле. Бирок атага акаарат кылуу, тил тийгизүү, кордоо кыргыздын салтында жок. Бул жерде биз атасына акаарат кылбаган, каяша айтып какпаган, Жакыпка өйдө карап үндөбөгөн арстан Манастын ыймандуулугун баса белгилемекчибиз. Айкөл Манастын бул адеби кечөөкү ата-бабаларыбыздын АТАны улук көрүп, кадыр туткан руханий салтынын чындыгын ырастап турат.

Эгерде азыркы XXI кылымдын жана мындан аркы келечектин адамы кандай болуш керек, алдыңкы адеп-ахлактуу инсандын моделин кандайча көз алдыга элестетсе болот деген собол коюлса, биз ага мындайча жооп берер элек. XXI кылымдын жана болочоктун адамы **эне** менен **атаны** пир тутуп, тереӊ урматтаган инсан болуш керек. Ушул адамдык улуу сапат жаңы адамдын негизги моралдык касиеттеринин бир болушу лаазым. Ал Манас атадай ата-энени сыйлаган киши болушу зарыл. Мындай адамдык асыл касиетсиз дегеле, адамды, ал канчалык билимдүү болсо да, адам болду деп айтышыбыз мүмкүн эмес.

Улуу акын Нурмолдо **«Асты бир киши жарыбайт, сыйынары болбосо»** дейт. Туура айтылган ой. Тээ байыркы замандардан бери карай кыргыз элинин сыйынар нерсеси болуп келген. Кыргыз баласы эне-атаны ыйык көрүп, туу тутуп жашаган. Кыргыз ошол үчүн кыргыз да. Эне менен

manas-discovery.kg
атаны урматтоосуз – кыргыз жок, керек болсо. Бул салт, бул сыйынар доолот – кыргыздын руханий цивилизациясынын улуу көрсөткүчү, улутубуздун уңгулуу наркы. Биз, ушул рух цивилизациябыздын салтында, айкөл Манас атабыздын эне менен атага сыйынган улуу адептик-ыймандык өрнөгүн абийирдин мыйзамы катары тутунуп, аны кыйшаюусуз жетекчиликке алып жаноого тийишпис.

manas-discovery.kg



# VIII. КЫРГЫЗ КАЛКЫНЫН УЛУТТУК БИРИМДИГИ-МАНАСТЫН ЖАРАНДЫК АДЕП-АХЛАГЫНЫН УЛУУ МҮДӨӨСҮ

## *(«Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым»)*

**"Манас баатыр катары калкка таанылып, «ат жалын тартып минип» атагы билине баштагандан тартып өмүрүнүн аягына чейин эл-журт биримдиги үчүн кызмат кылат. Анын ар бир иш аракети адегенде чабылып-чачылган элдин башын коштуруп, ата-бабадан калган мекенине чогултууга арналса, өмүрүнүн калган бөлүгү ошол баш кошкон журттун биримдигин чыңдоо, дос-душманга бирдиктүү, ынтымактуу, күчтүү эл катары таанылуусун камсыз кылууга жумшалат"** (Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-том. - Бишкек, «Шам», 2004, 590-бет). "Манаста" айтылган төмөнкү осуят өзүнүн терең мааниси менен түздөн-түз бүгүнкү урпактарга багышталып тургандыгын түшүнбөй коюу мүмкүн эмес:

Тели куш салдым, куш кылдым,
Тентиген жыйып, журт кылдым.
Кулаалы салып, куш кылдым,
Курама жыйып, журт кылдым.
Менин бир көзүм өткөн соң,
Жакшы куштап багып ал.

Ушул улуу осуятты ар дайым көңүлдүн борборунда тутуп, Манас атанын тарыхый мээнетин дагы да ого бетер бекемдөөгө тийишпиз.

manas-discovery.kg

"Манас" эпосунда Манас баатырдын бирдимдик, ынтымак идеясын уланткан идеолог Бакай экендигин баса айтып өтүшүбүз керек. Өзүнүн жаратылышы боюнча данакер Бакай ички ынтымактын дайымкы жарчысы.

Бакай эл-журттун ички ынтымагын жана биримдигин жеңиштердин, ийгиликтердин ачкычы, тышкы карсанатай күчтөрдүн кысымы алдында сепил сыяктуу кебелбес, пойобас болуунун кепилдиги, турмуштун бороон-бурганактуу жолдорунда калктын аман-эсен сакталышынын куралы катары туюнат. Мына ошон үчүн ал өмүрүнүн акыр-аягына чейин ак калпак журттун ички ынтымак-биримдигине доо кетирген Абыке-Кобош алты арамга жана чыккынчы Канчоро-Кыяздарга каршы турган.

Кеменгердин логикасы боюнча калдайган калың журтмун, сан жагынан сансызмын деп мактануу да эп мес. Эгерде ички шерелишкендиги жок болсо, калктын сан жагынан көптүгү кансалаңдуу кыйын-кезеңде ишанымдуу тирек болуп бербес. Мына ушундан улам Бакай ынтымагың жок болсо "пил да болсоң жыгыласың, миң да болсоң кырыласың" "Ынтымактан качкандар, ыгы жок өзү кор болот" деген орошон насыятты айтып отурат. Ырасында эле, ичтен ыдырап, бөлүнүп-жарылуунун айынан жер үстүндө далайлаган империялар, калдайган калың журттар тарых сахнасынан орду-түбү менен жок болуп кеткендигин турмуш көп жолу далилдеп берген.

Семетейдин доорунда,
Сериштикеге бой бербес,
Сепил болуп калгыла!
Ынтымактан качкандар
Ыгы жок өзү кор болот! -- деп акыл - насыятын айтып, Бакай 90 жашында калкты бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга, улут коопсуздугу үчүн бир муштумдай болуп биригүүгө чакырып турат.

Кыскасын айтканда "Манас" мурасыбыздагы **«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп**

manas-discovery.kg
**кетет, жарылсаң ууру алуучу, жарылып калды кыргыз, - деп жаманатты кылуучу", «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу»**деген патриоттук даанышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген. Дал ушундай философиядан улам кыйын-кезең кырдаалдарда калайык-калк бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир туунун алдында биригишип, тарыхтын бороон-чапкындарынан аман-эсен чыккан учурлары көп болгон. Кыргыздын алдыңкы акылман акыл-эси өз ара коюн-колтук алышкан, ынтымактын (**«Бирдик болбой – тирдик болбойт»** - эл макалы) идеясы улут тагдыры үчүн фундаменталдык мааниге ээ экендигин терең туюнган.

Ак калпак калкыбыздын, калдайган Ала-Тообуздун, Мекенибиздин бүтүндүгү элибиздин биримдиги - бул Манас атадан калган биздин ыйык улуттук идеябыз жана бул идеяга изден тайбай кызмат кылуу – атуулдук адеп-ахлагыбыздын көрсөткүчү.

Бүгүнкү кыргызстандагы партиялардын саясатынын жана ишмердигинин критерийи - ушул улуттук биримдик идеясы болууга тийиш. Кандайдыр бир партия, анын лидерлери «Манастагы» «Абыке-Көбөш алты арамга», «Көзкамандарга» же болбосо Телторуну бербеген Тейитбекке окшошуп туруууга тийиш эмес. Мейли плюрализм болсун, түркүн коомдук-саясий, экономикалык маселелер боюнча түркүн пикирлер, позициялар, талаш-тартыштар партиялардын арасында, оппозиция менен бийликтин ортосунда боло берсин. Бирок, осолураак болсо да макалды колдонуп айтканда, «айыл ити ала болсо, да бөрү көрсө чогулат» дегендей, түркүн партиялар да, оппозиция да, бийлик да келишпөөчүлүктү таштап, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгара турган бир ыйык нерсе бар. Ал ыйык нерсе - Мекен, анын эгемендүүлүгү, бүтүндүгү, стабилдүүлүгү, эл биримдиги жана улут аралык ынтымак.

manas-discovery.kg

# IX. КАНАТТАШ КАЛКТАРДЫН ӨЗ АРА ЫНТЫМАГЫ ЖАНА БИРИМДИГИ - «МАНАСТЫН» ИНТЕРНАЦИОНАЛДУУЛУГУНУН КӨРСӨТКҮЧҮ

## 1

Жер эненин флорасы менен фаунасынан адамды айырмалап турган нерсе - бул ой, аң-сезим, идея. Адам ой менен жашайт, ой менен азыктанат. Жакшы ой болсо адамдын көңүлү семирет, жаман ойдон көңүлү ичиркенет. Демек, адам аруу болушу үчүн биринчи иретте, анын ичиндеги ой жакшы болуш керек. Ниетиңди оңосоң ишиң оңолот деп кыргыздар бекеринен айтпайт. Ушунун сыңарындай эле улут, мамлекет, жамаат да аруу ой, акыйкат чындык, адилет идея менен түп жагынан азыктанып жашашы зарыл. Эгер улут, мамлекет түбү түптүү, нарктуу, улуу ой, идеяларды жетекке алып жашаса, булар да ичинен арууланат, асылданат, букаралары үчүн жолду жарык кылган чырак болот, түбү бекем, керегеси кенен, ууктары урагыс, түндүгү түшпөс болот. Ошон үчүн эл акылмандыгы «Жакшы ой - туу, жаман ой уу», «Акыл - алтын, ой-күмүш», «Акыл байлыгы - азбас байлык, ой байлыгы - тозбос байлык» деп насаат айтып турат.

Эгерде мамлекет жаман ой, идея менен куралданса, коомдун ой соолугу (ден соолугу дегендей) бузулат, айлананы «уулайт». Коом, улут, мамлекет жетекчиликке алган фашизм, расизм, империялык үстөмдүк, улуу державалык шовинизм, ашынган улутчулдук, диндик экстремизм, апертеид, терроризм идеалары жана идеологиясы эл-журтка, дүйнөгө жамандыкты, согушту, кыйроолорду алып келерин тарых тажрыйбасы далилдеп келет.

manas-discovery.kg
Улут, мамлекет да акылдуу, жаркын бийик ойду туу кылса, ал ойлор өзгөгө да, өзүнө да, элине да алдыга өбөк, аркага жөлөк болуп, басар жолго маяк болуп жагылат. “Манаста”, эл-журтуна ошондой алдыга өбөк, аркага жөлөк болуп, маяк катары кызмат кыла турган жаркын улуу ой – бул боордош, тектеш, канатташ калктар менен достук, биримдик идеясы.

## 2

«Манаста» айрыкча, түрк калктарынын биримдиги жөнүндөгү идеян күчтүү берилген. «Байлык байлык эмес, бирдик байлык», «Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, Жалгыз эрдин даңкы чыкпайт», «Түбү бирге-түтпөйт» делет кыргызда. Сырттан басып келген зордукчул кара күчтөр ар дайым түрк калктарын бири-биринен ажыратып, бөлүп таштоого, алардын түбү биргелигин таптакыр унуттурууга, ынтымагын ичтен ыдыратып, бузууга жандалбастап келген. Жакшылап карасак, «Манаста»тарыхый тамырды сезүү, түрктүк өзүн-өзү аңдап түшүнүү (тюркское самосознание) кыйла күчтүү өнүккөн. «Манастын» каармандары өздөрүнүн түбүн кайда экендигин эч убакта унутушпайт. Ар дайым тили, дили бирге канаатташ элдер менен баш кошууга, бирдикте болууга умтулушат. Манастын атасы кан Жакып мындай дейт:

Анжыян менен Алайга
Атайын кабар салайын.
Ага-инимдин баарысын
Башын кошуп жыяйын.
Кашкар деген кыштак бар
Кабак-Арт менен Сары-Көлдө
Кабырга тууган кыпчак бар.

«Манаста» кыргыз баатырлары, казактын Көкчөсү, кыпчактын Үрбүсү, түркмөндүн Мазбурчак, өзбектердин Санжыбек, афгандык Акун-Хан, башкырлардын Жамгырчы, каракалпактын Бердике кээде өз ара пикир келишпестиктер

manas-discovery.kg


болсо да, бирок тагдырды сыноого койгон кыйын-кезең кырдаалдарда бир атанын балдарындай бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып, жалпы ийгилик, жеңиш үчүн, ынтымак жана коопсуздук үчүн тикелеринен тик турушат. Эпосто боордош калктардын баш кошкондугун көрүп, жаалы келген ниети кара жоо аларды бир эле журт катары санап, «Кыпчак, Казак, Кыргызын, калтырбай кырып таштайлы» деген чечимге келип жатат.

Ал эми Манас тереңинде өзүн жалаң эле кыргыздын эмес, боордош түрк журттарынын уулумун деп эсептейт. Тили, дили, дини эгиз бир тууган калктардын баш кошкондугуна дайыма умтулуп, Манас алардын тагдыры үчүн да өзүн жоопкер сезет. Казак менен кыпчактын намысы – кыргыздын да намысы деп ойлойт. Ошол үчүн алардын тагдыры жөнүндө дайым башын жерге салып, акыл тегеретип, ичинен убайым жеп:

Түтөгөн калмак кыргызды,
Түк койбой кырса нетебиз?
Казака араан салбайбы,
Акыретте Манаска,
Кайгысы түшүп калбайбы! –деп баатыр тогуз толгонуп турат.

## 3

Казактын Көкчө баатырынын зайыбы акылман Акеркеч уулу Үмөтөйгө мына минтип кеңеш берип турат:

Үмөтөй менен Семетей,
Аты уйкаш экөөң баш кошсоң,
Айлыңда бузук болчу эмес.
Сени менен айкашкан душман оңчу эмес.
Бирликтешсең бир жерге,
Тырмактуу пенде тийеби?
Суук боор душман киреби?
Жери Ала-Тоо, чоң Талас,
Жергесин тоссо Семетей,

manas-discovery.kg


Жеткилеңдүү Сары-Арка,
Белинде жатсаң Үмөтөй,
Кармашып пенде келеби?
Кагышып душман жеңеби?
Айтканым ушул билип ал.

«Манаста» азыркы тукумдарга руханий азык болуп бере турган, эскирбеген, оңбогон, күнү бүгүнкүдөй жаңы, булактай тунуп турган туптунук кенчтер бар. Акеркеч чоң энебиздин өйдөдөгү насаат-кеңсши эзелки доордо айтылса да, бүгүнкү күнү муну «канын жерге тамызбай» илип алып, чыпчыргасын коротпой пайдалана турган табылгыс, кымбат идея.

## 4

Ала-Тоо мекенден баскынчы Алооке ханды сүрүп чыгаруу майданын баштаган Манаска «караңгыда көз тапкан» кеменгер Бакай: **«Алты-Шаар, Маргалаң, аягы Кокон, Самаркан, кутуруп жаткан душмандан, ажыратып алалы»,** - деп Чыгыш Түркстандагы жана Орто Азиядагы тили тектеш, боордош калктарды да жоодон куткаруу боюнча ой-пикирин, кеңешин айтат:Баскынчы Алооке Анжияндагы Маргалаңга ордосун куруп, аталган аймактардагы түрк-мусулман элдеринин express кактабай канын соруп турган. **«Алты-Шаар, Маргалаң, темир аркан торунда, Алоокенин колунда. Койдой кырып Алооке, Коконго кордук салыптыр, алты миң жамбы, миң кундуз, ай сайын алым алыптыр, алымына чыдабай, кайранэл чуулап калыптыр»** деп айтылат «Манаста».

Манас, Бакай, Акеркеч сыяктуу эле, дал ошондой достук, биримдик философиясын көтөрүп жүргөн каарман бул – Кошой. Кошой Ала-Тоонун алкагында гана эмес, жалпы Түркстандын масштабында ойлонгон, түрк элдеринин тагдыры, алардын жалпы кызыкчылыктарынын стратегиясы жөнүндө акыл тегеретип турган патриот дагы, ойчул саясатчы дагы.

Кошой: «Кара кытай, манжуурга, кабат болсун биздин күч» - деп Манаска кайрылып, Алты-Шаардын, Турпандын,

... Лоп ... котондун, ... Кан-Кокон Кашкардын, Лоп дарыясынын бар экенин унутпа - деп баскынчыларга сыяктуу таяныныц күчү менен каршы барууну насыяттап калктардын калдайган ... турат. Кыскасын айтканда, Кошой боордош журттардын бир женден кол, бир женден баш чыгарган бирдиктүүлүгүнүн, достук алака-ынтымак менен тышкы суук боор күчтөргө ала алгыс чеп сыяктуу бекем туруу идеясынын ынанган жактоочусу болуп саналат.

manas-discovery.kg

Манас түрк элдеринин бирдиктүү күчү менен кытайлык баскынчы Алооке ханды жеңип, Орто Азия аймагын бошоткондон кийин жалпы түрк хандыктарынын башчылары Анжияндагы Кум-Арык деген жерге (С.Каралаевдин варианты боюнча) чогулушат: Ошол жерде Кошой кол кармашып биригип туруп, эки тизгин бир чылбырды жалпысынан бир ажого-Манаска берүү, муну менен түрк эл-журтун коопсуздугун сактоо демилгесин көторот.

Даанышман Кошойдун жалпы түрк калктарынын камын жеген, коопсуздугун ойлогон бул патриоттук жалындуу демилгесин Кум-Арыкка чогулган эл, түрк жакшылары сүйүнө чуулдап-чуркурап, көзлери жетине албай буркурап ыйлап, түп көторо колдоп чыгат. Түрк хандары, Кошой, кырк чоро Манасты алтын гүлдүү килемге салып көторүшүп, Түрк биримдигинин ЖОГОРКУ ХАНЫ катары такка отургузушат. («Төөдой болгон алтын так, алып келип Манасты, отургузду мингизип»).

Ырасында эле, азуусун айга жанган арстан Манас Түркстандын жогорку аскердик окумдарынын тагында Таласта отурганда,эпостун сюжети боюнча Орто Азиянын жана чыгыш Түркстандын элдерин басып алууга, коз каранды кылууга, эркиндигинен ажыратууга эч ким батынган эмес экен. Түрк элдери эпосто коопсуздукта жашайт. Кошой даанышмандын жогорудагы «башчы кылсаң Манасты, бирдикти койсоң бир жерге, катылып душман келеби, кармашып адам жеңеби» деген сөзү чын болуп чыгат.

Кыргыз калкынын, 21-кылымда адамзаттын жалпы

[illegible]түн тутуму[illegible] [illegible]рилигине бекем тирек болуп берчү жана кыргыз мамлекетинин руханиятын ичтен нурландыра турган жогорку дөөлөт, дагы айталы – бул достуктун,биримдиктин ак жаркын философиясы. Бул философиянын тамыры улуу “Манастан” чубалып чыгат.“Манастын” биримдик идеясы бүгүнкү жаңы геосаясий кырдаалдардын ыңгайынан караганда да, өтө актуалдуу. Башкача айтканда, айлана-тегерегибиздеги алыскы-жакынкы алышса, адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн» империялардын ортолорунда жашап жаткан чагыбызда, “Манастын” биримдик философиясынын нугундагы Түрк республикаларынын өз ара ынтымагы, баш кошкондугу, биргелешкен союзу жана бул аркылуу дүйнө калктары менен тынчтык мамиледе жашоосу аба менен суудай зарыл нерсе.

Кыскасын айтканда, кыргыз элинин «Манасы» жалпы түрк калктары үчүн орчундуу мааниси бар үлкөн идеялык, саясий, философиялык нарктары камтып тургандыгы жагынан да баа жеткис, ыйык мурас. «Манаста» түрк элдеринин консолидациясы, интеграциясы идеясы бугуп жатат. Бул жагынан «Манас» жалпы түрк дүйнөсүнүн баалуулугу катары бааланышка толук акылуу.

manas-discovery.kg

manas-discovery.kg

# X. АКЫЛМАН БАКАЙДЫН БААРЛАШУУ (ДИАЛОГ) УСУЛУ- "МАНАСТЫН" ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЭТИКАСЫНЫН КЫЛДАТ КАСИЕТИ

Адамзат коомундагы инсандар аралык жана жамааттар аралык мамилелер дайыма чайпалып турган, көбүрүп-жабырып толкуп турган өзүнчө бир стихия го. Бул стихияда калагыңды абайлап шилтешиң керек. Өз ара мамилелердин толкуган океанында кээде астыңа заңкайган муз аскасы туруп калат. Муз асканы жарып өтөм деп өжөрлөнүп, сүзгүлөсөң кайыгың кыйраар. Айлакерлик асканы сүзгүлөөдө эмес, аны айланып өтүүдө турат.

Кээде муз аска төгүлгөн мээриминден эрип кетиши да мүмкүн. Ачкычын тапсаң, катууну жумшак менен жеңишиң этимал.

Бирөөнүн айылына жуучу болуп барсаң, үй ээсине «кызыңды келин кылып алалы деп келдик» деп түз айткандан көрө, сөзүңдү «Манастагыдай»: **"каз баласы сенде бар, кара ылаачын менде бар, куу баласы сенде бар, куу ылаачын менде бар"** - деп айлалуу баштасаң, кебиң өтүмдүү болбой койбос.

## 1

Кыскасын айтканда, адамдык алака – катыштардын дүйнөсүндө мамилелешүүнүн ачкычын таба билүүгө үйрөнгөн, байкабай туруп баспаган, билбей туруп шашпаган, татаал түйүндөрдү кылдаттык менен чечкен, кээде артка чегине билип, кыйын кырдаалдарды «камырдан кыл сууругандай» жайгаштырып, ортого данакер болуп, коомдо ар дайым позитивдүү роль ойногон тубаса дипломат инсандар болот.

manas-discovery.kg
«Манас» эпосунда ошондой таланттардын бири бул - Бакай. Бакайдын мындай артыкчылыгын айланасындагылардын бардыгы моюнга алат: маселен, кырк чоронун бири Бозуул "ажырап кетер кезинде, абакем Бакай эптеген", деп ылакап кеп кылып айтса, ал эми Манастын өзү болсо, **"акылга дыйкан өзүңүз, ар качандан бир качан, насаат бизге сөзүңүз, көрүп турат көзүңүз, калба катуу бар жерде, так ушундай тар жерде, дары болгон сөзүңүз"**, деп Бакайдын өзүнө чын пейилинен айтып турат. Кыскасы, бекеринен ал эпосто **«айрылганды эптеген, бузулганды кураган, үзүлгөндү улаган»**, деп мүнөздөлгөн эмес. Чынында, бул Манасчынын гана кооз сөзү эмес, мындай мүнөздөмө Бакайдын сюжеттеги реалдуу жүрүм-туруму, конкреттүү иш-аракети менен бекемделет.

Адамдардын ортосундагы мамилелерде атаандаштык деген нерсе бар. Бул негизи жакшы нерсе. Бирок атаандаштык деген нерсени бийлик-байлыкка кумарлануу, өзүнө сын көз менен карабаган жеке амбиция, өз күчүн ашыра баалоо, «асмандагы айды алууга» атаан кылып менменсинүү, көралбастык, ич күйдүүлүк сыяктуу илдеттер коштоп алса, анда андай атаандаштык, акыры, кайгылуу натыйжаларга алып келиши мүмкүн. Тилекке каршы саналып өткөн ушул терс көрүнүштөр, образдуу айтканда «көөнү бузук» атаандаштык адам баласынын табиятына илгертеден таандык болуп келет. Пенде жаратылышына мүнөздүү бул кунарсыздык адамзат балдарынын тарыхында далайлаган драмалык окуялардын жана кандуу кагылыштардын себепчиси болгон. Адам жамаатына мүнөздүү ушундай «мыйзамченемдүүлүк» Манас заманында да өзүн көрсөтүп, «баш көтөрүп», көрүнөөгө чыгып келбеспи.

Жанагы «он эки хандыктагы» Манастын айрым вассалдары бир күнү ниеттери бузулуп, өздөрү такка отургузган жогорку өкүмдарга атаандашып, ага көз артышып, анын ийгилигин, биринчилигин көрө алышпай, жок шылтоолорду таап күнөөлөшүп, Ажону чаап, кереге-уугун кыйратыш, келин-кызын ыйлатыш үчүн кол курап (С.Каралаевдин варианты),

manas-discovery.kg
Таласка аттанышат. «Алты хан» тыштагы калмак-кытай сыяктуу азуулуу жоого айбат көрсөтүп, өздөрүнө бел, туу болуп турган Манастын стратегиялык ордун унутушат. Ичтеринен бузулган алты хандын аскерлери менен Манастын аскери Таласта бетме-бет келип, кан төгүлө турган болот.

Боордош түрк журттарынын ичинде өрт чыгып, ички ынтымак ыдырап, туруктуулук бузуларына, ошондой эле Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган кырк чоронун «көтөрүлүшчүлөрдү» быт-чытын чыгарып, ташын талкан кылып коөруна көзү жеткен Бакай шашылып ортого түшүүнү чечет.

Бакай, Манас менен алты ханды (Жамгырчы, Көкчө, Үрбү, Санжыбек, Музбурчак, Төштүк), бетме-бет жолугуштуруп сүйлөшүүнү, баарлашууну сунуш кылат. Бакайдын сөзү эки болбой, бул жумуш жүзөгө ашырылат. Натыйжада, келип чыккан конфликт, акыры, өз ара түшүнүшүү, жарашуу, элдешүү, чай үстүндө ынтымакташуу, алты хандын өз жаңылыштыктарын туюнушу, жана да Манастын туусу астында бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, бир муштумга биригип, «Чоң Казатка» аттануу бүтүмү менен аяктайт.

Бир сөз менен корутундулганда, Манас менен «алты хандын» ортосунда келип чыккан конфликттин өртүн өчүрүүдө Бакайдын азыркыча айтканда, диолог саясаты иштиктүү роль ойноп, тирешкен тараптардын жанагинтин жарашуу келишимине келип, мунун натыйжасында, «он эки хандыктагы» түрк – калктарынынстратегиялык биримдиги сакталып калган.

## 2

Бээжинге бараткан чоң жолдо, Чоң Казат жүрүшүндө Манастын ишенген, таянган эки чоросунун – Чубак менен Алмамбеттин ортосунда чатактын чыгышы, аскер ынтымагына урулган оор сокку болорун илгиртпей түшүнүп, Бакай ортодогу жараканы бүтөөгө шашты. Бакайдын ошол учурдагы Чубакка багыштаган акыл-кеңешинин логикасын кармап, улап, ыр

manas-discovery.kg


саптарына айлантсак, анда акылмандын төмөнкүдөй насыяты кулагыбызга угулар эле:

О жигиттер, бирикпей бириндебе,
Ыкташкан ынтымактан кийиндебе.
Келишкин, келишимден кут табасың,
Өзүңдү өйдө санап, кыйын дебе.

Өзүңө жалган элес куруп алба,
Көгөрүп бир чекитте туруп алба.
Талашта жаңы гана түп байлаган,
Тамырды ачууң менен жулуп алба.

Жөнү жок жөөлөшкөнгө көнүп алба,
Жөн жүрбөй ырыскыңды төгүп алба.
Эссиздик ээликтирген эрегиште,
Ээ балдар, эртеңкиңди көмүп алба!

Бакайдын Чубакты акыл-эске чакырып, кылдат сөздөрү менен ортого түшүшү эки баатырдын чатагынын өз учурунда басылышында жана экөөнүн жарашып ынтымака келишинде чоң роль ойнойт.

## 3

Бакайдын карама-каршылыктуу, түйүндүү, чыр-чатактуу жагдайларды жайгаштыруучу, жөнгө салуучу ролун көрсөткөн эпизоддор, окуялар санай берсе, «Манаста» арбын. Бакайдын өзгөчөлүгү–акыйкаттын балансы бузулган жерде ал чындыкты чырылдап айтып чыгат жана аны коргойт. Бакай үчүн чындык, акыйкат Манас досунан да жогору турарына төмөнкү чатактуу окуя да күбө өтүп турат.

Азыркы тил менен айтканда, Манаска оппозиция болгон алиги алты хан Таласка эскертүү кат менен элчилерин жиберишет. Каршылашып кагылышууну көздөгөн алты ханга Манас катуу ачууланып, кызматчыларына буйрук берип:

manas-discovery.kg
«Абактыга жапкын деп, акылын миңгин тапкын деп, ачкадан жатып өлсүн деп, акыретти көрсүн деп», алты элчини абактыга каматып таштайт (Шапак манасчынын варианты). Муну угуп, «элчи менен жуучуга өлүм жок» деген илгертен келе жаткан эрежени бузулганына чыдап карап тура албай, Ордого чаап жетип келип, Манаска ачууланат. Байыртан ата-бабалар кабыл алган калк аралык эрежени этибар албаган этиятсыздык кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн аброюна колоко түшүрүп, нечендеген эл-журт үмүтүн арткан Таластагы Манас ордонун кадырына шек кетирмек. Бул окуяга Бакай көз жума алмак эмес. Себеби, кайсы бир акылман айткандай, чындыкты жерге көөмп койсо, ал бир күнү сөзсүз жерден өсүп чыгып, албуут күчкө ээ болуп, жолунан кезиккендердин баарын жоготорун Бакай жакшы билет. Элчилердин абакка салынышы окуясынын аягы барып, чоң жаманатты сөзгө айланып, Ала-Тоодогу бийлик ордосунун жүзүнө көө жабылышына алып келип, калк аралык алакаларда кыргыздардын эл караган бетин жер каратып коймок.

Бакай ушуну ойлоп, күйүп-бышып, элчилерди камактан чыгартып, аларга сый-урмат көрсөтүп, мейман кылууну уюштуруп, акыры конокторду илгертен кабыл алынган сылыктык эрежеси менен эл - жерине узатат. Айта турган нерсе «Элчиге өлүм жок» деген норма Бакайдын канына сиңип, жан дүйнөсүнө орноп, уятына айланып калган. Мына ошондуктан ал Манаска сын айтпай коо албак эмес. Демек, Бакайдын элчилерди коргоп чыгышы тышкы турмуштук зарылчылыктын гана иши эмес, анын ички абийиринин да иши болуп отурат. Ички уят-абийирден чыгып чындыкты коргоо, бекке, ханга, королго, падышага сын айтуу – бул өзүнчө эле бир атуулдук кайратмандык. Бүгүнкү эгемендүү Кыргызстанга Бакай бабабыздын дал ушундай абийирдүүлүгү, уяттуулугу керек болуп турат. Азыркы биздин көп жарандарыбыз, улуусу да, кичүүсү да, байлыктуусу да, бай эмеси да көздү жумуп, чындыкты чыркыратып тепсеп, мансаптууларга көшөкөрлөнүп, акча, алтын издеп, кресло издеп, булгабай, бузбай турган ыйык нерселерди кордоп жатышкандыгы окуунучтуу.

manas-discovery.kg


# 4

Анжиянга ордосун куруп, Бүткүл Орто Азияны жана чыгыш Түркстанды эзип турган колонизатор Алооке ханды жеңгенден кийин Манастын атак-даңкы, кадыр-баркы көкөлөп өсөт. Баскынчы жоолорго каршы жеңиштүү боштондук согуштары менен аты айлана-тегерекке дүңгүрөп турган Манасты бүткүл түрк-мусулман калктарынын таянар тоосу, коргонор чеби катары эсептеген көз караш да пайда болуп, «сахнага» чыгып келет. Түркстан аймагынын он эки хандыгынын башчылары, өкүлдөрү Кум-Арык деген жерде ак боз бээни жара тартышып, колдорун карысына чейин канга малышып, шерт беришип, Манасты алтын гүлдүү килемге салып, жалпы Орто Азия жана чыгыш Түркстан чөлкөмүнүн хандыктарынын жогорку бийлөочүсү, өкүмдары катары калдайтып хан көтөрүп таштап ташат. (С.Каралаевдин варианты). **«Жалпы хандар чогулуп, арстан Манас баатырга, эки тизгин, бир чылбыр, берип салды деп уктум»** делип, бул окуянын кабары «төгөрөктүн төрт бурчуна» чейин тарайт. Илгерки кылымдардын биринде кыргыздар Азияда өздөрүнүн улуу державасын түзгөн деген тарыхый маалыматтын бекер жерден чыкпагандыгына «Манастагы» ушул факт да күбө өтүп тургандай.

Кыскасы, эпостон Манастын жалпы Түркстан мейкининде эки тизгин бир чылбырды колго алган кубаттуу кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзгөндүгүн жана Таласта күчтүү мамлекеттик бийликтин туткасы болгон капкалуу Манас ордосу бар экендигин баамдай алабыз. Дал ушул зор мамлекеттик бийлик ордосунда ички жана тышкы саясатты тейлеп жөнгө салып турган бир көсөм увазир бар. Ал – Бакай. Калк аралык мамилелердеги кысталыш учурларда дайыма ордодо: «**Ажыбай, Бакай экөөнү, арачыга салалы**», деп турушат. Алдыда болчу азапты алты ай мурда болжогон олуязаада Бакайды Манас ар качан мамлекеттин тышкы мамилелеринин кыйын-кезеңине салат. «**Олуят чалдын эр Бакай, өзүң билип жол башта**», деп Манас качан болсо Бакайга ишенич жүктөп турат. Тыш

manas-discovery.kg

жактагы иштерде не болуп, не коорун, нелер күтөөрүн кээде Манас, чоролор билгилери келип: «аба Бакай чыныңды айт, эминени билдиңиз, эминени түйлүңүз? Кыялыңды айт, сырыңды айт, кызырлуу Бакай чыныңды айт. Казып койгон ор барбы, кайнатылуу шор барбы» - дешип, такып сурашат. Бир сөз менен айтканда, тышкы саясаттын билерманы катары анын аброю ордодо зор. Мамлекеттин тышкы иштеринде Бакайга эки тизгин, бир чылбыр толук берилген.

«Чоң Казат» согушунун алдында Таласта Манастын чоролору жана алты хан катышкан чоң чогулушта Бээжинге карай жүрүштө кол баштаган жалпы ханыбыз Бакай болсо деген сунуш ортого коюлат. Ошол учурда жалпы Түрк-мусулман көпчүлүгү чурулдап: **«касиеттүү Бакайды, канга ылайык көрөбүз»** - дешип, сунушка бир добуштан макул болот. Бул окуянын өзү Бакайдын кадыр-баркы кыргыздар үчүн гана эмес, жалпы түрк боордош журттардын өкүлдөрү үчүн да бийик экендигин ырастайт.

Бүгүнкү тил менен айтканда, Бакайдын тубаса **дипломат** экендиги. Бакайдын инсандар аралык, жамааттар аралык, калктар аралык алака-катыштардын дүйнөсүндө мамилелешүүнүн ачкычын таба билген кылдат айлакерлиги анын акылмандыгынан агып чыгат. Бакай ар бир адамдын өзгөчөлүгүн көрүп турат. Ал Букар шаарынын ханынын кызы Каныкейдин билимдүүлүгүн, баатырлыгын, акылдуулугун байкап: **“Теңдик менен албасак, зордукка көнөр жан эмес, олжо болуп бизге эле, оңой менен Каныкей, колго тийчү ал эмес”**, деп Манаска кеңешин айтып, ага өзгөчө мамиле кылуунун керекчилигин эскертет. Каныкейдин жеке өзгөчөлүгүн эсепке алып мамиле жасоонун зарылдыгын айтып отуруш Бакайдын психологиялык кылдаттыгын айгинелейт. Бакай өзүнүн карама-каршылыктуу татаал турмуштук түйүндөрдү, чыр-чатактуу жагдайларды, конфликттерди амалын, “тилин” таап, жайгаштыра, жөнгө сала билген искусствосу менен бийик. Ошон үчүн ал “Манаста” “караңгыда жол тапкан, көргөндүгү

manas-discovery.kg


бар эле, камалганда сөз тапкан, чечендиги бар эле, үзүлгөндү улаган, жыгылганды жөлөгөн, элчилдиги бар эле, ажырагандарды эптеген, айтышканды септеген" (Шапак манасчыдан) делип далазаланат.

## 5

"Дипломатиялык искусство жагынан караганда, Манас эпосунда Бакай жалгыз эмес. Манас баатырдын сөзү бул: "**Айтылуу чечен Ажыбай, акылга дыйкан эреним, каңгай менен кыргызга, арага жүргөн бereним, кара тилин кайраган, калк алдында сайраган, үзүлүп кетсе, улаган, чачылганды жыйнаган"**. Ушул нукта алганда, "калк энеси" атка конгон Каныкейдин да өзгөчө касиетин белгилебей өтүү мүмкүн эмес. Бул анын инсан аралык өз ара мамилелердеги ийкемдүүлүгү, ийилчээктиги, адамкерчилиги жана ак, караны ажыратып, жогоруда айтылгандай, кимдин кимдигин таразалап турган көсөмдүгү. Асылды асыл баалайт, жөн билги жакшыдан айланса болот дегендей, Каныкей Манастын тегерегиндеги Бакай, Кошой, Ажыбай, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу элдик баатырларды «абаке», «олуя», «берендер», «асылдар» деп жогору баалап, алардын алдында башын ийип, булар дегенде ичкен ашын жерге коюп, ар дайым жапакеч мамиле жасап турат. Ал эми кайненеси Чыйырдыга жасаган мамилеси мына мындай: **«Ак байбиче карыям, тоодой болгон төрөмдүн, өзүн тапкан олуям, карап турсам кардым ток, көрүп турсам көөнүм ток».** Каныкей мына ушундай дипломатиясы менен баатырларды, балбандарды, уруу хандарын, кыркы кырк жактан келген кырк чорону Манастын айланасына бириктирген күчкө айланат.

Кыскасын айтканда, 21-кылымда улуу мурасыбыздагы дал ушундай элчилердин, элдик дипломаттардын өрнөктөрү бизге табылгыс сабак.

Бүгүнкү эл аралык турмуш диалогдун, толеранттуулуктун, консенсустун, акыл-эстүү компромисстин, кызматташтыктын, алгоолошуулардын жана тилектештиктин ийкемдүү

manas-discovery.kg


дипломатиясына муктаж болуп отурат. Мына ушундай кырдаалда эл аралык мамилелерде Бакай менен Ажыбайдын диалог саясатын жүргүзүү, алыскы - жакынкы өлкөлөр менен өз ара пайдалуу жана тең укуктуу шарттарда активдүү жана кылдат алака-катышка өтүү, үзөңгүлөш коңшулуктун, тынчтыктын, достуктун, интернационализмдин философиясын тутунуп жашоо – Кыргызстандын коопсуздугунун жана стабилдүүлүгүнүн булагы болмокчу. «Манастын» дипломатиясы азыркы өзгөргөн дүйнөнүн татаал геосаясий кырдаалында улуттук көчтү жүгүн оодурбай, кырсыктуу бороон-чапкынга кабылтпай, кыялардан тайгылтпай, жакшылыктын түз жолу менен бакыбат келечекке алып барууга жол көрсөткөн маяк. Бакайдын, Ажыбайдын, Каныкейдин ортого "көпүрө", данакер боло билүү өнөрү бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын элчилерине, саясатчыларына жана мамлекеттик ишмерлерине табылгыс таалим-сабак.

manas-discovery.kg



# XI. "МАНАС" ЭПОСУНУН КӨП ТИЛДҮҮЛҮК ИДЕЯСЫ–АК КАЛПАК КЫРГЫЗДЫН АКЫЛМАНДЫГЫНЫН АСЫЛ КЕНЧИ

Биздин кыргыздын рух казынасында көп тилдүүлүктүн философиясы илгертен эле жашап келген. Буга улуу «Манастагы» баатыр Ажыбайдын 70 түрлүү элдин тилин билген керемет өнөрү күбө болот. Ажыбай «Манаста»: **«Кара тилин кайраган, калың топто сайраган, жетимиш түрлүү тил билген, жетимиш түрлүү эл көргөн»** деп мүнөздөлөт. Ал эми "Семетейде" Ажыбайга мындайча кең-кесири баа берилет:

"Кең көкүрөк, бото көз,
Келберсиңки, жайык төш,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Жети бөлөк тон кийген,
Жетимиш уруу тил билген,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбас кара көмөкөй,
Жүйөөсүн таап кеп билгич,
Жүгүрүк, чечен, эп билгич,
Адамзаттан таңдайлуу,
Адамдан чолпон маңдайлуу,
Ырыстуу элдин күндөшү,
Атаң Манас кабылан
Ырысына табылган,
Аргын уулу Ажыбай".

Ажыбай көп тил билгендиги менен гана өзгөчөлөнбөстөн, кара тилин кайраган кара жаак чечен дагы, хандардын алдында сайраган дипломат-элчи дагы, татаал турмуштук кырдаалдарда

manas-discovery.kg
жүйөөсүн таап көп айтып, кыйын-кыстоо абалдардан эбин таап чыгып кеткен айлакер дагы, жалтанбаган баатыр дагы, эр Манастын ырысына табылган жан жолдошу да болгон. Манастын мамлекети ушундай Ажыбайга окшогон инсандар аркылуу өзүнүн эл аралык мамилелерин жөнгө салып турган.

«Манаста» кыргыз калкы токсон түрлүү эл менен карым-катышта болот. Айтылуу Көкөтөйдүн ашына төгөрөктүн төрт бурчунан калк чогулат. Биздин жерлерди аралап өткөн Улуу Жибек Жолу да кыргыз баласын алыстагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына алып барган. Ушундай эл аралык карым-катнаш тажрыйбасынан улам кыргыз эли көп тил билүүнү — эң маанилүү турмуштук зарылдык катары аныктаган. Көп тилдүүлүк өнөрү кыргыз жамаатынын эл аралык аброюнун жана калк аралык карым-катышынын тиреги болуп келген.

«Манаста» көп тил билүү өнөрү жагынан жалаң Ажыбай гана эмес, эл аралык масштабдагы чабарман жаш Айдар да айырмаланат. Жаш Айдар эпосто мындайча мүнөздөлөт:

«Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш түрдүү тил билген,
Ары тилмеч, ары акын,
Ар жакшыга көп жакын.
Ыраакы, жакын иш кылсак,
Ыкчылдыгы бар эле,
Жалпы кыргыз журтунда,
Жакшы болчу бала эле.
Жаман, жакшы сөз келсе,
Жатык жооп кайтарган,
Тыңчылдыгы бар эле,
Усталарга кошулса,
Сырчылдыгы бар эле,
Узактан сөздү көп айткан,
Ырчылыгы бар эле».

manas-discovery.kg


Атактуу «Көкөтөйдүн ашына» байланыштуу кабарды ар түркүн тилде сүйлөгөн алыскы-жакынкы ар башка калктарга дал ушул **«алтымыш түрдүү тил билген»** жаш Айдар жеткирет. “Көкөтөйдүн ашында” Каркырага ар түркүн тилде сүйлөгөн “кумурскадай жайнаган” алыскы-жакынкы ар кандай калктар чогулган жерде жаш Айдар менен Ажыбайдын тилмечтик роль аткарышкандыгы шексиз.

«Манастагы» Ажыбай менен жаш Айдардын тил өнөрү — бул символ. Бул экөө — кыргыз калкынын көп тилдүүлүк жөнүндөгү философиясын көтөрүп жүргөн каармандар. Бул экөөнүн өнөрү— калк аралык карым-катыштын, диалогдун символу, калктардын өнөр казынасын өздөштүрүүнүн жолчырагы. Ажыбай менен жаш Айдардын көп тилдүүлүгү – бул Манастын бизге калтырган идеялык-руханий мурасы, калкыбыздын эл аралык, интернационалдык даанышмандыгы.

СССРдин тушундагы идеологиялык «темир көшөгө» (железный занавес) биздин Ажыбайдын, жаш Айдардын, Улуу Жибек Жолунун тилдик салтын кыргыз-орус кош тилдүүлүк саясаты менен гана чектеп, тар алкакка камап келген. «Советтик эл — тарыхый жаңы жалпылык» деген империялык ураанга жамынган идеологиянын кесепетинен биз Жапан, Кытай, Араб, фарс, хинди, урду, түрк тилдери сыяктуу чыгыштын улуу тилдерин кенен-чонон үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк ала албай келдик.

Эгемендүүлүктүн, демократиянын кырдаалында республикабызда Ажыбайдын, жаш Айдардын салты акырындап жанданды. Окуу жайларында Европа жана Азиянын ар түркүн тилдерин үйрөнүү активдүү түрдө колго алынып жатат. Тил билүү — дил билүү гана эмес, дүйнөлүк алдыңкы көчтү кууп жетүүнүн, экономиканы көтөрүүнүн жолу, адамзат топтогон илим-билим казынасынын алтын байлыктарын төтө жол менен үйрөнүүнүн, сиңирүүнүн ишенимдүү ачкычы.

Бирсөзмененайтканда,өтүмүш-тарыхыбыздажашапкелген «Манастын» көп тилдүүлүк философиясын, Ажыбай баатырдын салтын жандандырып, осуятын орундап, актуалдаштырып, дагы

manas-discovery.kg

да турмушка активдүү киргизүү - өлкөбүздөгү тилдик тарбиянын муктаждыгы. Бүгүнкү дүйнөдөгү эл аралык интеграциянын шарттарында тилдик коммуникациянын муктаждыктары менен үн алышып тургандыгы аркылуу кыргыздын "Манас" эпосунун көп тилдүүлүк идеясы өтө актуалдуу.

manas-discovery.kg



# XII. ЖУРТ БИЛЕРМАНДАРЫН, ЭЛ БАШЧЫЛАРЫН, ЧОРОЛОРУН ТАНДООДО МАНАС АТАНЫН КОЛДОНГОН ЖОЛ-ЖОБОСУ

## 1

Манас өзү дегеле, бу турмуштан кимди, кандай адамды издеп жүргөндүгү жөнүндө Бакайдын алдында төмөндөгүдөй деп сырын ачат:

Баатырдыгы башкача
Шерди издеп жүрөмүн!
Өзүм менен бир өлчү
Теңди издеп жүрөмүн.

Мына ушундайча чын жүрөктөн төгүлгөн монологдон, агынан жарылган ачык сырдан биринчи иретте, өзүнө чоро, жолдош, дос боло турган кишиге карата Манастын койгон талабынын, чен-өлчөмүнүн, критерийинин бийиктигин, жогорулугун көрүүгө болот. Айкөлгө чоро, жолдош, дос болчу адамга коюлуучу, башкы чен өлчөм – терең байкасак, шериктештин Манас менен идеялаштыгы, мүдөөлөштүгү, тилектештиги, жүрөктөштүгү, дилдештиги, өзөктөштүгү жана көйкашка баатырдыгы экен. Манастын ак калпак кыргызды азаттыкка чыгаруу боюнча алдына койгон мекенчил мүдөөсү ыйык жана бийик мүдөө. Бийик мүдөөнү жүзөгө ашыруу зарылчылыгы бийик адамдык сапаттарга муктаж. Ушул муктаждыктан чыгып, Манас руханияты бийик рыцарды, жолборсту, жүрөгүндө жалы бар шерди, "тар жол, тайгак кечүүдө" тагдырлаш Ак кан досту издейт. Айкөлгө идеялаш, мүдөөлөш, тилектеш, өзөктөш болуу деген нерсенин – бул чабылып-чачылып, азап-тозок тарткан кыргыз элин кулчулуктан куткаруу үчүн Манасча арууну казык, башты токмок кылуу,

manas-discovery.kg
Ата журт үчүн Манасча жанды курман кылууга даяр турган берен болуу, **«калмак, кытай,манжууга качырып найза сунууга»** жарамдуу көкжал болуу, Ала-Тоонун азаттыгы, ак калпак калктын мамлекеттүүлүгүүчүн антка-шертке бекем туруу деген кеп экени өзүнөн өзү түшүнүктүү. Эгерде мындай чоң жүктү аркалоого жарамсыз болсо, кичи тууган да болсо Манастын муңдашы, сырдашы боло албайт.

## 2

Манас дал жогорудагыдай чен-өлчөмдөрү менен таразалап, өз айланасына кырк чорону топтоп келген экен. «Кырк жерден келген кырк кашка, кыркынын жоңу кырк башка» делет эпосто. Демек, чоролорду шериктеш кылууга алардын ар биринин кашкөйлүк сапаттары негиз болгон. Бирок Манастын дале болсо ичинде арманы бар. Ал «Издеп тапсам канаке, телегейи тегизди, өзүмө теңтуш эгизди, берен таппай, эл таппай, жаныма жолдош кылууга, өзүмө катар шер таппай» - деп күйүт чегет. Манастын күйүтү жердин түбү - Жеңишинтен өзүн издеп келген Бакай менен жолугуп, сырдашкандан кийин, аны менен «коюн короолош, аны жоролош» болгон соң басылат.

Бакай «Манаста» «Туйгун Бакай олуя», «Акылы терең кеменгер», «Айла тапкыч акылман», «Капилет жерден сөз тапкан, караңгы түндө көз тапкан», «Бакай баатыр көк жалдын, акылы кенен дарыя”, деп бааланат. Манас өзү эңсегендей, Бакайга окшогон телегейи тегизди, өзүнө теңтуш эгизди, өзү катарлуу эрди, идеялашты, мүдөөлөштү таап, жан жолдош кылып калайык - калктын кызматына чегет.

## 3

Жаш Манас Алтайда жаша жүргөндө Акбалтадай чечендин, тарбиячы устаттын патриоттук аңгемелеринин духуна сугарылып, Кошой баатырдын образын кыялында алдейлеп келген. Кошойго учурашуу үчүн атайын Алтайдан Ала-Тоого келген Манас кыялында идеал кылып жүргөн каарманынын

manas-discovery.kg


кадимки турмуштагы жүзүн, турмушун, жүрүм-турумун өз көзү менен көрүп, сөздөрүн өз кулагы менен укту. Ырасында эле, Кошой, Акбалта аксакалдын аңгемесиндегидей, «кармаганда кан чыккан, тиктегенде жан чыккан, чокморунан чок чыккан, чок жарылып от чыккан, ай кулагы калкандай, бенделен артык шер» экенине, журттун санаасын тартып саргайган, Ала-Тоо асыл жер үчүн, ак калпак кыргыз эли үчүн кызыл чокко түшүп, өрт кече турган, өрттү кечип да келген, кечип да жаткан, эл-жер деп жетимиш жеринен жараланып жапа тарткан чыныгы калк чыгааны экенин Манас билди. Баскынчыга багынбас, күнкорлукка чыдабас, куралын маштап, тулпарым таптап, көтөрүлүшкө даяр турган, адеп-ахлагы бийик, акылы алысты чапчыган даанышман, тажрыйбага карк улуттун көчүн баштаар жол башчы, таяна турган тоо экенине чындап ынанды. **«Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам обөгүм, ылдый тартсам жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум»** деп, Манас Ат-Башыдагы баатыр абакесине бийик баасын берип, аны менен кол кармашкан союз түзөт.

## 4

Манас калк кызыкчылыгын көздөн түзгөн, Бакай, Кошой сыяктуу көсөмдөр, Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү көкжалдар башында турган өзүнүн күчтүү командасы менен кыргыз элинин чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган жана калмак-кытайдын азуусун айга жанган империясын жеңген. Ушул кеменгерлерден жана чыгаандардан турган командасы менен Манас Түрк элдеринин аскердик конфедерациясынын башында жогорку Каган болуп турганда Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын хандыктарына тыш жактан эч бир жоо катыла алган эмес жана Түрк элдери, анын ичинде кыргыз калкы эңсеген мүдөөсүнө жетип, тынчтыкта, бакыбатчылыкта күн кечирген.

manas-discovery.kg

Эпосто Манастын образы аркылуу калк башчысы, мамлекет жетекчиси, ажо, кан жөнүндөгү элдин идеалы берилген. Манас-бул ажонун символу. Манас кандайдыр бир айла-амал менен, дос-тамырлардан турган колдоочу кожолордун жана сүрөөнчүлөрдүн жардамы менен, жулунуп мансапка умтулгандыгы аркасында бийликке келбейт. Манас бүткүл калк алдында өзүнүн эмгеги менен көрүнүп, баатырлыгын жана кеменгерлигин далилдеп, анан кандыкка көтөрүлөт. Манасты калк чуркурап өзү кан көтөрөт. Демек, улуу эпосубуз бизге башчынын, падышанын таккa келиш жолу акыйкаттын, чындыктын жана мээнеттин жолу болуш керек деген идеяны айтып турат.

**"Балдар, башчысы болбой маарыбайт, Баш-аламан жарыбайт"**, - делет «Манаста». Калайык-калк качан маарыйт? Манастай башчы болгондо гана эмес, ошол ажонун айланасында элдин, мекендин жогорку кызыкчылыктары үчүн жуурулуша баш кошкон, бири-бирине кылдай арамдыгы жок, ниети аппак, пейили булактай таза Бакай, Кошой, Ажыбай, Каныкей, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу жол көрсөтөөр чыгаандар жана кеменгерлер турганда гана журттун иши оңолуп, ташы өйдө кулайт деген өтө баалуу, терең маанилүү ой берилип жатат. Ырасында эле, Манас ажонун сиңирген эмгеги жана көрсөтүп турган таалими ушунда: ал өз тегерегине, азыркыча айтканда, жогоркудай күчтүү команданы топтой алгандыгы үчүн кыргыз калкы кырылып, жоюлуп кетүү коркунучунан аман калып, кайрадан эл болуп биригип, өз алдынча мамлекет болуп, эңсеген мүдөөсүнө жетет. Акылмандыгы жана арстандыгы аркасында ар кай жакка чачылып кеткен кыргыздарды баш коштуруп, бириктирип, Ала-Тоо конушту кайра алып, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган» эмгеги, эрдиги үчүн биз Манас атага түбөлүк таазим кылып, ар дайым өрнөк кылып, аны менен сыймыктанып, төбөбүзгө туу кылып көтөрүүгө тийишпис. Манас ажонун азыркы тил менен айтканда, кадр тандоодогу көрсөтүп турган мындай өрнөгү кыргыз үчүн өтө

manas-discovery.kg


керектүү сабак. «Бийиң кылаң болсо, журтуң ылаң болот», «Бастырганды билбеген жолду бузат, башкарганды билбеген элди бузат» деген макалдардагы нусканы көңүлдүн борборунда тутуу оң. «Кара өзгөй болсо калкына, калктын жетпей баркына, акимдин жайы – кара жер» деген акылман Арстанбек. Журт башчыларынын, акимдердин арасында «Абыке-Көбөш алты арамдар», чолок акыл, кыска ойлуу мансапкорлор, өз көмөчүнө күл тарткан кара жемсөө атка минерлер, кой терисин жамынган карышкырлар, колдоонун күчү менен кожо болгондор көбөйгөндө, мамлекеттин дубалдары кулап жыгылганына тарых күбөөтүп келет. Бекеринен Кыргызстанда эки революция жасалган жок. Бүгүн кыргыз мамлекетине кадр философиясы керек. Кыргыз коому өзүн локоматив сыяктуу сүйрөй турган Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Чубак, Сыргак, Алманбет сыяктуу күчтүү инсандарга – кадрларга кардар. Мерчемдүү түйүндүү кызматтарда, башкаруу рулдарында ишкердик сапаттары, уюштуруучулук таланты, жемиштүү жаратмандык тажрыйбасы менен эл көзүнө көрүнгөн, кругозору кенен, профессионал, коомдун өнүгүүсүнүн муктаждыктарын кылдат туюп турган, татаал экономикалык, социалдык-маданий проблемаларды талдап түшүнө билген, улуттун, калктын стратегиялык кызыкчылыктарынан жана мүдөөлөрүнөн чыгып маселе чечкен, элдин энергиясын, түзүүчүлүк потенциалын керектүү нукка багыттай алган, инновациялык чыгармачылык ишмердикке жөндөмдүү, адептик-ыймандык жүзү таза, талапчыл, принципиалдуу, Манас атабызча “үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы” деген патриот инсандар турганда мекенибиздин арышы кеңип, ташы өйдө куламак. Бүгүнкү биздин бийлик башчыларыбыз улуу мурасыбызда катылып жаткан жанагындай кадр философиясын көкүрөктөрүнө түйүп, Манас атанын башкаруучу топ түзүүдөгүөрнөгүн ээрчип, иш жүргүзүүлөрү зарыл.

Республиканын жаңы Президенти Сооронбай Шарипович Жээнбековдун: «Элди башкарам, жетекчи болом дегендер

manas-discovery.kg

биринчи кезекте өздөрү таза болуш керек. Өзүң таза болгондо гана өзгөдөн тазалыкты талап кыла аласың»– деген олутту сөзү Манас Атанын духунда коюлган жаңы талап. («Кыргыз Туусу», 12.01.2018). Бул талап ишти алга жылдыруунун өбөлгөсү.

manas-discovery.kg


# XIII. КАЛК БАШЧЫЛЫРЫНЫН (МАНАС, БАКАЙ, КОШОЙ) АСЫЛ МАКСАТТАР МЕНЕН ШИРЕЛИШКЕН ЖАРАНДЫК УЛУУ БИРИМДИГИ – АТА ЖУРТТУН ЖЕҢИШТЕРИНИН АЧКЫЧЫ

Биз эл аралык достук жөнүндө гана эмес, мекен ичиндеги улут лидерлеринин өз ара достук тажрыйба-таржымалы жөнүндө да кеп кылуугу тийишпиз.

Достук качан бекем болот? Достуктун бекемдигине тартууланган кымбат белектер, формалдуу келишим, сырткы убада, эч кандай ант кепил болуп бербес. «Пайдубалында» ыйман, абийир, эки адамдын тең ниетинин тунуктугу жатканда гана, жандүйнөлөрдүн окшоштугу, тутунган нравалык принциптердин бирдейлиги, мүдөөлөрдүн жалпылыгы, бири-биринин алдындагы өз ара милдеттердин ыйыктыгын терең түюнуу паркы экөөндө тең жашап турганда гана достук бекем боло алат.

## 1

Бакай Манас баатырдын сыймыктанган үлкөн чоросу, кыйышпас досу, бир чети жакын агасы. Эпосто **«абаң Бакай курдашы, арслан Манас көкжалдын, а дүйнөлүк сырдашы»** деп сыпатталат. Ушул ыр саптарындагы ойдун чындыгын ырастагандай, Манастын өзү да эпостун сюжетинде: **«Маңдайымда барааным, байтерек Бакай карааным, айтышканда сырдашым, наалышканда муңдашым»** - деп сырын төгөт. Демек, Манас менен Бакай бири-бири менен өзгөчө терең мамиле менен ширелишкен, бири-бири менен

manas-discovery.kg
жаны бирге, эпостун өзүндө айтылгандай, «ак буудайдын унундай жуурулушкан, ак бөкөндүн кылындай суурулушкан» достор.

Бирок бул экөөнүн сырдаштыгы, муңдаштыгы жөнөкөй гана пендечилик деңгээлдеги ынактык эмес, демейки көртирлик ынтымагы эмес, же болбосо, тууганлыктан келип чыгып отурган биргелик эмес. Бул экөөнүн ширелишкен достугунун мотиви өзгөчө, бөлөкчө. Экөөнүн достугу башкача «материядан» жаралган. Баатырлардын өз ара жуурулушкандыгынын себептерин алардын интеллектисинин, кокөлөгөн акыл-ой маданиятынын жана патриоттук рухунун бийиктигинен издөө кажет демекчибиз.

Кыскасын айтканда, Манас менен Бакайдын өз ара жуурулушкан биримдигинин тамыры журт боштондугу, ак калпак кыргыздын эркиндиги үчүн, коз карандысыз кыргыз хандыгын, мамлекетин түзүү, «кулаалы жайып куш кылуу, куранды жайып журт кылуу» үчүн «башты канжыгага байлаган» каарман күрөштүн улуу идеясына барып такалат. Ошон үчүн жогоруда эки кеменгердин достугунун мотивин алардын интеллектисинин тереңдигинен жана акыл-эс бийиктигинен издөө зарыл, деп бекеринен айтпаганбыз. Алардын биримдиги **Улут кызыкчылыгы** деген улуу «материядан» агып чыгат. Бул жагдайды академик Болот Юунусалиев "өскөн жерди, туулган элди сүйүү мотиви каармандардын кылган аракеттерине, кулк-мүнөзүнө ар дайым жетекчилик кылат", деп туура белгилеген (Юнусалиев Б. Кириш сөз. – Китепте: Манас, Фрунзе, 1958, 30-б). Экөөнүн достугу, дагы айталы, бийик идеялык чекиттен кездешкен философиялык достук. Ата журт эркиндиги философиясы эки шер үчүн эчнерсе менен алмаштырылгыс эң жогорку дөөлөт. Ушул жогорку дөөлөткө кызмат кылууну экөө өмүрдүн маңызы катары санашат. («...калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - Манас. «чагылганды жыйнап жүр, үзүлгөндү улап жүр» - Бакай). Экөө ички ой-тилек, мүдөө-максат жагынан эгиздер. Эки шердин ичтен ширелишкендигинин,

manas-discovery.kg


жуурулуушкандыгынын себеби ушул жерде.

Экөөнүн дүйнөгө кең карагандыгы, айкөлдүгү ушунда деңиз, булар өмүр бою бири-бирине терс караган жок, майдачылыктан өйдө турушту, кандайдыр бир ич күйдүлүктөн, көрө албастыктан оолак болушту. Даражага манчыркашпады. Бийликтин мүмкүнчүлүлүгүнөн пайдаланышып, өз көмөчүнө күл тартууга, өз кызыкчылыктарынын артынан кубалап, байлык топтоого, көрдүнүйө чогултууга азгырылышкан жок. Элдик ыйык улуу мүдөөлөрдү башкага алмаштырышпады. Өмүр бою бири-бирин алдаган жок, бири-бирин саткан жок, бири-бирине чыккынчылык кылган жок. Өздөрүнүн идеалдарына, мекенчил, патриоттук мүдөөлөрүнө жана достук мамилелерине ак бойдон, таза бойдон кала беришти. Максат кууган жолдогу таза мораль, таза кызматташтык, таза мимиле экөөнү ого бетер өзөктөш, жүрөктөш, дилдеш кылды. Мындан улам Манас менен Бакай бирин-бирин ого бетер урматташып, ыйык тутушуп, ынтымактары улам болоттой бекемделип турду.

Бакай Манас өлгөндөн кийин да, айкөл досунун мекенчил идеалдары үчүн тикесинен тик туруп, Манас курган мамлекетти өмүрүнүн акырына чейин коргоп, анын идеологу бойдон кала берди.

Улуттун старатегиялык максаттарын аркалаган Манас менен Бакайга окшогон инсандар журт туткалары, калктын руханий жол башчылары, улуттун идеологдору. Мындай жетектөөчү лидерлери жок калк тарых жолунда буюгуп, багытсыздыктын туманында кайда бараарын билбей адашкан көчкө окшош болмок.

Манас менен Бакай – булар өзгөчө жаралган, бөтөнчө типтеги адамдар. Булар башкалар үчүн жаралган, башкалар гүлдөсүн деп, өздөрү кууран жандар. Турмушту локоматив болуп алдыга сүйрөгөн, Манас менен Бакайдай эл жер деп күйгөн мекенчилдери, жылаңач баатырлары, кеменгерлери бар журт бактылуу журт. Улуттун улуу мүдөсүнө кызмат кылган Манас менен Бакайдын достугу- чыныгы достуктун эталону.

manas-discovery.kg


## 2

Кошой ар дайым, качан, кай жерде болбосун: **«о кудурет, уккун кебимди, сындыра корбо белимди, жараткан өзүң колдой кор, кабылан Манас шеримди»,-** деп кудайга жалынып турат. Эмне үчүн? Манас Кошойдун өзүнүн кара чечекей баласы беле? Жок, окурманым, мунун терецинде өзүнчө сыр жатат. Кошойдун Манас дегенде ичкен ашын жерге койгондугунун, Манас дегенде керек болсо, өлүп бере тургандыгынын, Манаска болгон абакелик, аталык сүйүүсүнүн мотивациясына дагы бир жолу үңүлүп көрөлүчү.

Манастын кор болгон эл үчүн **КУТКАРУУЧУ** экендигин, кыргызга дал ушундай көк жал башчынын керектигин жана да Манас аркылуу кыргыздын айы менен күнүнүн тууп тургандыгын Кошой өзүнүн көрөгөч баамы, акылмандык-олуялык туюму менен сезип да, көрүп да турат. Мына ошон үчүн Кошой карыя ар качан «ак сакалы жаркылдап, келгин каздай баркылдап» Манас тууралуу: **“Бузулуп кеткен аз журтка, берен да ошол, мээ ошол, мээнеттеги кыргызды, бек кайтарчу ээ ошол”,** - деп айлана -тегерегине жарыялап турат. Белгилеп өтө турган нерсе, Кошой Манастын кеменгерлигине басым жасап, мобу сөзүндө айкөл баатырды, **кыргыздын ойлоно турган мээси** деп адаттан тыш баалап, көкөлөтүп отурат. Мынакей, Кошойдун Манас дегенде элеп-желеп болуп, түн уйкусун үч бөлгөн бөтөнчө мамилесинин түпкү мотивациясы кайда жатат? Манастын куткаруучу миссиясы, чынында Кошойдун да мисиясы, улутту сактоо Кошойдун да өмүр бою көксөгөн мүдөөсү, эңсеген тилеги. Ушул максат деп ал Жети өзөндө жетимиш жеринен жарадар болуп, желмогуздар менен кармашып жашап келбедиби. Акбалтанын алиги: “Абаң Кошой эр ошол, арбагы бийик жан ошол, жети өзөндөй кайран жер, эби менен жер кылып, азган-тозгон кыргызды, эптеп жүрүп эл кылып,» - деген сөздөрүн эстейличи. Демек, образдуу айтканда, Манас Кошойдун эгизи, болгондо да идеялаш, рухташ,максатташ эгизи. Экөө **Ата журт философиясы** менен

manas-discovery.kg


тамырларынан биригишкен. Ошон үчүн өйдөтөгү «Манас үчүн курман кылам жанымды» деген сөздү Кошойдун тилинин учунан эмес, жүлүнүнөн чыгып жаткан сөз катары түшүнөбүз.

Дагы бир жолу белгилейли, экөөнүн өз ара мамилелеринин тамыры "ак калпак калктын аөолуу кызыкчылыктары" деген жогорку чекитттен кездешип, ошол уюлдан жалгашып, өрүлүшүп, анан бери карай түшүп келет. Кошой менен Манастын өз ара бекем ата-баладай достугунун башаты ошоякта.

## 3

Манастын, Бакайдын Кошойдун достугу рационалдык гана эмес, эмоциионалдык да достук Акыл менен сезимдин жуурулушкан достугу. Манастын тагдыры кылдын кырында кылтылдап , ажал оозунда турган кыйын кырдаалдарда Бакай менен Кошой "айкырыгы таш жарып, бакырыгы баш жарып, мурутун булкуп ыргытып, сакалын жулкуп ыргытып", жандарын таштап жардамга ашыгышат.Бакай "асылым","төрөм", "жан биргем Манас" деп чын жүрөгүнөн менен төгүлүп сүйлөп, жетинс албай турат. Манасты кокус ажал-өлүм тооруп, досумдан айрылып каламбы деп ойлогондо, Бакай көзүнөн жашын чубуртуп, ыйлап жиберет. Кошой да ошондой. Мисалы, Айкөл Манас Чоң Казаттан кийин майданда алган жараатынан каза болгондо, Кошой моминтип көзүнөн жашын он талап кылып, коңгурап ыйлап турат:

Өзгөнгө бойлоп кондумбу,
Манасым өрт өчкөндөй болдумбу?!
Кантейин, Манас кабылаң,
Сенден мурун өлбөдүм,
"Карт Кошойдун ашы!"-деп,
Манасым, карыяңды көмбөдүң!

Достору, чоролору өзүнө абийир, ыйман менен кызмат кылгандыгы үчүн Манас да агынан жарылып, алкышын айтып,

manas-discovery.kg
аларга агыл-төгүл мамиле жасайт. Мисалы, Бакайды «Караңгы түндө көз тапкан, капилеттен сөз тапкан олуям», Чубакты «Эгизим Чубак көсөлүм, эсимден кетпес эсерим», Сыргакты «Асылым менин Сыргагым, алышкан жоодо шумкарым» деп эркелетет. Ал эми Кошой бабасын көргөндө ар дайым «Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам өбөгүм, ылдый тартсам жөлөгүм, астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум»-деп жетине албай турат.

Сөз аягында дагы суроо коелу, достук качан бекем болот? Манас, Бакай, Кошой сыяктуу улуу максат менен биригип, бири-бирине дилин, жүрөгүн бергенде гана достук болоттой бекем жана түбөлүктүү болот.

Калк лидерлери Манастын, Бакайдын, Кошойдун дал ушундай мазмундагы достугу, бири-бирине өйдөгөөбөк, ылдыйда жөлөк, учарга канат, конорго куйрук болгон шерелишүүсү акыры Ата журтка жеңиш жана бакыт алып келди . Эл эңсегенине жетип, кыргыздын эгемендүү мамлекети түзүлдү.

“Манастын” сабагы ушул: эл журттун, мамлекеттин башында акча, алтын, бийлик, байлык, кумары менен бириккен, сырт жагын кооз фразалар менен сулуулай билген, ичтеринен жеке кызыкчылыктарды туу кылган кандайдыр бир индивидуалисттик мафиялык топ эмес, Манастай, Бакайдай, Кошойдой калктын кулу болуп кызмат кылган, улуттун улуу мүдөөлөрү менен шерелишкен дили таза мекенчил чыгаандар турганда гана өлкөнүн “ташы өйдө карай куламак”.

Манас, Бакай, Кошой- үчөөнүн достугу калк лидерлеринин достугунун эталону.

manas-discovery.kg



# XIV. ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМ, ТЕГИН, ТАМЫРЫН ТААНУУ, ЖАНА МАҢКУРТЧУЛУККА КАРШЫ РУХ-МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН ЖАРКЫН КАСИЕТИ

Эстутум, тагыраак айтканда, тарыхый эстутум дегеле жарык дүйнөдө адамды айбандан айырмалап турган, адамдын адам экенин таанытып турган эн тамга. Эстутумсуз - адам жок, адам коому да жок. Адам өзү социалдык тарыхтын туундусу. Тарых менен тагдырлаш, ата-бабалары менен киндиги туташ экендигин киши эстутум аркылуу таанийт. Эстутум аркылуу тарыхтын кербен көчүнүн жолунда, муундар аралык өтмө-катыштыктын тутумунда өзүнүн ордун, ким экендигин, милдети кайсы экендигин аңдап билет, бүгүнкүсүнө жана келечегине баам салат. Эстутум даанасын айтканда, адам баласынын жашоосунун формасы жана өзүн-өзү сактоосунун органы. Эстутум коомдогу уламалуулуктун ар дайым тынымсыз иштеген жана күн-түн чыңалууда турган механизми. Манас доорундагы кыргыз социуму тарыхый эстутумдун ушундай түрдөгү улуу маңызын көкүрөк-көөдөнү менен туйбай, даанышман акылы менен аңдабай койбогон. Көчмөндөр цивилизациясында кишинин эстутуму анын адам жана атуул экендигинин критерийи катары каралган. Кишинин жети атасын билгендиги анын жамааттын мүчөсү болууга татыктуулугунун көрсөткүчү болгон. Ал эми жети атасын билбеген пенде кыргызда "Түбүн таанбаган түпсүз кул" аталып, башы кара, буту айры макулук катары саналган, шылдыңдоонун жана келекелөөнүн объектисине айланган.

"Манас" дастанында бала Манастын социалдашуу процессинде тарыхты таанытуу усулунун биринчилерден

manas-discovery.kg
болуп кызматка чегилишин мыйзамченемдүү нерсе катары кабылдайбыз.

## 1

Бай Жакып зарлап жүрүп тапкан чүрпөсү Манасты маңдайына отургузуп алып, мемиштип саймедиреп турат: **"Чоң атаң аты Ногой деп, каратып турду Кашкарды, Кара-Шаарга жеткенче, хан атаң Ногой башкарды, балам, бабаң Ногой тушунда, согушкандар сойлогон, лоп жакасын жердеген, ойротко намыс бербеген"...** Андан ары карай **"түпкү атабыз Каракан, Каракандан Огузкан"...** деп узун сабак сөзгөтүшөт. Жакып баланын адам болушу түбүн таанууда баштлат деген терең ишенимде. Ошондуктан Жакыптын бул сөзү чүрпөсүн алаксытуу үчүн айтылган жөн гана жайынча кооз кеп эмес, Манастын кишилик келечегин түптөө үчүн чын дилден күйүп-бышып сүйлөгөн атанын тарбия камкордугу. Азыркы тил менен айтканда, тарыхый эстутумду каймактатуу Жакып ата үчүн бала тарбиясынын биринчи алиппеси. Бала Манас ушинтип адегенде Жакып атасынын "оозеки мектебинен" окуп, анын жети ата жонүндөгү "алиппеси" менен таанышат.

Баатыр ата-бабаларынын таржымалынын мисалында тарыхый эстутумга тарбияланган Манас: **"Биздин элди сурасаң, баатырлар менен жүрөктөш, балбандар менен билектеш, эрендер менен маңдайлаш, чечендер менен таңдайлаш, бөрү жалдуу кабылан, бөтөнчө эл-журт олуя, беттеп адам барбаган"**, - деп бекеринен сыймыктанып айтып турган жок.

## 2

Байыркы Орхон-Энесай таш эстеликтериндеги Күл-Тегинге арналган чоң жазууда мындай бир окуя сүрөттөлгөн. Бир кезде түрктөрдүн мамлекети кыйрап, эли-журту, кытайлардын зөлүгүнө өтүп, кыздары күң, уулдары кул болуп, түрктүн мыйзамдары унутулуп, балдарынын аты кытайлашып, "иниси агасын билбес, баласы атасын билбес" ахыбалга жеткен экен. Мына ушул маңкурттук абалды түрктүн мыктылары учурунда

manas-discovery.kg


түрк улутунун өлүмү катары баалаптыр. "Түрк эли өзүбүздү өзүбүз мындан көрө өлтүрөлү, уруксуз бололу" (Гүл-Тегин эстелиги: Чоң жазуу). Ушундан улам муну айтабыз. Демек, муундардын, тукум-туяктардын жети атасын билбеген, тарыхын тааныбаган макулук катары өсүп, өмүр улашы - бул улуттун тамырынын соолушунун, анын тирүү туруп жок болушунун башталышы.

Маңкуртчулук илдетине "Манас" эпопеясы да өзүнүн бүткүл турушу, духу менен каршы. "Манаста" каардуу жана амалкөй Алооке хан тоолуктарды таруудай чачып, бирин эреңге, бирин тереңге, бирин Алтайга, бирин Каңгайга тентиткенде ак калпак кыргыздын ар кайсы чоочун калайык-журттарга жана кыжылдаган калмак-кытайга сиңип, эл катары жок болушун көздөгөн. Кыйла жылдар өткөндө кай бир аймактарда өйдөкү Гүл-Тегиндин эстелигинде маалымдалгандай, түрктөрдүн башына түшкөн маңкурттук тагдыр, алатоолуктардын да башына келип, кээ бир кыргыз топтору калмакташып, кытайлашып Алоокенин мүдөөсү ишке аша баштаган. Бул көрүнүш "Манаста" Акбалтанын жаш Манаска айткан төмөнкү сөздөрү менен баян этилет: **"Бай Жакып менен ага-ини, балдары Үсөн бар эле, айдап кетип Үсөндү, кара калмак алды эле, Үсөн атын жойду дейт, Көзкаман атка конду дейт, калмакча атын койду дейт, кыргыздын атын жойду дейт, тууганды туура унутуп, баарысы калмак болду дейт".**

Мына ушинтип, Үсөн баштаган кыргыздар калмак-манжуу массасына ассимиляцияланып, психологиясы такыр өзгөрүп, бала-бакырасынын ысымдары Чаңдаяк, Чагалдай, Дөрбөлдөй делип калмакча коюлуп, дини будда болуп, ырым-жырымы калмакча жасалып, "Какандап" ураан чакырып калышат. "Манаста" кыргыз элине карата чыккынчылык ушул "туугандардын" ичинен чыгат. Кытайдын императору Эсенкан амалданып барып, Манасты уу берип өлтүрүп, Бээжинге башын кесип алып келе турган адамды дал ушул Каңгайда кыргыз атын өчүргөн, жети атасын унуткан пенделердин ичинен

manas-discovery.kg
тандайт. "Журтуна бузук беш айбанды" баштаган Көзкаман кулчулуктан жаңы эле кутулган бүткүл кыргыз эли медер тутуп турган Манаска кол салат. Манаска уу берет. Демек, бул анын өз бир тууган элинин өлгөндө-талганда жетип турган эң ыйыгы-эркиндигине кол салганы, өз элине уу бергени эле.

Көз каман - бул "тамырсыз" адамдын символу. Башына "социалдык шири" кийген кулдун символу. Маңкурт— душмандын колундагы куурчак жана өзүнүн "учкан уясына" каршы пайдаланыла турган курал. Көзкаман бизге көрсөтүп турган "Манастын" ачуу сабагы жана кара түстөгү белгиси. Көзкаман—"тамырсыз" адамдын жамаат үчүн, улут үчүн социалдык жактан өтө коркунучтуулугу жөнүндөгү "Манастын" эскертүүсү. Дастанда Көзкамандын жана анын куралчан табунун кырк чоро тарабынан талкаланып жок кылынышы— бул Манас рухунун маңкуртчулукту жамандык катары таангандыгынын жана кабыл албагандыгынын символу. "Улуу "Манас" ыйык китебибиз бүгүнкү тукумдарды маңкуртчулуктан сак болууга астыртан үндөп, балага кенедейинен мекенчилдиктин рухун сиңирүүнүн зарылдыгын каңкуулап турат.

Өсүмдүктү карасак, ал тамырсыз болбойт. Тамыры болгон үчүн ал гүлдөп өсөт. Тамырынан ажыраса өсүмдүк купкуу сөңгөккө айланат, бир заматта соолуп, куурап жок болот. Адамдын да тамыры болот. Анын тамыры - "жети ата". Бала ошол жети ата тамырды таануу аркылуу адам болот. "Жети ата" деген бул жалпыланган кеңири мааниге ээ. "Жети ата"- бул ата-бабалардын, калайык-калктын тарыхы, тили, салты, дили, дини, маданияты.

Баскынчы жоолор, ар кандай үстөмчүл империялар кыргын салбай туруп эле, кандайдыр бир калктын өз алдынчалыгын жоюп, улут катары жок кылууну, ассимиляциялап өзүнө сиңирип, алууна максат кылса, анда алар биринчи иретте, ошол элдин муундарынын, жарандарынын "жети ата" тамырын кыркууну, "иниси агасын билбес, баласы атасын билбес" кылып, тарыхый эстутумун талкалоону көздөп, тымызын

manas-discovery.kg


иш жүргүзүшкөн. Кээде биздин чыгышта адамды тарыхый эстутумдан ажыратуу төбө чачты тик тургузган мыкаачы жолдор менен ишке ашырылган. "Манаста" калмак-кытай өкүлүнүн "Башына шири кийгизип, Эсенканга баралы" деген сөзү бар. **Шири**-бул кишини эстутумдан ажыратуучу ыкма-курал. Илгери айдар көкүл Жуңжандардын согушта туткунга түшкөн жаш жигиттерди ширинин жардамы менен кандайча "Тамырынан" ажыраткандыгы жөнүндө Чыңгыз Айтматовдун жазганын эскс түшүрөлү:

Адамды физикалык-биологиялык жактан кыйноо аркылуу гана эмес, ал таянып турган тарыхый-этникалык фундаментти, улуттук кыртышты жок кылуу, талкалоо аркылуу да маңкуртка айландырышкан. Байыркы бир заманда кара калмак деген жоо кыргызды чаап, эмгектеп жүргөн, жаңы баскан эркек балдарды олжолоп туткунга алат да, өз жерине алып барып, жүз бөбөктү социалдык мамилелерден жана байланыштардан оолактатып, эч кимге көрсөтпөй, обочодо көмүскө багып, жалаң согуштук өнөргө таптап машыктырат. Кыргыздын жүз кулунчагы өздөрүнүн кыргыз экенин билбей, ата-тегинен эл-жеринен, эне тилинен, таптакыр кабарсыз, согушкандан башканы билбеген жоокер-башкесерлер болуп тарбияланышат. Калмактын төрөсү маңкуртка айландырылган, уруш өнөрүнө үйрөтүлгөн ошол жүз кыргыз жигитти бир жылы кыргыз элине каршы согушка салып, ак калпак калкты өз тукумдарынын колдору менен кыргынга учуратат. Бул шумдуктуу окуя Үмөт молдонун "Жүз жигит" аттуу комуз-күүсүндө кайгылуу баян болуп чертилип калган.

## 3

Кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир көрсөтүүдө 5-6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө "эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең?" деген суроо берилгендиги, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири **француз болгум келет, орус болууну каалайм, немис болгум келет, англичан болгум келет**деп жооп беришкендиги коомчулуктун

manas-discovery.kg

көз алдында турат. Бул балдар бир гана кыргыз болууну каалабайт. Мынакей, эгемендүүлүктүн шартындагы “жүз жигиттин” башталышы көз көрүнөө. Бир сөз менен айтканда, ушул кыргыз болууну каалабаган кичинекей “жүз жигит” ушул бойдон чоноюп, миң жигитке, он миңге, жүз миңге, миллионго өсүп чыкса (өсүп чыгышына бизди тегеректеп турган геосаясий күчтөр, массалык маданият, ар кандай диний миссионерлер, глобалдаштыруу саясаты катуу кызыктар экендигин эске алалы), анда бул кыргыз улутунун өз эрки менен, өз колу менен өзүн өзү жок кылуусу (самоубийство) болмок.

Т.Сыдыкбековдун “ Көк асаба” тарыхый романында эзелки кыргыздардын салтында жаш баланы туулган жердин топурагы менен таткантуу, жалатуу, ал топурактан тумар жасап, мойнуна тагуу ырасмысы болгондугу жазылат.

Кыргыздар мына ушинтип, адам баласынын башаты, башталышы туулган жерде экендигин балага туйгузууну, билгизүүнү анын кенедей кезинен баштаган. Дагы бир жолу айталы, кичинекей кулунчакка, “туякка”, тукумга биринчи иретте, башатты, тамырды таанытуу, эстутумду түптөө кыргыздардын таалим-тарбия системасында өзүнчө бир айныгыс мыйзам катары жашаган. Бекеринен “Манаста” **“айтып берчи кулунум, ата-бабаң айлыңды, ары түбү дайыңды”** деп айтылбайт. Кыргыздардын педагогикалык философиясында бала өз бир боор эл-жеринин кыртышынан тамырлап, чынар дарак сыяктуу бүчүрлөп өсүп чыгууга тийиш, башкача айтканда, өз улутунун топурагынан “программаланып” чыгышы керек. Ошондо гана ал өз элинин адамы, азаматы боло алат.

Жогорудагы кыргыз болгум келбейт, англичанин, немис, орус болгум келет деген бүгүнкү кыргыз жеткинчектеринин сөзүн эстейли. Бул балдар кыргыз элинин эркиндиги, бактысы үчүн кылымдар бою күрөшүп келген Манас баштаган баатыр ата-бабаларынын, маселен, Бакайдын, Кошойдун, Чубактын, Сыргактын, Барсбектин, Жаңыл Мырзанын, Кубат бийдин, Жайыл баатырдын, Тайлак баатырдын, Курманжан

manas-discovery.kg


датканын, Алымбек датканын, Абдыкерим Сыдыковдун, Жусуп Абдрахмановдун, көкүрөгүн дзотко тоскон Чолпонбай баатырдын, Исхак Раззаковдун жана башка Ата журтубуздун сандаган чыгаан уул-кыздарынын атуулдук-патриоттук каармандыгын билбесе, өз калкынын тарыхына чоочун болсо, ага кан-жаны, жан дүйнөсү жуурулушпаса, албетте, чет элдик модалардын кулу болот. Мындай маңкурт жаштарда өз эл-журтунун тарыхы менен сыймыктануу сезими болбойт. Алар ойдөтөгү Көзкаман сыяктуу чоочун өрнөктөргө сыйынган, камгак сыяктуу тоголонгон макулуктардын кейпин кийет.

"Манастын" педагогикасы – бул балада тарыхый эстутумду тарбиялоо аркылуу улутту сактоонун педагогикасы. Саны аз калктарды ассимиляциялап жутуп коюуга жөндөмдүү бүгүнкү глобалдашуунун агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында "Манастын" бул улуу педагогикалык сабагын, же башкача айтканда, бабалардын бала тарбиялоо даанышмандыгын эске бекем түйүү жана пайдалануу жаш муундарыбызда улуттук иденттүүлүктү, этномаданий аң сезимди калыптандыруу үчүн аба менен суудай зарыл нерсе.

manasdiscovery.kg


# XV. АР-НАМЫСТУУЛУК– "МАНАСТЫН" ЭТИКАСЫНЫН ТҮПТҮҮ КЕНЧИ

"Манастагы" ак калпакчан кыргыз баласынын социалдык мүнөзүнүн дагы бир айырмалуу белгиси – бул ар-намыстуулук, намыскойлук.

## 1

Кыргыз баласынын кыртышы сүйбогөн, кабыл албаган, жек көргөн нерсеси – күнкорлук, көз карандылык, бирөөлөргө багынычтуу болуп күн көрүү, кулчулук. Кыргыз баласы жеке өзүнүн да, элинин да, мекенинин да кандайдыр бир күчтүн үстөмдүгүнүн алдында жапашын эч көтөрө албайт. Мындай абалды ал намысынын тебеленишии, кордолушу катары туюнат. Ушундай туюмунан, ушундай ойлонуу ыгынан улам улуу "Манас" эпосундагы айтылуу Кошой баатыр **"Жан деп кудай жаратсаң, калмак, кытай, манжуунун, дегеле көзүн каратпа"** деп теңирден тиленип турат. Ошол эле "Манаста" каардуу Алооке хан кара таандай жайнаган калмак-кытай аскери менен Ала-Тоону басып алып, "Талдын баарын сулатып, тамдын баарын кулатып, кереге-уукту кыйратып, келин-кызды ыйлатып", калктын башына кыяматты салып турганда, кыргыздын Текечи, Акбалта сыяктуу уулдары баскынчылардын зордугуна көнбөй, чыдабай: **"Калкы тыргоот, манжууга, кантип сурак беребиз, кол куушуруп баш ийбей, койгулашып өлөбүз"** дешип, козголоң, бунт чыгарышып, кырылгандан калган бир ууч журтту кытайдын сансыз аскерине каршы көтөрүлүшкө көтөрүп жатат. Мынакей, көз каранды тагдырды көтөрө албаган, көргүсү келбеген, койкашка ар намыстын күчү. Ата бабаларыбыз чоочун күчтөргө сурак берип жашаган кулчулуктан керек болсо, өлүмдү артык көрүшкөн. Мына ошондуктан элибиздин ичинде "Көөнду

manas-discovery.kg


камыш, өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт", "Эр - намыстын кулу", "Колдон намысты кетиргенче, канжыгадан баш бериш керек", "Мал сактаба – ар сакта", "Баатырдын баш ийгени – өлгөнү", "Баатыр намыс үчүн төрөлүп, намыс үчүн өлөт" деген макалдар жашап калган.

## 2

Ушул патриоттук ар-намыстын духуна сугарылган макалдардын нугунда дагы ойлонсок, анда сөзсүз улуу Манас атабыздын өзүнө келип такалабыз. Азыркы эле "Баатырдын баш ийгени – өлгөнү" деген макалга карасак, Манас атабыз ушундай нуктагы ишеними жана жүрүм-туруму жагынан бала кезинен эле айырмаланган. Бир эпизодду эске түшүрөлү.

Бала баатыр Манастын кабары Бээжиндеги император Эсенканга жетет. Калмактын Тагылык дегени: «баатырдын баарын сомдоду, балбандарың сойлоду, Манас бирин да тирүү койбоду», деп жамандап жеткирип барат. Ачуусу келип, жини кайнаган Эсенкан «айласын тапсаң жайлап кел, айлалуу болсоң Манасты, акыры тирүү байлап кел», деп Дөөдүр алпты, Кайчы кулак каман алпты, Жолой дөөнү баш кылып, Алтайга аскер жөнөтөт. Жолой, дөө-шаалары менен Алтайдагы азганактай кыргызга заматтын ортосунда каптаган селдей кирип келет. Ошондо коркконунан сакал, чачы бириндеп, тула-бою дирилдеп, Жакып чал Манаска: «айтканына көнөлү, Алтайдан күткөн сан кара, баарын тартуу кылып берели» – дейт. Ошондо Манас Жакыпка мындай дейт: "**Кокуй, ата, не дейсиң, жоого, намыс бергенче, ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды, олжого кантип берейин! Өлбөй тирүү жүргөндө, не мураска жетейин, калкым кыргыз, сен үчүн, курман болуп кетейин, найзалашып топ бузам, тагдыр жетсе окко учам!**"Мына ошентип, жаш Манас жоо-жарагын шайланып, кырк жолдошу менен кытай, калмакка кыргыйдай тийип, өзү келип катылган жоонун таш талканын чыгарат.

manas-discovery.kg


Жаш Манас баатырдын мүнөзүнүн эң башкы, өзөктүү белгиси – ар-намыстуулук. Анын рухунда жеке адамдык ар-намыс менен Ата журттун, элдин ар-намысы жуурулушуп кеткен. Карап турсаң, Манас менен кыргыз эли бир эле дене сыяктуу.

## 3

Маселен, "Көкөтөйдүн ашында" Нескара, Жолой, Коңурбай баш болгон калмак-кытайдын калдайлары Мааникер күлүгүңөрдү бергиле, болбосо чаап кетебиз деп кыргыздарды жөөлөп, коркутуп турганда, капыстан Таластан кырк чоросу менен күркүрөп ашка кирип келген шер Манас, эзелки жоонун эсирген үлкөндөрүнүн маңдайына ат ойнотуп тура калып, "оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап", минтип турат:

Ордошко жатар чагым жок,
Өлүмдөн аяр жаным жок,
Кайран жаным барында,
Кытайга тартар малым жок,
Мааникер берер чагым жок.
Ардактап ашка чакырдым,
Абийириң менен этиң же.
Алуучу калмак, сен эмес,
Алдырчу кыргыз, мен эмес,
Чабуучу кытай, сен эмес,
Чаптырчу кыргыз, мен эмес!

Манастын элинин, жеринин аброю, ар намысы үчүн баардыгына даяр экендигин, өлүмдөн кайра тартпай турган түрүн көргөндөн кийин калмак-кытайдын Нескарасы:

"Тоо жердеген бурутка
Тоодою Манас чеп экен,
Келберсиген эр экен,
Уишу турган бурутка

manas-discovery.kg


Бир жаралган шер экен".- деп ичинен күбүрөнүп ,кыргыз ажосунун артыкчылыгын моюнга алып, артка кетенчиктөөгө аргасыз болот.

## 4

Ошол эле "Көкөтөйдүн ашында" эр сайышка калмак-кытай тараптан Алгара тулпарын булкунтуп, Коңурбай чыкканда, ага каршы сайышка мен чыгайын деп, Алманбет Манастан суранат. Бала күндөн басташып жүргөн жоом эле, кезекти мага бер деп өтүнөт. Ошондо Манас Алмамбетке мындай дейт:

"Ай, Алаке, көкжалым,
Кара кытай, манжуу журт
Ушак кылып жебейби,
Соорондуктун жалгызын,
Качып барса бурутка,
Аябастан өлүмгө
Кармап берди дебейби?
Калмак шылдың кылбайбы?
Кыргызды кудай урбайбы.
Бул Алмамбет көкжалдын
Бактысы мындан сынбайбы!
Өсөк кылып жебейби,
Кантип жүргөн калмакты
Өлүмгө берди дебейби!
Колундагы сыр найза
Таяп калды дебейби,
Коңурбайдан Манасты
Жалпы журту чогулуп,
Аяп калды дебейби!

Бул жерде да, Манастын биринчи иретте, кыргыз журтунун, мамлекетинин ар намысын ойлогон чоң саясатчы экени ачыкка чыгып турат. Чынында эле,Кытайдан келген Алмамбетти кайра кытайлыктын өзүнө каршы сайышка чыгарса, аштагы бөтөн эл-журт эмне дейт эле? Кыргыздын өзүнүн найзакери жокпу деген сөздүн чыгаары анык.

manas-discovery.kg


Күңкордуктан кутулуп, өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгон кыргыз мамлекетинин күч-кубатын, Каркырага жыйылган алыскы-жакынкы калктардын алдында даңаза кылуу, ак калпак журттун ар намысын сактоо мүдөөсүнөн чыгып, Манас Алмамбеттин өтүнүчүнө терс жооп берип, Коңурбайга каршы сайышка өзү чыгат.

Кыскасы, Манас баатырды улуттун ар намысынын символу десек эч жаңылбас элек. Бүгүнкү эгемендүү Кыргызстанда жетекчилеринен тартып, катардагы жарандарына чейин дал ушул Манас аталай калк камын ойлогон ар намысчыл дух менен жашоосу керек.

## 5

Манас баатырдын жары, - "калк энеси" Каныкейдин өрнөгүнө назар салып өтөлү. Кыргызга ата болгон Ажо Манастын көзү өткөндөн кийин Көбөш баштаган «алты арам» Каныкейдин да, калктын да чекесине чыккан чыйкан болот. «Чырпык өзүн тал ойлойт, чымчык өзүн куш ойлойт» делет элде. Бул жерде Каныкейдин жанын күйгүзгөн нерсе, агасы Манастын аркасы менен киши катарына кошулуп келген, арымы кыска, абийири пас Көбөштүн, өзүн Манаска тең келген баатыр катары сезип, эл эгеси менмин деп эсептегенинде (**«Манастай өзүм турганда, өлгөндү кантип ойлоймун»**). Манастын көзү өткөн соң, бул жамандын ашынып чыгаарын, өзүнө кылгылыкты кыларын Каныкей билген, бирок Манастан айрылып, кара кийип кан жутуп отурганда өзүн катын кылып алам деп эсирери канышанын үч уктаса түшүнө кирген эмес. «Агасынын катынын, иниси жерге таштайбы, жесири калса агадан, жеңесин кайни алуучу» деп, Көбөш салтты бетке кармамыш болуп, өзүнө жуучу жибергенде, Каныкейдин күйбөгөн жери күл болот. Манастын арбагын жана өзүнүн аялдык ар намысын бийик койгон Каныкей Абыке - Көбөштүн мындай ниет-мүдөөлөрүн чечкиндүү түрдө четке кагат. Жуучу болуп келген Баймат менен Кыргыл чалдын «айткан сөзгө көнөсүң, айткан сөзгө көнбөсөң, чынын

manas-discovery.kg


айтып коөюн, кан Көбөштөн өлөсүң» деген сөзүнө Каныкей: **«уурдап алчу катын жок, урушпай чапчуу баатыр жок, баркыма жетпейт,тийбеймин, баатыр да болсо сүйбөймүн, чамам келсе, тийбеймин, чаркым келсе сүйбөймүн! Уялсаңчы эки акмак, арачыга келгенден»** депжуучуларды канжар менен кууп чыгат. Манастын жарынын көөдөнүн намыс тепкен жалтанбастыгына жана «хандын» эркине баш ийбеген багынбас нравасына кылыч менен найзаны каршы коюудан башка Көбөштүн айласы калбайт. Экөөнүн ортосунда кандуу кагылыш болуп өтөт.

«Качырлардын арасында тулпар карып, каргалардын арасында шумкар карып» дегендей, ой жүгүртүү образы, жан дүйнө түзүлүшү бөлөк, руху бийик намыскөй Каныкейдин «бытовизмдин» сазына тыгылган Көбөш көрпенденин чөйрөсүндө жашашы мындан ары карай мүмкүн эмес эле. Каныкей өлкөсүн таштап, бешиктеги Семетейин бооруна көтөрүп, эмиграцияга кетүүнү артык көрөт.

Өзүнө ыңгайлуулук, комфорт издебей, көшөкөрлөнбөй, жанына тынч жайлуу жерди көздөбөй, кандай гана шарт, кыйынчылык, коркунуч болбосун аброюн, абийирин бирөөлөргө тепсетпей, инсандык ар-намыстын байрагын жогору кармаган Каныкейдей асылдар сыймыктануунун предмети болуп келет.

## 6

Каркырадагы "Көкөтөйдүн ашында" Азия аймагынын кожоюнумун деп сезген калмак-кытайлар империялык кекирейүүчүлүк менен кыргыз калкынын көз карандысыздыкка жетишип, эгемендүү журт болгонун моюнга албай турат.

Сыртынан караганда, аштын шаңдуу, салтанаттуу атмосферасында жайынча спорт оюндары ("Жамбы аташ, ат чабыш" балбан күрөш, найза сайыш ж.б.) өтүп жаткансыйт. Бирок ич жагын үңүлүп карасаң, ошол спорт мелдештери кадимки «согушту» элестетет. Бул негизинен эпикалык кытай калмак менен кыргыздын көмүскө «согушу». Ар бир

manas-discovery.kg

мелдеште кандайлыктар менен ала-тоолуктардын ортосунда астыртан атаандашуу, эрегишүү, жыйрылган пружинадай чыңалган психологиялык кырдаал, конфронтация окүм сүрүп турат. Тирешүүнүн градусу ушунчалык жогору деңиз, аштагы кандайдыр бир эки баатырдын, эки балбандын эрөөлү бул экөөнүн гана кармашы эмес, кыргыз менен кытайдын беттешүүсү катары, ал эми жеңилип калуу бир инсандын гана кайгысы эмес, бүтүндөй элдин, мамлекеттин намысын алдыруу, кыргызды же кытайды уятка калтыруу катары кабыл алынып жатат. Коңурбай момунтип «кырдагы кыргыз өтүп баратыр, кытайдын оту өчүп баратыр» десе, кырк чоронун башчысы Кыргылчал, калмактын түктүү таман Түкүбай балбанына каршы бара жаткан чыканактай эр Агышка: «намыс кетип калганча, тирүү жүрбөй өлүп бер, имерип ичтен чалып бер, кыргызга намыс алып бер»-деп чебеленет. Бир сөз менен айтканда, мелдеште жеңиш, мөөрөй утуу эки тарап үчүн тең стратегиялык мааниге ээ болуп отурат.

Ушундай чыңалган кыйын кырдаалда "Алты батман буудай жеп, дан жыттанган, алтымыш алпты бир сойуп, кан жыттанган" калмактын алп Жолоюу күрөшкө чыгат. Кыргыз – казак, түрк – мусулман калктарынын ичинен бир дагы балбан Жолойго даап бара албайт. Дал ушундай шартта атактуу Кошой баатыр өзүнүн сексен жашта экенине карабай, кыргыз элинин ар – намысы үчүн Жолой менен күрөшкө чыгууну чечет. Мурдагы жылдардын биринде Кошой жаш Манас баатырга: **«мейли, кызыл – бороон жоо келсин, кулунум, кыйкырып чыгып турармын, токсонго жашым барса да, түз кирип найза сунармын, түгөнүшөр жоо чыкса, туу түбүндө былк этпей, о, балам, туунду кармап турармын»**, - деп убада кылган эле. Жолой менен болгон күрөшү аркылуу Кошой баатыр өзүнүн сөзгө турган адам экендигин, сөзү менен ишинин биримдиги ажырагыс делген адамдык аруу сапаттын жана ар - намыстын ээси экендигин далилдеп койду. Чындыгында эле, кыйын кырдаалда Кошой жашы эңкейгенине карабай, Манастын

manas-discovery.kg


туусун, кыргыздын туусун жерге түшүрбөй желбиретип, көкөлөтүп кармап берди. Кошой илгертен кыргыздардын канын төгүп, баскынчылык кылып келген Азиядагы эпикалык каңгай-бээжиндик империянын агрессивдүү өкүлдөрүнүн алдында драмалуу, кандуу күрөштө тоодой болгон Жолойду жыгып, кыргыздын эгемендүү жаңы мамлекетинин ар намысын коргоп калды.

Бүгүн экономика тармагында болобу, маданият же спорт тармагы жагындабы, аскердик кызмат жаатындабы, кыскасы кайсы тармакта болбосун, ата мекенибиздин, эли-журтубуздун ар намысын, аброюн Кошойчо коргогонго, Кошойчо талашканга, күрөшкөнгө ар кимибиз даяр турушубуз керек. Мындай сапат – өлкөбүздүн өйдөлөп, өркүндөп – өсүшүнүн шарты. Спортчуларыбыз жеке атак – даңк үчүн гана эмес, кандайдыр бир коммерциялык сумма үчүн эмес, баарыдан мурда өлкөнүн ичинде да, эл аралык ареналарда да, эгемендүү кыргыз республикасынын аброю, ар намысы үчүн ат салышуулары зарыл.

Ар нерсенин таянычы, тиреги болот; кереге таянычы – жер; уук таянычы – кереге; түндүк таянычы – уук; адамдын таянычы – ар намыс, делет кыргызда. Ар намысты тирек кылган жогорудагыдай рух улуулугу – улут уңгусун сактаган кенч.

Касиеттүү Ала-Тоодо улуу Манастын, Каныкей эненин, Кошой атанын, намыскөй руху жашап турганда, кыргыз журтунун келечеги кең.

manas-discovery.kg

# XVI. МАНАСТЫН РУХАНИЙ ЖООМАРТТЫГЫ, АЙКӨЛДҮГҮ, АДАМКЕРЧИЛИГИ

## 1

Айдоого тукум сээп жатканда кыргыздын Баба дыйкан карыясы мындай деп тилек кылып үрөн чачат: **«Жылуу жерден конуш тап. Мунусу - жетим-жесирге, мунусу - алсыз карыпка, мунусу – курт-кумурскага, мунусу – сурамчы-тилемчиге, саламчыга, сизге, бизге, мага».** Бул гумандуу ажайып сөздөр жана адамдык жүрүм-турум кыргыздын адеп-ахлагы үчүн кандайдыр бир символикалуу дегибиз келет. Мына, жалпынын мүдөөсүн, бакыбатын, а түгүл курт-кумурсканын кызыкчылыгын көздөгөн элдин улуу гуманисттик, адамгерчиликтүү, боорукер,жамаатчыл, күйүмдүү этикасы. "Манастагы" айтылуу Бос талаада аксакал дыйкан адам менен онокточун, дыйканчылык кылып, кырманга кызылды үйгөн баатыр Манас да, мындай деп ичинен сүйлөп турат: "**Ушул тоодой буудайды, бакырменен мискинге, баарын төгүп беремин!**" Баба дыйкандай башкаларга жарыгын чачып, жакшылык кылуу адеп-ахлагы Манас атанын да рух сапаты. Дал ушундай айкөл гуманисттик моралдык маданият тээ илгертен бери карай келе жаткан кыргыздын жан дүйнө касиети. Будда, ислам, христиан диндери чыга элек эзелки замандардан бери карай жашап келе жаткан кыргыздын мындай адептик-ыймандык нарк-насили керек болсо, Куран менен Библиянын негизинде жата турган улуу доолөт десек жаңылышпайбыз.

Мына ошентип, башкаларга агынан жарылып ачылып, жакшылык кылуу айкөлдүгү, жоомарттык, берешендик кыргыздын рух маданиятында эң жогорку асыл нарк катары санала келген жана андай моралдык касиетке эгедер адам эл ичинде

manas-discovery.kg
жана ыр-дастандарда аңыз болуп айтылып, даңазаланган. Ошол элс "Манас" эпосунда Манас баатыр менен Кошой дөөнүн эр сайыштарда жана балбан күрөштөрдө алган байгелерин өздөрү албай, айланадагы жарды-жалчыларга, жетим-жесирлерге, кардар кишилерге таратып берген жоомарттыктары дастанда манасчылар тарабынан бийик добуш менен ырга салынган.

Эпосто атактуу бай Көкөтөй о дүйнөгө көчөөр алдында Байдын уулу Баймырзага:

- «Менин көзүм өткөн соң, баатыр
Жөө бир жүргөн жакырга-ай
Чобур бир кармап бере көр, баатыр
Жыланач жүргөн жакырга-ай
Чапан бир чечип бере көр, баатыр
Тел козудай жагызып
Айраның суудай агызып
Мына тентигендин баарысын,
Жакшы күтүп ала көр, баатыр»,

- деп керээзин айтып суранат (Ч. Валиханов жазып алган вариант). Бул керээз сөз Көкөтөй байдын боорукер, жоомарт жан дүйнөсүн айгинилөө менен дегеле, Кыргыздын руханиятынын гуманизмине дагы да күбө өтүп турат. Кыргыз ичинде Манас бабабыздын руханий марттык касиети уланып турган. Белгилүү окумуштуу, кытайлык боорлошубуз Макелик Өмүрбай кыргыз социумунун өзгөчөлүгү эмнеде деген собол коюп, ага мындайча жооп берет: **"Кыргыздын түсү эмнеде? Кыргыздын түсү, кыргыздын өңү – адамгерчилик. Кыргыз адамгерчилигинин ыңгайлары: өз ара көмөктөшүү, өз ара кайрылышуу, боорукерлик, сыйлашуу, меймандостук болгон. Кыргыз бирөө келип калса уят деп, ала каптын ичиндеги унга бир жилик этин салып, сактап койгон"** ("Алиби" газетасы 29.05.2013).Ушундай сапат – касиет жагынан кэчөөкү өткөн заманда айтылуу Жантай хандын уулу атактуу Шабдандын бөтөнчө айырмалангандыгы калк арасында аңгеме-жомок болуп айтылып келе жаткандыгы маалым. Кеминдик белгилүү

manas-discovery.kg


инсан Абдрасул Осмонов: «Шабдан баатырдын берешендиги, мээримдүүлүгү бүтүндөй түрк элине, ал түгүл орус калкына жаккан», - деп жазса, Шабданды көрүп, ага замандаш болгон алгачкы абройлуу тарыхчыбыз Осмонаалы Сыдык уулунун мындай деп эскергени бар: «Баатыр болжолсуз жоомарт болгон. Дүнүйөнү күнүгө канча бир адамга төгүп-чачып турган. Күнүнө нече миң сом колуна келсе, он тыйынды калбастан, ошол замат калкка таратып берип турар эле жана ошончолук көп мал күнүгө күтүрөп ордуна толуп да турар эле, кетип да турар эле. Жол жүрүп келе жатканда алдынан бир муктаж адам же дубана чыкса, минген аты аргымак болсун, карабастан түшүп берер эле» (китепте: Шабдан баатыр, - Бишкек, 1992, 75-бет).

## 2

Манастын кырк чорого кандайча аталык камкордук көргөндүгүн, кандайча жакшылык жасагандыгын кырктын башы Кыргыл чал мындайча моюнга алат:

- Атсыз келдик бир чоро;
Атсыз келген чорого
Аркар аяк, жез билек
Атты Манас мингизди.
Тонсуз келген чорого
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого
Оймок ооз, бото көз,
Кылактаган сулууну
Алып берди зор Манас.
Үйсүз келдик бир чоро;
Үйсүз келген чорого
Керегенин канаты
Темир менен тээктүү,
Жабык башы саймалуу,
Алты эли кундуз жээктүү,
Боо-чуусунун баарысын

manas-discovery.kg


Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган
Ордо берди шер Манас.
Малсыз келдик бир чоро;
Малсыз келген чорого
Адырда жылкы ала баш,
Аргымык, буудан аралаш,
Бөлүп берди шер Манас.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады.
Өчкөн отту тамызды,
Өлгөндөрдү тиргизди.
Берен Манас- көкжалдын
Этегин кармап эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук .

Кыргыл чалдын бул чын жүрөктөн чыккан сөздөрүнөн Манастын чынында эле жолдоштору үчүн эч нерсе аябаган, чоролорум дегенде ичкен ашын жерге койгон, камкорчул, күйүмдүү, берешен экендиги айкындалып турат. Эпосто ал бекеринен "Телегейи тең эле, ичин карап отурса, жер жүзүнөн кең эле, сайып буруш эр эле, кендиги чалкар көл эле" деп мүнөздөлгөн эмес.

Биринчи көргөн, өзү таанибаган кытайлык Алмамбетке Манас айланасындагылардын оозун ачырып, өзүнүн Аккуласы менен Аккелтесин, Аккүбө тонун жана Ачалбарс кылычын тартуулап, чеңде жок жоомарттыгын көрсөтөт. "Жоругун адам билбеген, жоомарт эрдин бири ушул" деп Ажыбай чечен бекер айткан эмес экен.

## 3

Манаска толугураак баа бериш үчүн дагы бир нерсеге токтоло өтөлү. Манас атабыздын жан дүйнөсүнүн кенендиги жөнүндө айтылып келди. Бирок шер Манастын өзүнүн элдешкис жоосуна да, душманына да кээде кенендик, айкөлдүк

manas-discovery.kg


кыла билгендигин сүйлөнө элек. Ал эми душманга адилеттик кыла билүү, жоокер инсанда сейрек кездешчү сапат. Маселен, Алтайда жаткан кезде тентиген буруттарды жер менен жексен кылам деп жер жайнаган доо-шаалар менен кытайдын колу каптап келет. Ошондо жекеме-жеке чыкканда, жаш Манас калмагым каалаганыңдай болсун деп, Жолой дөөгө кезекти биринчи берип:

Аябай найза сай Жолой,

Бардык күчүң сал Жолой - деп жоого төш тосуп, былк этпей туруп берет. Жаш Манастын кеңендиги таңгалдырат.

«Кокотойдун ашындагы» чоң сайышта да калмактын каны ал болсо, кыргыздын каны мен элем, өчөгүшкөн жоо болсо да, өз жеримде кезекти биринчи алганым болбос, жол берейин деп Коңурбайга кезекти биринчи берет. Баатырлар алтымыш найза сынганча аябай кармашып, акыры Коңурбай тоо кулаган эмедей, Алгаранын үстүнөн учуп түшөт. Кыргызга түбү акыр заман сала турган Коңурбайды дагы да биротоло талкалай сайып, тындым кылып, Алгараны олжолоп кетиш керек эле. Манастап ураан чакырып, кудайлап турган эл да ушуну тилеп турган. Бирок алдында жүгүнүп турган кан Коңурбайга, буркурап ыйлап турган манжунун калкына Манас кеңендик, акыйкаттык кылып, сайышкан жоосун тирүү калтырат:

"Баатыр эле Коңурбай,

Атын алып кетейин.

Атын тартып алганда,

Не муратка жетейин.

Андан көрө бу жерде,

Өзүнө берип кетейин» -

- деп, Манас баатыр колуна тийген Алгараны кайра жетелеп барып, чылбырын кан Коңурга ыргытып кетет. Арстан алганына эмес, чалганына кубанат деген ушул болсо керек. Арстан Манас элдин да, өзүнүн баатырдык ар намысын да ойлоп, кандык наркын сактап, аштын алкагынан чыгып, алыска көз жиберип, өз конушумда мейман-жоону кыйратып, илгери-кийин сөзгө

manas-discovery.kg


калбайын, аман болсок согуш талаасынан кездешербиз, ошондо тагдырдын салганын көрөрбүз деп, өзүнүн Таластын Кең-Колундай кеңдигин көрсөтүп отурат.

## 4

Манас түрк элдеринин бирдиктүү күчү менен кытайлык баскынчы Алооке ханды жеңип, Орто Азия аймагын бошоткондон кийин жалпы түрк хандыктарынын башчылары Анжияндагы Кум-Арык деген жерге (С.Каралаевдин варианты боюнча) чогулушат: Ошол жерде Манас, Алоокенин түрк элдерине тоноп алган сан жеткис дүнүйө-мүлкүн, алтын-күмүш дилдесин түрк-мусулман хандыктарына бөлүштүрүп берет. Элден тонолуп алынган дүнүйөнү кайра элге кайтарып бериш керек. Ушул жерден Манастын айкөлдүгү, акыйкатчылдыгы, өзүм жулайын, алайын, өзүм туйтунайын деген ач көз дүнүйөкорлуктан алыс турган руханий бийиктигине баа бербей койбойбуз.

Кыскасын айтканда, эпосто сүрөттөлгөндөй, Манас «**көзү тоонун буткулдай, көрүнгөндү жуткудай, ажыдаар болсо туткудай, мурду тоонун сеңирдей, айбаты албарс темирдей"** балбан, баатыр, дөө-шаа гана эмес, ички жан дүйнөсү да аруу, сулуу, сергек, түшүнүк-көз караштары алысты чапчыган, океандай чалкыган ажайып инсан-каарман. Ошон үчүн ал эпосто:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүң,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай-күндүн,

manas-discovery.kg


Жаркынынан бүткөндөй- деп мүнөздөлүп жатат.

Бул керемет классикалык саптарда Манас баатырдын ички руханий сулуулугу каймана түрдө келиштире сыпатталган. Ырасында эле, карацызчы, бул жерде айкөл Манастын рухий сын-сыпаты, мүнөзү, сапат- касиети кандай гана кылдат боёктор, кандай укмуштуу чебер сөз аспаптары жана ой гүлдөрү менен берилген.

## 5

Адамды ар кандай эпитеттер менен тышынан мүнөздөп, узун сөз менен узакка сыпаттап отурганга караганда, кишинин ким экендигин кээде бир эле эпизод, же көркөм деталь ачыктап коеру да чын.

Эпостун «Чоң Казат» бөлүмүнөн төмөнкү саптарды окуйлу:

Буту сынып басалбай,
Оңтогону мыңдан көп.
Колу сынып кокуйлап,
Таңып алган мыңдан көп.
Башы кетип жарылып,
Кадик менен бурган бар.
Бир көзүнөн ажырап,
Сокур болуп калган бар,
Муну көрүп алганда,
Аярлыгын билгизип,
Акылы менен эр Бакай,
Сынган жердин баарысын,
Колуна алып бек кармап,
Арчадан шак-шак койдуруп,
Таңып жүрөт эр Бакай.
Сынган жердин баарына
Шак-шак тагып салды эми.
Буту сынган мунжуйган
Муну колго алды эми.

manas-discovery.kg


Шак-шак чаап бек байлап,
Таяк кылып ошондо,
Эки колтук сүйөнтүп,
«Жалга, кудай,» - деп байлап.
Ошо кезде эр Бакай
Мекеден алган ак дары,
Супкожо берген чоң дары,
Каныкей берген зор дары,
Оозунан берип ичирип,
Ооруларын тындырып,
Мына ошентип алды эми
Атаңдын көрү дүнүйө.

Бул эпизодду «Манастагы» кайталангыс, эстен чыккыс, уникалдуу эпизоддордун бири деп айтаар элек. Бакайдын образын мүнөздөөгө карата алганда, ого бетер баалуу жана табылгыс. Бул сөз менен тартылган картинанын уникалдуулугу «Чоң Казат» согушунун кесепеттүү, жүрөктү түшүрчү натыйжаларынын бир көрүнүшүн көз алдыбызга кашкайта таамай элестетип бергендигинде (жарадарлардын көрүнүшү). Ушул жерден дегеле, «Манас» эпосу өзүнүн эпикалык чыгарма экенине карабастан, согушту сүрөттөө жагынан көп жерлерде өзүнүн реалистик чындыгы менен айырмаланарын белгилеп өткүбүз келет (айрыкча, Сагымбай Орозбаковдун жана Саякбай Каралаевдин варианттарында).

Экинчи жагынан келтирилген эпизоддун кайталангыстыгы Бакайдын сынган сөөктү шак-шактап таңа билген табыпчылыгын, жанында түрдүү дарыларды ала жүрүп, аларды жарадарларга ичирип, ооруларын тындыра билген дарыгерлигин көрсөтүп, баатырды жаңы кырынан таанытып жаткандыгында. «Манас» эпосундагы Бакайдын табыпчылыгын күбөлөп турган бул жападан жалгыз эпизоддун уникалдуулугу ушунда гана эмес. Бул үзүндүнүн, бул сюжеттик фрагменттин биз үчүн эң башкы зор баалуулугу, кайталангыстыгы мына момунда деп ойлойбуз. Бул жерде баса белгилей турган негизги нерсе,

manas-discovery.kg

келтирилген эпизоддон Бакайдын табынчылыгынан да, анын бийик адамгерчилигинин, адамдык асыл касиетинин, ыймандык улуулугунун ачыкка чыгып тургандыгында. Баштарына эң оор кырсык түшүп турганда, Бакай жоокерлерге жардамга келип отурат. Бул не деген ажайып көрүнүш. «Жалга, кудай», деп чын жүрөгүнөн тилеген, элеп-желеп болуп, жарадарларды дарылап жаткан Бакайдын гумандуулугуна, боорукер жапакечтигине, кишичилик карапайымдыгына таңгаласың. Бакай өзү Ажо Манастын кеңешчиси катары, Чоң Казат алдында жалпы эл хан шайлаган башчы катары аскердик жогорку жетекчи элитанын чөйрөсүндө жүргөн адам. Мына ушундай статусун жана даражасын таштап салып, катардагы дарыгерлерге кошулуп, жарадарларга жан далбастап көмөк көрсөтүп жүрүшү Бакайдын руханий айкөлдүгүн жана артыкча жөнөкөйлүгүн, бир сөз менен айтканда, коңумүн чен-өлчөмдөргө сыйбаган инсандык оригиналдуулугун айгинелейт. Жамандык башка түшүп турганда, өз ата-энесиндей болуп, үстүнө үйрүлүп түшкөн Бакайды жарадар жоокерлер өмүр бою унутушпаган чыгаар.

Миң сөздүү узун баяндан бир сөздүү кыска эпизод артык дегенибиз бекер эмес экен. Тамчыдан күн көрүнгөн сыяктуу, жогорудагы поэтикалык бир үзүм эпизоддагы айталы, Бакайдын бүтүндөй жан дүйнө турпатын жарк эткизип айкындап койду.

Буржуазиялык мамилелер жана капиталисттик система илгертен бузуп бүлүндүрбөгөн, байыркы Ала-Тообузда сакталып келген жана бүгүн да көрөңгөсү жоголбогон кыргыздын, Манастын жогорудагыдай жоомарт, кең пейил, коомчул, меймандостук, айкөл, адамгерчиликтүү адеп-ахлагы дүйнөнүн рухий-адептик маданиятындагы кайталангыс уникалдуу кубулуш жана мындай асыл руханиятты коргоо жана сактоо кыргыздын гана эмес, жалпы адамзаттын милдети.

## 6

Айдоого тукум сээп жатканда кыргыздын Баба дыйкан карыясы мындай деп тилек кылып үрөн чачат: **«Жылуу**

manas-discovery.kg


**жерден конуш тап. Мунусу - жетим-жесирге, мунусу - алсыз карыпка, мунусу – курт-кумурскага, мунусу – сурамчы-тилемчиге, саламчыга, сизге, бизге, мага».** Бул гумандуу ажайып сөздөр жана адамдык жүрүм-турум кыргыздын адеп-ахлагы үчүн кандайдыр бир символикалуу дегибиз келет. Мына, жалпынын мүдөөсүн, бакыбатын, а түгүл курт-кумурсканын кызыкчылыгын көздөгөн элдин улуу гуманисттик, адамгерчиликтүү, боорукер,жамаатчыл, күйүмдүү этикасы. "Манастагы" айтылуу Бос талаада аксакал дыйкан адам менен өнөктөшүп, дыйканчылык кылып, кырманга кызылды үйгөн баатыр Манас да, мындай деп ичинен сүйлөп турат: "**Ушул тоодой буудайды, бакыр менен мискинге, баарын төгүп беремин!**" Баба дыйкандай башкаларга жарыгын чачып, жакшылык кылуу адеп-ахлагы Манас атанын да рух сапаты. Манас ата төмөнкүнү насыяттайт:

**Кебиме кулак каккыла,**
**Калкыңы жакшы баккыла.**
**Жесирге саан уй берип,**
**Сагырды издеп тапкыла,**
**Сүйүнтүп чөккөн көңүлүн**
**Минерине тай бергин.**
**Карыган карып кезиксе**
**Каралашып май бергин.**
**Жолоочу, мискин, мусапыр**
**Жолукса кенен жай бергин.**

Дал ушундай айкөл гуманисттик моралдык маданият тээ илгертен бери карай келе жаткан кыргыздын жан дүйнө касиети. Будда, ислам, христиан диндери чыга элек эзелки замандардан бери карай жашап келе жаткан кыргыздын мындай адептик-ыймандык нарк-насили керек болсо, Куран менен Библиянын негизинде жата турган улуу дөөлөт десек жаңылышпайбыз.

Мына ошентип, башкаларга агынан жарылып ачылып, жакшылык кылуу айкөлдүгү, жоомарттык, берешендик кыргыздын рух маданиятында эң жогорку асылнарк катары

manas-discovery.kg
санала келген жана андай моралдык касиетке эгедер адам эл ичинде жана ыр-дастандарда аңыз болуп айтылып, даңазаланган. Ошол эле "Манас" эпосунда Манас баатыр менен Кошой дөөнүн эр сайыштарда жана балбан күрөштөрдө алган байгелерин өздөрү албай, айланадагы жарды-жалчыларга, жетим-жесирлерге, кардар кишилерге таратып берген жоомарттыктары дастанда манасчылар тарабынан бийик добуш менен ырга салынган. Кыргыз ичинде Манас ата менен Кошой бабабыздын ушул руханий марттык касиети уланып турган. Ушундай сапат – касиет жагынан кечээкү өткөн заманда айтылуу Жантай хандын уулу атактуу Шабдандын бөтөнчө айырмалангандыгы калк арасында аңгеме-жомок болуп айтылып келе жаткандыгы маалым. Кеминдик белгилүү инсан Абдрасул Осмонов: «Шабдан баатырдын берешендиги, мээримдүүлүгү бүтүндөй түрк элине, ал түгүл орус калкына жаккан», - деп жазса, Шабданды көрүп, ага замандаш болгон алгачкы абройлуу тарыхчыбыз Осмонаалы Сыдык уулунун мындай деп эскергени бар: «Баатыр болжолсуз жоомарт болгон. Дүнүйөнү күнүгө канча бир адамга төгүп-чачып турган. Күнүнө нече миң сом колуна келсе, он тыйыны калбастан, ошол замат калкка таратып берип турар эле жана ошончолук көп мал күнүгө күтүрөп ордуна толуп да турар эле, кетип да турар эле. Жол жүрүп келе жатканда алдынан бир муктаж адам же дубана чыкса, минген аты аргымак болсун, карабастан түшүп берер эле» (китепте: Шабдан баатыр, - Бишкек, 1992, 75-бет). Шабдандан кийин чыгып, жаңы эле узаган XX-кылымдын 50-60-жылдарында жашап, саяпкер катары даңкы чыккан Ысык-Көлдүк Баячоор уулу Жумадылдын правасы менен да таанышып өтөлү: "Күлүктөрү биринин артынан бири маарага биринчи келип, чоң, чоң байгелерге ээ болуп жатса да, Жумадыл саяпкер ал байгелерге көп маани бербей, аттарынын жарыштан озуп келгендигине, күлүктөрүнүн аяк ташташына кубанып, тебетейин көккө ыргытчу. Байгелерди албастан, элге түгөлү менен таратып берип, өзү куру кол калчу эле. Атүгүл алган байгеси жетпей калганда, элге өзү жанында алып жүргөн

manas-discovery.kg
менчик акчасын да таратып берип койчу. Күлүгү чабылар күнү алган байгем элге жетпей калбасын деп, байбичеси Айымбүбүдөн кошумча акча алып, чөнтөгүнө салып кое турган адаты бар эле. Жумадыл саяпкер ушундай март, айкөл киши болгон". (Кыргыз Туусу 16-18-май, 2000-жыл). Кыскасын айтканда, жогорудагы Баба дыйкандын, Манас атанын жана алардын урпактары Шабдандын, Жумадылдын бөлөктөрдүн камын ойлогон гумандуу адеп-ахлагы, материалдык нерселерден рухий байлыкты ар дайым жогору койгон кыргыз социумунун моралдык менталиттети үчүн илгертен мүнөздү чындык экендигин баса белгилемекчибиз. Айта өтчү нерсе, жоомарттык касиет, жан дүйнөнүн айкөлдүгү жөн гана табият берген касиет эмес, колдун берешендиги ары жактагы акыл кенендигинен, сырткы марттык ички руханий марттыктан туулуп чыгып жаткан көрүнүш экендигин туюнуп коюшубуз абзел.

manas-discovery.kg


# XVII. МАНАСТЫН БООРУКЕРЛИГИ, КЕЧИРИМДҮҮЛҮГҮ ЖАНА ЭЛ МЕНЕН БОЛГОН БИРИМДИГИ

## 1

Эгерде, Манас баатырдын адамдык касиеттери, сапаттары жагдайында кеп кура турган болсок, анда ал, биринчи иретте, боорукер, гуманист. Ал уруш учурунда ар дайым эңкейген карыларга, эмгектеген балдарга, аялдарга, жетим-жесирлерге өзгөчө аяр мамиле жасайт. Урушка кирер алдында жоокерлерге: **"Жамандык кылба, жан кыйба, жесир калган баарысы, жетим уул, тул катынга, айтканым алсаң эсиңе, жетилсин сенин урматың"** - деп айтып, талоончулукка жана зордукчулукка жол бербөөнүн зарылдыгын эскертет. Манастын өз аскерлерине дагы айтып турган сөзү бул:

-Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай,
Алдырып салган ким дейсиң.
Албаңар жырык ийнесин.
Не кыласың калмактын
Эзелден жыйган дүнүйөсүн.
Кош-кошко союш алыңар,
Короондо калды малыңар.
Байынан союш алсаң да
Жардысын коюп салыңар.
Кары, жашын, чалыңар,
Дүнүйөдөн куруп калгандай,
Кантесиңер баарыңар!

Дүнүйө мүлккө азгырылып, өз баркыңарды төмөн түшүрбөгүлө, өз короoңордо аздыр-көптүр малыңар бар, ошого каныммет кылгыла, жеңилген жоонун байынан союш алсаңар

manas-discovery.kg


да, жардысын аягыла деп, Манас жоокерлерине акыл берип, катардагы күнөөсүз бечара пенделерге өзгөчө боор толгоосу бар экендигин туюндуруп отурат.

## 2

Манас, чынында эле, тардыкка, тайкылыкка, майдалыкка барбаган кеменгер инсан. Ал адамдын нарк-насилиндеги эң башкы чоң касиетти, өзөгүндөгү үлкөн сапатты кароолго алып, ошону баалай билет да, ал эми анын майда барат, өйдө-төмөн чекиликтерине, келди-кетти кемчиликтерине кечирим менен карап, кенендик кылып коөт. Ошондуктан Манас чоролоруна, жолдошторуна адамга мамиле жасоодо кечиримдүүлүк, чыдамкайлуулук өнөрүн үйрөтүп, Алманбетке байланыштуу төмөнкүдөй деп кеңеш берип турат:

«Чогоолдук кылса кетирип,
Өжөрлүк кылса өткөрүп,
Кейишке салса кечирип,
Күтөрдүн камын кылыңар.
Бүлүндүрсө бүлк этпей,
Түтөөрдүн камын кылыңар».

"Манас баатыр кытай, калмактын ханы Орго менен катуу салгылашат.Кара ниет Орго айкай салат: "Кыргыз деген ким эле? Дүнүйөгө толсо да, кыйратайын тим эле". Бу майкандашуудa миңдеген жоокер эки тараптан кырылат. Орго хан өлөт, колу качат. Кыргыздар жеңишке жетет.

Эртеси Орго хандын катыны Санамкүл эки баласын ээрчитип, тартуусу менен эр Манастын алдына келип, балдарынын жанын сурап, алдына түшөт.

Айкөл Манас Санамкүлдүн эрдигине ыраазы боло, акылман сөзүн айтып, балдарынын күнөөсүн кечирип, баласын ордосуна аманат чоролукка энесинен сурап алат. Ал эми Орго хандын элин талоондон сактап, мунапыз берет". (Кеңеш Жусупов. Байыркынын издери,.-Бишкек,1993, 150-бет.)

manas-discovery.kg

## 3

Чоң Казаттын аягында Кытайдын башкаруучулары чогулуп кеңеш куруп, жеңилгендиктерин моюнга алышып, андан соң не бир түркүн тартуулары менен кыргыз аксакалдарына келип, жарашууну өтүнүшөт, жансоого сурашат. Душман да болсо жыгылса, аны кордобоо керек деген илгертен калган наркты эсине тутуп, Бакай Манаска төмөндөгүдөй кеңеш менен кайрылат:

Чогулуп акылдашалы, алты хан менен кеңешели,кытайдын кылым карыткан түптүү журту менен эсептешели, эми оң колуңдун ачуусун сол колуң менен токтотоор кезиң келди. Бөөдө кан төгүлбөсүн, ченем-чекти билели, жеңилдик деп, тартуусун тартуулап, алдында жүгүнүп, кансырап турган жандарды, жоо болсо да кордоо, тебелеп-тепсөө кыргыздын наркында жок деген Бакайдын оюо жана кеңеши алысты мээлеген, бардыгын тегерете карап акылдын даанышман акыл-кеңеш. Бакайдын акылына муюп, ыксыз кан төкпөй чабуулду токтотуп, Манас жеңилген душман менен жарашууга барат. Демек, эпосто "Чоң Казат" урушу да, акырында, Бакайдын акылман кеңеши менен ыгы жок узарбай, өз учурунда токтоп, аягы жарашуу менен тамам болот.

Ушул жерден "Манас" эпосунун башталышындагы Алооке хандын кыргыздарга салган алааматы эске түшпөй койбойт. Алооке кыргызды кызыл-кыргын кылып, мекенинен ажыратып, туш-тушка чилче таратып, тентитпеди беле. Мына, келме-кезек деген чын экен. Эми ошондой тагдыр Алоокенин өзүнүн башына түшүп, Бээжинге Манас чабуул коюп келип отурат. Бирок Алооке хандын карамүртөздүгүн, ааламда жок антигуманизмин кыргыздар Бээжинде кайталаган жок. Жеңилген Алооке менен Коңурбайдын эли-журтуна **жеңүүчүлөр тараптан гумандуу мамиле жасалды. Мунун өзү кыргыз улутунун, анын уулдары Бакайдын, Манастын рухунун айкөлдүгүн, улуулугун, гуманизмин айкындап турбайбы**.

manas-discovery.kg


## 4

Манастын менталитетинин дагы биржагын белгилөө зарыл. Эл ичинде "Кеңешип кескен бармак оорубайт", "Отуз өлчөп, бир кес", "Он жолу ченеп, бир жолу кес" деген акылман макалдар бар. Биздин кыргызда илгертен эле демократия деген нерсенин башат-жөрөлгөлөрү боло келген. Элибизде маанилүү маселелер дайыма көпчүлүктүн элегине салынып чечилип келген. Мындай көрөңгө болбосо, азыркы демократия кыртышыбызда түйүлдүк алып, тамыр байлап, көгөрө баштабас эле. Манас ата да калкыбыздын ошондой демократиялык жөрөлгөсүн көкүрөгүндө көтөрүп жүргөн каарман. Калк тагдырына тиешелүү чордондуу маселелерди Манас ар дайым ортого коюп, эл менен кеңешип, акылдашып чечет. Калайык-калктын эрки, бүтүмү ал үчүн ыйык. Маселен, Анжиянды ээлеп жаткан Алооке кандын элчи аркылуу айттырган сунушун талкуулоо үчүн, Манас өзүнө кыргыз-казак урууларынын эл бийлеген жакшыларынын, баатырларынын, акылга дыйкан аксакалдарынын бардыгын кеңешке чакырат. Көпчүлүк чуркурап бир корутундуга келгенден кийин гана Манас Алоокеге каршы аттанып чыгат. Элдин ой-пикирин, Бакай, Акбалта, Кошой сыяктуу акылман карылардын акыл-кеңешин жата калып угуп, дайыма көпчүлүктүн пикири менен эсептешип турат. Манас атабыздын мындай этикасы бүгүн кандайча бизге үлгү эмес?

## 5

Кыргызда «жалгыз аттын чаңы чыкпайт» деген кеп бар. Манас канчалык акылман, арстан болсо да, жалгыз өзү көздөгөнүнө жете албайт эле. «Манастын Манас болмогу, экөөбүздөн болуучу» деп, Бакай Чубак баатырга туура айткандай, Манасты Манас кылып максатына жеткирүүдө кыргыз калкынын уул-кыздары – Бакай, Кошой, Чубак, Сыргак, Алманбет, Каныкей, Акбалта, Ажыбай, кырк чоро сыяктуу «ак болот мизин жалашкан, намысын бирге талашкан» көйгашка баатырлардын жана калайык калктын күчүнүн ролу зор.

manas-discovery.kg

Кармаганынан кан чыккан, тиктегенинен жан чыккан эр Кошой да өзүнүн бүтүн кыргызга башчы болууга акылуу экенине карабай, жалпы кызыкчылыкты көздөп, Манаска барбаңдап жол ачып, акылмандыгын көрсөтүп: «Алтайдан Манас табылды, абийирим миңтип жабылды» - деп агынан жарылып: **«Токсонго жашым барса да, түз кирип найза сунамын, түгөнүшөр жоо чыкса, туу түбүндө былк этпей, о балам, тууңду кармап турармын»** - деп, Манасты сүрөп, шыктандырып, ага ар дайым арка-бел болот.

Мына ушундай аскар тоодой аксакатай жөлөк-таяктары болгону үчүн Манас атабыздын таны дайыма өйдө кулап турган да. Манастын жеңишин жоону бирге жоолашкан, доону бирге доолашкан элден, элдик баатырлардын эмгегинен, эрдигинен бөлүп кароого болбос. Элди Манас эл кылса, Манасты эр кылган эл. «Манаста» эңсегенге жеткирген -- эр менен элдин биримдиги.

manas-discovery.kg



# XVIII. БААТЫРДЫН КЕМЧИЛИГИН МОЮНГА АЛА БИЛГЕНДИГИ ЖАНА СЫНЧЫЛДЫГЫ

Кыргызда **«Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт, жаман жаңылса өзгөдөн көрөт»** деген сөз бар. Манас өз кемчилигин сезип, аны моюнга ала билген ийкемдүүлүгү менен да айырмаланат. Ал Кошой карыянын: **«Манас, Манас дегенде, барбая калат экенсиң, чала үйлөгөн чаначтай, дардая калат экенсиң»**, - деп жосунсуз жоругу үчүн сын коюп, жемелеп айткан сөзүн туура көрүп, артка кетенчиктеп, үндөбөй муюп, ойлонуп калат.

Манас эч кимден жеңилбес, төгөрөгү төп баатырмын, деп төшүн кагып, эч убакта мактанбайт. Тескеринче, ал өзүнүн кээде бирөөлөрдөн жеңилген учурларын моюнга алып, ал жөнүндө аңгемелеп айтып бергенди өөн көрбөйт. Манастын Каныкейге айткан төмөнкү сөзүн угуп көрөлү:

“Оңбогон Сайкал оңобу
Кош колдоп сайды качырып.
Кыз Сайкалдын найзасы
Капшытыма тийгенде
Жер көрүнбөй тунарып,
Жерлер көчүп мунарык.
Кара жандан түңүлүп,
Өзүмө тийген найзадан,
Астымда буудан Аккула,
Тизелеп жерге бүгүлүп,
Эндирегем Сайкалдан,
Эсимди жыйып табалбай,
Кайрылып найза саялбай...”

manas-discovery.kg


Кайрылып найза сая албай, эси эки болгондугун айтып, Кыз Сайкалдын өзүнөн өктөм экендигин, күчтүү экендигин моюнга ала билгендиги- бул Манастын улуулугу.

Дагы бир мисал. "Көкөтөйдүн ашында" Калмактын Жолой балбанын беттеп, күрөшкө кыргыз тараптан бир да киши чыкпай койгондо, Кошой Манаска кайрылып, күрөшкө өзүң түшүп, намыска жарап бер дегенде, Манас Кошойго мындай деп жооп берет:

"Кол,бутун чалып жыгууга
Эзелден жөөгө жок элем.
Манас, Манас болгону,
Башыма дөөлөт конгону,
Алчайып атка мингени,
Ак олпок тонду кийгени,
Сан жыйынга чок элем,
Жөөгө топор жок элем".

Манас бул жерде да чындыкты айтып, өзүнүн жөө күрөшкө жок кемчилигин ачык моюнга алып, Кошойдун сунушунан баш тартат.

Азуусун айга жанган ажо, арстандай күркүрөгөн шер болсо да, баары колуман келет деп көкүрөгүн койгулабай, өзүнө өзү сын көз менен карай билгендиги- бул Манастын артыкчылык сапаты.

Өз элин, өз журтун сүйүү, урматтоо жалаң эле анын жакшы жактарын көрүп, кемчиликтерине көз жумуу деген сөз эмес. "Эгер калк өсөм десе, ал өзүн өзү даана көрүп, өзүнүн кемчиликтеринен өзү уялып туруму керек» - деген акылгөй сөз бекеринен айтылбагандыр. «Элимди аябастан сындаганым - калкымды ашончулук сүйгөндүгүм» деп да, акын бекер ырдап жаткан жери жок. Эпостогу эң позитивдүү нерсе - бул Манастын образынын сынчыл духту алып жүргөндүгү. Бийик чокуга чыксаң, айлананң даана көрүнөт эмесни. Манастын

manas-discovery.kg
артыкчылыгы-ушундай, бүркүтчө обого калкып чыгып, ошол бийик акыл-эс кыл чокусунан өз элинин, Ата журтунун учу-кыйырына сын көз менен серп таштай билгендигинде, мекендештеринин кемчилигин көрүп, аны тайманбай бетке айткандыгында. Жалпы калайык-калк, мыктылар, жакшылар кеңешке чогулган жерде Манас көпчүлүккө тике карап туруп:

-Ажал жетпей, күн бүтпөй,
Анча эмне жүдөдүң!
Жанына жандын бара албай,
Журтум, жалтак болгон экенсиң,
Жабууласа көп калмак,
Коркок болгон экенсиң.
Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы.
Ынтызар болдум алууга
Ыспара менен Алайды.
Көрбөгөндү көрүпсүң
Көрүнөө көбүң өлүпсүң.
Алдырып коюп калмака,
Намысың жоктон жүрүпсүң-

деп, абдан катуу жана ачуу сын айтат. Манас ушундай бетке чабар сынчылдыгы менен көпчүлүктүн көзүн ачып, жарандардын намысына тийип,алардын патриоттук сезимин ойготуп, артынан ээрчитет. Манастын чоң жеңиштерге жетишин шарттаган булактардын бири - бул анын өзгө да, өңгөгө да, жеке өзүнө да сын көз менен кароого жөндөмдүүлүгү жана баатырдын өзүн өзү аңдап түшүнүүсү күчтүү өнүккөндүгү деп айтсак болот. Эгерде азыркы ак калпак кыргыздардын ар биринде Манас атаныкындай өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү мыкты өнүккөн чынчыл жана сынчыл дух болсо, анда улутубуздун руханий саламатчылыгы бекем болоруна жана анын прогресстин, цивилизациянын жолуна төтө жол менен чыгарына ишенип койсо болот.

manas-discovery.kg

# XIX.ЭНЕ ТИЛ – “МАНАСТЫН” КӨКӨЛӨТҮП КӨТӨРГӨН ТУУСУ

## 1

Улуттун улут экенин, билгизген башкы көрсөткүч – эне тил. Кыргыз тилибиз – улутубуздун жүрөгү. Кан тамырында жүгүрүп, көөдөнүндө согуп турган эне тили - жүрөгү токтосо, улут улут катары жашоосун токтотот. Эне тилин жоготкон, унуткан адам – тирүү өлүк, маңкурт, экономикалык макулук. **«Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт»** (Байдылда), «Тилиңди бурба» - деген насаат ата-бабалардын муундарга айткан биринчи насааты болгон. Демек, түп маанини туюнсак, эне тилибиз ар бир алатоолук атуулдун ар намысы, сыймыгы, жашоосунун маңызы, дүйнөгө көрсөтө турган «улуттук паспорту» (Э. Ибраев). **«Күчтүүбүз Ата Журттун кучагында, калкымдын уюткулуу дили менен, биз элбиз, биз инсанбыз, биз улутпус, алатоолук кыргыздын тили менен!»** Дал ушундай философияны, улуттук идеяны бекем тутунуп жашаган, мамлекеттик тилдин кызматы үчүн тикесинен тик турган намыскөй атуулдарды өстүрүп чыгаруу мүдөөсү тарбия ишинин өзөгүн аныктап, ар дайым активдүү аракетте турса, анда мындай менталдуулук – республикабыздын дүйнөлүк цивилизация көчүнө өз жүзүн сактап кошулушунун өбөлгөсү болмок.

Демек, эне тилди сүйүү, урматтоо, ыйык тутуу — эгемендүү республикабыздын ар бир атуулунун укуктук жүрүм-турумунун башкы критерийлеринин бири болууга тийиш. Ал эми жаштарда эне тилге болгон сүйүүнү, тилдик патриоттуулукту, тилдик өзүн өзү аңдап түшүнүүнү (языковое самосознание) тарбиялоонун булагы – дал улут сыймыгы улуу «Манастын» өзү дегибиз бар.

manas-discovery.kg


«Манастын» эл тарабынан кыргыз тилине тургузулган улуу монументалдык эстелик десек жаңылышпайбыз. Улуу эпосубуз эне тилибиздин алтын казынасы. Кыргыз тилинин кору, дандын кызылындай сан жеткис сөз байлыгы, лексикалык, фразеологиялык каймагы, түгөнгүс асыл-берметтери ушул жерде. Курчап турган дүйнөнү, көрүнүштөрдү жана предметтерди, татаал социалык мамилелерди, рухий кубулуштарды чагылтуудагы кыргыз тилинин бай мүмкүнчүлүгүн керемет жөндөмүн, сыйкырдуу күчүн, эң ийкемдүү образдык кудуретин дал ушул «Манастан» ачык-айкын көрөбүз. «Манас» «өнөр алды кызыл тилдин» эң жогорку үлгүсү. Жандуу нерсе болобу, же жансыз нерсе болобу, сүрөттөп жаткан нерсени кыска жана нуска, ташка тамга баскандай таасын берүү, коздоп, таамай тартуу жагынан «Манастан» не бир таланты ташыган, өнөрүм ашкан деген чечендер да өрнөк алса болот.

«Манас» эпосунун тилдик өрнөгү биз үчүн өзүнчө бир кайталангыс сабак, таалим ала турган үлгү.

Караңыздарчы, Манасчы жай мезгилиндеги табият көрүнүшүн сүрөттөгүсү келсе, мына моминтип ажайып тирүү картинаны бир-эки сөз менен гана көз алдыңа алып келип коет. Маселен, «кызгалдак чөбү кылкылдап, кымыздык менен ышкыны, тегиз бышып былкылдап» деген сыяктуу. Ал эми төмөнкү адам сын-сыпатына, мүнөзүнө, сапат-касиетине карата не бир кылдат ой жана сөз аспаптары менен жасалган классикалык портретке көңүл буруп көрүңүздөр:

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тиреөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,

manas-discovery.kg

Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй.

Сөздүн күчү менен тартылган, көп маанилүү, терең мазмундуу теңдеши жок классикалык көркөм кереметти жаратууга касиеттүү Ала-Тоонун арасынан чыккан Сагынбай жана Саякбай өңдүү кудурети күчтүү дүйнөлүк деңгээлдеги улуу таланттар гана жөндөмдүү болсо керек. Ал эми төмөндөгү сакадай бою сары алтын кыска саптарга чөгөрүлгөн картинаны көрүп, сөз күчүнө дагы бир ирет таңкалбай койбойсуң. Жер майыштырып дүңгүрөп келаткан сансыз аскердин көрүнүшүн эпос кичинекей бир ууч сөз менен гана берип койгон:

Адамзат батпай топурап
Асманга учуп топурак
Найзанын учу жылтылдап
Адамдын башы кылкылдап
Жер солкулдап былкылдап
Желеги туудан бөлүнбөй
Жердин жүзү көрүнбөй, -

деген сыяктуу саптарды окуганда жерге батпай жайнаган калың колду кудум кинокадрлардан көрүп жаткандай көз алдыга элестетесиң.

Ал эми Манастын кылычынын сүрөттөлүшүн кайра-кайра тамшанып окугуң келет:

Түн ичинде сууруса
Өрт өңдөнүп кызарган
Уруштуу күнү узарган
Тоого чапсаң таш кескен
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен.

Караңыз, «Шиберге койсо өрт кеткен». Манастын кылычынын курчтугун угуучуга жеткизиш үчүн манасчы эмне

manas-discovery.kg


деген кереметүү образдык туюнтманы тапкан. Кыскасы, сөздөн токулган мындай ажайып сүрөттөр, сыпаттамалар, көркөм баяндоолор, канаттуу сөздөр, учкул кептер, куюлушкан сөз курулмалары, ошондой оозду ачырган образдуу туюнтмалар «Манас» эпосун башынан аягына чейин ширеп калган.

Муундарыбызга биринчи иретте «Манастын» тилин үйрөтүшүбүз керек. «Манастын» тилин үйрөтүү-кыргыз тилин үйрөнүү деген сөз. Тил башаты «Манаста». «Манас» ар бир бөбөктүн, ак калпакчан , ак элечек ар бир кыргыздын тил бешиги. өз оюн, өз пикикрин «Манастагыдай» таамай, кыска жана нуска айта билүүгө, эпостун сөз берметтерин, накыл кептерин, макал-лакаптарын өз сөздөрүндө колдоно, пайдалана билүүгө, кеп куруп жатканда ата-бабаларыбыздын улуу мурасы таалимдеп отургандай көркөмдөп, коoздо, керек болсо жорголотуп чечен сүйлөй билүүгө үйрөнүү биздин милдет.

## 2

Манастагы көркөм сөз, көрөм тил өнөрүн алып жүрүүчүлөр – МАНАСЧЫЛАР. Манасчылар тил кереметин жаратуучулар.

Манасчылык өнөр "Ондогон кылымдар бою кыргыз элинин таалим-тарбия ала турган адабияты да, көрүп көңүл ача турган театры да, музыкасы да болгон" (Ташым Байжиев). Манастын кыргыз баласынын каны-жаны менен жуурулушуп, психологиясына сиңип, ишенимине кирип, ички тирегине айланып, кыргыздын касиеттүү колдоочусу катары күчкө ээ болуп жатышында кызыл тилди сабаган манасчынын кызматы, ролу эбегейсиз жана эч нерсе менен алмаштыргыс, салыштыргыс жана кайталангыс. XX кылымдын Гомери деп аталган Саякбай Каралаев «Манасты» капчыгайдагы таштан ташка урунуп чамынып агып жаткан тоо суусундай күрпүлдөп, шаркыратмадай шаркырап агып, бирде бороондой боздоп, шамалдай ышкырып, бирде түзгө түшүп аккан суудай жайлап, кайрадан буркан-шаркан түшүп, бүткүл денеси солкулдап, кан-тамырларында «кыян» жүрүп, сыйкырчы немедей

manas-discovery.kg
каармандардын дал өзүнө айланып, алардын көзү менен ыйлап, жүрөгү менен күлүп, кайрадан бүркөлүп, каарданып Үргөнчтүн суусундай өркөчтөнүп, ташкындап, көбүрүп-жабырып аткаргандыгы жалпы калайыкка белгилүү. Бир чоң жыйында Саякбайдын ушинтип Манас айтканын көрүп, орус академиги Козин толкундануу менен мындай деген: «Мен көп элдин жомокчу, ырчылары, артисттеринин эпос аткарганын уккамын. Бирок Каралаев сыяктуу укмуштуудай таланттуу аткаруучуну көргөн эмесмин. Мунун азыркы аткарган «Манасына» тил билбесек да түшүнүп катуу таасирлендик» (Саякбай Каралаев. – Китепте: Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. – Бишкек, "Плюс" басмасы, 1996. – 281-бет). Тил билбеген адамдын «Манасты» түшүнүп жаткан себеби, Саякбайдын айтуусунда эпостун мазмуну анын сөзүндө гана эмес, манасчынын обонунда, интонациясында, эмоциясында, көз жашында, миң кубулган үнүндө, миң өзгөрүлгөн өңүндө, кылдат кыймылында, мимикасында, пластикасында жашап атат. Ошон үчүн түшүнүктүү болуп отурат. Манасчы бир эле учурда ырды кара жамгырдай төккөн акын да, орошон обончу да, миң кырдуу актер дагы. Манасчы таасир кылуучу каражат-куралдардын бүтүндөй комплексине ээ. Манасчы кыргыз чөлкөмүндө мына ушул көркөм комплекс аркылуу аудиторияга бир учурда, бир ирмемде күчтүү таасир көрсөтүп, калайык-калкты өзүнө магнит сыяктуу тартып, сыйкырчыдай арбап алып жатат.

Эл ичинен чыккан таланты ташкындаган манасчылар улуу эпостун улуу идеяларын, адеп-ахлак таалимин кургак санат-насыят түрүндө эмес, жанагындай сыйкырдуу аткаруучулук искусствосу менен көпчүлүктү толкундатып, ойлонтуп-толгонтуп, кубантып, кайгыртып, өкүндүрүп, күйүндүрүп-сүйүндүрүп отуруп, алардын кан-жанына, аң-сезимине астыртан сиңирип койгон. Манасчылар – булар эпос менен элдин ортосундагы көпүрө, «жүлүнгө жетээр кеп айтып, жүрөгүн өрттөп бек айтып», улуу жомоктун нарктарын улуттун кан-тамырына өткөрүүчүлөр. Жомокчулардын жогорудагыдай

manas-discovery.kg
керемет өнөрү аркылуу Манас жан-дүйнөгө уюп, мындан улам эл ичинде «карылардан калган сөз, каттай жаттап алган сөз, эрендерден калган сөз, энчи кылып алган сөз, как жүрөккө конгон сөз, кайнап ичке толгон сөз» деген кеп айтылып калган. «Манасты» сактаган, өркүндөткөн жана анын тилин муундан-муунга өткөрүп, бири биринин эстафетасын уланткан Ырамандын ырчы уулу (алгачкы байыркы манасчы), Токтогул, Нооруз (орто кылымдар), Келдибек, Балык, Музооке, Чоңду, Акылбек, Нармантай, Назар, Тыныбек, Найманбай, Кенжекара, Дыйканбай, Багыш, Чоюке, Тоголок Молдо, Шапак, Сагымбай, Саякбай, Жаңыбай, Жакшылык Сарык уулу, Молдобасан, Мамбет Чокмор уулу, Дункана, Ыбырайым Абдыракман уулу, Акмат Рысменде уулу, Жусуп Мамай, Жусубакун, Семетейчи Сейдене, Шаабай Азиз уулу, Каба Атабек уулу, Уркаш Мамбетаалы уулу (19-20-кылым) сыяктуу улуу, залкар, таланттуу манасчылардын, жомокчулардын, аткаруучулардын ысымдарын бүгүн урмат жана сыймык менен атайбыз.

manas-discovery.kg

# XX. ӨНӨР – БИЛИМ – МАНАСТЫН АТА-ЖУРТУНУН ТИРЕГИ

## 1

Манас доорунда кыргыздын музыка өнөрү кыйла өркүндөгөндүгү баамдалат. Эпостогу фактыларды тарыхый булактар ырастаган учурлар арбын. Кытайдын тарыхый хроникаларында энесайлык кыргыздардын чоор, добулбас, сурнай, керней, ооз комуз, жыгач комуз, чыңыроон, кыяк, коңгуроо, жылаажын, зыңгырама, балдап, балман, дап, жезнай, жекесап, наама ж.б. кырктай музыкалык көптөгөн аспаптары болгондугу жазылып калган («Жаңы Таң жылнаамасы»). Кытайдын тарыхый хроникасынын маалыматынын ырас экендиги «Манас» эпосунан айкын көрүнөт. Маселен, Манас Каныкейди зайыптыкка алмакка Атемир хандын шаарына чоң салтанат менен жөнөгөндө, кудага бараткандардын курамында 100 комузчу, 3 кернейчи, сыбызгы чоор ойногон 37 өнөрпоз, 64 сурнайчы, чымылдак тарткан 50 талант бар. Өзүнчө эле бир чоң оркестр. Өнөрпоздордун алыскы Атемир хандын калаасына жөнөгөн куда жүрүштү шаңдантып, көркүнө чыгарып баратканы эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Керней үнү бапылдап,
Доол согулуп дапылдап.
Сурнай үнү такылдап,
Чилмардан кагып шакылдап.
Жезнай үнү ызылдап,
Комуздун үнүн таңшытып.
Кыл кыягын шаңшытып,
Ырчылар ырын ырдашып,
Бара жатат көй баатыр,
Атемир кандын шаарына.

manas-discovery.kg

Кишинин баары кушубак,
Жыргалда болуп ушу чак.

Бул ыр саптары ошол доордо ушул өңдүү түркүн музыкалык аспаптарды жасаган, таланты таш жарган чебер уста – өнөрпоздор кыргыз жамаатында арбын болгондугун, ал аспаптарда ойноого машыккан таланттардын молдугун, демек, ак калпак элдин музыкалык маданиятынын өнүгүп-өскөндүгүн айгинелеп, калкыбыздын ыр-күү өнөрүн илгертен эле жогору баалагандыгын тастыктап берет.

## 2

«Манаста» **«жердин өзү дөңгөлөк, жеткен жан келер жөрмөлөп»** деп айтылат. Бул жер шарынын тоголок экендиги жөнүндө байыртан эле элибизде географиялык-астрономиялык маалымат бар экенине айгак болот. Ошондой эле эпосто кыргыздын медициналык маданияты да өз заманынын алдыңкы чегинде тургандыгын баамдоого болот. Мисалы, «Манас» трилогиясын медициналык көз караштан туруп үңүлүп окуп чыккан адис-врач Кадырбек Жекшелаев минтип жазат: **«Трансплантация латынча – ташыйм, көчүрөм – органды же ткандарды көчүрүп жалгаштыруу. Трансплантациянын төрт түрү болот. Ксенотрансплантация – ар башка түрдөгү, тукумдагы, отряддагы организмдердин ортосундагы көчүрүп жалгаштыруу, б.а. адамга айбанаттардын органын көчүрүп жалгаштыруу. Албетте, көчүрүп жалгаштыруунун эң татаалы, көп илим-билимди талап кылганы – ксенотрансплантация. Эми ошол ксенотрансплантацияны мындан миң жыл мурда эле биздин ата-бабаларыбыз жасап келгендиги «Манас» эпосунун «Сейтек» бөлүмүндө эскерилет. Канчоро менен Кыяз келишим түзүшүп, бийлик төңкөрүшүн жасаганда, Семетей кайып болуп кетип, Күлчоро теңдешсиз согушта туткунга түшүп калат. Туткунга түшкөн Күлчоронун кечири кесилип, кул болуп, Кыяздын энчисине тиет. Кийин Сейтек эр жетип, кайрадан төңкөрүш**

manas-discovery.kg
**жасап, мыйзамдуу бийликке келгенден кийин, Күлчорону ар тараптан мыкты дарыгерлерди алдырып, болгон жакшы дарылар менен дарылатып корот, бирок эч бир дары жардам бербейт. Акыры, айла болбогондо, Айчүрөк бир кездеги Семетейдин аскердик дарыгери, Семетейдин жан бирге досу Кызылсартка кат жиберет. Кызылсарт келери менен өзүнүн болгон дарылары менен дарылап көрөт, бирок айла болбойт. Ошондо Кок Даңгыт деген идти союп, кечирин кесип, Күлчорого салат. Сыртынан кырма кызыл дарыны кырк күн сыйпайт. Кайнатма кара дарыны да көп жолу сыйпайт. Кыязы, бири азыркы Вишневскийдин мазы сыяктуу, микробго каршы, экинчиси, иммундук системаны көторо турган дары болсо керек. Ошону менен Күлчоро айыгып кетет. Бул, балким, адамзат тарыхындагы биринчи трансплантация болсо керек. Миң жыл өткөндөн кийин, ата-бабаларыбыздын жолун жолдоп, трансплантация илимин кайрадан жаңыдан жандандырып жаткан илимпоз-врачтарыбызга Кызылсарт атабыздын арбагы колдоп, иштеринде жана жеке турмушунда чоң ийгиликтерге жетишин тилейм!»** (С.Жекшелаев. Манас доорундагы илим-билим, медицина, адабият-маданият, дипломатия, спорт жана башкалар – Бишкек, 2010, 18-19-беттер).

Каныбек Жекшелаев бул таңгаларлык фактыдан башка дагы «Манас» дастанында **«Медет», «Эбеп», «Себеп», «Апы», «Үпү», «Кайнатма кара дары», «Кырма кызыл дары»** деген сыяктуу ооруну басаңдатуучу, кан токтотуучу, бактерияларды өлтүрүүчү, ириңди тартып чыгаруучу жана башка кайталангыс касиеттери бар кереметтүү дарылар бар экендигин, аларды бүгүнкү медицинада активдүү колдонулган таасири күч «Морфий», «Промедол», «Ихтиоловая мазь», «Левомицетин», «Тетрациклин» өңдүү дарыларга окшош экендигин фактылар менен талдоо жүргүзүп, ырастап берип отурат. Эпосто Каныкейдин колунда **«Уйпачы»** аттуу ууну соруп алуучу да дары бар. Демек, бул фактылар Манас доорунда кыргыздардын

manas-discovery.kg


ар түркүн эффективдүү таасири бар, сейрек кездешкен, кайталангыс күчтүү дарыларды жасай билүү өнөрүнө эгедер экендигинен кабар берет. Кээ бир дарылар чет жактан алынып келишет.

## 3

Кыргыздын боз үйү, түркүн буюмдарга чөгөрүлгөн, түшүрүлгөн не бир керемет оюулар менен кыял-көчөттөр дүйнөдө сейрек кездешкен эстетикалык сулуулук экендиги бардыгына маалым. Кыргыз зергерлеринин, уздарынын, жез оймокторунун, усталарынын колунан бүткөн буюмдар, жасалгалар өзүнүн ажайып кооздугу жана чеберчилиги менен илгертен туран аймактарында даңкталып келген. Көз жоосун алган алтын-күмүш билерик, шакектерди, керемет кемер курларды, жаркыраган жүгөн-куюшкандарды, койкойгон ээрлерди, колодон жасалган кумураларды жасаган өнөрлүүлөр не деген укмуш таланттар. Мисалы, Манас баатырдын кашына алтын-күмүш капталган Ак каңкысынын не бир чебер сомдолгондугун көрүңүз:

Айкөлүнүн ак каңкы,
Айманбозго чак каңкы.
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арка кашы чылк күмүш.
Эки каптал эн темир,
Эңишке кирсе эңкейбейт.
Аркасы бийик, зээри пас,
Көмөлдүрүк, куюшкан,
Алтын таман үзөңгү,
Урушка кирсе ылайык.

**«Орто Енисейдеги кыргыздардагы кол өнөрчүлүк өнүккөн. Анын ичинде металл иштетүүчү биринчи орунда турган. Улуу державалык доордо кыргыз жоокерлери иймек белдүү алеңгир жаа менен куралданган. Жебенин учуна темирден тык кийгизип, кылоолоп кырын чыгарып,**

manas-discovery.kg


**кыйгактуу кылыч жасашкан. Кыргыздардын жоокерчилик өнөрү эң бийик өрүшкө жетип, жоо-жарагы өзгөчө өркүндөп өсөт»** (Кыргыздар. Бишкек, 1991, 1-китеп, 185-186-беттер). Ушул тарыхый маалыматтын ырас экендигин «Манас» эпосунун өзү да кашкайта далилдеп турат. Мисалы, Манастын айбалтасынын, кылычынын жана сыр найзасынын кандайча чебер искусство менен жасалгандыгын көрөлү:

Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган.
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыяк чаап чийдирген.
Чыгарагын алтын сомдогон,
Чапкан жоосу оңбогон.
Эшик оңдуу айбалта,
Кыстарды Манас белине.

*****

Көмүрүнө чыдабай,
Коңку токой жоюлган.
Көрүгүнө чыдабай,
Көк букалар союлган.
Барскан урган устанын,
Балтырлары чоюлган.
Учун кайкы чыгарган,
Ууга аябай сугарган.
Түн ичинде суурса,
Өрт күйгөндөй кызарган.
Тонуу чапса, таш кескен,
Белге чапса, баш кескен.
Шиберге койсо, өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Кылычын кыя байлады.

*****

manas-discovery.kg


Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган.
Темирин сегиз кырдаган,
Он эки түрдүү сырдаган.
Учун ууга сугарган,
Бөрү тил мизин чыгарган.
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган.

Карацызчы, бул эмне деген укмуштуу куралдар! Кандай гана керемет чеберчилик жана чыгармачылык тапкычтык менен жасалган. Ушул ойго келбегендей куралдарды жасаган укмуштуудай таланттуу кыргыз усталары Бөлөкбай менен Каратаздын кол жеткис бийик өнөрлөрү жогорудагы тарыхый маалыматтагы **«Кыргыздардын жоокерчилик өнөрү эң бийик өрүшкө жетип, жоо-жарагы өзгөчө өркүндөп өсөт»** деген ойду бекемдеп жатат. Тарыхый чындык менен эпостук образ бири-бирин толуктап отурат.

Археологиялык казуулардан табылып, дүйнөгө дайын болгон алтындан уютулуп жасалган бугу, куш, жейрен алган илбирс сыяктуу көркөм эстеликтер жалаң эле байыркы сактарга эмес, кыргыздарга да тиешелүү болгон. Кыскасы, кыргыздын байыртан өнүгүп келген керемет кол өнөрчүлүгү, материалдык маданияты Борбордук Азия аймагындагы уникалдуу феномен. Уздардын, усталардын өнөрүнөн бүткөн кооз боз үй «Манаста» кандай экенине серп салалы:

Он эки кабат ордо үйү,
Түндүгүн түрүп тиктирген.
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган.
Чийин жибек чырмаган,
Уук менен кереге,
Отуз түрлүү сырдаган.

VIII кылымда Таң доорунда Кытайдын Бо Цзюй-и (772-846-жж.) атгуу элдик акыны кыргыздын ушул өңдүү керемет

manas-discovery.kg

боз үйүн көрүп, «Боз үй» деген ыр жазгандыгы белгилүү. Бо Цзюй-и: «Мен боз үйдү Ак сарайга алмашпайм» («Я вельможным княжеским родам, юрту за дворцы их не отдам») деп, кыргыздын боз үйүнө суктанып, көкөлөтө даңазалагандыгы сыймыктуу.

Манас баатырды полиглот, билимдүү, чечен, дипломат Ажыбай, төлгөчү Кара-төлөк, далы көрүүчү Агыдай, караңгыда жол жүрсө,карсактын изинен жаңылбас Шууту, башында бөркү чоктуу кул, айтар оозу шоктуу кул Ырчы уул, жайчы Алманбет, Агыш, Когүш сыяктуу аярлар ж.б. өнөрлүүлөр коштоп жүрөт.

Кыскасын айтканда, Манас баатырдын өз эл-жерин бонтондукка чыгаруу үчүн болгон күрөшү, ал түзгөн мамлекеттин кадыр-баркы убагында аскердик-согуштук күч-кубат, патриоттук философия менен гана коштолбостон, көрүнүп тургандай, орконү өскөн өнөр-билим менен да коштолгон. Өнөр-билимсиз кыргыз жамааты жеңишке жетише албайт эле. Өнөр-билим Манастын мамлекетинин тиреги болгон.

## 4

Эпостогу айтылуу алты ханды эске түшүрөлү. Манаска оппозиция болгон ошол алты хандан элчилер келип, хандардын жазган катын Ажонун Ордосуна кийирип жатышат:

Капчыкка колун салышты,
Хандардын берген кагазын,
Калдайтын суурун алышты.
Алаканга салышты,
Арыстандын астына,
Арызын тозун калышты.

Манас хандардын катын элчилерден кабыл алып, өзүнө алып келүүнү Сыргак баатырга буюрат. Сыргак катты алып келип, Манас ажонун алдына жаят:

Сыргак баатыр зыммыйып,
Ордуна турун кыммыйып.
Басып келип калганы,
Баягы катты алганы,

manas-discovery.kg


Баатырынын астына,
Барып жазып салганы.
Ойрон болгон султаның,
**Окуп-окуп билди эми,**
Мыйыгынан күлдү эми.

Мына ушинтип, хандардын катын Манас өзү окуп чыгат. Демек, мунун өзү Манас баатырдын сабаттуу болгондугунун айкын-ачык далили. Эпосто Манас гана эмес каныкей да кат-сабаттуу. Бул анын көз жашын төгүп Чоң Казаттан Таласка кайт деп Манаска кат жазганынан көрүнөт. Каныкей ар кимдин өзүнө белгилүү болсун деп, кырк чоронун аскердик кийимдеринин жакаларына алардын аттарын да жазып, кошо тигип коёт:

Жоболоңдуу кырк баатыр,
Тон талашар окус деп,
Жабыштырган каты бар.
Жакасынын ичинде,
Чоролордун аты бар,
Болжолунан билерсиң,
Атыңды окуп кийээрсиң.

Каныкей энебиздин **«атыңды окуп кийээрсиң»** дегенине караганда, Манастын кырк чоросунун да сабаттуу экендиги байкалып жатат. **«Келген катты зор Бакай, келиштирип окуган»**, **«Билбегенди билгизген, билимдүү экен Акбалта»**деп айтылат «Манаста». Демек, Манас баатырдын акылчы-насаатчылары акылманБакай менен Акбалта да сабаттуу.

Эпостогу бул фактылар Манас доорунда кыргыз коомунда сабат ачуу жашагандыгы, демек, кандайдыр бир формада окутуу болгондугу астыртан ачыкка чыгып турат. Бир катар окумуштуулар (Н.Бернштам, М.Ауэзов) Манас баатырдын жашаган доорун байыркы кыргыз-түрк доору (V-IX кылымдар) менен байланыштырышат. Эгер ушул ырас болсо, анда Манас атабыз ошол замандарда колдонулган рун жазуусу аркылуу сабатын ачкан деп айтуу жөндүү болмок. Жакып хан баласын байыркы рун жазуусун үйрөткөн устатка окутууга берген

manas-discovery.kg


өкүнөт. Бута дүйнөдөн кайтыш болоор алдында Манастын **"Буулаңды бирге токушкан, беш жылы бирге окушкан, Көкбөрүгө кабар бер"** деп Каныкейге айтканы күбө өтүп турат.

Айтылуу хан Көкөтөйдүн ашын берердин алдында «кабарды кандай кылабыз, калкты кандай жыябыз?» - деп кыргыздар өздөрүнчө кеңеш курушканда, Байдын уулу Баймырза билерман:

**- Чакырып ашка калалык,**
**Чактап кабар салалык,**
**Бир чакырсак билимдүү,**
**Падышалык илимдүү,**
**Манасты гана алалык -**

деп, акыл салат. Бул жерде кең Таласта кыргызга ажо (падыша) болуп турган шер Манастын билимдүүлүгү, илимдүүлүгү атайы белгиленип отурат.

Демек кыргыз элибизде өнөр-билим илгертен адамга, жамаатка күч алып келе турган улуу кенч катары саналып келген. Калк ичинде «Билим адамдын канаты», «Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы», «Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат», «Өнөр байлыгы – олбоос байлык», «Өнөр издегениң – өргө кадам шилтегениң», «Өнөр көккө да, көккө да жеткирет», «Өнөр – түгөнбөгөн азык, жоголбогон байлык, кемибес кенч» деген өңдүү терең ойлуу макалдар бекеринен жаралган эмес.

Кыргыз эли тарыхтын бороондорунда жалаң жаа, айбалта, кылыч, найза жана дулдулдардын, тулпарлардын гана жардамы менен эмес, өз доорундагы алдыңкы өнөр-билиминин, маданиятынын күчү менен сакталып келген. Өнөр-билим – бул «Манас» эпосунун туу кылып кармаган дөөлөтү. Өнөр-билим Манас атанын таянган, тутунган асыл-нарктарынын бири. Өнөр-билим аркылуу өргө умтулуу, урпактарды өнөргө, билимге үйрөтүү, тарбиялоо – бул Манас атанын бизге астыртан насааттап турган осуяты. Өнөр-билимсиз улут – канаты жок кушка тете.

manas-discovery.kg


Демек, Манас өзүнүн булчуң күчү, ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты менен гана эмес, өзүнүн сабаты, билими менен да күчтүү болгон.Анан калса, өзүнүн гана сабатына, билимине эмес, ал башкалардын да өнөр- билимин жалпы иштин ийгилиги, өз мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн акылмандык менен пайдалана билген. Баатыр өзгөлөрдүн күчүн өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк кылган билгилиги менен кубаттуу болгон. "Эр Манас Бегиш, Көйүш деген аярларды, Кара Төлөк төлгөчүнү, Агыдай далычыны күткөн. Кайсы бир эпос айтуучулар Манастын хан ордосунда 60 акылчысы болгонун эскерет. Алар эл ичиндеги ынтымак-ырысты кармап, душман, жоо менен мамилесин чечүү үчүн өлүмгө башын байлап, элчиликке барышкан. Бул акылмандар, чоролор Манастын үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, "сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган, аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой" кеңешчи-насаатчылар эле". (Жусупов Кеңеш. Байыркынын издери,. -Бишкек, 2001,"Элита", 155-бет).

Бүгүнкү күндө айкөл Манастын ушул осуятын айныбай тутунуп, замананын түркүн түстүү өнөрүн Бөлөкбай устадай, Ажыбайдай терең үйрөнүү, дүйнөлүк илим-билимге сугарылуу, инновациялык техноло-гияны жетик өздөштүрүү – улутубуздун келечегинин гаранты. Ошондой эле Манастан калган улуттук кол өнөрчүлүгүбүздү сактоо, өнүктүрүү илгертен келе жаткан маданиятыбыздын түптүүлүгүнүн көрсөткүчү болмок. Мына ушулбийикидеяларөлкөбүздүнокуу-тарбияишининстратегиясы катары кужурмен аракетте туруута тийиш. Адамзаттын учкан куштай кетип бараткан дүйнөлүк поездине билим берүү аркылуу гана отурмакчыбыз. Илим-билим, өнөрлүүлүк биздин улуттук идеологиябыз, сыйынган динибиз болуп калуусу керек, балага өнөрдүн жашынан үйрөтүүнү мектептен баштоо лаазым. Көп түрдүү өнөр, эмгек мастерскойлору – мектептин турмушка жөндөмдүүлүгүнүн күбөсү.

manas-discovery.kg

# XXI. "МАНАСТЫН" ТАБИЯТ ДААНЫШМАНДЫГЫ – БҮГҮНКҮ ЭКОЛОГИЯЛЫК АДЕП-АХЛАХТЫН ТҮП ТАЯНЫЧЫ

Кыргыздын жер-сууга болгон мамилеси өзгөчө сөзгө татыктуу. "Торгойдун жумурткасын көрсөң жарбай жүр, убал болот", дейт кыргыз, өзүнүн чүрпөсүнө. Боз үйдүн түндүгүнө уя салган чабалекейдин "үйү" бузулуп калат деп аяп, жайлоого көчпөй, жакада калган да кыргыз. Кыргыздын тээ илгертен бери жаратылыш менен күмүштөй оролушуп, жездей чырмалышып жашап келгендиги ырас. Кыргыз баласы өзүнүн экологиялык аруу моралдык эрежесин, этикалык даанышмандыгын өзү жараткан улуу чыгармаларга түйүнчөктөй түйүп, муундарга осуяттап келген.

## 1

Кыргыздын жаратылышка карата жаркын адеби, аксанатайлыгы "Манастан" мурда жаралган "Эр Төштүк" эпосу аркылуу бизге тартууланган. Төштүк баатырдын жан-жаныбарга жасаган гуманизми (терең ордун түбүндө кор болуп, бакырып жаткан аюуга, таманына чөңөр кирип боздоп олтурган жолборско, уюгу өрттөнүп жаткан кумурскага жанакечтенип жардам бергенин эске түшүрөлү) табиятка айкөл, адамгерчиликтүү мамиленин өрнөгү. Төштүктүн мамилесине жетине албай, сыйга сый, сыр аякка бал дегендей, айбанаттар ага "түлдөй бажырайып" ачылышып, «Өчкөн бир отум тамыздың, Төштүк! Өлгөн жаным тиргиздиң, Төштүк!» деп, жандары калбай алкап турушат. Зарыл учурда чакырсаң, жардамга келем деп кумурска Төштүккө бир бутун жулуп берет.

Албетте, Төштүк баатырдын айбанаттар менен

manas-discovery.kg


сүйлөшкөнү же болбосо айбанаттардын Төштүккө сүйлөгөнү— бул көркөм метафора деңизчи. Бирок бул көркөм метафоранын маңызы өзгөчө. "Төштүк"эпосу бул метафора аркылуу адам менен айбанаттын ортосу "кытай дубалы" менен бөлүнүп турбагандыгы, айбанаттын да кишиникиндей өзүнүн "жан дүйнөсү" бар экендиги, анын да киши менен тил табышууга, сыйлашууга, сырдашууга жөндөмдүү экендиги, табиятка жасалган мээримдүү мамиле түбү адам баласына кайрадан жакшылык болуп кайтып келээри жөнүндөгү гуманисттик ой уютмасын насааттап турбайбы.

Мифтик дейбизби, зооцентристтик түшүнүктөр үстөмдүк кылган заманда жаралган чыгармалар дейбизби, кандай болгон күндө да, "Эр Төштүк" эпосу бүгүнкү экологиялык кризиске тушуккан адамзатка пайдалуу, керектүү, эң актуалдуу гумманисттик идеяларды тартуулап турган улуу классика.

## 2

«Эр Төштүктүн» табиятчыл гуманизмин «Манас» эпопеясы улантат. «Семетей» эпосунда Букарга качып бараткан кезде жол азабын тарткан Каныкей менен карыган Чыйырды эне бир түп Байтеректин түбүнө токтошот. «Ошо турган Байтерек, бутагында куштары, жаныбар булкунуп турат учканы. Тегерегинде куштары, Теминип гана турат учканы» («Семетейден»).

Байтерекке Каныкей төмөнкүчө жалынат: «Биз өңдөнгөн бакырга, ата болчу Байтерек, Кайран жандан түңүлдүк, алдыңызга жүгүндүк. Өчтүм, отум тамызчы, Байтерек ата, өлдүм жанды тиргизчи!? Үзүлүп кеттим улачы, жансыз да болсоң Байтерек, менин абалымды сурачы?» («Семетейден»). Ошол кезде Байтерек күңгүрөнүп сүйлөгөнсүйт. Аңгыча бир бутактын түбүнөн булактап сүт чыгат. «Бир бутактын четинен ошондо, булактай агып сүт кетти, ачка болгон карыптар, жан аякты сунушуп, жайнап чыккан аппак сүт, тосуп ичип тунушуп, баягы сүттү ичкенде, ооруган жерлер басылып. Баягы Каныкей

manas-discovery.kg
менен Чыйырды, Умачтай көзү ачылып» («Семетейден»).

Каныкей менен Чыйырды теректин сүтүнө тоюп уктап кетишет. Ошондо бир бугу пайда болот. «Ошондо он эки айры ак бугу, чуркап жетип келди эле. Бешиктеги беренин – Семетейди көрдү эле. Үч айланып балага, эне болуп калды эле, кыңкыйып жетим жатты эле, эмчегин берип ал бугу, мойнун гана бөлөк буруптур, бу баланын өзүнө, эмчегин гана берип туруптур, ошо кезде ак марал ийип эле турат кордүңбү?» («Семетейден»).

«Семетейдеги» оригиналдуулук менен табылган бул ажайып эпизоддордон улам эмнени айткыбыз келет. Албетте, бул керемет окуялар «Сейметей» эпосунун символдук мааниде бизге тартуулап жаткан даанышмандыгы. Адам табиятка түшүнсө, боорукер мамиле жазаса, ага карата таза ниетте, тунук ойдо болсо, өз кезегинде табият да адамдын таза дилин, жакшылыгын сезип туюуга жана ага ийип, мээримин төгүүгө жөндөмдүү. Адам табияттын перзенти, ал эми табият-эненин өз перзентине «эмчегин» эмизбей, сүтүн бербей коюшу мүмкүн эмес. Адам табият-эненин чүрпөсү экенин сезип, ага өзүнүн биологиялык апасына жасаган мамилесиндей мамиле жасашы абзел. Жогорудагы Байтерек менен Ак бугунун көркөм символикасы аркылуу «Семетей» эпосунда адам менен табияттын эне менен баладай ажырагыс биримдиги тууралуу даанышман идея тартууланган. «Манас» эпопеясы пенденин табият менен тагдырлаш экендигин тереңден туюнуу акылмандыгын ишаралагандыгы менен күчтүү.

## 3

Кыргыздын гуманисттик этикалык акыл-эсинин тереңдиги жана аярлыгы кээде ушунчалык, ал адамдар мамилелеринин кылдат жактарын гана эмес, айбандардын дүйнөсүн жанагинтип жер тыңшаар Маамыттай тыңшап турат. Бул жагынан Ысык-Көлдүк айтылуу Мойт Акенин караңгыны көзөп өтүп, түпкүрдү жарык кылгандай көрөгөч, көсөм сөзүн, адамгерчиликке сугарылган ажайып рухий парасатын алдыга жайбай өтүү

manas-discovery.kg


мүмкүн эмес. Мойт Акени тыңшайлы: "Саяпкери жарашса, күлүккө канат бүткөндөй болот. Мыкты саяпкер күлүктүн табын гана билбестен, күлүктүн көөнүн да табат. Анын эч жерине керт кетирбестен, ичи-тышына кир жугузбастан, күлүк менен кадимкидей баарлашып, кирпигин, жүнүн, туягын, жал-куйругун карап, ысык-суук аралатпай, алдан-күчтөн тайгылтпай, сылап-сыйпап, астейдил барктап-баптап асырайт. Өз тарабынан күлүк да муну сезет, туят. Жылкы жаныбар акылдуу эмеспи. Мына ушунун өзү күлүк менен саяпкердин сүйлөшүүсү болот, өз ара көңүл табышкан саяпкер менен күлүк бири-биринин шагын сындырбайт. Саяпкердин зоболосун көтөрүп, табына келген күлүк көкүлүн желге сапырып, эл көзүнө көрүнүп, көрктүү кенен арыш таштайт. Эгерим, кандайдыр бир себеп менен күлүктүн шамы күйбөй, бактысы ачылбай, мөөрөй алып бере албай калган шартта да, анын шагын сындырбоо керек. Демейде адам муну байкабаганы менен, жылкы жаныбар ээси менен кабарлашып турат. Ошондуктан жылкыны эч качан башка чаппоо керек. Өзгөчө күлүктү башка чапса, анын касиети кайтат, көңүлү сууйт. Ээсине таарынган күлүк, кандай табы келип турса да, чечилип тер төгүп чуркабай коюшу мүмкүн". Мойт Акенин бул сөздөрү эмне деген укмуш сөздөр, не деген акыл кереметі! Көрсө, күлүктү күлүк кылган нерсе, ага берилген жем-чөп, толтура тоют эмес, саяпкердин аөолуу адамгерчилиги, сылап-сыйпаган сылык мамилеси экен. Жарыктык жылкыны күлүк кылган саяпкердин мээрими экен. Бул өзүнчө эле бир ачылышка тете сөз го. Айбанаттын сырын, жан дүйнөсүн түшүнгөн адам асылдыгы.

Дал ушундай асылдык Манас баатырдын да касиети деп айтууга болот. Ал өзүнүн «Туягында агы бар, кулагында шамы бар, куюндан бүткөн жаныбар» - Аккула тулпарын адам сыяктуу эле көрүп, ага агыл-төгүл мамиле жасайт. Тулпары менен жаны бирге.

Аккула Манастын айкөл мамилесин туюп, эргип, «басканына мал жетпей, желгенине жел жетпей», учкан

manas-discovery.kg
күч менен тең жарышып, чуркап турат. Чоң Казатта Аккула капысынан окко учканда, Манастын башына чындап каран түн түшөт. «Арманга ичи жык толуп, арстаның бармакты жара чайнады». Баатыр көз жашын көлдөтүп, Аккуланы мойнунан кучактап, «курдашым кулам» деп бир тууганынан айрылгандай өксөйт. Манас Чоң казаттан Таласка кайтып келип, Алмамбеттин жубайы Аруукёге баатырлардын өлүмүн угузуп жатып, «Аккула окко учурдум, аяш!» - деп тулпарын биринчи оозанат.

Эпосто Манастын Аккулага болгон мамилеси аркылуу дегеле ак калпак кыргыздын тулпарга болгон сый-урматы, аярлыгы жана назиктиги даңазаланган, башкача айтканда, табиятка болгон таттуу мамиленин үлгү-сабагы берилген.

## 4

"Эр Төштүктүн", "Манастын" табиятчыл гуманизмин турмушта реалдуу жашап өткөн бабабыз,кийинки акылман Асан Кайгынын улуу этикасы толуктап турат. Асан Кайгы ар бир жаныбардын бу дүйнөгө жаралып калгандыгы үчүн айыптуу эмес экенин түшүнгөн. Алардын жашоого табигый укугун урматтаган. Асан Кайгы жаныбардын өзүнө айлана билип, жарыкчылыкка жаныбардын көзү менен карап, жаныбардын жүрөгү менен сүүсөп, тирүүлүккө кумарланган. «Куйругу жок, жалы жок, кулан байкуш кантти экен, же басарга буту жок, жылан байкуш кантти экен? Таразасын көтөрүп, тарбаңдаган шор тумшук, ташбака байкуш кантти экен? Боору жерге жабышкан, баса албаган балчактап, бака байкуш кантти экен? Кирер эшиги жок, корголор тешиги жок, коңуз байкуш кантти экен?» деп, ар дайым жан-жаныбарлардын тагдырын ойлоп, убайым жеген. Асан Кайгынын адеп-ахлагы — бул кыргыз калкынын айкөл адамгерчилигин, мээримдүү жан дүйнөсүн, жаратылышка түшүнүүнүн, аны урматтоонун, табият менен жуурулушкан улуу акылмандыктын жана руханий сергектиктин символу.

manas-discovery.kg


**5**

Биздин адабий-рухий мурастар жаратылышка болгон жаркын мамиленин өрнөктөрүн гана тартуулабастан, табият менен баланс, биримдик, ынтымак мыйзамы оройлук менен бузулса, ошол жерде ар качандан бир качан сөзсүз кишинин тагдырын жамандык күтүп турарлыгы тууралуу насыйкаттарды урпактарга арбын калтырган."Кожожаш" эпосунда Сур эчкинин каргышы табияттын өзүнө карата жасалган ташбоордукту, катаалдыкты, зордук-зомбулукту кабыл албай тургандыгынын көрсөтмө-белгиси. Ал эми өзүнүн күчүн ашыра баалап, айыпсыз жаныбарларды кырып-жойгон Кожожаштын Сур эчкини кууп жетем деп кубалай берип, акыры көк мелжиген жалама асканын боорунда калып, кайра жерге түшө албай, өлүмгө учурашы жаратылышка эрегишүүдөн жана ага кыянаттык кылуудан улам келип чыккан адам трагедиясынын символ-сабагы.

Элдик поэма, айтылуу "Карагул ботомдо" тектирден теке, будурдан буга атып, бооз деп эчкисин атып, кооз деп элигин атып дуулап келген 70тен ашкан карыган мергенчинин трагедиясы баяндалат. Мергенчи бир күнү аңчылыктан жолу болбой келатып, атасын издеп чыгып, чарчап, арчанын түбүнө уктап калган кичинекей эликтончон баласын кайберендин чаарчыгы экен деп, аңдабай атып алып, тирүүлөй өлүп, кудайга үнү жетип: **"Байкабай элик экен деп, ботом, башын жедим баламын, ботом!"**- деп бótодой боздоп турат. "Карагул ботом" чыгармасы табияттын убал-сообун ойлобогон катаал жүрүм-турумдун айынан туулган трагедияны чегине жеткизе курчутуп, чокусуна чыгара сүрөттөгөн, жаратылыш менен кишинин ортосундагы конфликттен чыккан кайгы-мунду мынчалык деңгээлде сай-сөөктү сыздатып ырдаган бул өңдүү чыгарма дүйнөлүк адабиятта жок болсо керек.

"Карагул ботомдон" чыгаар тыянак, сабак ушул: табият энеге каршы ок атканың— өзүңө ок атканың, андан ары барып балаңа ок атканың. Терең карай келгенде, мергенчинин ыйы— бул ыза-кордук көргөн табияттын өзүнүн ыйы, адамдын

manas-discovery.kg
жүрөгү менен табияттын өзүнүн сыздаганы. Терең түшүнсөк, бул жерде мергендин баласына териси тон болгон алиги атылган чаарчык чыркырап ыйлап жатат. Бүгүнкү күнгө которуп, кеңири чечмелей айтсак, кыргыз акылмандыгынын эскертүүсү бул: табият эне менен адам баласынын эриш-аркак мыйзамы, өз ара гармониясы сакталбай, азыркы экологиялык кризис учурундагыдай улана турган болсо, жакынкы келечекте өзүнүн цивилизациясы өзүнө каршы ок болуп, жер үстүндөгү адамзат кайгылуу "Карагул ботомду" ырдап калышы мүмкүн.

## 6

Кыргызстан улуу фольклордук казынасындагы урпактарга сабак болчу нускаларга дагы көңүл буралы. Трагедия гана эмес, («Кожожаш» эпосу) дисгармониянын да жаман нерсе экенин бизге «Манас» эпосу осуят кылып калтырган. Эпостогу атактуу Алманбет баатыр башына жамандык түшүп, сар-санаага батып, кайгырып, ээн талаада жалгыз келе жатса, Кара-Суу деген жерден Ызгыч деп аталган кара кашка куш жаны калбай далбастап, кулак-мээни жеп ызылдап, баатырдын жолун кайра-кайра торойт. «Сиркеси суу көтөрбөй» келаткан Алманбет буга кыжыры кайнаса да сабыр кылып: «ызылдаба Ызгыч куш, канаттуудан сен жалгыз, кара баштан мен жалгыз, койсоңчу, Ызгыч кордобо, жолума чыгып торобо, өзүңдү өзүң зордобо», - деп эскертет. Ызгыч куш болбой, баатырдын жолун тороп, ого бетер ызылдайт. Ошондо ачууланган баатыр саадагына кол салып, жаасы менен Ызгычты канатка атып жиберет. Куш «талп» этип жерге түшөт.

Бирок Алманбет менен Ызгыч куштун ортосунда капыстан чыккан чатак ушуну менен бүтпөйт. Андан ары жаңы кырдаалда жаңы драма башталат. Ызгыч жарадар канаты зырпылдап ооруп, кыйноо тартат. Куштун кыйналганын көрүп, Алманбет ачууга алдырганына өкүнүп, ичинен психологиялык азап чеге баштайт. Жан дүйнөсү Ызгыч менен кошо кыйналып, баатыр кушту жерден колуна көтөрүп алып: жарыктык ай, алыңа чактабай,

manas-discovery.kg


адамзатка неге катылдың, - деп кайгырат. Акылман Алманбет куштун зилинде бейкүнөө экенин сезип турат. Алманбеттин сергек жан дүйнөсү Ызгычтын ооруп азаптанганына чыдабады.

Алманбет акыры, кайнатма кара дары баш болгон түркүн дарылар менен кушту дарылап айыктырып туруп, анан үн дарылар менен кушту дарылап айыктырып туруп, анан үйүңдү тап, жаныбар» деп Ызгычты кең мейкинге учуруп жиберет. Ушуну менен Алманбеттин да, куштун да жандары жай алып, мурдагы тынч абал калыбына келет.

Терең карасак, Алманбет менен Ызгыч куштун бул окуясында өзүнчө бир каймана маани жатат. Эгерде адам менен табияттын өз ара мамилесинде тең салмактуулук бузулуп, араздык келип чыкса, ортодо дисгармония пайда болуп, мындан адам да, табият да жабыркап, азап чегет. Дисгармония жакшылыктын жана өз ара мамиленин жолу эмес. Адам менен табияттын ортосундагы ынтымактан улам түзүлгөн гармония – бул жарыкчылыктын мыйзамы, жашоонун бузулгуз жобосу. «Манас» эпосундагы Алманбет менен Ызгыч куштун чатагынан келип чыгып, бизге сабак катары тартууланган философиялык осуят мына ушундай. «Манастын» бул улуу осуятынан улам төмөндөгү:

Сен кожоюн эмессиң табиятка,
Алкагынан чыккын тар «керегеңдин».
Ыргагына түздөнүп жер энеңдин,
Жер менен сен да кошо тегеренгин! – деген поэтикалык саптардын туура экенине дагы бир жолу ынанасың.

## 7

Айтмакчы, бир жагынан жогорудагы “Кожожаш” эпосу кайгылуу трагедияны гана эмес, оптимисттик символду тартуулагандыгы менен да биз үчүн баалуу. Эпостун финалындагы Кожожаштын уулу Молдожаш менен Сур эчкинин акыры тынчтык келишимге келиши жана Молдожаш Сур эчкинин кызы Ашайранга үйлөнүп, бактылуу болушу — бул адам

manas-discovery.kg
менен табияттын өз ара ынтымактуу, гармониялуу мамилесине альтернативанын жоктугу жөнүндөгү философиялык осуят. "Кожожаш" адам-табият мамилеси жаатынан дүйнөлүк, жалпы адамзаттык деңгээлдеги идеяны камтыган улуу чыгарма.

Бизде жерди **ЭНЕ** деп атаган улуу касиет бар. Бул эмне деген даанышмандык жана билгиликтүүлүк. Жерге жасалган не деген улуу сый. Кыскасы кыргыздын табият этикасы жана философиясы бүгүнкү күн үчүн өлбөс-өчпөс сабак, өрнөк дегибиз бар. Табиятка мамиле жасоонун кыргызча-манасча модели азыркы кеңсе терминалогиясы менен айтканда, бул өзүнчө бир экологиялык моралдык "стандарт". Дүйнөдөгү элдердин бардыгы кыргыздын ушул универсалдык табият адеби-экологиялык ченеми менен жашаса, анда кыргыздын өзү да жана жалпы адамзат балдары да, алдыда күтүп турган экологиялык кыяматтан аман калаар.

manas-discovery.kg

# XXII. ЖЕКЕ ТАЛАМДАР МЕНЕН ЭЛДИН, МЕКЕНДИН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНЫН БИРИМДИГИ – МАНАСТЫН МОРАЛДЫК АСЫЛДЫГЫНЫН ЖАНА РУХАНИЙ БИЙИКТИГИНИН БУЛАГЫ

Көрүнөө турат го, бүгүнкү күндө дүйнөдөгү рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында. **эл, мекен, журт кызыкчылыгы** деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн "кабыгынын" ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көрдүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг "Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын" тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду.

Эгерде жогоруда белгиленгендей, коколой баштын кызыкчылыгын туу туткан, турмушка пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык мамиле мындан ары карай күч алып жүрүп отурса, анда адамзат балдары, мунун ичинде кыргыз пендеси да бара, бара ички жандүйнөсү жагынан сөксөөлдөй болуп "куурап," акыры жүрүп адамдагы адам жоголуп, коомдун рухий маданиятынын түркүгү урап түшүшү мүмкүн.

## 1

Ушул контексте алганда, улуу "Манас" эпосунун этикалык философиясы өзүнө көңүл бурдурбай койбойт деп эсептейбиз. Дегеле, биздин чыгышта адам баласынын өмүр кечүүрү маңызына жана жашоо миссиясына карата болгон

manas-discovery.kg

көз караш өзүнүн терең гуманизми жана жамаатчыл духу менен айырмаланып келген. Бир эле байыркы Орхон-Энесай таш эстеликтериндеги жазууларга көңүл буруп көрөлүчү. VIII кылымда Энесай аймагындагы Алтын-Көл деген жерге кыргыз каганы Барсбекке тургузулган таш эстеликтеги жазуу мындай саптар менен башталат:

**«Он ай боюна көтөргөн эле мени энем! Элиме мени тууп берген эле энем»** (Орхон Енисей тексттери, 171-бет). Барсбектин эстелигиндеги бул эки сап сүйлөмдүн экинчи бөлүгүнө назар салалы: **«Элиме мени тууп берген эле энем»**. Жакшылап тигилсек, бул сүйлөмдө бөтөнчө бир маани жатат. Демек, бул жерде, байкасак, эне уул баланы жөн эле «ыңаалатып», жарык дүйнөгө төрөп коюш үчүн он ай көтөрүп, омурткасы сыздабайт, эркек баланы эне бир үй-бүлөгө гана эмес, жалпы тууган элине, калайык-журтуна төрөп берет, уул элдин перзенти, жамааттын табылгасы. Туулган «туяк» ата-энесинин акысынан, апасынын ак сүтүнөн элдин уулу болуп, калайык-калкынын керегине жараган атуулдук-азаматтык кызматы аркылуу гана кутула алат деген идея чөгүп жатат.

## 2

«Манас» эпосунун түп негизинде да ушундай ой жаткандыгын көрөбүз. Манас жарык дүйнөгө төрөлгөндө Алтайдагы кыргыздардын башчысы Акбалта карыя «Бизге белге таңуу уул ушул», «карыганда байбиче, кабылан тапты сүйүнчү, жоголордо байбиче, жолборс тапты сүйүнчү!» деп тебетейин көккө ыргытып кубанат. Жалгыз Жакыптын үй-бүлөсүнө гана эмес, жамы журтка перзент туулду.

## 3

"Манас эпосунун адеп-ахлак концепциясы киши пендесинин бу жарыкчылыктагы өмүр-жашоосунун маани-маңызы эмнеде деген социалдык-философиялык, моралдык суроо менен тыгыз байланышкан. Ал эми Манастын образынын

manas-discovery.kg


өзү кишинин өмүр-жашоосунун маани-маңызы пенденин жеке өзүнөн жогору турган кандайдыр бир бийик, ыйык, улук элдик, гуманистик мүдө-идеяларга кызмат кылышында экендигин каңкуулап турат. Эпостун бул өңдүү философиясы дүйнөлүк акылмандардын төмөнкү ойлору менен өзөктөш чыгып жатат: «человек никогда не найдет всей полноты только в себе самом» (М.М.Бахтин). «Личности нет, если нет ничего выше ее» (Н.Бердяев). Демек, адамдын жашоосунун баа-баркы, маани-маңызы, дагы айталы, пенденин кандайдыр бир универсалдуу, жогорку (сверхличное), коомдук дөөлот менен болгон органикалык байланышында экен. Дал ушундай ойлор кыргыз акылмандыгынын:, «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Эл ичи алтын бешик», «Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол», «Жаман киши өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» деген өңдүү жашоо тажырыйбасынан жаралып, кылымдардын кыйырын баскан элдик философия менен үндөшөт. Манас баатыр кенедей кезинен дал ушундай көз караш, рух салтында тарбияланган. “**Өлбөй тирүү жүргөндө, не мураска жетейин, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин**” дейт Манас. Ал эми Манастын уулу Семетей Канчоро менен Кыяс капыстан кол салып, өлүм алдында турганда минтип ойлонот: “**Котур ташы койнунда, шайтанды баккан экенмин, эми эле башын кошкондо, элдин алы не болот, жарагы жок жаш күлүс, эрдин алы не болот, капарсыз калды эл менен, жердин алы не болот**”. Семетей өлүп бара жатып да, элинин, жеринин тагдыры жөнүндө толгонуп турат.

## 4

Демек, эл-журттун мүдөөсү, калк кызыкчылыгы, мекен алдындагы парз сыяктуу улуу түшүнүктөр менен журулушкан биримдик-Манас менен Семетейдин адамдык-атуулдук жаратылышы, экөөнүн жашоосунун тузу жана өмүрлөрүнүн

manas-discovery.kg
маңызы. Өз өмүр-жашоолорун ушундай улуу нарктар менен жуурулуштуруп өмүр кечиргендиктери үчүн Манас менен Семетей жана Бакай, Каныкей, Кошой, Чубак, Сыргак, Чыйырды, Айчүрөк, Гүлчоро, Алманбет сыяктуу каармандар түбөлүк өлбөс болуп, биздин маңдайыбызда чолпон жылдыздай жаркырап, адептик-патриоттук маяк катары жашап кала беришти. Туулган «туяк» жер үстүндө кош аяктуу макулук, кыбыраган көрпенде болуп эмес, айланасына жакшылыктын жарыгын чачкан нурпенде болуп жашоого тийиш. Өз көмөчүнө күл тартып, кара башынын кызыкчылыгынан башканы билбеген Абыке, Көбөштөй, Көзкамандай, Канчородой пенде болуп жашоонун жамаат үчүн маңызы, куну жана куту жок. Көзкамандай, Көбөштөй «туяктын» **«эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү»** артык дейт, «Манастын» логикасы.

Азыркы шарттарда өзүнүн гана МЕНин алдейлеген, ашкере өзүмчүл, индивидуалисттик «робинзончулуктун», айлана-тегеректе прагматикалык-бухгалтериялык ач көз мамиленин күч алышынын коом үчүн зыяндуулугуна жана келечек үчүн коркунучтуулугуна терең ынануута тийишпиз. Ушундай кырдаалда кишиге адам болуп жашоонун жолун, стратегиясын көрсөтүп турган Манас эпопеясынын өйдөкүдөй этикалык философиясына кайтып келүү жана аны желектей желбиретип бекем кармоо 21-кылымда муундарды моралдык деградациядан сактоонун куралы дегибиз келет. "Манастын" дагы бир баа жеткис мааниси ушунда.

manas-discovery.kg



# XXIII.«МАНАСТЫН» СОГУШКА КАРШЫ ГУМАНИЗМИ

## 1

Манастын жары Каныкей өзүнүн жан-жаратылышы боюнча гуманист, жүрөгү сүйүүгө жана мээримге толгон аялзаты. Ал түпкүлүгүндө бүт жан дүйнөсү менен согушка каршы. Адамдын канын төгүп, жанын сууруган согуштун акыр түбү жеңген тарапка да кайгы экенин тереңинде жакшы түшүнөт. Каныкейдин өзү каалабаган нерсеге даярдык көрүшү (кырк чоронун согуштук кийими, аскерлердин дары-дармектери, курал-жарактары) – бул ошол жоокердик доордун адамга тартуулаган чечилгис карама-каршылыгынан туулган мажбурлук. Бул көйгөйдү да кайран жеңең Каныкей акылы менен аңдабай койбогон. Ошол түпкүлүгүндө согуштун адам пендесине каршы жамандык экенин түшүнгөн Каныкей кыргызга күн көрсөтпөгөн жоого каршы аттанган Манастын ишинин түпкүлүгү ак экендигине көзү жетсе да (**«Калмактар айлым таласа, кандайча кайрат кылбаймын»** - Манас.), баары бир жан тереңинде Чоң Казатты кабыл албайт. Бээжинге барып, **«алакандай кайран эл, бекер кыргын болбосун»** деп Чоң Казаттын барып-барып, акыры кыргызга алып келээр кессепетин алдын ала сезип, ичинен катуу санааркап, Каныкей Алманбеттин алдында буркурап жашын төгөт. "Таянар жалгыз төрөмдү, жаман жолго жөнөлдү, жанын тирүү көрөмбү, айрылып алып арстандан, арманда бойдон өлөмбү?" - деп катуу толгонот.

Манастын Бээжинди каратып, ал жакта кандык такка отурганда, оорукта жаткан Каныкей мындан бир жаман нерсенин жышаанын туюп: **«Бээжинди билди дегиче, мейнетти билди десеңчи, алтын так минди дегиче, ажалды минди десеңчи»,** - деп катуу бейпайга түшүп, тез артка кайтышын өтүнүп,

manas-discovery.kg
баатырына кат жөнөтөт. «Казын койгон ору бар, кайнатылуу шору бар, кара таандай жайнаган, кара курттай кайнаган» калмак-кытайдын эл-жерине күч менен падыша болуунун акыры кайгы менен бүтөөрүн, жеңгендердин бийлиги жеңилгендердин жең ичинен өч алуу кыймылын жаратаарын, жаңы согуштун оту кайрадан тутанарын, анын кыргыз үчүн да, кытай үчүн да түгөнгүс азаптын очогуна айланарын кайран жеңең Каныкей аңдап турат.

## 2

Чоң Казаттын алдында «алакандай кайран эл бекер кыргын болбосун» деп чырылдап -чыркыраган Каныкейдики ырас болуп чыкты. Кыргыздардын кытайдын үстүнөн болгон жеңиши акыры барып кандай натыйжага алып келгендигин Чоң Казаттын акыркы финалы ашкайта айкындап турат. Оор жарадар болуп, жандай көргөн баатырларынан, сандаган аскеринен ажырап, Таласка кайтып келип, Алманбет Чубактын ордосуна келип түшүп, Аруукенин алдында Манастын кан жутуп оксоп турган кырдаалы эпостун трагизминин эң жогорку чекке чейин чыккан бийик чокуларынын бири:

Аккула окко учурдум, аяш!
Алтын айдар,чок белбоо
Алманбет шейит кетирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым, аяш!
Мен калмакты коздой жол чалдым, аяш!
Бээлесе, жанга табылбас,
Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш!
Мен канатым окко жулдурдум, аяш!
Кабыландан айрылып,
Мен каран күн жанды тындырдым, аяш!
Тебэлеп келген калмактан
Намысым кайрып мен алдым, аяш!
Эл намысы деп жүрүп, аяш!
Мен эгиздерди жеп алдым, аяш!

manas-discovery.kg


Мен канатым өрткө алдырдым, аяш!
Кабыландын баарысын
Мен Каканчыга алдырдым, аяш!
Эгиз козу түгөйүн,
Экөөнү катар жеп алып,
Мен өлбөй кантип жүрөмүн, аяш?!

Манас ушинтип өксөп турганда, анын Чоң Казаттан кантип кайтып келгенин көргөндө, калайык-калктын баары, жашынан карысына чейин чуркурап ыйлап, кайгыга малынып, кара кийип, аза күтөт.

## 3

Эпостогу «Чоң Казаттын» трагедиялуу финалы жана казатта алган жаракатынан улам болгон Манастын өлүмү өзүнүн тереңге катылган подтексттик мааниси менен кээ бир философиялык жыйынтыктарды жасоого өзүнөн өзү чакырып турат. Ырас, Манас өзү айткандай, «тебелеп келген калмактан, намысын кайрып алуу үчүн, эл намысы үчүн» Бээжинге Чоң Казат, чоң жортуул баштаган. Чоң Казат баскынчылык жортуул беле? Маселенин тереңин дагы да айкын түюнуш үчүн мына мобуга көңүл буралы. Шапак Рысмендеевдин вариантында “Алты хан” аскери менен Таласка келип, жалпы эл чогулган жыйында Манас сөзүн калмак-кытайдан баштап мындай дейт:

Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Унутулгус иш кылды.
Талап алды айылымды,
Өлтүрүп кетти бегимди,
Уктуңарбы кебимди,
Таап кетти эбимди.
Бээжиндеги Коңурбай
Канды казат кылалы.
Мелтиреген тозоктон,
**Жанды азат кылалы.**
Дүүлдөгөн Кытайга,

manas-discovery.kg

Жүрүп казат кылалы.
Дүркүрөгөн тозоктон,
**Жанды азат кылалы.**

Манастын бул сөзүнөн кандай ойду, философияны түюнууга болот? Көрсө, кыргыз көз карандысыздыкка жетишип, башы азат болгону менен **жаны азат боло элек** экен. Өзү тышынан эркин болгону менен **жаны эркин эмес** экен. Ырасында эле, жаныңдагы үстөмчүл империя күнкөрсуздугуңду моюнга албай, кайра кылычын кесеп, дайыма чабуул коюуга ыкыс берип турса, кантип санаасыз жашайсың, кантип жаның азат болот, кантип өзүңдү эркин сезесиң? Азаттыктамын деп кантип бейпил жатасың? Бул жерде кыргыздын жан дүйнөсү кыйналып жатпайбы. Жан дүйнө тынч алып, уктабай жатпайбы. Мына ошон үчүн Манастын жалпы элге **"жанды азат кылалы"** деген кайрылуусунда чоң психологиялык-философиялык маани жатат. Чыныгы азаттыкка жетишүү үчүн, эркин жүрүп, эркин уктап, жанды жай алдыруу үчүн маңдай жагында тишин кайрап, арстандай сени карай секирүүгө даяр турган жоонун, башкача айтканда, калмак-кытай феодалдарынын согуштук машинасын өз уюгунда кыйратуу, тынчытуу абзел. Кытайда да, кыргызда да санаасыз бейпилчилик турмушту орнотуу милдети алдыга "айкүрүнөн" туруп калды. "Чоң казат" зарылчылыктан чыкты. Мына ушинтип, Бээжинге карай жасалган "Чоң казат" жүрүшү Манас үчүн биротоло азат болуу үчүн буга чейин жүргүзүлгөн боштондук согушту аягына чыгаруу зарылчылыгы катары түюнулган. Мына ошентип, Манастын мүдөөсү кыргызга күн көрсөтпөй келген жоону бир жаңсыл кылып жеңип, согушту бүтүрүп, түпкүлүгүндө, дагы айталы, эки элдин ортосунда эзелден эңсеп келген тынчтыкты орнотуу болгон.

Алманбет да өз мекенине каршы барган эмес. Зилинде Алманбеттин түпкү мүдөөсү карапайым, эмгекчил кытай элин деспоттордон жана феодал-тирандардан куткаруу болгон. Мындай ой-мүдөөлөр эпосто ачык декларацияланбайт. Бул максаттар эпостун подтекстинде көмүскө бугуп жаткандыгын

manas-discovery.kg


аңдап - түшүнүшүбүз керек. Чоң Казат кыргыздардын баскынчылык согушу болбогон. Бирок Чоң Казаттын түпкү мүдөөсү акыйкат болсо да, буга карабастан акыры бул жортуул кыргыздар үчүн да, кытай-калмактар үчүн да кыйроо менен аяктады.

Кытай илимпозу Лаң Йиң «Манас» эпосун бийик трагедия, трагедиялык чыгарма деп аныктап, мындай терең мазмундагы трагедиялык бийиктик дүйнөдөгү башка эпостордо чанда кездешерин белгилеп, «Манастын» өлбөй-өчпөй эл жүрөгүн толкундатып келе жатышынын тамыры ошол улуу трагедиялык мазмунда жатат деген жыйынтык чыгарат. (Караңыз: Кыргыздар, IV том, 230-бет).

Жогоруда Манастын «Чоң Казатынын» түпкү мүдөөсү эки элдин ортосунда тынчтыкты, калктар аралык бейпилчилдикти орнотуу болгон деп айтылды. Ушул мүдөөгө байланыштуу Ф.Энгельстин илгерки жоокердик доор жөнүндө төмөнкүдөй деп жазганы эске түшөт: «Системалуу түрдө талоончулукка айланган согуштардын доору, ал кезде согуш жана согушка камылга элдик турмуштун кадимки функцияларына айланган» (Маркс К. Энгельс Ф. Чыт., 4-том, 205-бет.). Бул жерде кеп бир өлкөдөгү же бир аймактагы абал жөнүндө эмес, кеп жалпы эле доордун, замандын абалы, мүнөзү ушундай экендиги жөнүндө болуп жатат. Согуш жана согушка камынуу элдик турмуштун кадимки функциясына айланып калса, анда мындай доордо элдер ортосунда «кой үстүндө торгой жумурткалаган» тынчтыкты орнотуу жөнүндөгү Манастын мүдөөсү жана кыялы реалдуу түрдө ишке ашышы мүмкүнбү? Бул жерде эч нерседен жалтанбаган жана өжөрлөнүп максат кууган шер Манастын субъективдүү эрки, каалоолору менен жоокердик доордо түзүлгөн. Ф.Энгельс жанагинтип таамай белгилеп отурган объективдүү шарттардын ортосундагы чечилгис карама-каршылык жатат.

Манас трагикалык каарман. Эл-жерди коргоонун, жеңишке жетишүүнүн, жоолашкан калктардын ортосунда тынчтыкты

manas-discovery.kg

орнотуунун зарылдыгы жөнүндөгү эр Манастын патриоттук, гуманисттик идеалдары менен ал идеал-тилектерди тынымсыз согуштардын доору болуп эсептелген жоокерчилик заманда ишке ашыруунун кыйынчылыгынын ортосундагы карама-каршылык акыры кайгылуу финалга-баатырдын өлүмүнө алып келди.

Трагедиянын күчү – өмүрдү өчүрүп өксөткөн кайгысында, жүрөктү мыкчыган муң-зарында гана эмес, трагедиянын күчү зилинде окурмандын жан дүйнөсүнүн терецине шоола чачкан оптимисттик духунда. Беттегенинен кайтпаган, жалтанбас, тайманбас **БҮРКҮТ** көктөн канатын куушуруп, октой учуп келип, жакшылыктын жолун тоскон асман тиреген гранит асканы боорго тебет. Асканын боору урап түшөт, бирок ал жыгылбайт, кулабайт. Мурдагы кебелбеген калыбында кала берет. Бүркүттүн өзү өлөт.

Анткен менен бүркүттүн жамандык менен күрөшүүдөгү жалтанбас каармандыгы, адилетсиздикке каршы бунту, багынбас духу, майтарылбас эрки, максат кууган көктүгү, чындык деп чыркыраган таза жан дүйнөсү, жалпынын бактысы үчүн жанын кыйган эрдиги тирүүлөрдүн алдында факел болуп жагылып, алар үчүн өлбөс-өчпөс өрнөк болуп кала берет. Трагедиялык чыгарманын гуманисттик маңызы дал ушунда. Трагедиянын көркөмдүк-эстетикалык кубаты - Адамдын жеңилбес рухуна жана ал рухтун караңгыны көзөп өткөн ак шооласынын өлбөс күчүнө ишенимди жаратkандыгында.

Ырас, Манас Атанын баатырдык трагедиялуу өлүмүнөн кийин жоокердик доордун бүтпөгөн согуштары, түгөнгүс чабыштары, кан төгүүлөрү кайрадан башталды. Доордун мындай согушчул катаал мүнөзүнүн айынан кыргыз эли кайрадан чабылып-чачылып, мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, кайрадан эркиндик үчүн кылымдарга созулган узак күрөштөрдүн азаптуу жолуна түштү. Бирок Манас атабыздын айласыз туюкту жарып өтүүгө умтулган героизми, бир кездеги чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган мекенчил каармандыгы, «кулаалы жыйып

manas-discovery.kg
куш кылган, курама жыйып журт кылган» эрдиги, калк аралык тынчтыкты орнотуу үчүн болгон күрөшү, адилеттүүлүк үчүн башын канжыгага байлаган арстандыгы жана шердиги урпактар үчүн ак жаркын үлгү, унутулгус таалим, айтып бүткүс тарых болуп жашап калды. Эркиндик үчүн, аман сакталып калуу үчүн болгон күрөштө трагикалык каарман - Манас Атанын өрнөгү ак калпак кыргыздын ич жактан шыктандыруучу күчүнө жана колдоочусуна айланды. «Манас» трагедиясынын күчү жана өлбөстүгү ушунда. **«Эпос ушундай финалына, жыйынтыгына карабастан, бийик гуманизм идеясын бекемдеген, адамды сүйүү, адамды баалоо, коом турмушунун эң бийик ыймандык нормасы экенин бекемдеген дүйнөлүк гениалдуу эпостун катарына кирет» (Ч.Айтматов).**

## 4

Акырында «Манас» трагедиясынын дагы бир философиясын айта өтөлү. «Чоң Казат» трагедиясы согуш-бул антигумандуу нерсе, ал калктардын ортосундагы тынчтыкты орнотуунун жолу эмес, элдердин ортосундагы мамилелерди тынчтык жолу менен жөнгө салуунун артыкчылыктуулугу жөнүндөгү даанышман логиканы астыртан адамзатка ишаралап турат. Мындай идея айрыкча «Манастын Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүндө даана көрүнөт. Ар жакта жашаган, ар түркүн тилде сүйлөгөн ар башка калктарды Каркырага чакырып, тынчтык мүнөздөгү спорт мелдештерин өткөрүп, ак дасторкондун үстүндө даам сызууга отургузган «Көкөтөйдүн ашы» - кыргыздардын түпкүлүгүндө баарлашууну, азыркы тил менен айтканда, калк аралык диалог дипломатиясын артык көргөн саясий философиясынын көрүнүшү. «Манастын» мындай залкар, глобалдуу идеясы бүгүнкү күндөгү цивилизациялардын, маданияттардын диалогу тууралсындагы саясий концепция менен үндөшүп тургандыгы менен кымбат жана баалуу. Мына ушинтип, «Манас» өзүнүн көтөрүп жүргөн философиясынын тереңдиги жагынан дүйнөлүк адабий классиканын бийиктигиндеги улуу трагедиялык дастан.

manas-discovery.kg


«Манас» эпосунун түпкү тереңинде жаткан согуштун жамандыгына каршы концепция «Акылдын кенчи Манаста» деп ырдаган атактуу кыргыз акыны Нурмолдонун чыгармачылыгында улантылгандыгын көрөбүз. Бул тирүүлүктө мыйзам ушундай: **«Таш аласың – таш урсаң, жаш аласың, жаш берсең, кыш берсең, кыш аларсың, ыш берсең, ышын аларсың»,** – деп насыяттайт Нурмолдо. Найза, кылыч керек эмес, дейт Нурмолдо, мунун аркасынан кийинки тукумуң азап тартып калат, иштин эң жакшысы бул – бөлөктөргө ырайымдуу, ак пейил, адал ниетте болуу. Ошондо «ыракатка канасың». Элдер арасындагы ошондой ак ниет мамилени бекемдей турган нерсе бул – тынччылык, бейпилчилик шарттагы соода. **«Андан көрө соода кыл, товарга товар аласың»** дейт философ акын. Нурмолдо мына ушундай товарга товар алган мамиле бөлөк дүйнө менен болгон алаканын мыйзамы болууга тийиш деген ишенимге бекиген. Ошондо зордук өзүнүн ордун жакшылыкка бошотуп берет. Манастын философиясын улаган Манастын урпагынын жалпы адамзаттык маанидеги үлкөн идеясы ушундай.

manas-discovery.kg


# XXIV. "МАНАСТАГЫ" ТАРБИЯ АКЫЛМАНДЫГЫ

## 1. Улуу мурастын бала, "туяк" жөнүндөгү философиясы

"Манас" эпосунун баш жагында Алтайдагы сан жылкылуу бай Жакып моминтип арман кылып турат:

Жаш күнүмдөн мал жыйдым,
Бала менен ишим жок,
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен.
Артында бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен.
Тутунарга туяк жок,
Тууганынан айрылган,
Журтта мендей чунак жок,
Карманарга туяк жок,
Канатынан айрылган,
Калкта мендей чунак жок.
Долоно саптуу айбалта,
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?
Бу тозуп жүргөн көп журтту,
Томсортпой муну ким баштайт?
Кара жаак айбалта,
Муну кайкалатпай ким аштайт?
Камоодо жүргөн калың журт,
Муну капа бир кылбай ким баштайт?

manas-discovery.kg

Жакшылап үңүлсөк, Жакып байдын арманын көркөм шөкөттөгөн бул эпикалык саптарда дегеле бала жөнүндөгү өзүнчө бир философия чөгүп жатат. Бул конкреттүү бир адамдын арманы болгону менен, ал арман аркылуу бүтүндөй бир доордун, жамааттын дүйного көз караашы чагылдырып турат.

Жакып өзү кырк миң жылкылуу бай. Бирок "Муңдук, Зарлыктагы" Жанчаркан жанагинтип "өзүмдөн перзент болбосо, хандык доорум курусун" деп айткандай, Жакып да артында бала жок болсо "чайнаганым май болгону" курусун, ошол өрүш толгон малыма, короо толгон коюма ээ болуп калар ("Кунаным жүрөт кур болуп, кууп минер балам жок, оболоп учкан ак шумкар, таптап салаар кишим жок") туягым болбосо, мендей жашаганы чала, канатсыз чунак кайда бар деп кайгы жеп турат. Жакып үчүн мураска ээ болуп калар тукум жок болсо, адамдын өмүрү маңызсыз. Байлыгыңдын да, бийлигиң да мааниси жок ("Акыретке бет алсам, алтын, күмүш пул калат, айдаган малга ээ болуп, алтайдан келген кул калат"). Туяксыз куу баш өткөн пенденин өмүрүнүн акыры "бузулуп калган калаа". Жакыптын түшүнүгүндө жарык дүйнөнүн ээси, туткасы – бала.

Кыргыз адамы үчүн бала деген нерсе баарынан мурда, мындайча айтканда, социалдык-правалык категория. Мына ошондуктан жогорудагы бай Жакып өзүнүн муң-зарында жөн гана эненин этегинен түшчү "кызыл этти" эмес, келечектеги моралдык жанды, кунанын кууп минээр, кушун таптап салаар тукумду, долоно саптуу айбалтаны аштаар, тозгон журтту томсортпой баштаар уулду тилеп отурбайбы.

Ушул духта Жусуп Баласагындын "Куттуу билиминде" да мындай накыл бар: "Эл ичинде бир макал бардыгы ырас, уулуна-ата абийири, ысмы мурас". Демек, кыргыз-түрк жамаатында уул туулунун өзү эне-атанын бийик иштерге болгон наказы катары түшүнүлгөн. Журттун кызыкчылыгына багытталган жамаатчыл ойлом кыргыз баласынын кан-жанына ушунчалык сиңген, атүгүл бешик терметип жаткан эне дагы перзентке моминтип ырдап турат:

manas-discovery.kg


Алдей-алдей ак бөпөм,
Ата-салтын уланткын,
Ардактап элиң кубанткын,
Баатыр болгун, эр болгун,
Кабылан болгун, шер болгун.

Дал ушундай «туякка» кеңири караган элдик философия Жакыптын да аң сезимине, кан-жанына астыртан сиңген. Ошондуктан баланын кайгысы жөнүндө ойлонуп жатып, ал аны менен кошо элдин көйгөйү тууралуу да тогус толгонуп турат. «Туяк» жөнүндө башына ой келсе, тууган эл жөнүндө ой да кошо келет. Жакыптын ички арман-зарынын тереңинде, эгер теңир боору ооруп, жакшылыгын берип, перзенттүү болсом, ал туяк-тукумум конушума гана кожоюн болбой, айбалтаны аштоочу, калың журтту баштоочу, мекенинен ажыраган шордуу элиме арка-бел болуучу эрен болсо атаганат, мен үчүн да, эл үчүн да төрөлсө гана деген тымызын тилек бугуп жатат. Атанын мына ушундай жалгыз Жакыпка гана эмес, жалпы жамаатка тирек болор туяк тууралуу тымызын тилеги, илгери үмүтү анын уктап жатып көргөн түшүнөн да туюлуп турат. Куубаш ата түшүндө «куйрук-башы жаркылдаган, куштан башка үнү бар, куудан аппак жүнү бар, чырымтал жүнү чылк алтын, тумшугу болот тунжурдай, текөөрү болот темирдей, тырмагы болот канжардай, асмандагы канаттуулар айбатынан учалбаган, жердеги аяктуулар жылып чыгып кача албаган» керемет бир кушту кармап алып, жибектен боо тагып, багып алат.

Бул түштөн перзенттен көзү каткан Жакыптын психологиясы айкын көрүнүп турат. Анын бала жөнүндөгү ички кусасы, болгондо да татыктуу тукум тууралуу эңсөөсү ушунчалык деңиз, ал кусалык, жалындаган үмүт-тилек түшүндө кубулуп, таңыркаткан каймана образга айланып, шумдуктуу куш түрүндө көрүнүп отурат. Бул фантастикалык куш – Жакыптын атанын да, журттун да кулуну, эпосто айтылгандай «ажыдаардай айбаттуу, арстандай кайраттуу» туяк жөнүндөгү эңсөө-тилегинин түштө «материализацияланышы».

manas-discovery.kg

Жыйынтыктап айтканда, демек, биздин түрк элдерибиздин маданиятында, анын ичинде улуу «Манас» эпосунда тукум, бала, «туяк» жөнүндө өзүнчө бир концепция берилген. Бай Жакып айткандай, «дүйнөнүн ээси – бала». Бала – жашоодогу уламалуулуктун, өмүр кербенинин символу. Адамзат көчүнүн кыймылынын, диалектикасынын символу. Бардыгы балага келип такалат. Бала жок болсо жашоо соолуйт, коомдун көчү токтойт. Ал эми үй бүлөдө «туяк» туулбаса жеке бир атанын тукуму үзүлөт, муундар учугу уланбай өксүйт. Бул – айтып бүткүс трагедия. Ошон үчүн тирүүлүктүн, жашоонун, өмүрдүн куну, куту – балада деп саналып отурат. Ал эми мындай куттан, кундан ажыроо коркунучу, алдыда турган бул өңдүү традегияны сезүү, туюнуу жамаатта Жакыптын армандай арманга алып келиши мыйзамченемдүү нерсе. Жакыптын арманы философиялык арман. Бүтүндөй бир концепцияны туйгузган арман. «Манаста» жарыкчылыкка төрөлгөн баланын, туяктын мааниси, дегеле коомдо адамдын өмүр-жашоосунун маңызы эмнеде деген социалдык – философиялык, моралдык суроо – маселе менен тыгыз байланышкан. Жакыптын арманы жана «Манастын» өзү жашоонун маңызы – адамдын өзүнөн жогору турган бир бийик элдик, гуманисттик мүдөө-идеяларга кызмат кылып күн көргөндүгүндө тургандыгын каңкуулап турат. «Манаста» баланын башынан кечире турган өмүр жашоосу дал ушул философиянын турнабайы аркылуу каралып, бийик адеп-ахлак таразасы менен өлчөнөт. Туулган «туяк» жер үстүндө кош аяктуу макулук, кыбыраган көрпенде болуп эмес, айланасына жакшылыктын жарыгын чачкан нурпенде болуп жашоого тийиш. Өз көмөчүнө күл тартып, кара башынын кызыкчылыгынан башканы билбеген Абыке, Көбөштөй, Көзкамандай пенде болуп жашоонун жамаат үчүн маңызы, куну жана куту жок. Көзкамандай, Көбөштөй «туяктын» «эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү» артык дейт, «Манастын» логикасы.

Мына ушинтип, «Манаста» перзент аттуу «биологиялык жан» эл-жер, мекен, салт, мамлекет, рух деген чоң түшүнүктөр

manas-discovery.kg
менен журулуштурулуп каралат. "Перзент энеден туулат, эл үчүн белин буунат". Эпостун "туяк", "бала" жөнүндөгү философиясы ушул элдик акылмандыктын нугунда турат.

Бүгүнкү жеке менчик институтуна сыйынган рынок заманында, турмушка коммерциялык-бухгалтериялык, пайдакечтик-эсепчил жана муздак технократиялык мамиле баш көтөрүп, эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, чындык, акыйкат, ыйман аттуу ыйык нерселер тебеленип, роботчо ойлонгон маңкурттар арбып, үлүлчөсүнөн "кабыгынын" ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, материалдык байлыктын культу өсүп, ун тапкан, пул тапкан балдар ардакталып, криминал "авторитеттер" барк күтүп, адеп-ахлак кризисинин арааны жүрүп турат. Эгерде ушундай бийик патриоттук мүдөөлөрдөн жана моралдык идеялдардан ажыраган, күнүмдүктү гана ойлогон, улуттук стратегиялык багыты жок, жеке кызыкчылыктарды туу кылган тукум-туяктардын өзүмчүл ойлому жана жүрүм-туруму мындан ары карай чек билбей өсө бере турган болсо, кыргыз мамлекетинин руханий пайдубалы бара-бара урап түшүшү мүмкүн. Мына ушундай опурталдуу кыйын шарттарда улуу "Манасыбыздын" улут жашоосу үчүн фундаменталдык мүнөзгө ээ мекенчил, жамаатчыл, ыймандуу бала, тукум-туяк туурасындагы философиясын биз кайрадан кабыл алып, Манас атасындай "эл үчүн белин буунган" мекенчил патриотту калыптандыруу мүдөөсүн үй-бүлөдөн тарта коомдук мекемеге чейин бекем тутунуп, таалим-тарбия ишин системалуу жүргүзүүнү колго алуу бүгүн аба менен суудай зарыл.

manas-discovery.kg

# 2. Акбалта менен Чыйырдынын тарбия даанышмандыгы

## а) Бала Манастын өзгөчөлүгү

Манастын бала катары өзгөчөлүгү – бул анын ашкере тентектиги. Анын адаттан тыш тентектиги эпосто мындай сүрөттөлөт:

Сегизге жашы келгенде,
Күйүп турган чок болду.
Мүлдө кыргыз ичинде,
Мындай тентек жок болду.

Манас өтө пассионардуу, кокүмүш алкакка сыйбаган бала. Бекеринен ал эпосто "күйүп турган чок болду" деп мүнөздөлүп жаткан жок. Чындыгында эле, Манас сырткы билек күчүнүн ашып-ташып тургандыгы менен гана эмес, ички жан болумушу жагынан да өрт болуп күйүп тургандыгы менен айырмаланат. Кандайдыр бир түшүнүксүз албуут күч ичинде удургуп, жан дүйнөсү негедир бороон-чапкынды эңсеп, түпкүрдөн булкунган туюк импульстар жанына тынчтык бербей баланы алдастатып жаткан жок деп кантип айта алабыз. Булчуңдарындагы табият берген тубаса күч-кубаты "көбүрүп-жабырып" ээликтирсе, экинчи жагынан ичинен удургуган күчтүү пассионардык энергия чабалактатып, бала Манас көп учурда өзүнө өзү ээ боло албай, "күр-шар" этип жарга урунуп, кайра артка октоорулган жапайы толкунга окшойт. Тереӊ карай келсек, Манастын баш бербеген тентектиги анын эссиздигинен же эркелигинен, же болбосо кандайдыр бир "криминалдык психикасынан" эмес, тескерисинче, кан тамырларында шакардай кайнаган, жан түпкүрүнөн тышты карай удургуп, октос берген албуут энергиядан улам токтоно албаган ички күчүнөн болуп жаткандыгын байкайбыз. Бала Манас мунусун өзү да билбейт. Ичтеги "буркулдап кайнаган" күчтү, буулугуп-булкунган азоо

manas-discovery.kg


кубатты, "күйүп турган чокту" "жүгөндөөгө" алы келбей, "бөрү кулак, жолборс төш" жаш бала көп учурда патриархалдык-көчмөндүк чөйрөнүн чийип койгон чийиндеринен чыгып ("Мазарды көрсө кыйыптыр, дубана көрсө уруптур"), илгертен салтка айланган нормалардын жана эрежелердин нугунда жашаганга көнгөн катардагы көрпенделердин ушак-айыңынын предметине айланып кетип жатат ("Бай Жакыптын бул уулу, бир балакет кылат деп, калайык ушак кылыптыр").

Ушундай жагдайда Манастын тарбиячыларынын алдында чоң түйшүк келип чыккандыгын түшүнүү кыйын эмес. Бирок, Манастын тарбиячыларынын ичинде бейбаш чыккан алп балага сщйщнщч менен караган бир адам бар. Ал - Акбалта.

Акбалта душмандардын карасанатайлыгынан эл-жеринен ажырап, бири Алтайга, бири каңгайга куулуп, туш-тушка чачырап кеткен бир боор калкынын кщйтщн ойлогондо, ичкени ирим, жегени желим болуп ичинен кан өтүп, кыргыз кайрадан жыйналып, Ата конушуна ээ болоор, боштондукка жетээр күн бар бекен дегенде ак эткенден так этип, бул үмүт-тилек күндүзү оюнан, түндөсү түшүнөн кетпей, азаптуу атуулдук арман менен жашаган адам. (**Акбалта сөзү бул экен: «Кечээ кылчайганды кырганда, чамгарагын талкалап, кара калмак киргенде, каяшаяк бергендин, куйкасын бөлө тилгенде, мына ошондо өлгөнбүз, бул душмандын кордугун, так эки миң жолу көргөнбүз, артыңа колуң байланып, бери карай айдалып, чыккан күнү өлгөнбүз, өлгөн эмей эмне, өңгүрөп өксөп жүргөнбүз»**). Акбалта Ата журтунан ажырап, чоочун бирөөлөргө күнкор, кул болуп калууну ушинтип өлүмгө тете иш катары санап, кайгыда жүрөт. Мына ушундай шартта Жакыптын үй-бүлөсүндө алп мүнөздүү, пил мүчөлүү, «көрүнгөндү жуткудай, ажыдаар болсо туткудай» бөлөкчө түрү бар баланын төрөлүшүнөн Акбалта өзүнүн көрөгөч туюму менен кыргыз эли үчүн кандайдыр бир бөтөнчө жакшылык жышаандын келгендигинин белгисин сезип, жайытта жүргөн Жакыпка чаап жетип: «карыганда байбиче, кабылан тапты

manas-discovery.kg


сүйүнчү! Жоголоордо байбиче жолборс тапты сүйүнчү!», деп барбаландап, терисине батпайт. Ушул бала аман-эсен чоңойсо агарып таңыбыз атабы, жаркырап күнүбүз чыгабы деген үмүтү тутанып, Акбалта «киндик кесип, кир жууган, жерди табат экенбиз, паана берип жараткан, элди табат экенбиз» деп чечекейи чеч болот. Ушундан улам Акбалта мындай «ажыдаар болсо туткудай» баланы алды жакта күтүп турган калайык-калктын боштондугунун улуу мүдөөсүнүн, күрөшүнүн урматы үчүн «билбегенин билгизип, туйбаганын туйгузуп», астыртан асырап-сактап тарбиялоо жөнүндөгү чечимге бекийт. Акбалтанын бала Манаска оптимизм менен карап тургандыгынын бир орчундуу мотиви ушундай.

## б) АКЫЛМАН АКБАЛТА АЛТАЙДА “КАБЫЛАНДЫ” КАНДАЙЧА ТАПТАГАН?

Акбалта деген ким? Алтайдагы кыргыздардын руханий лидери, бай Жакыптын үй-бүлө досу. Акбалтанын эпосто кандайча мүнөздөлгөнүнө көңүл буралы: «Абакең Балта ак жолтой, сүйлөгөнү жарыя, калың кыргыз ичинде, кадыры бийик карыя, билбегенди билгизген, билимдүү экен Акбалта, туйбаганды туйгузган туйгун экен Акбалта». Манас жанына кыргыздын кырк баласын жыйнап алып, калмак-кытай, манжуунун 80 баласына уруш салып, төбөлөрүн кандап, аларды аёосуз токмоктоп, тополоңун тоз кылып, айылын карай кууп, ээ-жаа бербей калайман салганда Жакыптын чыдамы түгөнүп, ачуусу чегинен чыгат. Манасты кармап алып, буурадай зиркилдеп, тилинен заар чачып, «бу тентектигиңди койбосоң, түбүмө жетесиң» деп, буркан-шаркан түшөт. А түгүл күйүтүнө чыдабай туталанып, кадимкидей ыйлап («кайгыланып бай Жакып, үйүнө барып ыйлады»): «Бу баланды тый, катын», - деп байбичесине каарданып опурулат. Тентектигине териси тырышып, баласына ар качан «капаланып түктүйүп, каарын төгүп үксүйүп» турган Жакыптан айырмаланып, Акбалта

manas-discovery.kg


Манаска жаркын маанай менен карайт.

Маселен, ал баланы «кабылан» деп агап отурат. Бул ал үчүн жөнөкөй гана көркөм эпитет эмес. Бала Манас Акбалта үчүн чынында эле адамдын кабыланы. Ал эми кабыланга күчүк кезинен тумшугуна кемээч салып, төрт бутуна чынжыр байлап, темир торго камап баккан мамиле жарашабы? Кабылан эркин болгондо гана кабылан болуп өсүп, өзүнүн атын актай алат. Акбалта Манасты тарбиялоо процессинде балага түшүнө билүүнүн жогорку өрнөгүн көрсөтөт. Баланын ченемсиз тентектигинин, «чоң жиндилигинин» анын тышкы дагы ички дагы теңир тартуулаган кабыландыкындай, арстандыкындай ашып-ташкан укмуштуу күчүнөн чыгып жаткандыгын терең туюнуп, Манастын жүрүм-турумуна эсепчил Жакыптын тартипти талап кылган бухгальтериясынын турнабайы аркылуу кароого болбостугун айкын-ачык сезип турат. Акылман карыя Манасты өзүнө өзүн таандык кылып, жайына койгондо гана, анын ички кудурет-таланты тоскоолдуксуз гүлдөй жайнап ачыларына жана кулунчакты улам жазалап, улам тизгинин кага берүү бала арстандын жан дүйнөсүн туттуктуруп, мизин кайтарып, кызарып ысып турган болот темирди муздак сууга малгандай шаабайын суутуп, ийрин жандырып, кайра чыр, чыргоо тентекке айланышына алып келерине өзүнүн сергек педагогикалык интуициясы аркылуу көзү жетип турат. Ошондуктан Акбалта **«Бул тентек Манас баланы, кыргыз бүткөн чогулуп, эркелетип көрөлү»** деп Жакыпка кайрылып, жаш Манас кандай болсо, дал ошондой кабыл алып, аны эркин өстүрүү идеясын жактырып отурат.Жактырып гана жөн болбой, бул ойду жүзөгө ашырууда активдүү позицияны ээлеп, баланы жазалап жабыркатып, жинкинин кууратуудан коргоп, «эркек бала шок болсун, мал багар уул болгончо, бар болгончо жок болсун», деп Жакыпка насыятын айтып, уулунун тентектигине сабырдуу кароого, өсүп бараткан чүрпөнү өксүтө турган катаалдыкка баруудан сак болууга чакырып, «туягынын» келечегине кең акыл менен кароого үндөйт.Кээде Жакыпты «жылкың менен жерге

manas-discovery.kg
кир, балам малды чачаар деп, азыр болдуң макулук» деп тилдеп, Манастын шер бала экендигине, эселек эсен болсо, элине өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк болоруна ишендирип, ачуулуу атаны жоошутуп, кайраттандырып, ойлондуруп (**«Малга ишенген оңобу, малың бала болобу? Абайлап Жакып кебимди ук, аталаш кыргыз эл кайда? Бизге белге таңуу уул ушул, Жакып, сенин чачылганың жыйналат, үзүлгөнүң уланат. Байкасаң бизге шер келди, ойлоп корсоң сен Жакып, бизге бир жакшылык тиер күн келди. Ок өтпос тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы»**), жаш «туйгундун» эркин «чабыттап», жетилиши үчүн элеп-желеп болуп мээнет кылат. **«Маңдайда баргек тынарым, балбылдап күйгөн чырагым!»**, деп Акбалта Манасты оз баласынан артык көрөт. Патриот карыя үчүн Манас – кыргыз элинин үмүтү. Манас - калк азаттыгына бир келген кайталангыс мүмкүнчүлүк. Бул үмүттү өчүрүүгө, бул мүмкүнчүлүктү өткөрүп жиберүүгө түк акыбыз жок деген терең ишенимде. Калкынын мекенинен ажырап, кулчулукта калышын өлүмгө тете иш катары санап келген Акбалта (**«Артыңа колуң байланып, бери карай айдалып, чыккан күнү өлгонбуз, олгон эмей эмне, оңгүроп өксоп жүргөнбүз»**) Манастын өмүрүн элдин мындан аркы өмүрү катары эсептеп, **«ушул Манас бала үчүн, ажал жетсе ололу»**, деп тобокелге салып, жаш «кабылан» үчүн – боштондуктун үмүтү үчүн тикесинен тик турат.

Акбалта балага карата өзүнүн тарбиячы катары мамилесин Манасты алдыда турган элдик боштондук күрөшкө даярдоо максатынан чыгып аныктайт. Акбалтанын кармаган тарбия туткасы – бул Манасты **эркин тарбиялоо философиясы**. Экинчи жагынан Акбалта мындай тарбия оңутун алууда бала Манастын өзүнүн сейрек кездешкен кайталангыс жекече өзгөчөлүгүнөн чыкпай койбогон.

Ошол кырдаалда өз элинин теңчилигин, азаттыгын талашып, калмак-кытайдын каардуу, кубаттуу империясы менен «азуулашууга» бир жагынан караңгыда көз тапкан гениалдуу,

manas-discovery.kg


экинчи жагынан эч нерседен тайманбаган, «ажыдаар болсо туткудай, айбаты катуу, заары күч», кара башын тобокелге салган, өлөр-тирилерине карабай, түз качырып кол салган какжал шер гана жарай алат эле. Ошондой эрди Акбалта «куйүп турган чок болуп, мүлдө кыргыз ичинде, кара кытай, манжууда мындай тентек жок болуп» чыккан бай Жакыптын «Чоң жиндисинен» көрүп турат. (12-жаштагы Манастын калмактын Канжарколун жана кыргызды кыйратам деп келген Кочку баатырын тайманбай талкалагандыгын эске түшүрөлү). Ошондуктан Акбалта Манастын эркин ёсщп кандан-бектен кайра тартпас, жалтанбас баатыр болуп чоңоюшуна өзгөчө куштар.

Акбалта бала Манастын тулкусундагы азоо күч-кубат бара, бара акыл менен айкалышарына ишенет. Анын **«бул тентек бала оңолот»** деп Жакыпка айтканы бекеринен эмес. Маселен, Манас сегиз жашында «кыргыз» деп ураан чакырып, өздөрү келип катылган кара кытай, манжуунун жандагы, 80 баласына өйдөкүчылап ылаачындай тийип, кол салат. («Ушинтип Манас бакырып, кыргыздап ураан чакырып»). Каргадайынан «кыргыз» деп ураан чакырып чыгып жатканынан эле, анын улуулардын тарых жагдайынан берген таалиминин маани жайын чапчаң кабылдагандыгы, бала болсо да өзүн өз элинин мүчөсү катары аңдоого үлгүргөндүгү, демек, тентек Манас дээринде чоң зээнге, ажайып акыл жөндөмүнө ээ экендиги, бара бара ёзщн ёзщ эстщщлщцктщн нугунда жёнгё салууга жёндёмдщщ экендиги айкындалып турат. Тарбиячы Акбалта Манастын жаратылышы, акылы башкача түзүлгөндүгүн таанып, анын балалык өзгөчөлүгүн чын жүрөгүнөн урматтап, Жакыптын уулунун тентектигине даанышмандык бийиктиктен кечиримдүүлүк менен, мурутунан жылмаюу менен карады. Акбалта аксакал Манасты тарбиялоо процессинде балага түшүнө билүүнүн жогорку өрнөгүн көрсөтөт.

Энесинен ажайып төрөлгөн баланын жалындаган табиятын зордобой, балалыгын кордобой эркин өстүрүүнүн камын күн-түндөп көрдү. Акбалта тарбиячыны таанып үчүн

manas-discovery.kg
ыр саптардын ары тереңинде жаткан подтексттердин ишарасын сезе билүү кажет. Акбалтанын мындай гуманисттик акылман педагогикасы терең урматтоого жана өрнөк алууга татыктуу.

## в) ЧЫЙЫРДЫ ЭНЕ "КАРА АЛА БАРЧЫНДЫН" КАНАТЫН КАНТИП ЖЕТИЛТКЕН?

Чыйырды эне менен Акбалта карыя өздөрүнүн жан түзүлүшү жана баш түзүлүшү жагынан башкача адамдар.

Акбалтанын күч – аракетин, ой пикирин демилгесин, алысты чапчыган акыл - эсин Чыйырды эне коштойт жана колдойт.

Эпосто бала, тукум, «туяк» деген нерсе эл-жер, мекен, журт алдындагы парз деген чоң түшүнүктөр менен жуурулуштурулуп каралат. «Манас» дастанынын гана эмес, изилдей келсек, дегеле кыргыз элинин инсан концепциясы кыргыз акылмандыгынын «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Элинен безген эр оңбос, көлүнөн безген каз оңбос», «Элден безген эр эмес», «Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген өңдүү жашоо тажрыйбасынан жаралып, кылымдардын кыйырын баскан философиясынан агып чыгат. Көчмөндүк жамааттын чордонунда туулуп-өскөн, аны менен каны-жаны бир Чыйырды да, терең байкасак, кенедей кезинен дал ушундай көз караш, рух салтында тарбияланган. Чыйырды эне баласы Манаска мына ушундай өзүнүн канына кичинесинен сиңип калган рух көз караш дөөлөтүнүн жетегинде карайт. Анын баласына мээримин төгүп: **«сөзү таттуу балдайым, сөөлөтү сонун айдайым, эрик үчүн, эл үчүн, ылаачындай талбагын, көк жал Манас сени мен, күрөш үчүн атадым»** деп огурганы бекер жерден чыгып жаткан жок. Ушул жерден улуу педагог А.С.Макаренконун «эгерде алдыда көздөлгөн максатты ачык-айкын түшүнүп туюнуу болбосо, анда эч кандай тарбия ишмердиги мүмкүн эмес» деген оюо эске келет. Чыйырды эне өзүнүн колундагы чүрпөсүн тарбиялоонун максатын ачык-айкын

manas-discovery.kg


түшүнөт (**«Көк жал Манас сени мен, күрөш үчүн атадым»).** Чыйырды эненин тарбиячылык мүдөөсү – уулун калк үчүн, эл үчүн өстүрүү. Бул патриоттук тарбия максаты кыргыз эли туш болгон азыркы кыйын кырдаалдан улам өтө курчуган. Кытай, калмактын кызылдай кыйноосун өз көзү менен көрүп, башынан өткөрүп ичинен эрдин кесе тиштеп турган Чыйырды, ар кай жерде андаалап калган кыргыздын кайрадан тирилип баш кошуу, көз карандылыктан кутулуу муктаждыгын, кулчулуктун курутуучу шартында бир тууган калкынын жоголуп кетүү коркунучун Акбалта сыяктуу эле абыдан курч сезип, кылдат туюп, бирок эркүүлүккө, боштондукка кантип жетиштин амалын таппай, тымызын ичинен сыздап, туюктан жылчык издеп турган патриот, кеменгер аялдардын бири эле. Ошондой жагдайда капысынан боюна бүтүп, эркек бала төрөгөндө, перзентинин эмчегин кан чыгара соргонунан эле Чыйырды өзүнүн энелик жүрөгү менен абышкасы экөөнүн бактысы үчүн да, калкынын жакшылыгы үчүн да бир шер келгенин туюп, үмүтү дүрт этип жанып («баласын алып болукшуп, байбичеси толукшуп, олтурган экен сүйүнүп»), кучактап отурган кулунун айбалтаны акташ үчүн, азган журтту башташ үчүн торолтуу, чоңойтуу жөнүндөгү улуу максатты ичинен көңүлүнө түйүнчүктөй түйгөн. Чыйырды алп баласынын бёлёкчёлщгщн, өзүнчөлүгүн көрүп турат. Кичинесинен бозүйдүн ичине туурга отургузулуп, томого кийгизилип багылган, тапталган бүркүттүн балапаны чыныгы бүркүт боло алабы? Томого ар дайым тоскоолдук кылып, кендирди кесип турар. Баласы Манас Чыйырды үчүн – бүркүт. Эне кулунун: **«Калкайган тоого токтобос, кара ала барчын Манасым!»** - деп эркелетип жатпайбы. Манас – кара ала барчынды, бүркүттү эркин коё берүү керек. Чыйырдынын кызыл чок болуп күйүп турган өрт баланын жаратылышына жараштыра тапкан тарбия амалы ушундай. Бул жагынан Чыйырды Акбалта менен пикирлеш, максатташ, тилектеш. Ошон үчүн Чыйырды Акбалта менен бирдикте Манасты ар дайым ар кандай өчүрүп-өксүтүүчү, кемирип кесүүчү тартип чараларынан, тарбия «томоголорунан» коргоп, канаттуунун

manas-discovery.kg

кагуусунан, тумшуктуунун чокушунан, туяктуунун тебишинен сактап, «Кара ала барчындын» эркиндигине кымбат мүлк катары карап турат. Ал Манастын тентектиги түпкүлүгүндө «телибайдын тентектиги» эмес экендигин, ичтеги жанар тоодой күчтүн булкунуп, баланы чайпалтып, нугунан чыгарып жаткандыгын жакшы түшүнөт. Ал жакыпчылап уулунун тентектигинен трагедия жасабайт. «Бул баланды тый катын» дегенине моюн толгоп, кайра Жакыпка: **«уулум тентек чыкты деп, абышкам, мынча муңайба, кайгырбагын малыңа, кайрат бергин балаңа, аман болсо Манасың, атамдан калган мурас деп, Кең-Кол, Талас жер табат, айланып кыргыз эл табат»**, - деп жубайлык акыл-кеңешин айтып, «кара ала барчындын» канатын кайыруунун ордуна, кайра ага кайрат берүүгө чалын шыктандыруунун аракетин кылат. «Тентек уулу Манасы, тегеле көзүнө жаман көрүнүп» турган атасын болочокту көрө билүүгө чакырат. Кээде Жакып уулуң «кайнатмак болду шорумду, чечтирмек болду тонумду», деп жер тепкилеп бейжайланганда, Чыйырды «оорсуп калган экенсиң, сен эми өлгөндө көргөн баланды», деп абышкасына булкулдап («бөдөнөдөй кайран көз, бөлөк-бөлөк жаш кетти, карагаттай кайран көз, камчы боюу жаш кетти»), тентек Манасты көз жашы менен да коргоп чыгат. Чыйырды эне Бектур Исаков жазгандай «баланы суу жүрөк, коркок, жалтак кылып, жүрөгүн түшүрүп, мээсин чагып өстүрүүдөн, момун жоош кылып тарбиялоодон» аябай чочуп турат. Анын акылман натурасы мындай «педагогикага» түп тамырынан жат. Ал Акбалта сыяктуу эле эл-жерин душмандардан коргой турган «эркек бала шок болсун, мал багар уул болгончо, бар болгончо жок болсун» деген ишенимде.

Анткени менен акылдуу эне баланын оюу менен болуп, баш көзсүз ээн-жайкын коюунун өзү, бир жагынан аны акыры «башы жок бака, көзү жок көгөн» кылып, тентектиктин бара, бара терс жүрүм-турумга өсүп чыгышына алып келүү мүмкүндүгүн ичинен ойлоп, санаа чекпей койгон жок. Эненин кээде «уулуң тентек чыгыптыр, эми эмне айла кылабыз?! – деп тынчсызданганы бекеринен эмес. Бирок Чыйырды Акбалта карыя өңдүү эле

manas-discovery.kg


ажайып төрөлгөн баласынын адаттан тыш зээндүүлүгүнө, дээриндеги оргуштаган акыл-эс көрөнгөсүнө ичинен эсеп кылат жана акырындап элдик эрежелердин жолунда Манастын өзүн өзү жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнө щмщт этет. Бул үчүн баланы ээн жайкын эле коюп, ошо менен эле чектелбей, ага акыл-эстүү нукта багыт берүүнүн керекчилигин да байбиче сезип турат. Бирок Чыйырдынын педагогикалык акылмандуулугу ушунда, ал ошол адамдын адам болушуна көмөк бере турган тарбиялык багыттардын күчтөп таңууланбай кургак сөз түрүндө, же болбосо тышкы катуу талап кейпинде тартууланбай, суу билинбей тамырга сиңип, чөптү өстүргөн сыяктуу балага табигый жетишинин артыкчылыгын көкүрөк-көөдөнү менен туюп турат. Маселен, Чыйырды уулун кагып-силкип маңдайына күчтөп отургузуп, мына мобуну ук деп буюрбай эле, оокат-тиричилигин кылып атып эле, тентегине бир кезде кыргыз ичинде Манас деген бала төрөлөт деген төлгөчүлөрдүн божомолуна ишенип, кытайлардын кыргыз аялдарынын ичин жарып, жатындан кызыл эт балдарды алып, тышка ыргытышкандыгын божурап кеп салып берет. Бул коркунучтуу аңгеме акылы туткак, сезимтал баланын аң сезимине жана жан дүйнөсүнө катуу таасир берип, Манаста аёо дегенди билбеген таш жүрөк мыкаачылыкка карата антипатияны өзүнөн өзү эле жаратып таштайт. Он эки жашар Манастын «күрдөөлдүү башым барында, күлүгүм кантип берейин, күчөгөн экен бул калмак, мен бир күрпүлдөшүп көрөйүн» деген чечимге келип жатышын мына ушундай зордукчул жол менен эмес, астыртан тартууланган таалим-тарбиянын түшүмү десек болот. Чыйырдынын тарбиясынын күчү - анын эң оболу Манастын акыл-эсин, намысын ойготуп, уятын козгоп, аларга дем, шык берүү аркылуу тентекти тетик кылууга эсептелгендигинде. Энеси дайыма баласын көтөрмөлөп **«кайраты ашкан жолборссуң, кайнап турган бозосуң»** деген сыяктуу сөздөрдү айтып, кайрат берип, ага психологиялык жагымдуу маанай тартуулап турат. Чыйырды үчүн уулу Манастын бирөөлөрдүн тыштан түрткүлөөсү менен жүрүп-турганы эмес, өз эс-акылы менен өзүн-өзү тескеп,

manas-discovery.kg
өзүн-өзү адам кылууга далалаттанганы кымбат сыяктуу. Манастын апасынын мына ушундай тарбиячылык өзгөчө касиетин байкап, эл мугалими Бектур Исаков ал жөнүндө төмөндөгүдөй деп туура жазган: «Кыргыз педагогикасынын кан жолун баштоочу каарман – Чыйырды. Чыйырды - улутубуздун өз кыртышында жаралган, элдик педагогиканын туусун көкөлөтө көтөргөн инсан. Ошол эле учурда аны кыргыз педагогикасынын Умай энеси деп баалоо да аша чапкандык болбойт».

Жыйынтыктаганда, Чыйырды менен Акбалтанын мээримдүү жана зордукчул эмес (ненасилие) тарбия акылмандыгы, башкача айтканда, экөөнүн баланын кайталангыс жаратылышын кылдат түшүнүп турган жана аны эркин өстүрүүнүн зарылдыгын сергек туюна билген көрөгөчтүгү Манастын инсан жана баатыр катары калыптанышында орчундуу роль ойногондугу көрүнөт. Чыйырды энени тубаса акылман элдик педагог десек жаңылышпайбыз. Алтай жергесинен калмак-манжуунун каардуу Кочку баатырын жеңген жаш Манасты өз көзү менен көргөн кытайдын Тагылык аттуу тыңчысы Бээжиндеги падышасына кыргыздын жаш баатырынын көрүнүшүн төмөндөгүчө сүрөттөп берет:

«Улук экен, шер экен,
Уйпаланган буруттун,
Уулу Манас эр экен.
Манастын түрүн карасаң,
Кынсыз кылыч байланган,
Кайра жаачу булуттай,
Каар жүзүнө айланган.
Мунун жүргөнүнөн чаң чыгат,
Добушунан жан чыгат».

Эгерде кокус Акбалта менен Чыйырды да Жакып менен бир ой-пикирде болуп, туш-тушунан тыйып, чогулуп кысмакка ала беришсе, балким бала Манастын да ичинде алоолоп күйүп турган жалыны өчүп, ал жүрө-жүрө бууранынкындай булчуң күчүнө карабай калмактан жалтанчаак, кытайдан коркончоок,

manas-discovery.kg
атасы сыяктуу сагызгандай сак, эсепчил, стандарттуу жан болуп калат беле. Бирок тилекке жараша, Акбалта менен Чыйырдынын акылман акыл-эсине жана жан- жаратылышына, дагы айталы, мындай тарбия усулу жат болучу.

Манастын эмелеки Тагылык сүрөттөгөндөй жалтанбаган түрү жана «жүргөнүнөн чаң чыккан, добушунан жан чыккан» мүнөзү Чыйырды менен Акбалтанын баланын жалындап күйгөн жан болумушун жабыр тарттырбаган, тентектигин тебелеп-тепсебей, астыртан акыл-эсин бүчүрлөнткөн, «кабыланды» кабылан бойдон бщркщттщ бщркщт бойдон өстүргөн гумандуу эркин тарбиясынын натыйжасы. Алар баланын ичиндеги отун өчүрмөк тургай, кайра факель сыяктуу алоолонтуп жандырышкан экен.

Айтмакчы, Акбалта менен Чыйырдынын таалимчинин үлгүсү дүйнөлүк гуманисттик педагогиканын улуу идеяларын эске түшүрүүгө түртпөй койбойт. Илгерки Европалык залкар педагог-ойчулдар таалим-тарбия ишиндеги казенщинага, колу-буттуу кенен сундурбаган ар кандай директивалык көрсөтмөлөргө, чүрпөнү чүнчүтүп, кысмакка алган авторитардык-рецептуралык педагогикага дайыма каршы чыгышып, кичинекей адамдын МЕНин урматтоону, баланы балалыгынан ажыратпоону, баланын бала болууга укугун моюнга алууну, анын табияты менен эсептешип, ага мүмкүн болушунча көбүрөөк эркиндик берип тарбиялоону насыятташып, жеткинчектин тула-боюнда бугуп жаткан мүмкүнчүлүктөрдүн «канат-бутагын» кенен жайып ачылышына шарт түзүүнүн зарылдыгын тастыктап келишкен. Улуу ойчулдарга таазим кылып жатып, башыбызга момундай бир ой келет. Идея туптуура жана улуу. Бирок ушундай улуу гуманисттик педагогикалык философия жалаң эле Европанын табылгасы беле? Биздин оюбузча жок. Мындай педагогикалык гуманизмдин түпкү тамыры батыш менен чыгыштын элдик педагогикасында жатат дээр элек. Акбалта менен Чыйырдынын эркин тарбия философиясы гумандуу педагогиканын башаты алда качан эле «Манастан» башталгандыгын күбөлөйт.

manas-discovery.kg

# 3. АКЫЛ ТАРБИЯСЫ. ЭРТЕЛЕП ОЙЛОНГОН, ЭРТЕҢКИСИНЕ ОЙГОНГОН БАЛА БААТЫР

Немистин улуу ойчулу Гётенин **"Ойлонуу, ой жүгүртүү – бул эң татаал эмгек"** деген сөзү бар. Ал эми В.А.Сухомлинскийдин "Айрым тарбиячылардын эмгекке, эмгек тарбиясына примитивдүү карашкандыгы таңгалдырат. Кээ бирөөлөр адам колуна күрөк-кетменди же шыпыргыны алган жерден эмгек башталат деп ойлошот. Эмгек деген – бул күрөк же соко гана эмес, ал – ойлонуу-толгонуу, акыл жүгүртүү дагы (В.А.Сухомлинский. Как воспитать настоящего человека – Москва, Наука, 1990, 97-бет) деген сөзүн да эске түшүргөнүбүз ылайык. Ушул ойлорду ээрчий айтсак, кыргыздын элдик педагогикасы да баланын жаштайынан ойлонуусуна, толгонуусуна, ой жүгүртүүсүнө назар буруп, кулунчактын сергек, зирек, жөнтөк, акыл жагынан тетик болушун көңүл чордонунда кармаган. Маселен, "Манас" эпосунда жана айтылгандай, педагогикалык куштун бала жак канаты абдан активдүү.

Эпостун сюжетинен жана көркөм тексттеринен Манастын акыл-эси бала күнүнөн тартып өмүрүнүн акырына чейин тынымсыз изденүүдө, ар дайым бийик чыңалуу абалында болгондугу айкын туюлуп турат. Кыргызды бир кезде кыргынга учураткан, азыр болсо Анжиянда тактыда отурган кытайлык Алоокеге каршы аттанардын алдында Манастын абал-жагдайы бул: **"Жаны калбай аянып, жатпай чыкты үч күнү, жалаң кылыч таянып, чыканак жерге салбады, чырм этип уйку албады".** Мына ушинтип, Манас кылычын таянып, үч күн, үч түн уктабай тирмийип ойлонуп, башын катырып, саргарып санаа чегип, тогуз толгонуп, өзүн өзү кыйноого салган. Бала Манас эпосто "Пендеден артык туулган", "баш териси, туруаты

manas-discovery.kg
башка" делип мүнөздөлөт. Ошол табиятынан өзгөчө артык жаралган, "турпаты башка", оргуштаган акыл жөндөмү менен Манас кулунчак кезинен эле алдыга суроо коюп, собол таштап, жооп издөөгө, жашоо-турмуш маселелерин талдап-талкуулоого ык алып, тарбиячылардын берген багытын чап кармап, зарыл коомдук-турмуштук түшүнүктөрдү бат кабылдап, тез түшүнүп, тереңдеги себептерди, тамырларды аңтарганга, алысты чапчып акыл тегеретиенге адат алган. Бекеринен **"Хан Жакып айтып болгону, кайышып бала толгонду"** делип эпосто айтылып жаткан жок. **"Ай, атаке, деп айтат, абалында кол салып, сизди келип камалап, урган калмак турбайбы".** Кулунчак Манастын оозунан чыккан ушул сөздөр, койгон суроосу, атасынын айткан тарых сабактарын анын жөн гана пассивдүү кабылдап отурбагандыгын, тескерисинче, ынтаалуу, активдүү кабылдагандыгын, жаш Манастын баш мээси кыймылдап, ичинде ойлонуу, толгонуу түйшүгү жүрүп, тарбиялануучуда субъективдүүлүктүн өсүш алып жаткандыгын астыртан күбөлөп берет. Бала Манас калмак-кытайды **"зордукчу"** деп аныктайт. Мунун өзү Манастын акылында талдоо, баа берүү, этикалык ой толгоо процесстеринин жүрүп жаткандыгынын айгинеси. **"Калмактан коркуп калтырап, кытайдан коркуп кылтылдап, жүрсөм кудай урбайбы"** деген сөздөрүнөн Манастын жигиттик, патриоттук ар-намыс сыяктуу чоң түшүнүктөрдүн айланасында талыкпай ой чуркатып отуруп, баскынчы душманга каршы жалтанбай күрөшүү жөнүндөгү чечимге бекигендиги ачыкка чыгып турат. Ал эми **"куу дүйнөнүн түбүнө, куусаң кантип жетесиң"** деген сөздөр акылгөй жаш баатырдын күн тартибинде турган патриоттук маселелер жөнүндө гана эмес, бу тирүүлүктүн дайымкы, түбөлүктүү көйгөйлөрү тууралуу да далай жолу ойго чөмүлүп, акыл азабын тарткандыгын байкатып жатат. Бул дүйнөнү **"куу дүйнө"** деп атаганы Манастын философчосунан да ойлонуп-толгонгондугуна айгак болот.

manas-discovery.kg

Тарбия ишинде тарбиялануучунун тарбиячынын айтканын айткандай, дегенин дегендей шектенбей кабыл алып, автомат сыяктуу эске сактап, кайра аны кандай үйрөтсө, ошондой кылып кайталоосу маанилүү эмес, тескерисинче, дагы айталы, тарбиялануучунун өзүнүн мээси менен ойлонуп, башын катырып, өз акыл мээнети менен аракеттенгени эң маанилүү, эң баалуу. Улуу педагог Лев Толстой минтип сүйлөп турат: **“ Знания только тогда знания, когда они добываются усилиями собственной мысли, а не памятью”.** Тарбиячынын насааттап үйрөтүп жаткан нерселерин тарбиялануучу өз ой «тегирменине» салып, акыл «жаргылчагына» тартып, жүрөгүнөн өткөрүп түшүнүп-туюнганы аба менен суудай зарыл. Инсан -личность ушундай жол менен түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, Манастын аң-сезиминде жана рухунда тынчтык, мағдыроо деген болгон эмес. **“Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич”** деген макалды эске түшүрөлү. Бул жерде акылдуунун айтканын жөн эле үйрөнбөй, **ич** деп жатат. “Ич” деген каймана сөздүн мааниси акылмандын насыятын өз тажрыйбаң менен текшерип, жүрөгүңдөн өткөрүп, өз акыл “тегирмениңе” салып, менчик мүлкүңө айландыр, ошондо осуят сүт ичкендей болуп рухуңа сиңет, жүрөк-жүлүнүңө жетет деген логиканы билдирет. Манас өзүнүн Жакып, Чыйырды, Акбалта, Ошпур сыяктуу алгачкы тарбиячыларынын ойготкон, багыттаган, жол көрсөткөн кеп-сөздөрүн, өрнөктөрүн, мисалдарын өз акыл “жаргылчагына” тартып, “ичип”, рухуна, аң сезимине сиңирген. Кошой, Бакай өңдүү устаттарынын берген акыл “дандарын” өз “тиши” менен “чайнап” аш кылып отурган. Манас ушундай жол менен Манас болгон. Манас өзүнүн акыл мээнети менен өзүн өзү тарбиялап, өз инсанын өзү түзгөн, өз тагдырын өзү жараткан десек жаңылышпайбыз.

Азыркы күндөгү интернеттен алынган даяр маалыматтарды эскетүйгөнүнө компойгон “билерман” жаштарга, калькулятордун чыгарып берген эсебине таянган, өз ой жүгүртүүсү жок, белен шаблондор, моделдер, стандарттар менен жашаган “компьютер

manas-discovery.kg
баштуу" (Мухтар Шаханов) тукумдарга, өз пикири жок ээрчиме Эшмат, Ташматтарга Манас атанын өзүнүн күндүр-түндүр тынбаган жекече акыл-ой мээнети менен өзүн инсан кылып жараткан өрнөгү табылгыс таалим дээр элек. Дене-бойдогу алп күч-кубаттын гана ээси эмес, акыл мээнетинин да баатыры – Манастын образын бүгүнкү тарбиянын таянычы катары таанышыбыз абзел. Тыштан көрсөтүлгөн педагогикалык таасирлерди айтпаган күндө да, адам баласы биринчи иретте, өзүн өзү тарбиялоосу, өзүнүн индивидуалдуу ойломун иштеп чыгуусу аркылуу гана адам болот, личность катары түзүлө, жарала алат. Буга улуу Манастын мисалы күбө.

## 4. АТА-ЖУРТТУ КОРГОО ҮЧҮН БАЛАНЫ АСКЕРДИК-ЖООКЕРДИК ӨНӨРГӨ ТАПТОО БИЛГИЛИГИ

Манастын ата-бабалардын салтындагы аскердик, согуштук өнөрдү үйрөнүп, өздөштүрүшүндө да Акбалтанын ролу зор болгонун айталы. Ырас, эпосто Акбалтанын Манасты уруш өнөрүнө көнүктүргөнү жөнүндө көрүнөө турган фактыларды табуу кыйын. Бирок дастандын эпикалык саптарынын ары жагында катылып жаткан подтекстке шыкаалап карап, айрым окуяларга талдоо салып, көмүскөгө жашынган логиканы ээрчип ой чуркатсак, биз издеген нерсенин башы айкындалып, ачыкка чыга келет. Акбалтанын жогорудагы "ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы" деген сөзүн кайрадан эске түшүрүп көрөлүчү. Кытай-калмакка окшогон күчтүү жоо менен "азуулашууга" даярдоодо Манаска аскердик-согуштук өнөрдүн сырларын үйрөтпөй коюу мүмкүнбү? Бул жерде "ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип" деген сөздөрдү буквалдуу түшүнбөө керек. Каймана айтылган бул фразеологизмде Манасты аскердик искусствого көнүктүрүү, машыктыруу идеясы бугуп жатат. Ал кандай искусство?

manas-discovery.kg

Кыргыздардын өзүнүн аскердик онору бар беле деген суроо туулбай койбойт. Мындай суроого "Манастагы" төмөндөгү фактыны негиз кылып, ой жүгүртүү аркылуу жооп табууга болор эле. "Кокотөйдүн ашындагы" бир сейрек кездешкен кызыктуу жана таңгаларлык окуяга коңул буралы.

"Кокотойдүн ашында" Манас баатыр, Бакай баштаган кырк чоросу менен оюн-онор көрсөтүү үчүн эл ортосунда – «сахнада». Манас бир маалда доолду дүңк дегизе бир урганда, Кыргылчал көккө карай тебетейди ыргытат. Мындан ары оюндун кандай жүрүп кеткендигин өз көзүбүз менен окуп көрөлү:

«Асмандай түшүп тебетей
Кайра тартып калганы.
Кайра келе жатканда
Кан Бакай тосуп атканда,
Мергендик чыкты көркүнө,
Ок тийип ошо бөркүнө
Көтөрүлүп көк жакка,
Түшүрбөс болду көп чакка.
Кайра тартты бер жакка,
Тебетей келет жер жакка.
Бакай кандын соңунан
Бар иши келген оңунан
Кыргыл чал түзөп атканда
Кырданды бөркү асманга.
Жана келет бер жакка,
Тебетей келет жер жакка.
Алмамбет тосуп бир атты,
Алардай кылып ким атты?!
Тебетей жерге жетпеди,
Арстан зада кырк баатыр
Атканы жаза кетпеди.
Алмамбет аткан Алмабаш,
Алмабаш огу жеткени,
Мурункудан дагы өөдө

manas-discovery.kg


Найза бою кеткени.
Кайра тартты калпагы,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Бу да артынан атканы.
Асмандагы бөркүңүз,
Адистерди көрүңүз.
Артынан атты Ажыбай,
Ашыкпай атат жайма-жай.
Тебетей жерге жеткен жок,
Тербелгенде көй баатыр
Атканы сая кеткен жок».

Караңыз, эмне деген керемет көрүнүш. Мына ушинтип, Бакай баш болгон кырк чоро улам бири кезектешип, удаама удаа атышып, тебетейди бир эт бышымга чейин жерге түшүрбөй, асманда кармап турушат. Тебетей жерге түшүп келатып, бирөө атайылап өйдө тартып кеткендей, кайра көкөлөп көккө чыгып кетет. Сыйкырбы дейин десең, кадимки эле адамдардын жасап жаткан иши. Эт бышымга буюмду жерге түшүрбөй атып туруу не деген чеберчилик! Бакайдын жана чоролордун бул не деген укмуш мергендиги. Кадис болуп машыккандарын карачы. Не деген ажайып оюн. Карап турган көпчүлүктүн оозу ачылып, не дээрин билбей, дал болуп туруштy (**«Мусулман, каапыр канча журт, карап турду зарылып, кандай ушу жандар деп, эстен танып сабылып»**) (С.Орозбаков, «Манас» 3-том, 168-бет).

Оозду ого бетер ачырган керемет аскер оюндарын көрсөтүү андан ары уланат. Жоокер оюну “манас энциклопедиясында” төмөндөгүчө сыпатталган:

**“Манас кырк чоросу менен өз өнөрлөрүн көрсөтүп согуш оюнун башташат. Манас алтын доолду урганда сексен төрт жолдошу экиге бөлүнүп бетме-бет турушуп, мылтык октошот. Манас доол урганда сексен төрт мылтык чогуу атылып, чоролордун баары аттан көз ирмемде жерге кулап калат. Атчан калган жалгыз Манас доолду кайра урганда жерде жаткан баатырлар, ачып көздү жумганча үзөңгүгө аяк**

manas-discovery.kg
салбастан доолдун кагылышы менен атка конуп калышат. Манас доол уруп дагы белги бергенде сексен торт баатыр төртко бөлүнүп, Бакай жыйырма жигити менен Кыргыл баш болгон жыйырма жигитти качырып кирет: "Карыя Кыргыл акырды, Каар төгүп бакырды, Бакай канды бет алып Баатыр Кыргыл качырды". Эки топ найзалашып беттешип, акыры Кыргыл тарап бүт аттан жалп-жалп кулап түшөт. Манастын доолу кайра кагылганда, Алмамбет баштаган чоролор ат коюп жетип, тебетей эңгендей, жерде жаткан Кыргылчалдын тобун илип алышып, аттарына мингизип, алдыда бара жаткан Бакайдын тобун кууп жетип, аттарынан аңтара сайып кетишет. Артынан Ажыбайдын адамдары жетип, Бакайдын тобун атка мингизип өтүп, Алмамбетти баш кылып, анын жолдошторун бүт аттан сайып түшүрөт. Бакай жигиттери менен жетип келип, Алмамбеттерди атка мингизип өтөт. Бакайдын тобун Кыргылдын тобу сайып өтүп, жыгылгандарды Ажыбай адамдары менен жетип атына мингизет. Манас дагы доол урганда, сексен торт жигит экиге бөлүнүп маңдай тескей турушуп, алеңгир жааны колго алып, оройного жебе чалып бири-бирине ок кезешет. Дагы белги болгондо шарт этип саадак тартылып, октой учкан жебелер каршысында турган адамдын бөркүндогү чогун кыркып өтөт. Манас урган доолдун үнү дагы чыкканда сексен төртү кылычты кындан чечишип, кыйкырышып жетишип, кылычташа кетишет. Кезектеги доол үнү менен чоролор айбалта менен чабыша башташат. Акыркы кагылган доол добушу менен чоролор жамбыны атышка киришет. Эпосто сүрөттөлгөн жоокердик оюндар айтуучунун гана көркөм фантазиясынан жаралбастан, алар реалдуу турмушка негизделген. Анткени кыргыз эли өзүнүн көчмөн турмушунда ар дайым сырткы баскынчы душмандан коргонууга даяр туруу үчүн мезгил-мезгили менен жоокердик оюндарды өткөрүп, согушка машыгып, такшалып тургандыгы белгилүү. Эпостогу

manas-discovery.kg


**жоокердик оюндар кызыктуулугу менен гана эмес өтө катаалдыгы менен да өзгөчөлөнөт. Жоокердик оюндарда жоокерлер керек болсо өлүмдөн да коркпой тургандыгын, мүмкүнчүлүк болсо өлтүрө чабууга да даяр экендигин корсөтөт. Көкөтөйдүн ашындагы жоокердик оюндар бир жагынан кыргыздардын согуштук чеберчилигин ашка келген душмандарга көргөзүү максатын да көздөгөн"** (Энциклопедия Бишкек 1995, 224-бет).

Бакай жана Чоролордун кадимки цирктин өнөрпоздору оңдүү көрсөткөн оюндарынан улам Кыргыз Республикасынын эл мугалими Бектур Исаковдун бир чети суктануу, экинчи чети таңгалуу менен жазган пикирин да окуп өтөлү: **"Мына, чеберчилик деп, көзгө атар мерген деп ушуну айт! Туулганын чачыктарынын жиптери кылдай ичке. Чоролордун башына тийгизбей, туулгаларындагы жиптерди үзө атыш, болгондо да бири эмес, баарынын тең ушундай өнөр бийиктигине көторүлүшү жаа атып машыгуунун канчалык сапаттуу болгонунан кабар берип турат. Чапчаңдык менен кыймылдаган чоролор денесине кылыч да, найза да, айбалта да тийгизишпейт. Мына ушундай жоокер оюнун өткөрүү Көкөтөйдүн ашына "кыргызды тыптыйпыл чаап алам" деп, адегенде казандагы этти талап жештен баштаган душманды сестентет"** (Б.Исаков. Манас таалими. Бишкек, 2008, 40-бет).

Мындан улам эмнени айтууга болот? Көкөтөйдүн ашында бул адамдын оозун ачырган аскердик өнөрдү демонстрациялап көрсөтүүнүн башында Манас баатыр өзү турат. Доолду дүңгүрөтө кагып, белги берип, аскердик оюнду жөнгө салып турган өзү. Демек, бул өнөрлөрдү чоролорго үйрөтүү, уюштуруу ишинин башында Манас өзү турган деп айтууга негиз бар. Өзү да мындай согуштук өнөрлөргө: жаа атууга, кылыч чабууга, найза сайууга жана башка аскердик ыкма-амалдарга Манастын бала кщчщнён тарта, машыктырылгандыгы терең баам салган кишиге байкалып турат. Эгерде бул өңдүү жоокердин

manas-discovery.kg


искусствого үйрөтүлбөгөн болсо, анда жаш баатыр Манас Алтайда калмак-кытайдын түркүн баскынчылык согуштарда "алчы-таасын жеп" такшалган Кочку, Жолой, Нескара сыяктуу шааларын жана алардын машыккан жоокерлерин жеңе албас эле. Жолой, Кочку сыяктуу күчтүү, балбан баатырлар менен Алтайда беттешкен учурда жаш Манас аларга жебедей атылып барып, "андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча" найза сайып, өзүнүн сайышка ашкере ыкчылдыгын көрсөтөт. Каман алп деген калмактын баатыры менен беттешкенде анын төбөсүндөгү чачын көз ирмемде ууртай салып, Айманбоздун үзөңгүсүнүн боолугуна үч ирет орой чалууга үлгүрүп, атка сүйрөтүп кетет. Манас жамбы атканга дагы жаш кезинен машыкканы байкалат. "Көкөтөйдүн ашында" ат үстүндө чаап баратып, ак келтеси менен жамбыны үзө атып, жамбы жерге түшкөнчө кыргыйча аны илип кетет. Дагы бир мисалга келели. «Манастагы» айтылуу «Чоң Казат» согушунун атак-даңкы кимге маалым эмес. Кытай-калмактын алыскы Каңгай аймагында, Бээжинге жакын жерде «Чоң Казат» урушунун өртү алоолоп күйүп, өзүнүн чокусуна жетип турат. Манастын кырк чоросу алиги «Көкөтөйдүн ашында» көпчүлүккө ойноп тартуулашкан аскердик-согуштук өнөр-чеберчиликтерин дал ушул Чоң Казаттын кандуу майданында иш жүзүндө көрсөтүшөт. Башкасын айтпай, мобу нерсени эле белгилеп өтөлү. Кытайдын баатырлары, дөөлөрү, алптары менен болгон кагылышта кокус достордун ичинен бирөөлөр жерге кулап калса, чоролор тулпары менен эликтей секирип жетип, жыгылганды жерден кыргыйча илип алып, андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча атына кайра мингизип, ажалдын оозунан куткарып кетишет. Маселен, капыстан капталдан чыга калып, Коңурбай Чубак баатырды көмө коюп өтөт. Жерге учуп түшүп, душмандардын талоонунда калмак болгон Чубакты Манастын баатыры Агаяр көтөрө салып, Көгала тулпарга кайра «кондуруп», кызыл чоктун ичинен алып чыгып кетет. Душмандын Мадыкан дөөсү кадимки Эр Төштүктү ат үстүнөн аңтарып таштайт. Аңгыча Мадыкандын качыр минген

manas-discovery.kg


Коенбоз деген куралдашы качырып келип, Төштүктүн башын кесээрде, Манас баатыр куштай учуп жетип, Коенбозду ыргыта сайганга үлгүрүп, ал эми Чубак болсо, жөө калган Төштүктү бир заматта атка мингитзип, өлүмдөн куткарып калат. Кызыл кыргында Карткүрөң тулпарынан кулап, кырсыкта калган Ажыбайды кытайлардын курчоосунан Сыргак куткарып алып чыгып кетет. Жанагы Мадыкан дагы күчүн көрсөтүп, казактын Көкчө баатырын ат үстүнөн ыргыта койгондо, жерге оонап калган Көкчөгө Бакай баатырдын кандайча жардамга келгени «Манаста» мындайча көрсөтүлөт:

«Эр Көкчөгө кан Бакай,
Элден мурун жетти эми.
Көк тулпарга камчы уруп,
Көп кытайга жеткизбей,
Айдаркандын Көкчөсүн,
Көкалага мингизип,
Аман алып кетти эми».

Айтмакчы Бакай демекчи. Арамик согушунда талап дөөнү кыйратууда Бакайдын күчүнөн да, анын шамдагайлыгы жана ыкчылдыгы роль ойноду. Кутурган Талап дөө жаалданып Күрсүсүн урганча, Бакай озунуп кетти. Бачым курал шилтегенге машыккан Бакай бөрү тилдүү сыр найзасы менен Талапты көз ачып-жумганча алкымга сайып өттү. Бакайдын тездиги жана ыкчылдыгы ушунчалык, көз ирмем өтпөй, Талаптын оң колу карысынан кыя чабылып, башы ийнинен ыргып кетти. Талаптын өчүн алам деп каардана күркүрөгөн, «оозунан оту буркураган, көзүнөн жалын шыркыраган» Суксакты Бакай дагы алып түшөт. Айбалта менен салышып, кылыч менен чабышып жатканда, Бакай көзгө илешпеген кыймыл менен жонундагы Көкчыбык мылтыкты ала коюп, оттугун чагууга, милтеге от коюуга үлгүрүп, Суксакты башка атып жиберет. Суксак Бакайдын күтүүсүз жасаган аскердик амалынан мерт болот. Андан кийинки «кыргызды койбой кырам» деп, каарын чачып, беттешүүгө чыккан. Кеселик дөөгө Бакай күчүн көрсөтүп, аны капыстан

manas-discovery.kg
чап кемерден кармап, «алты жашар баладай» кылып, ээрден «жулуп» алып, тебетей ургандай жерге уруп кетет. Бакайдын уруштагы жеңиштеринин түпкү себеби, анын амал-ыкмаларга бай аскердик чеберчилиги, жоокердик профессионализми менен балбандык-баатырдык күчүнүн бири-бири менен жумуртканын агы менен сарысындай айкалышкандыгында экен.

Жогорудагыдай аскердик-жоокердик өнөрлөргө Алтайда Манасты жана анын “бала чоролорун” үйрөтүүнү, машыктырууну уюштуруу ишинин башында “Манасты жоого сактап багалы” деп баланын тарбиясы үчүн күйүп-бышкан Акбалта турган десек жаңылышпас элек. Мындай аскердик өнөрлөрдү кытай баскынчыларына каршы Ала-Тоодо бир кезде элдик көтөрүлүштү жетектеген мурдагы жоокер Акбалта билбеген деп айтышка негиз жок. Чындыгында, акылман баатыр Акбалта Алтайда бала Манастын бардык жагынан мугалими болгон тура. Аскердик спорттук оюндар дегенде мына мобуга да кёъщл бурушуъуз керек. Айтмакчы, жазуучу-тарыхчы Кеңеш Жусупов хан Жакыптын баласы Манасты Ошпурга беришинин мотивин жана Ошпурдун өзүн төмөндөгүчө кененирээк түшүндүрүп жазат: “Байыркы Чыгышта, Кытайдын императору болобу же, Борбордук Азиянын көчмөн урууларынын эл башчылары, кагандары болобу, айтор бегинен падышасына чейин, зирек балдарынын мыкты акылман устаттарга окутууга – тарбияга берген. Тарыхта бул бештен белгилүү. Байыркы көчмөн уруулардын кагандарынын же бек, байларынын турмуштук тажрыйбасына кайрылсак, балдарын күчтүү элдин тилин билүүгө, аскердик өнөрдүн, жеке кармаштын ыкмаларын үйрөтүүгө, “эр жигитке кырк өнөр аздык кылат” деп, толгон-токой өнөрдү үйрөтүшкөн. Андыктан алар чоочун элдерден устаттарды жалдап, баласын тарбияга берүүсү кадимкидей салтка айланган. “Манас” эпосундагы Жакып да ошол нарк-салтты сактады. Эпостун окуясына, усулуна жана ошол доордун тарыхына сергек көз жүгүртсөк. Манасты тарбияга алган койчу башчысы Ошпур жөнөкөй жан эмес, же эптеп жан баккандардан

manas-discovery.kg


көрүнбөйт. Ошпур койчу башчысы деп аталганы менен ички дүйнөсү башкача адам: жаштайынан жамандыкты башынан көп кечирген, жашоого бышык, сөзгө сараң, айтканынан кайтпаган, өз турмушуна каниет кылган, кайраттуу, эмгекчил, көк, көп тил билген, бакшы десе бакшы, карылуу, эр тебишти, канжар кол сайышты кытайдан мыкты билген устат. Манас баатыр Ошпурдай устаттардан кытай, калмактардын жана көчмөндөрдүн эрдик өнөрүн, тилин, салтын, акылмандыгын жаш кезинен үйрөнгөн. Эр Манастын бир устаты койчу башы Ошпурдун кийин ага акыл кошор ишенимдүү чоросу болуп отурганы бекер жерден эместир" (Кеңеш Жусупов, Байыркынын іздери – Бишкек, 2001, 155-156-беттер).

Бул жерде Кеңеш Жусуповдун **"көчмөндөрдүн эрдик өнөрүн үйрөнгөн"** деген оюна кошумчаларыбыз бул: "Кыргызда эркек балдар, жигиттер ойноп турган эр сайыш, эңиш, жамбы атмай, көк бөрү, күрөш, аркан тартмай, тыйын эңмей, ордо, шабиет, теке чабыш, укурук салмай, кыз куумай, жөө жарыш, ат үстүндө ойноо, оромпой тебүү, жаа атмай, найза ыргытмай, жөө оодарыш, кылыч чабышуу, оодарыш, төө басмай, кара казак ж.б. аскердик, спорттук өнөрдүн амал-айлаларын, ыкмаларын үйрөтүүчү оюндар болгон. Өспүрүм Манас Ошпурда койчулукта жүргөн 4 жыл ичинде ушул оюндарды ойноп, машыкпай койгон эмес.

Ошпурга Манас барганда,
Кырк бала жыйнап талаага,
Койду союп той кылды,
Торпок минип топондоп,
Толгон бала чогулду.
Айталаага кырк таман,
Кадимки ордо чийдирип...
Этке тойгон кырк бала,
Жөө кунан чаап бакырат.
Астыга чыгып келгени,
"Манастап" ураан чакырат.

manas-discovery.kg

Эпостогу бул саптар Манастын козу-кой гана кайтарбай, жогорудагы саналып өткөн оюндардын мектебинен өтүп жаткандыгынан кабар-элес бербей койбойт. Анын үстүнө Манастын баатырдык келечегин етерең ишенген тарбиячылардын бири **"Ок өтпос тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, Манасты жоого сактап багалы"** деген Акбалта баланы төрт жыл бою Оштурдун колуна берип коюп, жон жата берчү жан эмес эле. Акбалта көк жал балага тез-тез каттап, Ошпур менен бирге насаатчылыкка активдүү катышып, Манасты аскердик-согуштук өнөргө машыктырбай койбогон. Мына ушунун баарын эсепке алгандыктан, Саякбай манасчы акырында, Ошпурдун колунда жүргөн кездеги тарбия-таалимден чыккан натыйжаны бир-эки сап менен жалпылап: **"Ошпурга барып эр болду, эр уулу менен тең болду"** деп жыйынтыктап жатса керек.

Мындан башка мобу нерсени да айтпай кетщцгё болбос. Манас Ажо катуу ооруп жатып "Чоң Казатта" алган жараатынан айыкпасына көзү жеткен соң коштошуп калышсын деп тууга ндарын, досторун алыс-жакындан чакыртат. Ошондо Манас Каныкейге мындай дейт: **"Бууданды бирге токушкан, беш жылы бирге окушкан, Көкбөрүгө кабар бер"** Манастын бул сөзүнө карагaнда, баатыр атабыз досу Көкбөрү экөө еспүрүм жаш курактарында кандайдыр алыстагы аскердик-жоокердик, спорттук жайдан таалим-тарбия алышкандай, же болбосо, Кеңеш Жусупов айткандай, бөлөк элден чакыртылып келген бир чоң устат адамдын колунда Көнбөрү экөө беш жыл бою аскердик-жоокердин уруш өнөрүнө тапталып, машыктырылганы боолголонуп турат.

Манас кийин Таласта Ажо болуп турган кезинде да, бала чагында, жаш кезиндеги көнгөн тарбиясы боюнча чоролордун аскердик чеберчилигин ёркщндётщщнщ туруктуу колго алганы кёрщнщп турат. Эпостон Манас жөнүндө мындай саптарды окуйбуз:

Эрендиктин эби жок,
Тилегенин кордуңбу!

manas-discovery.kg


Качырып жоого киргенде,
Бири айнып калбаска,
Бүлөгөнүн көрдүңбү
Эби жок баатыр болсун,- деп
Сүрөгөнүн көрдүңбү!
Ары-бери которуп,
Бүлөгөнүн көрдүңбү!

Үңүлүп терең баам салсак, бул саптардан Манастын ордосунда, кошуунунда чоролорду жоокердик-аскердик өнөргө кайрап-бүлөп, сүрөп такшалткан машыктыруу иштери жүрүп тургандыгын аңдоого болот. Жогорудагы көпчүлүккө көрсөтүлгөн жоокердик оюндар ушундай машыгуу мектебинин жемиши экендиги баамдалып турат.

Мына ушинтип, бала Манас болочоктогу боштондук үчүн күрөшүнө чейин эле аскерлик жоокердик өнөр чеберчилигине үйрөтүлүп, андан ары да бул ишке машыгып жүрүп отурган.

Манастын бул сабагы бүгүнкү жаштарды аскердик даярдыка үйрөтүп, мекенди коргоого даяр турууга көнүктүрүүнү осуяттап турат.

manas-discovery.kg

# XXV. БИРИ-БИРИН КЫЙБАС ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖАНА ӨЗ АРА ЖАРДАМДАШУУ АДЕБИ

"Манас" эпосунун борбордук каармандарынын тагдырды сынаган кыйын кезең-кырдаалдарда бири-бирин сатпаган, алдабаган, сызга отургузуп кетпеген, тескерисинче, бири-бирин кыйбаган, өз ара жуурулушкан, жардамдашкан, жакшылык жасаган, тайгак кечүүлөрдө бири-бирине жөлөк-таяк болгон иравалары биз үчүн өрнөк, үлгү. Алардын мындай мамилер адеби жалпы журттун кызыкчылыктарына, бир боор мекендин ыйык мүдөөлөрүнө берилгендиктен, жарандык максатташтыктан улам келип чыгат. Мисалдарга кайрылалы.

**«Бакай Манаска кошулган күнүнөн тартып,үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, «сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган», «аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой» арка белине, таянычына, «капилетте сөз тапкан, караңгыда көз тапкан» кеңешчисине, насаатчысына айланат. Акылмандыгы, кыраакылыгы менен «алты ай келер азапты» күн мурун билип, Манасты ар кандай кырсыктардан сактайт» (Манас энциклопедия.** Эң туура айтылган сөз. Бирок ушул мүнөздөмөнү «Манас» эпосунун сюжетинен, текстинен алынган конкреттүү мисалдар менен далилдөө зарыл. Маселен, «Манасты ар кандай кырсыктардан сактайт» дегенди эле алалы. Мисалы, кандай кырсыктардан, кантип сактайт? Мына ушуну ырастоо кажет. Биздин бул жерде, Бакайдын Манаска кылган ошондой жакшылыктарын алды жакта жазылгандарга кошумча катары дагы бир эки далил менен тастыктап өтөлү деген ниетибиз бар.

Айтылуу «Чоң Казат» салгылаштарында Манастын башына кырсык түшүп, өмүрү кылдын кырында кылтылдап турган бир катар учурлар бар. Ошондой учурлардын бири

manas-discovery.kg
– мына мобу окуя. Кыргын согушта Манастын аскеринин, кырк чоросунун күчүнө туруштук бере албай, кытай – калмак кошуундары Күрпүлдөк дайрасын карай артка чегинет. Коңурбай Манасты сууга түшүрүүнүн амалын көздөп, Алгарага камчы уруп, түлкүдөй мант берип, дайранын боюндагы жалгыз аяк жол менен качып берет. Манас «кебез белбоо, кең өтүк, керилген итке жетейин», деп Коңурбайдын артынан кууп жөнөйт. Бирок көп өтпөй, Аккула менен «учуп» баратып, Манас Күрпүлдөктүн чоң дайрасынын шарына түшүп кетет. Дайранын шарында калып, Манастын кандай абалга туш болгондугу эпосто мындайча берилет:

Айзасы колдо сороктоп,
Айкөлдүн башы сууда короктоп,
Айлалуу баатыр Коңурбай
Жоонун айласын билген баатыр ай.
Кыйкырып айдап кытайды:
«Чыгарбай сууга жеткин, - деп,
Манасты жанчып өткүн», - деп,
Камданып кытай, калың эл
Короктогон башына
Жамгырдай төгүп, жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып…

Мына ушинтип, кокусунан Манастын тагдыры бычак мизинде туруп калат. Суудан чыгарбай туруп жайлаш үчүн Коңурбай баш болуп, душман аскери уу-чуу түшүп, жамгырлатып жаа тартып, мөндүрлөтүп ок атып, каптап кирип келгенде, дайранын ичинде жалгыз калган Манастын башына чындап өлүм коркунучу келет.

Бирок дагы эле болсо, айкөл баатырдын көрөр күнү, ичер суусу түгөнбөптүр. Дал ушундай ажалдын оозунда айласы куруп турган чакта, баягы шамдагай Бакай абакебиз көз ачып жумганча, куюндай болуп учуп жетип, Манаска кырк кулач арканды ыргытууга үлгүрүп, кытайлардан озунуп кетпедиби. Ошол көз ирмемде болуп өткөн окуя эпосто мындайча ырдалган:

manas-discovery.kg

Камап кытай жетерде,
Сууга тыгып кетерде
Агын, дайра көп кечип,
Адис болгон кан Бакай,
Кырк кулачтай кыл аркан
Кыйкырып келип Манаска
Кылт эттирбей салды эле,
Баякы Бакай ошондо,
Бооруна арканды
Бекем басып алды эми,
Астындагы тулпардын
Санына камчы урду эми.
Алачыктай заңкайтып,
Арслан Манас, көк жалды
Сүйрөп чыкты далдайтып...

Эгерде, Бакайдын шамдагайлыгы, арканды таба койгон айла-амалы болбогондо, Манас «кара курттай кайнаган» кытайлардын талоонунда калып, суунун ичинде ажал табышы мүмкүн эле. Жаалданган душмандар курчап, каптап кеткенче, Манасты аркан менен дайрадан сүйрөп чыгып, ажалдын оозунан сууруп алган Бакайдын эрдиги атайын сөзгө алынып, даңаза кылууга татыктуу. Манас бул жолу өзүнүн аман калышы менен, кысталыштын «кыл көпүрөсүндө» жардамга келген кыйышпас досу Бакайга милдеттүү.

Бакайдын ак калпак ажону кыйын-кезеңде жамандыктын, кырсыктын кыяматынан арачалаган мисалдары дагы да көп. Ошондой эле Манастын да өз чоролоруна жасаган жакшылыктарын санап отурсак да арбын. Бир эле мисалга токтололу.

Бакай жаш кезинде Чамбыл-Бел аймагында жүрүп, түркмөндөрдүн Карач деген ханынын Көрпаян аттуу кызын сүйүп калат. Көрпаян да Бакайга ашык болуп, махабат өртүнө кабылат. Күндүзү оюнан, уктаса түшүнөн кетпей, бири-бирине куштар-кумар болуп сүйүшкөн Бакай менен Көрпаян үй-бүлө

manas-discovery.kg


куруп, тагдырларын түбөлүк бириктирүүгө умтулушат. Бирок тилекке каршы, Көрпаяндын атасы хан Карачтын каалаганы башка экен. Бул чөлкөмдө үй-бүлө курууну сүйүшкөн эки адамдын каалоосу, көөдөндөгү көксөөсү, жүрөктөрүнүн буйругу чечпейт экен. Кыздын жекече эрки, жекече чечими деген болбойт экен. Көрпаяндын кимге өмүрлүк жар болорун хан Карач жана анын иниси Жаналы чечет экен. Махабатка ушул экөөнөн уруксат алыш керек экен. Личность, анын өз алдынчалыгы, жекече чечими, өз бетинче кадам жасоого укуктуулугу, өз таалайын өзү табуу деген ыйык түшүнүктөр менен ойлонууга өсүп келе элек патриархалдык Чамбыл-Бел аймагынын менталитети ушундай экен. Ушундан улам эки жаштын романтикалык сүйүүсүнүн драмасы, кайгы-касирети башталат. Көрпаянды берүүдөн караманча баш тартып, Бакайды курал менен кубалап жок кылууга ашыгышат.

Андан бери далай жыл өтсө да, Көрпаян турмушка чыкпай, атасынын төрүндө «кара далы» болуп отурат. Карасаң ушу күнгө чейин Бакай да үйлөнбөй жалгыз. Күтпөгөн жерден досунун сүйүү тарыхын, арман-күйүтүн укканда катуу толкунданган Манас өзүнүн алысты көргөн акылы аркылуу Бакай менен Көрпаяндын туюкка кептелип турган кырдаалы кандай кадамга муктаж экендигин дароо көрдү. Азуусун айга жанып турган кыргыз Ажосу добулбасын дүңгүрөтө бир уруп, кыраан кырк чоросун Чамбыл-Белдеги кара мүртөз Карач ханга каршы көтөрдү.

Сөздү кыскартып, акыркы натыйжаны айтсак, кырк чородон кыргын таап кала жаздап, жеңилген Карач хан менен Жанаалы камчыларын моюндарына салып, Манастын алдында төрт бүгүлүп кечирим сурап, башыбызды аман коюңуз, бизди букара кылып алыңыз, алтымыш кундуз, миң жамбы алым алып туруңуз, «кыз жакшысы Көрпаян, тартууга аны берели», дешип жалынып-жалбарып, жан соогалашат.

Бакай үчүн жарк этип капыстан күн чыккандай болот. Эки адамдын армандуу махабатынын көп жылдык чиеленген түйүнү

manas-discovery.kg

күтүүсүздөн, мына ушинтип, оң жагына чечилет. Көрпаян сулууну «адими торко кийгизип, Артору тулпарга мингизип», Бакайга кошуп, Таласка аттантышат. Айкөл Манас досу Бакайга ушинтип, эстен кеткис чоң жакшылык кылат. Махабат мажнундарын «көздөн учкан көк жээктерине» жеткизет.

Кытай-калмактын алыскы Каңгай аймагында, Бээжинге жакын жерде «Чоң Казат» урушунун өртү алоолоп күйүп, өзүнүн чокусуна жетип турат. Манастын кырк чоросу алиги «Көкөтөйдүн ашында» көпчүлүккө ойноп тартуулашкан аскердик-согуштук өнөр-чеберчиликтерин дал ушул Чоң Казаттын кандуу майданында иш жүзүндө көрсөтүшөт. Башкасын айтпай, мобу нерсени эле белгилеп өтөлү. Кытайдын баатырлары, дөөлөрү, алптары менен болгон кагылышта кокус достордун ичинен бирөөлөр жерге кулап калса, чоролор тулпары менен эликтей секирип жетип, жыгылганды жерден кыргыйча илип алып, андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча атына кайра мингизип, ажалдын оозунан куткарып кетишет. Маселен, капыстан капталдан чыга калып, Коңурбай Чубак баатырды көмө коюп өтөт. Жерге учуп түшүп, душмандардын талоонунда калмак болгон Чубакты Манастын баатыры Агаяр көтөрө салып, Көгала тулпарга кайра «кондуруп», кызыл чоктун ичинен алып чыгып кетет. Душмандын Мадыкан дөөсү кадимки Эр Төштүктү ат үстүнөн аңтарып таштайт. Аңгыча Мадыкандын качыр минген Коенбоз деген куралдашы качырып келип, Төштүктүн башын кесээрде, Манас баатыр куштай учуп жетип, Коенбозду ыргыта сайганга үлгүрүп, ал эми Чубак болсо, жөө калган Төштүктү бир заматта атка мингитзип, өлүмдөн куткарып калат. Кызыл кыргында Карткүрөң тулпарынан кулап, кырсыкта калган Ажыбайды кытайлардын курчоосунан Сыргак куткарып алып чыгып кетет. Жанагы Мадыкан дагы күчүн көрсөтүп, казактын Көкчө баатырын ат үстүнөн ыргыта койгондо, жерге оонап калган Көкчөгө Бакай баатырдын кандайча жардамга келгени «Манаста» мындайча көрсөтүлөт:

manas-discovery.kg

«Эр Көкчөгө кан Бакай,
Элден мурун жетти эми.
Көк тулпарга камчы уруп,
Көп кытайга жеткизбей,
Айдаркандын Көкчөсүн,
Көкалага мингизип,
Аман алып кетти эми».

«Чоң Казатта» чоролордун алиги «Көкөтөйдүн ашындагы» согуш оюнундагыдай шамалдай тез, ылаачындай ылдам кыймыл-аракеттерине таңдансак, экинчи жагынан Манастын баатырларынын бири-бирине күйүмдүүлүгүнө, бир-бирин кысталышта таштабагандыгына, «жебеден мурда жетип», бири-бирин коргогон, сактаган ынтымагына суктанбай койбойсуң жана алардын өрнөгүн үлгү тутууну көздөйсүң. Бүгүнкү капитализмдин катаал шарттарында адамдар пайдакечтикке, өзүмчүлдүккө, индивидуализмге ооп бараткан учурда "Манас" эпосунун бири-бирин кыйбаган ак-жаркын мамилелер жана өз ара жардамдашуу адеби биз үчүн тазартуучу күчкө ээ.

manas-discovery.kg

# XXVI. АКЫЛМАНДЫК-АСЫЛ АДЕП-АХЛАКТЫН НЕГИЗИ

## 1

Бакайдын инсан катары өзгөчөлүгү – ар дайым кырдаалдын «жүрөк кагышын» туюп тургандыгында. Эгер кырдаал, шарт өзгөрсө, мурдагы чечимдерге жармашып тура бербей, учурдун талабына ылайык жаңы кадамдарды жасоо кажет, дейт Бакайдын логикасы. Кырдаалдын тилин таап кетсең, жеңишке жетишкениң.

«Чоң Казатта» Манастын кошуундары душмандардын башына алаамат салып жүрүп отуруп, акыры, Бээжинге жетет. Калмак-кытай аскеринин «бели" сынат. Абал жагдайдын өзгөрүп жаткандыгын көрүп турган Бакай мурдагыдай эле чабуулду уланта берүү керекпи, эки жактан тең курмандыктар улана берсинби? деп ойлонуп турат. Ал аңгыча Кытайдын башкаруучулары чогулуп кеңеш куруп, жеңилгендиктерин моюнга алышып, андан соң не бир түркүн тартуулары менен кыргыз аксакалдарына келип, жарашууну өтүнүшөт, жансоого сурашат. Душман да болсо жыгылса, аны кордобоо керек деген илгертен калган наркты эсине тутуп, Бакай Манаска төмөндөгүдөй кеңеш менен кайрылат:

“Карыя Бакай кеп айтып:
Кабыл кылгын тартуусун,
Кабылан Манас деп айтып.
Капыр да болсо кандуу журт,
Качантан берки камдуу журт.
Кытай да болсо кылым журт,
Кыраaным менин сөзүм тут.
Коркуу түштү акыр деп,
Коюңуз эми, баатыр деп.
Акылман Бакай айтып кеп,
Кыздан тартуу берген соң,

manas-discovery.kg


Кырып ийсек кээ болот.
Алты канды чогултуп,
Кылсак акыл не болот?
Акылдашып алалык,
Жоодуратпай буларды,
Жообун берип салалык.
Арстаны Манас акыры,
Туура келди баатырга,
Бакайдын айткан акылы" **(С. Орозбаковдун варианты).**

Чогулуп акылдашалы, алты хан менен кеңешели,кытайдын кылым карыткан түптүү журту менен эсептешели, эми оң колуңдун ачуусун сол колуң менен токтотоор кезиң келди. Бөөдө кан төгүлбөсүн, ченем-чекти билели, жеңилдик деп, тартуусун тартуулап, алдыңда жүгүнүп, кансырап турган жандарды, жоо болсо да кордоо, тебелеп-тепсөө кыргыздын наркында жок деген Бакайдын оюу жана кеңеши алысты мээлеген, бардыгын тегерете карап акылдын даанышман акыл-кеңеш. Бакайдын акылына моюп, ыксыз кан төкпөй чабуулду токтотуп, Манас жеңилген душман менен жарашууга барат. Демек, эпосто "Чоң Казат" урушу да, акырында, Бакайдын акылман кеңеши менен ыгы жок узарбай, өз учурунда токтоп, аягы жарашуу менен тамам болот.

Ушул жерден "Манас" эпосунун башталышындагы Алооке хандын кыргыздарга салган алааматы эске түшпөй койбойт. Алооке кыргызды кызыл-кыргын кылып, мекенинен ажыратып, туш-тушка чилче таратып, тентитпеди беле. Мына, келме-кезек деген чын экен. Эми ошондой тагдыр Алоокенинөзүнүн башына түшүп, Бээжинге Манас чабуул коюп келип отурат. Бирок Алооке хандын карамүртөздүгүн, ааламда жок антигуманизмин кыргыздар Бээжинде кайталаган жок. Жеңилген Алооке менен Коңурбайдын эли-журтуна жеңүүчүлөр тараптан гумандуу мамиле жасалды. Мунун өзү кыргыз улутунун, анын уулдары Бакайдын, Манастын рухунун айкөлдүгүн, улуулугун айкындап турбайбы.

manas-discovery.kg


## 2

Дагы айтар сөз, Бакайдын чыныгы акылман экендиги "Манастагы" мына бул окуядан да даана көрүнөт. "Чоң Казатта" Каңгайда жүрүш кылып бараткан жолдо Манас жакшылык көздөгөн чоң ой-менен аскерге кандык кылууну Бакайдан алып, Алмамбетке берүүнү чечет. Манастын бул чечимин Бакайга Ажыбай менен Серек келип билгизет. Ошондо кан Бакай күлүп-жайнап туруп, келген экөөнө муну айтат:

"Атым Бакай болгону,
Арбагым башка конгону.
Жаманатты кабарым,
Жалгыз бенде уккан жок.
Нече жерде кан болдум,
Караңарчы, балдарым,
Башыма мүйүз чыккан жок.
Нече жерде бек болгон,
Кеңдигинен абаңа
Кетпеген дөөлөт токтолгон.
Так ошондон бер жакка,
Абакеңиз Бакайда
Таруудай тарлык жок болгон.
Жарлыгын жалган ким кылсын
Жайдары Манас төрөмдүн,
Жалдырабай эки кул,
Чапчаңыраак жөнөгүн!
Ал Алмамбет арстанды,
Манастан да артык көрөмүн,
Бир сураса ал үчүн
Миң кайтара беремин.
Баатыр Алма султанды,
Баламдан жакын көрөмүн.
Башкарып алсын аскерин,
Бачымыраак жөнөгүн" (СО, 119).

Бул жерде Бакайдын өзүнүн эл шайлаган хандык статусунан

manas-discovery.kg
оп-оңой, жеп-жеңил гана баш тартып койгону таңгалтырат. Көрсө, Бакай үчүн бийлик, хандык деген нерсе, ыйык санала турган, жабышып-жармаша турган дөөлөт эмес экен. Ал өзүнүн руху боюнча бийликтен, мансаптан жогору турган акылман экен. Мансап бүгүн бар эртең жок, мансаптан адамдын башына мүйүз чыкпайт, дөөлөт сенин мансабыңа токтобойт, дөөлөт деген сенин таруудай тарлыгы жок кишичилик кенендигиңе, адамдык нарк-насилиңе токтойт, адамдык асыл касиет бардыгынан жогору дейт Бакайдын логикасы. Кыйын кырдаалда, жооптуу мезгилде жалпы ийгилик үчүн, жалпынын жакшылыгы үчүн ишке жарап бере турган азаматка тизгинди берип, Манастын айтканын айткандай, дегенин дегендей орундатып, Бакай биринчи иретте, кошуундагы ички ынтымакты бекемдөөнүн камын көрүп отурат. Бакай мансап жөнүндө эмес, алдыдагы жеңиштин стратегиясы жөнүндө ойлонуп турат. Ошондон улам ал өзүнүн кандык статусу менен эч кандай проблемасыз эле, эч кандай сокур намыссыз эле, ички санаркоолорсуз эле коштошуп койду. Бул пендечиликтен, көр оокаттан жогору турган акылмандыктын таасын жүрүм-туруму эмей эмне.

## 3

Кошойдун кенендигин карачы. Алыскы Алтайдан келген Манасты биринчи эле көргөндө, ага кандай укмуш сөздөрдү марттык менен арнады. «Кабылан», « Шер», «Туйгунум», «Кудай бериптир», «Кыргыз журттун ырысы», «Алтайдан Манас табылды, абийирим минтип жабылды», деп терисине батпай кубанып, чечекейи чеч болбодубу. Ала-Тоодо калган азган-тоскон биртике элдин башында турган хан Кошойдун калайыка баш-көз болгон өзүммүн, сен кайдан чыккан кыйынсың дегендей, көкүрөк көтөргөн амбициялуу мамиледен, биринчилик ролду кызгануу, ыраа көрбөө, сокур намыс сыяктуу пендечилик илдет-оорулардан оолак турган рухий бийиктиги курсант кылат. Эл ичинен өзүнөн озо чыккан азаматка «туйгунум» деп жалбарып турат. Ушундан улам бүгүнкү замандагы кыргыз тукумдары,

manas-discovery.kg
азыркы биз жөнүндө аргасыздан ойго түшөй койбойсуң. Алдыга озо чыккан азаматка, лидерге, ичибизден чыккан кыйынга бүгүн биз Кошой баатырдай ак көрпө жайыл мамиле жасайбызбы? Бирөөнүн ишине, ийгилигине улут келечегин ойлоп, Кошойчылап барбалаңдап сүйүнөбүзбү? «Күлүктүн» арыш таштышынан рахат алып, аны Кошойчосунан сүрөөгө алган айкөлдүккө эгедербизби?

Соңку кыргыз тукумдары майдаланып кеткенбизби? Карачы, чындыктын «чечекейин жара сайып», академик М.Адышовдун айткан мобу сөзүн: «Баары маданий деңгээлге байланыштуу болот. Мен баш болуп азыр бизде жетилген интеллигенция жок. Жетилген интеллигенциянын бир белгиси – ичи кең болот. Мыктысы чыкса сүйүнөт. Мыкты эмеси чыкса күйүнөт. А бизде тескери. Мыкты чыксаң күйүнөт.... Кор болсоң, колдоонун ордуна, байкушум деп башынан сылап кордойт. Бу биздеги оору эле эмес, трагедия!...» Ырас эле, озуп бараткан «аргымакты» тизеге чаап чыгып, ага тиешелүү жакшы деген нерселердин бардыгын шылый чаап, караламай, мүдүрүлө элек «күлүгүбүзгө» бычагыбызды кайрап, тузак салып, ушунун атагы, бийлиги, байлыгы менде болсо, деп тилеп, жутунуп, көз артып турмай, өз ара чабышмай, тытышмай адатыбыз бүгүн жергебизде «гүлдөп» турат ко. Ушундай илдет колу-бутубузду тушап, оңоло албай, ооматыбыз келбей, очорулуп отурбайбызбы.

Айталы дегенибиз, көрпенделик пас, көрө албас сезимдердин, ээк алдындагыдан башканы көрбөгөн тар түшүнүктөрдүн, арымы кыска ойлордун сазынан чыгып, бабабыз Кошойдун чалкыган көлдөй кенен, бай руханиятынын нугунда кайра жаралууга тийишпис. Биздин прогрессибиз коктунун эмес, коомун ойлогон, уруусун эмес, улутун ойлогон, жакынын эмес, жамаатын ойлогон, калктан жакшысы чыкса сүйүнгөн, жаманы чыкса күйүнгөн Кошойрухту насылбаа наркын өздөштүрүү аркылуу болмокчу.

manas-discovery.kg


# XXVII. ЭЛ-ЖЕРДИ СҮЙҮҮ, МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ САКТОО, КОРГОО ЖАНА ЧЫҢДОО

## 1

Балтыр бешик Семетейди бооруна көтөрүп, буттарында кийген өтүгү жок, жөө-жалаңдап Букарга качып бараткан жолдо «басайын десе ал кетип, балтырдан кара кан кетип, жиликтин башы зыркырап, таманы ташка былчырап», ачка, ымыркайын эмизейин десе, эмчегинен сүт чыкпай, азап чеккен Каныкей менен карыган Чыйырдыны көргөндө, калк энелерин карып кылып, тентитип мүңкүрөткөн,Манастын элдик ыйык жеңиштерин тебелеп-тепсеген Көбөштөй айбанга карата тишиң кычырап, муштумуң таштай түйүлбөй койбойт. Ал эми Каныкейдин «кең Таласты кыя албай, көзүнүн жашын тыя албай», эл-жер менен коштошуп турганын угуп-көрүп туруп, кошо ыйлабай коё албайсың:

- Атпай элдин ардагы,
Айланайын Манасым!
Алтын бешик – тууган жер.
Кагылайын Таласым!
Өөдө бассам, өбөгүм,
Мүдүрүлсөм, жөлөгүм,
Төбөмдөгү жылдызым,
Баарыңардан айрылдым,
Кырк уруу кайран кыргызым!
Кектешкен жоого камынган,
Көк жолборстой чамынган,
Айкөлүм, сенден айрылдым,
Азапка түшүп кайгырдым.
Арманы болбос адамдын

manas-discovery.kg

Көмүлсө сөөгү жеринде!
Телчигип кайра келе албай,
Кайран элди көрө албай,
Калбасак экен көк жалым.
Алда кимдин жеринде!
Өсүп-өнгөн кең Талас,
Элиң менен аман бол!
Көз мелжиткен кең өзөн,
Белиң менен аман бол!
Муңга толгон кан Бакай,
Чалың менен аман бол!
Келеңкер чачпак, боз улан,
Жарың менен аман бол!
Жайлап жаткан төрт түлүк
Малың менен аман бол!
Кайрылып жерди карасам,
Кара боорум эзилет,
Карай берсем көз тойбой,
Кара көзүм тешилет.
Как жүрөгүм жарылып.
Кабыргам менин эзилет.
Каңгырап кеткен биз шордуу,
Кагылайын кең Талас,
Кай күнү сага кезигет?!
Кайда жүрсөм кең Талас.
Кетпессиң менин эсимден.
Жетимимди жеткирбей,
Кандуу жаш кетпес көзүмдөн.
Көргө кирип кеткенче,
Атпай кыргыз тууган журт,
Айланайын кең Талас,
Үзбөймүн үмүт өзүңдөн!
Тентиреп жүргөн жетимиң,
Жетимим келип элине
Уңчугар бекен тоңүңдөн!

manas-discovery.kg


Не деген күйүт, эмне деген арман, эмне деген кайгы! Жүрөктөн жарылып чыккан не деген укмуш муң. Өзүнүн трагедиялуулугу жана жүрөк – жүлүндөн атылып чыккандыгы, психологиялуулугу жана көркөмдүк кудурет-күчү жагынан Каныкейдин бул коштошуу монологу Манастын алиги Чоң Казаттан кайтып келип Аруукенин алдында өксөгөн монологуна теңтайлаш. Бул монолог «Манастын» көркөмдүк-эстетикалык дүйнөсүнүн көкөлөп көккө чыккан өтө бийик чокуларынын бири. Бул коштошуу арманы Каныкейдин жан дүйнө тереңинде кандай сыр, кандай кымбат нерселер катылып жаткандыгын аңтарып тышка чыгаргандыгы менен да уникалдуу. Караңызчы, Каныкей элин, кыргыз жерин кандай сүйгөн! Манасты кандай сүйсө, ак калпак калайык-журтун, калдайган Ала-Тоону, касиеттүү кең Таласты дал ошондой кан-жаны менен берилип сүйүптүр. Кыргыз эл-жери Каныкей үчүн кандай гана кымбат. Караңызчы, мекенинен ажырап жатып, Каныкейдин ичинин сыйрылып турганын. Жан дүйнөнүн эмне деген марттыгы, эмне деген улуулугу! Тууган эл-жер үчүн кара жанын садага чабууга даяр. Не деген атуулдук күйүмдүүлүк, эмне деген патриотизм чөгүп жатат, бул керемет көркөм саптарда.

Көз жашын тыя албай айтып турган Каныкейдин ушул монологун дагы тыңшап туруп, дагы бир жолу айталы, Манасын, кыргызын, тууган жерин ушучалык берилип сүйгөн жагынан Каныкейдей аялзатын төгөрөктүн төрт бурчун, төрт айлансак да таппаспыс. Улуу сүйүү эл-жерди, мамлекеттүүлүктү сактайт.

## 2

Акыры **«айланайын элимден, адашып калган мен экем»**, **«аман бол Букар эми»** деп, Семстей өскөн жери менен коштошуп, туулган мекени Ала-Тоого аттанат. Таятасы Темиркан буркурап боздоп, бүт Букар эли чуркурап, Семетейди, Каныкейди, Чыйырдыны узатат.

Касиеттүү Таласка карчыга куштай кайра айланып келип конуп, Каныкейдин «өчкөн оту кайра жанып, өлгөн жаны

manas-discovery.kg
кайра тирилет». Манастын өлөр алдындагы «**атаң Темирканга барганда, мойнуна тумар тага көр, чунагың Семетейди бага көр, жашы он экиге келгенде, ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин, ошондо эне-ата жайын билгизгин, колуна мылтык бергизгин, кайра Талас коргозгун**» деген керээзи мына ушинтип, Каныкей тарабынан чыдамкайлык, өжөрлүк жана каармандык менен аткарылат.

Чоң атам деп издеп келген небересине уу сунган Жакып, жаңы көчүп келген Каныкейдин конушуна бетпактык менен экинчи жолу чабуул койгон, эсирген Көбөш кан («Алты арам абийирди билбейт семирсе» деп Манас өлөрүндө көрөгөчтүк менен айткан экен.) Семетейдин күчүнө туруштук бере албай, салгылашта жеңилет. «Абыке-Көбөш алты арамдын» бийлиги кулап, калайык-калк өздөн чыккан жаттын кулчулугунан бошотулат. Чыккынчылар, журт бузарлар эл тарабынан жазаланат. Бул процесске Бакай активдүү катышат.

Мына ошентип, Каныкейдин стратегиясы менен Манастын ордосу кайрадан калыбына келтирилип, эгемендүү кыргыз мамлекетинин устуну кайрадан тургузулуп, айкөлдүн туусу Таласта кайрадан желбирейт. Каныкей менен Бакай көздөгөн мүдөөлөрүн ишке ашырышып, «оңдоду кудай ишимди, келтирди кудай түшүмдү» дешип, улуу жеңишти тойлошуп, чечекейлери чеч болуп турат.

Атасы айкөл Манасча, энеси Каныкейче улуттун стратегиясын ойлонгон Семетей «**кыргыз минтип чырдашса, аран турган Коңурбай, олжо кылып кетпейби, бириндебей бек болуп, беттешкен жоону кектейли**»деп, тышкы жоонун алдында бир муштумдай болуп биригүүгө эл-журтун чакырып, акыл бийиктигинен бүркүтчө шаңшып турса, Бакай карыя Семетейди колдоп, «**Серпишкенге бой бербес, сепил болуп калгыла**» деп, калкты бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга үндөп, косөм акылы менен коңку журтка жол көрсөтөт. Айкөлдүн туягы-эр Семетейди арка-бел тутуп, санаасы тынган ак калпак журт Манастын кайрадан көколөп көтөрүлгөн туусу

manas-discovery.kg
астында, өзүнүн жаңыча тирлигин баштайт.

Буга чейинки изилдөөлөрдө өмүрлүк жары айкөл Манастын керээзин аткаруу үчүн тикесинен тик туруп, Букардан Семетейди аман-эсен чоңойтуп келип, уулунун күчү жана Бакайдын көмөгү менен кыйраган Манас ордосунун, манас мамлекетинин дубалын кайра тургузган Каныкейдин улуу патриоттук эрдиги анчейин сөз кылынбай келгендигин белгилегибиз келет. Биз бул эмгегибизде көөдөнүнөн күйүттүн көк түтүнүн буркуратып жүрүп, акыры кыргызга жаркыраган жакшылыкты алып келген Каныкей энебиздин бул даңазалуу эрдигин ачып берүүгө аракет кылдык. Бул каарман мээнет, граждандык улуу жүрүм-турум жана рухий баатырдык эпосто Каныкейдин образын чоң масштабга көтөрүп, анын идеялык-философиялык арымын кеңейтип, өлбөс-өчпөс классиканын даражасына калдайтып калкытып чыгарган түйүндүү окуялардын бири.

Каныкейдин кыйын кезеңдүү татаал тагдырына жана «тар жол, тайгак кечүүдөгү» кайратман күрөшүнө күбө болуп туруп, тарыхтын булуң-буйткалуу, бурганактуу жолдорунда, башка күн түшүп, өлөйүн десең жан татуу, кирейин десең жер катуу болуп турган мезгилдерде, дал ушул Каныкейдей каарман уул-кыздар кыргыздын чырагына май тамызып, кайра күйгүзүп, өйдөтө өбөк, ылдыйда жөлөк, конорго куйрук, учарга канат болуп, капилеттен сөз таап, караңгыда көз таап, улутту сактап келгендигине дагы бир жолу ынанып, элдин келечеги үчүн арыбас мээнетти, нечендеген драмаларды жана трагедияларды (Каныкейдин Канчоронун чыккынчылыгынан кийин Семетейден ажырап, кайрадан тозокко кабылып, торпок кайтарып калганын, Манастын арбагын эш тутуп, небереси Сейтектен үмүтүн үзбөй саргайганын эстейли.) баштан кечирген Каныкейдей кечээки чоң энелерибизге кийинки урпактар милдеттүү экенибизди сезбей - туйбай коё албайбыз.

manas-discovery.kg

# 3

Андан ары карай Каныкей Манас деп гана жашап калат. Айкөл Манас менен каны-жаны жуурулушуп өмүр сүрүүнүн өзү Каныкей үчүн Манасча мекенчил болуп жашоо, Манасча эл-жердин камын көрүү, арканды узун таштап, Манасча кенен акыл чуркатуу, журттун коонсуздугу, анын жакынкы-алыскы иштери жөнүндө Манасча ойлонуу, толгонуу, санаркоо дегенди туюндуруп калганы байкалып турат. Каныкейдин ой-санаасы Манастын ой-санаасы менен бир аркандын жибиндей өрүлүшүп калат. «Акыл-эси ошонун мени менен теңди алам, акыл кошуп жанымда жүрө турган кызды алам» деген Манастын тилеги көрүнөө жүзөгө ашат. Мамлекеттик ишмер, падыша Темиркан атасынын тарбиясында чоңойгон, хан ордодо өскөн, маданий деңгээли бийик, сабаттуу, акылгөй Каныкей Манаска теңтайлаш ойлонуп, үй түйшүгү менен гана эмес, биринчи иретте, кыргыз элинин түйшүгү, калктын мүдөө-таламдары, көкөй кести көйгөйлөрү менен жашоого өтөт. Каныкейдин «Семетей» эпосунда өзүнүн балалык күндөрүн эскерип, **«Өзүм бала секелек, жашым он экиген өтө элек, ургаачыдан уз кезде, ойноо бала кыз кезде, тулпар оозун бурганда, туйлап ойноп турганда, падышалык Букарга, өзүм буйрук кылгамын, Букардын кызын жыйгамын»** деп, кайненеси Чыйырдыга аңгеме курганы бар.Демек, кан атасы Темиркандын таалиминде Каныкей коомдук иштерге бала күнүнөн аралашып, активдүү болууга конгон. Ошол көнүмүшү, ошол жөндөмү Таласка келгенде тапкыйдан оңүктү.

Уруш-согушу, талаш-тартышы бүтпөгөн,жоосу күтпөгөн жерден кайдан, качан келээри билинбей коопотондурган коогалуу заманда кыргыз элинин башынан карлуу бороон,катуу күн өтпөй койбосун болжоп, Каныкей калайык-журттун күч-кубатын көтөрүү, Манастын бири миңге татыган кырк чоросунун аскердик кудурет-күчүн, камылга-даярдыгын чыңдоо жөнүндө тымызын ойлонот. Ушул багытта ичинен бир чечимге бекип, өзүнчө ар тарабынан ойлонулган план түзүп, ошол

manas-discovery.kg
долбоорун жүзөгө ашыруу үчүн өз алдынча астыртан чечкиндүү кадамдарды жасай баштайт. Ал журттун ичиндеги колунан көөр төгүлгөн устарларды, жез оймок уздарды, көзгө атар мергендерди, балбандарды жана башка түркүн өнөрлүүлөрдү чогултуп, алардын күчүн уюштуруп, эл үчүн маңдайдан тер агызган мээнетке чегет. Өзү да белин оорутуп, колун жоорутуп, көз майын коротуп, күн-түн түйшүккө белчесинен батып, узак эмгектенип, акырында «кара калмак, манжууну, каршы-терши турушуп, карсылдашып урушуп» калса деп, кырк чоро үчүн жоо кийимдерин, аспап-шаймандарын, гүлазыгын, дары-дармегин, мине турган күлүктөрүн, а түгүл урушта жарадар болуп калса, колдонула турган тинтүүрдөн өйдө шайма-шай камдап таштайт.

Каныкей ушундай эле мээнет, чеберчилик, узчулук керемет өнөр менен кырк чорого кырк калпак, кырк туулга, кырк өтүк, ок өтпөс кырк тон, кырк кемер кур, чапса кылыч кескисиз, сайса найза тешкисиз кырк чопкут, токулга-жасалгасы менен кырк тулпар даярдап, ушунун баарын Чоң казаттын алдында Манастын кыраан кырк баатырына тартуулайт. Кырк чоронун күтпөгөн тартууга оздору ачылып, айран таң болушуп, Каныкейди алкоого сөз табышпайт. Ошондо Манас зайыбынын кырк чорого тымызын көргөн камкордугуна, астыртан иштеген керемет сарамжалына ичинен терең ыраазы болуп, жолдошторунун алдында: **«атаң-энең дебеске, артылта камчы салбаска, артынан күнү албаска, ак келтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун!»,** - деп мындан ары Каныкейди ыйык тутарына шерт берет.

Мына ушинтип, Манастын кошуунунун аскердик күчүн арттыруу үчүн көргөн Каныкейдин сарамжалы Чоң Казатта чоң роль ойнойт. Кыргыз баатырларынын салгылаштагы ийгиликтерине зор өбөлгө болот. Алманбет жарадар болгондо, Каныкейдин камдап берген дарысын ичип, оңолуп, кайрадан урушка кирет. Ошол эле Каныкейдин адам таппаган амалы менен жасалган Коңурбайдын Алгара күлүгүнүн кебин Сарала тулпарына кийгизип, Алманбет душмандын чегинен байкалбай

manas-discovery.kg
өтөт. Каныкей камдаган гүлазык жоокерлерге түгөнгүс дем болот. Чоң Казат учурунда Аккуладан ажырап калган Манаска алыскы ооруктан Тайбуурул тулпарды шашылыш майданга жөнөтүп, Каныкей өмүрлүк жарын дагы бир жолу өлүмдөн сактап калат.

Кыскасын айтканда, кырк чорого алдын ала тымызын камдаган согуштук кийим-кечеси, тулпарлары, азык-түлүгү, дары-дармеги бир жагынан Каныкейдин жанын таштап иштеген мээнеткечтигин, укмуштуудай узчулук өнөрүн, чебер айлакерлигин айгинелеп берсе, экинчи жагынан канышанын элдин башына түшчү жамандык-жакшылыктар жөнүндө күн мурун ойлонгон, өз өлкөсүнүн, улутунун чоң кызыкчылыктарынын багытында акыл чуркаткан, Манастын мамлекетин күчтөндүрүү үчүн күн-түн күйүп-жанган, чыныгы элдик аял лидердин сапатына эгедер, нагыз Акыл Карачач экендигин тастыктаган. Эгерде бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын ар-бир жараны өз мамлекетин чыңдоого Каныкей сыяктуу мээнеттенип салым кошсо, анда өлкөбүз өргө карай тездик менен өркүндөп өсөөр эле.

## 4

Арстанбек акын айткандай, бүгүнкү "устаранын мизинде оодарылган" заманда экономикалык жана моралдык кризиске кабылып, тышкы карыздарга белчесинен баткан Кыргызстандын абалы татаал. Ушундай кыйынчылыкка белинен бастырып турган шарттарда өлкөбүздүн үстүндө ар кандай эл аралык геосаясий күчтөр жорудай айланып,глобалдашуунун, массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдары күч алып, жарандарыбызды христиандаштыруу, исламдаштыруу миссиялары активдешип, диндик экстремизм курчуп, атуулдарыбыздын чет өлкөлөргө агымы улам арбып, алардын ордуна тыштан келгиндер чубуруп кирип, мекенибиздин эгемендүүлүгү опурталдуу жагдайда турат. Ушундай кырдаалда улуу Манас эпосубуздагы Кошой атабыз кайрадан эсибизге

manas-discovery.kg
түшөт. Манас эл журту менен Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде, Сары Өзөн Чүйдүн түзүндө туруп, Кошой Манаска төмөндөгүдөй эң орчундуу, стратегиялык маанидеги насыят кеңешин берет:

“Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң,
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөөр башыңан,
Кыр-кырда кыргыз элиңе,
Кызыккан жандар дагы бар,
Кылчайбай канды агызар,
Кызыталактын баары бар.
Элиңди түгөл башкарып,
Өз алдынча болгондо,
Сени таштап койбос жеп-жеке.
Суроодон угар дайныңды,
Күтүнбөстөн сен жатсан
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Ок жетпеген ат камда”.

Мынакей, ак калпак кыргыздын улуу гражданинин сөзү. Бир боор журтунун стратегиялык кызыкчылыктарын сак-сактап кайтарып, мекенинин, мамлекетинин, жамаатынын тагдырын, коопсуздугун, келечегин ойлоп ар дайым санааркап, ой толгоп турчу демейки Кошойду бул насыят сөздөрдөн дагы бир жолу көрүп отурабыз. Бул осуят кыргыз үчүн эскирбес, түбөлүктүү дөөлөт дегибиз бар. Бул насаат кудум бүгүнкү бизге айтылып жаткандай. Ойлойлучу, Кошой олуя ушул сөзүндө айткандай, бүгүнкү эгемендүү мамлекетебиз “калың бороон, катуу күнгө кабылып” отурган жокпу? Эгемендүүлүгүң менен жыргап жата бер, деп дүйнөлүк империялар бизди жайыбызга коюп койдубу? Жок. Тескерисинче, “кыр-кырда кыргыз элине кысталактардын баары” кызыгып ,жутунуп турбайбы. Бир эле Алайдын ары

manas-discovery.kg
жагындагы талибандарды эстейличи. Күтүнбөстөн жатсак, айлыбызды бир күнү чабар күчтөр толтура экендиги кимге маалым эмес. Баткен согушун кантип эстен чыгарабыз. Ошол Катагандын кан Кошоюнун убагында Таласта хандыкка жаңыдан отурган Манасты кайра Алтайга кубалоого Алооке далбастабады беле. Кыргыздарга капыстан кол салган Шоорук ханды, "Кокотойдун ашынын" аягында кыргыздардын жылкысын тийип, Каңгайга айдап кеткен калмак-кытайларды, ич жактан козголоң чыгарган алты ханды эске түшүрөлүчү. Манастын мамлекетин Кошой атйкандай, "кысталактар жепжеке тыштан" койгон эмес. Тарых азыр кайра кайталанып жатат.

Баамдасак, Кошойдун жогорудагы кыргыз мамлекетин ар кандай ниети кара күчтөрдөн сак- сактап кайтаруу, "ошого моюн бербеске", казынаны калыңдоо, "ок өтпөгөн тон камдоо,ок жетпеген ат кымдоо" жөнүндөгү осуяты биз үчүн бүгүн актуалдашып, алдыбызга "айкүрүнөп" туруп жатат. Демек, азыркы кыргыз коомуна биринчи иретте, Кошой сыяктуу элинин эгемендүүлүгүнүн,мамлекетинин бүлүнүп, таланып,-тонолуп жок болушун өзүнүн жарандык өлүмү, улутунун өлүмү катары кабыл алган, бирөөлөргө күнкор болуп жашаган тири өлүк тагдырды түк көторө албаган, өз улутунун, өз мамлекетинин эркиндигин сактоо жана коргоо үчүн жанын курман чала турган, атуулдук ар намыстын туусун бийик кармаган мекенчил патриоттор керек.

Айтмакчы, Кошойдун ушул эле "кенен ойло башынан, кебелбес болсун казынаң, ок өтпөгөн тон камда, ок жетпеген ат камда" деген осуятынан, байкасак, Ала-Тоодо күчтүү кыргыз мамлекетин түзүү идеясы баш багып турат. Ырасында эле, өзүбүздүн улуу мурасыбызда, улуттук көрөңгөбүздө чөгүп жаткан ушул күчтүү кыргыз мамлекетин түзүү философиясын Манастын жана Кошойдун бүгүнкү урпактары - биз жетекчиликке алышыбыз керек демекчибиз. Билек түрүнүп, өлкөбүздү кризистен алып чыгып, кедейчиликтен куткарып, анан күнү-түнү чеке тердетип, күчтүү кыргыз мамлекетин түзүү

manas-discovery.kg


биздин улуттук идеябыз болуп калса. Убагында шер Манас Кошойдун бул осуятын жерге таштаган эмес. Манас атабыз Ажонун тагында отурганда өз айланасына Бакай акылман, ошол эле Кошой даанышман, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай сыяктуу кашкөй баатырларды топтоп, кырк чоро сыяктуу өңчөй көкжалдардан турган топту курап, мамлекетти локомотив өңдүү сүйрөй турган күчтүү команданы түзүптүр. "Калк энеси" деген атка конгон Каныкей "сайса найза тешпеген, атса ок өтпөгөн" аскердик керемет кийимдер менен кырк чорону жабдыган, Манастын кошуунуна гүлазыкты, дары-дармекти мол камдап, анын күч кубатын арттырган. Бөлөкбай уста Манаска "шиберге койсо өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен" ач албарс кылычты, "шамалга тийсе ырдаган, тийген жери ырбаган" сыр найзаны жасаган. Манас кырк уруу кыргыздын биримдигин чыңдаган, түрк элдерин кыргыз мамлекетинин айланасына бириктирген. Демек, Манас, Кошой атанын осуятын орундап, "ок өтпөгөн тону бар, ок жетпеген аты бар" күчтүү кыргыз мамлекетин түзүүгө үлгүрүп, кылымдарга аңыз болуп калган эрдикти жасаган.

Айкөл Манастын бул тажрыйба-сабагы кимге таалим эмес да, кимди гана ойлонтпойт. Кошойдун кеп болуп жаткан осуятынан чыккан улуу идеяны биз дагы Манас ата сыяктуу кастарлап, тутунушубуз шарт. Глобалдашуунун аз сандагы улуттарды оп тартып жутуп коюу онурталдуулугунун шартында кебелбес казынасы, ок өтпөгөн тону, ок жетпеген аты бар, ар намыстуу заты бар мамлекет биздин таянар тообуз. Капчыктуу, бирок инттеллектиси төмөн, өзүмчүл, ээк алдынан башканы көрбөгөн, керек болсо,элин, жерин сатып жибере турган атка минерлерге эмес,жанагындай Манас, Бакай, Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай, Каныкей сыяктуу кабылан башкаруучу-лидерлер командасына эгедер күчтүү кыргыз мамлекети гана улуттун бүгүн жана келечекте сакталышына гарант болуп бермек.

manas-discovery.kg

Кыскасы, образдуу айтканда, Кыргыз мамлекетинин өзүнүн "Кошой коргону" болсун. "Манастагы" "Кошой коргонду" символдук мааниде түшүнсөк болот. Дагы айталы, улутубузду бекем, түбөлүктүү салынган "Кошой коргон" калкаламак. Бирок "Кошой коргон" десе, Ала-Тоонун айланасын курчай "кытай дубалын" куруу керек экен деп түшүнбөө керек. Сөз күчтүү илим-билимден, маданияттан жана Кошой менен Манастыкындай күчтүү патриоттук рухтан курулган "Кошой коргон" жөнүндө болуп жатат. Демек, алдыбызда кечиктирилгис опол тоодой милдеттер турат. "Манаста" айтылгандай:

Талаада аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
Кесүүгө тиккен багың жок
Керсейип жатаар чагың жок".

Ишти биринчи жаш муундардан баштоо зарыл. Мамлекетибиз, мекенибиз, улутубуз ич жактан бекем, келечеги кең болсун десек, бүгүн өсүп жаткан муундарыбызды акчага, алтын-күмүшкө, мансапка, байлык-бийликке, күнүмдүккө болгон кумарга, "махабатка" эмес, чет өлкөлүк идолдорго сыйынууга эмес, индивидуалисттик өзүмчүл прагматикага эмес, Ата журтка агынан жарылган ак жаркын патриоттук сүйүүгө жана эл-жерине кан-жанын берген жарандык улуулукка, күчтүү кыргыз мамлекетин түзүү мүдөөсүнө, бир сөз менен айтканда, Кошойдун патриоттук руханиятына тарбиялашыбыз керек.

manas-discovery.kg



# XXVIII. МАНАСТЫН УЛУТТУН ТАГДЫРЫН, КЕЛЕЧЕГИН ЖАНА ДҮЙНӨНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮН ОЙЛОНГОН СТРАТЕГИЯЛЫК ДААНЫШМАНДЫГЫ-МУУНДАРДЫН РУХИЙ МЕКТЕБИ

## 1

Адегенде «Манастагы» Ата мекенге, эл-журтка далай ирет зыянын, кесепетин тийгизген арымы кыска тар ойлуулук, тумшугунун алдынан башканы көрбөгөн өзүмчүл провинциализм жөнүндө, «абыке-көбөшчүлүк» жөнүндө.

Кыргызга ата болгон Манас Ажосунан ажырап, калктын түндүгү түшүп турган чакта, айкөлүнөн айрылып, кара кийип, Каныкей кан жутуп турган кезде, өлгөндүн үстүнө көмгөн дегендей, Жакыптын калмак зайыбы Бакдөөлөттөн туулган Көбөш баштаган «алты арам» Каныкейдин да, калктын да чекесине чыккан чыйкан болот.

«Ит кутурса ээсин кабат» деген кептин чын экендигине Каныкей мурда эле, Чоң Казат учурунда «алты арамдын» чыккынчылыгынан улам терең ынанып калган. Баатырлар Бээжинде майданда салгылашып жаткан кезде, ооругта калган Абыке-Көбөш «Манас өлдү, элге өзүбүз хан болобуз» деп, Ажонун ордосуна кол салганда, Каныкей жоо кийимин кийип, чачын төбөсүнө түйүп, буларды беттеп чыгып, ордого жолоткон эмес. Ошондо эле, бул ини сөрөйлөрдүн Манас агасынын ийгиликтерин көрө албай, ичтеринде ийри жылан сойлоп тургандыгын Каныкей даана көргөн.

Манастын көзү өткөндөн кийин Каныкей Абыке, Көбөштү акыл-эстерине келип, намыстанышып, Манастан калган тууну колго алып, кызылдай кыйынчылык менен курулган Манастын

manas-discovery.kg

мамлекетин сактоо, чыңдоо, журт көз карандысыздыгын тыш жактагы «тырмактуулардан» коргоо жөнүндө ойлонот го деп үмүттөнгөн. Көрсө, булардын ойлогону, болгон максаты **мансап, байлык, анан Каныкейди катын кылып алуу** экен.

Каныкей Көбөштүн жуучуларын канжар менен кууп чыккандан кийин Манастын ордосу таланат. «Алты арамдын» чабуулунан кийин мамлекеттин ордосунун кандай кейипте калгандыгы «Манаста» мындайча сүрөттөлөт:

Талынын баарын сулатып,
Тамынын баарын уратып.
Таш калааны талкалап,
Такыр чаап алыптыр.
Ар кайсы жерде оркоюп,
Ордонун орду калыптар,
Каныкейдин ак сарай,
Каалгасы темир, сом калай,
Төрт күл дөбө болуптур.
Буланы булап алыптыр,
Бузуку минтип салыптыр,
Как эткенден карга жок
Курулай талаа калыптыр:

Мынакей, тумшугунун алдынан башканы көрбөгөн «өздөн чыккан жаттын, өзөктөн чыккан өрттүн» сокур амбициясынын трагедиялуу натыйжасы. Ак мөңгүлүү Ала-Тоого, ак калпак кыргызга көз артып турган алыскы – жакынкы жоолордун көзүнчө өз мамлекетин, өз эгемендүүлүгүн өз колу менен талкалаган «Манастагы» «кыргыз» деген аты бар кош аяктуулардын жоругуна не дейсиң?!

Бул окуя улуу эпосубуздун бизге насыяттап калтырган сабагы, эскертүүсү. **«Абыке, Көбөш алты арам»** - бул «Манастын» символу. Абыке, Көбөш алты арам-граждандык, атуулдук жетилбегендиктин, өз улутунун келечеги, түпкү стратегиялык кызыкчылыктары, башка элдердин катарындагы аброю, ар намысы, коопсуздугу жөнүндө иши жоктуктун

manas-discovery.kg


символу. Күнүмдүктүн, кара жемсөө өзүмчүлдүктүн, акылсыз авантюранын, «өздөн чыккан жаттын, өзөктөн чыккан өрттүн» символу. Эгер улут ичинде Абыке, Көбөш алты арамдын күчү үстөм абалга ээ болуп кетсе, журттун калаасы бузулар, ордосу ойрондолор, ата конуштан бакыт, ырыс качар. Ушуну айтып турат бизге «Манас». Бизге калтырган Манастын эскертүүсү ушул. Биз бүгүн ушуну эске түйүп коюшубуз керек. Эки душман болот: ички жана тышкы. Тышкы душмандан да, ички душман коркунучтуу. «Манас» эпосунда кыргыз мамлекети тышкы жоодон бир жолу (Алоокенин чапкыны), ички жоодон эки жолу (1. Абыке-Көбөш. 2. Канчоро-Кыяз) бүлүнгөндүгүн көрөбүз.

## 2

Ал эми Манастын Каныкейдин Бакайдын Кошойдун акыл-эси «Абыке-Көбөшчүлүктүн» өзүмчүл ойломуна карата алтернатива. Булардын ой-жүгүртүүсү **Мекен жана мен, атуул жана Ата журт, ата конуштун эркиндиги, ак калпак калктын биримдиги, адам жашоосунун маңызы, чындык, адилеттүүлүк, эл-журт алдындагы парз** өңдүү орчундуу базистик түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын тегерегинде ар дайым "шакардай" кайнап турат.

Манас атабыздын саясий жана патриоттук акыл-эси ар дайым сергек. Ал күнү-түнү көзүн жумбай, ак калпак элди, Ала-Тоону сак-сактап кайтарып, журт кызыкчылыгына шек кеткен жерде арстандай күркүрөп, кара күчтүн алдын тороп чыга келет. "Алуучу калмак сен эмес, алдырчу кыргыз мен эмес, чабуучу кытай сен эмес, чаптырчу кыргыз мен эмес" деп, ал эл-жеринин чегинде ар дайым бекем турат.

Айкөл Манастын баскынчы, колонизатор Алооке ханга арстандай күркүрөп айтып турган төмөнкү сөздөрү ар дайым кулагыбызда жаңырып турат:

Кытайды Манас тим койду,
Кыргыздын жерин жердөөнү
Алооке сага ким койду?

manas-discovery.kg

Калмакты Манас тим койду
Атамдын жерин ээлөөнү
Ант ургур сага ким койду?
Көмкөрүп салам калааңды,
Көп чукуба жарамды,
Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн караанды.

Манастын арстандай айбатынан корккон Алооке хан Анжияндагы ордосун таштап, түнү менен Каңгайга качып жоголот.

Манас – калк кызыкчылыгын кайтаруунун символу!

## 3

Айкөл Манас Чоң Казаттан кийин майданда алган жараатынан каза болгондо, Кошой моминтип көзүнөн жашын он талаа кылып, коңгурап ыйлап турат:

Манасым, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Каңгайдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай журтумду
Мунун акылын таап ким баштайт?!
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким саптайт?
Береги толуп жаткан журтунду,
Тозок бир келсе манжуудан
Мунун топ- тобун бузбай ким баштайт?

Карачы, кайран карт Кошой эл тагдырын ойлоп, Кудайга үнү жетип, кандай өңгүрөп, жашын төгүп турат. Мына ушул күйүттүү ыйдан жана өйдөтө сүйлөнгөндөрдөн улам мындай дейбиз. Мынакей, Кошойдун жарандык-атуулдук, патриоттук-улутмандык акыл ойломунун керемет масштабы. Мынакей, абакебиздин ой жүгүртүүсүнүн кенендиги жана терендиги, мынакей, интелектисинин бийиктиги. Мынакей, улуттун көйгөйү менен санааркаган улуу мекенчилдик.Калк

manas-discovery.kg


кызыкчылыгын кайтарган стратегиялык акыл-эс. Мынакей, Кошойдун инсандык кең кулачтуулугу жана Ата журт тагдыры үчүн жоопкерчиликти мойнуна көтөргөн рухий асылдыгы! Ырасында эле, Кошой эпосто айтылгандай, «эл атасы» деген наамга татыктуу инсан. Ал кыргыз калкына өз үй-бүлөсүнө кам көргөн ата сыяктуу күйүп-бышып кам көрөт. Кошой-ак калпак кыргыз эли деген «үй- бүлөнүн» аксакал атасы.

## 4

Манас Бакай Кошой жалаң эле улуттун тагдыры жөнүндө эмес, жалпы эле Борбордук азия калктарынын тагдыры тууралуу санаа чегип турушат. Ала-Тоо мекенден баскынчы Алооке ханды сүрүп чыгаруу майданын баштаган Манаска «караңгыда көз тапкан» кеменгер Бакай: **«Алты-Шаар, Маргалаң, аягы Кокон, Самаркан, кутуруп жаткан душмандан, ажыратып алалы»**, - деп Чыгыш Түркстандагы жана Орто Азиядагы тили текteш, боордош калктарды да жоодон куткаруу боюнча ой-пикирин, кеңешин айтат: Анткени кытай-калмак империясынын ханы Алооке Анжияндагы Маргаланга ордосун куруп, аталган аймактардагы түрк-мусулман элдеринин кактабай канын соруп турган. **«Алты-Шаар, Маргалаң, темир аркан торунда, Алоокенин колунда. Койдой кырып Алооке, Коконго кордук салыптыр, алты миң жамбы, миң кундуз, ай сайын алым алыптыр, алымына чыдабай, кайранэл чуулап калыптыр»** деп айтылат «Манаста».

Кошой болсо Манаска **«Орчун Кокон, Маргалаң, аягы кептеш Самаркан, күн чыгыш жагы Алты-Шаар, сени күтүп келет деп, күткөн мынча журтуң бар»**, - деп Манастын кыргыз элинин гана эмес, жалпы Орто Азия жана чыгыш Түркстандын эзилген боордош элдеринин да үмүтү экендигин туюндуруп, баатырга алды жакта масштабдуу милдеттер тургандыгын насыяттайт.

Ал эми Манас тереңинде өзүн жалаң эле кыргыздын эмес, боордош түрк журттарынын да кулунумун деп эсептейт.

manas-discovery.kg
Тили, дили, дини биркалктардын баш кошкондугуна дайыма умтулуп, Манас алардын тагдыры үчүн да өзүн жоопкер сезет. Казак менен кыпчактын намысы – кыргыздын да намысы деп ойлойт. Ошол үчүн алардын тагдыры жөнүндө дайым башын жерге салып, акыл тегеретип, ичинен убайым жеп: **«түтөгөн калмак кыргызды, түк койбой кырса нетебиз? Казака араан салбайбы, акыретте Манаска, кайгысы түшүп калбайбы!»**– деп баатыр тогуз толгонуп турат.Кыскасын айтканда, Манастын, Бакайдын, Кошойдун акыл-эси жана ой-жүгүртүүлөрүөзүнүн стратегиялык кенендиги менен айырмаланат. Алар дүйнөнүн көйгөйлөрү жөнүндө ойлонушат.

## 5

Манас ата алды жакты, келечекти ойлоп, санааркайт, коогалуу жоокердик заманда эртеңки тагдыр жөнүндө толгонуп, убайым чегет:

Менин көзүм өткөндө
Кагылайын калайык
Эл эмине болот дейм?
Тукабадай кулпурган,
Жердеген пенде туйтунган
Жер эмине болот дейм?
Каз-өрдөгүн чуулаткан,
Көл эмине болот дейм?
Тагдырым жетип дүйнөдөн
Ажалым жетип окко учсам,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт,
Калып калса бул элди,
Капа кылбай ким баштайт?!
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт,
Тоорулуп кетсем дүйнөдөн
Аркамда калган бул элди

manas-discovery.kg


Тоздурбастан ким баштайт?!

Бул мекендин, эл-журттун кийинки тагдыры жөнүндөгү УЛУУ САНАА. Бул сөздөр Манастын улуу патриот экенин өзүнөн өзү даңазалап турат. Ата журт жөнүндөгү бул улуу санаа бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын ар бир жараны үчүн өлбөс-өчпөс өрнөк-таалим. Президенттен тартып коомдун ар бир мүчөсүнө чейин өзүнүн Ата журту жөнүндө Манас атабыздай санааркап, тукабадай кулпурган жерим эмне болот, каз-өрдөгү чуулдаган көлүм эмне болот, мекенимдин келечеги кандай болот, мен жок болсом, калайык-калкымды капа кылбай ким баштайт, мамлекетимдин айбалтасын ким аштайт?- деп жарандык санаага батып, тогуз толгонуп, эл-жеринин урматына күжүрмөн аракет-мээнет менен жашай билсе, өлкөбүздүн пайдубалы канчалык бекем болор эле да, алдыга карай Ата конушубуз канчалык арыштап өсөр эле.

# КОРУТУНДУ

Кыргыз эли биздин эрага чейинки замандарда эле өзүнүн хандыгына, мамлекеттүүлүгүнө (Кытай жылнаамаларынын далилдери) ээ болгон, Азиядагы түрдүү империяларга аралаш жашап, Батыш менен Чыгыштын мейкиндерине ат туягынын изин түшүргөн, жер үстүндөгү түркүн тепкичте турган коомдук формациялардын жана цивилизациялардын тажрыйбасына күбө болгон, аң сезими жана руханияты, дүйнө кабылдоо даражасы өскөн калк болгон. Кыргыз эли өзүнүн узак жана бай тарыхында калктын, жамааттын, инсандын жашоо – тиричилигинин түп пайдубалында жата турган адеп-ахлак уңгуларын, моралдык-философиялык жоболорду, этикалык эрежелерди иштеп чыккан. Жогоруда сөз болуп өткөн эркиндик эрежеси, интернационализм, достук жобосу, коомдук парзды, эл алдындагы атуулдук жоопкерчиликти терең аңдоо билгилиги, сөз менен иштин биримдиги, эмгекчилдик, жоомарттык, айкөлдүк, адамгерчилик, ар намыстуулук ынтымак-биримдик ж.б. правалык нарктар, көп тилдүүлүк идеясы, үй-бүлө философиясы, мекенчилдик, патриотизм, эл аралык жана инсандар аралык мамилелердеги баарлашуу (диалог) принциби-булар ак калпак кыргыз калкынын адеп-ахлагынын архетиптери, субстанциясы, өзөк-негизи. Тарыхтын бороон-чапкындуу татаал жолунда кыргызды ушул базалык дөөлөттөр сактаган жана бул нарк-дөөлөттөр кыргыздар өздөрүнүн рухий цивилизациясы жагынан Азияда кыйла бийиктикке көтөрүлгөн эл экенин күбөлөйт. Ата-бабалардын адеп-ахлагынын ички регулятору болуп келген ушул идеялык, рухий-ыймандык нарктар улуу Манас Атанын кан тамырында агып, көөдөнүндө жүрөк болуп согуп турган. Биз бөлөктөрдү тууроочу же көчүрмөчү калк эмеспиз. Кыргыз элинин кылымдарды аралап келе жаткан өзүнүн салттык, түптүү, каны-жаны менен бирге бүткөн нарк-кенчтери бар. Жогорудагы ошол кенчтер, кыргыз элинин өмүр-

manas-discovery.kg


жашоосунун негизин, пайдубалын кечээ да түзгөн, бүгүн да, эртең да түзөт. Бул адеп-ахлак субстанциялары, көрөнгөлөрү улут үчүн өлбөс-өчпөс баалуулуктар.

Кыргыз элинин руханий-ыймандык субстанциясы болуп эсептелинген жогорудагы нарк-дөөлөттөр, Манастын адеп-ахлак менталитети бүгүн таалим-тарбиянын үчүн табылгыс көрөңгө, гүлазык, түгөнгүс ресурс. Эгер биздин муундарыбыз, атуулдарыбыз өзүнүн бир боор кыртышына тамырын терең житирип турган дарак сындуу тарбияланган болсо, кеңири жалпылап кыска айтканда, эгер улуттук маданияттын түркүгү жергебизде бекем орнотулган болсо, анда калкыбыз ар кандай чоочун маданий экспансиянын, сырткы терс таасирлердин бийлигине алдырбай, дүйнөлүк державалардын ассимляциялап жиберүүчү өкүм күчүнө туруштук берип, улут катары өзүнүн тарыхый менталитетин сактап, жалпы адамзат көчүнө татыктуу кошула алмак. Өзүнүн өзөк тамырынан ажырап калган дарак жалбырагы эч убакта башкага жалгашып көгөрүп, көктөй албайт. Дарактын түпкү тамырынан өмүр алып турган жалбырак гана тышкы дүйнөнүн насиптерин-абаны, күндү жана башка азык заттарын кабыл алып, кулпуруп өсүүгө жөндөмдүү келет. Адам баласы да ошондой. Өзүңдүн улуттук топурагыңда өнө билсең гана башка цивилизациялар менен болгон алака-катышың, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүшүң жемиштүү болот. Дагы бир жолу айталы, кыргыз рухунун, Манас рухунун адептик-ыймандык улуу дөөлөттөрүнүн жана асыл нарктарынын нугунда кайра жаралуу-эл-журтубуздун келечегинин, мамлекетибиздин бекемдигин фактору. Эгер ушул асыл баалуулуктар үй-бүлө, бала-бакчалар, мектептер, лицейлер, гимназиялар, колледждер, университеттер, мекемелер аркылуу кызыл сызык болуп алынып өтсө, ушул кенчтер ар бир жарандын көөдөнүндө жүрөк болуп дүкүлдөп согуп турса, анда мунун өзү улутубуздун дүйнөлүк көчкө өз жүзү менен кошулушунун кепилдиги болмок.

manas-discovery.kg

Сөз акырында белгилей кете турган нерсе, социогуманитардык илимдердин окуудору адам коомундагы социалдык-тарыхый прогресстин башкы критерийи өндүргүч күчтөрдүн өсүшү эмес, адамдын моралдык өнүгүш даражасы болууга тийиш деп эсептешет. Эгер ушул чен-өлчөмдүн ыңгайынан "Манас" эпосуна карасак, анда Манас, Каныкей, Кошой, Бакай өңдүү каармандардын моралдык облиги, рухий маданияты кыргыз коомунун социалдык прогресс жагынан кыйла эле ойдо күдөнгүлөгө көтөрүлгөндүгүн күбөлөйт. Маселен, алардын кыргыз элинин көз карандысыз өзалдынчалыгы, улуттук биримдиги (уруулук эмес) жөнүндөгү саясий-философиялык ойломдору, калк аралык, инсандар аралык ынтымактын жарчысы катары чыгып, ошол ынтымактын аспабы катары диалог усулун карманып, ортого данакер боло билгендери, чындыкты, акыйкатты туу тутуп, достон жогору коюшу, бийик адеп-ахлактык категориялар менен акыл чуркаткандары, эл-журттун, мамлекеттин жогорку кызыкчылыктары тууралуу ой-жүгүртүүлөрү, айлана-тегерекке сын көз менен карагандары, көртиричиликтин майда-баратынан, бийлик, байлык азгырыгынан жана кумарынан жогору тура билген рухий аристократтыгы – дал ушул менталитет кыргыз коомунун социалдык-тарыхый прогресс жагынан бир топ эле цивилизациялуу даражага өсүп келгендигин айкындайт. Кыргыз социумунун мыкты сапаттарын өзүндө алып жүргөн "Манастын" каармандарынын мындай менталитети бүгүнкү XXI кылымда да адамзат үчүн актуалдуу. Демек, "Манас" эпосу мындайча айтканда, кыргыздын руханий цивилизациясынын, "кыргыз рухунун туу чокусунун" (Ч.Айтматов) өлбөс дөөлөттөрүн чагылдырып, даңазалап тургандыгы менен дүйнөлүк мааниге ээгедер.

manas-discovery.kg


# С. Байгазиевдин Манастаануучулук ишмердиги

Советбек Байгазиев 1990-жылы мектептер үчүн "Кыргыз адабияты" программасын жаңылап кайрадан түзүп, ССРдин тушунда "Манас" эпосуна окуу программасында берилип келген 10 саатты 50 саатка чейин көбөйтүп, эпосту кененирээк үйрөнүүгө шарт түзгөн. 1994-жылы "Манас" эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун актуалдуу проблемалары" аттуу республикалык илимий конференцияны уюштуруп өткөрүп, анда башкы докладды жасаган. Мындай деңгээлдеги конференция Кыргызстанда биринчи жолу уюштурулган эле. Манастын 1000 жылдыгына карата өткөрүлгөн "Манас" боюнча Республикалык илимий конкурста "Улуу Манас- улутубуздун тил жана дил бешиги." аттуу китеби үчүн С. Байгазиев экинчи сыйлыкты жеңип алган. ЖОЖдор үчүн "Манастаануу" программасынын авторлошу. ЖОЖдорго арналып биринчи жолу жазылып министрлик тарабынан бекитилген "Манастаануу" окуу китебинин автору. С. Байгазиев "Манас" эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясын" түзүп, ал Билим берүү жана илим министирлигинин Коллегиясында бекитилген. Ошондой эле, С. Байгазиев 2013-жылы Республиканын жаштар министирлиги бекиткен

"Жаштарды рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоонун концепциясынын" да автору болуп саналат. КРдин Билим берүү жана илим министирлиги бекиткен (2014) "Мектеп окуучуларын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоонун концепциясынын" жетекчиси жана авторлошу. КРдин Президентинин "Инсандын руханий-адеп-ахлакктык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгынын негизинде тарбия концепциясын түзүү боюнча Республикалык жумушчу топто иштеген жана ал концепция өлкөнүн Президенти тарабынан бекитилди. С. Байгазиев орто мектептин 11-классы

manas-discovery.kg
үчүн жазылган жана министрлик тарабынан бекитилип, жарыкка чыгарылган окуу китебиндеги "Манастаануу" бөлүмүнүн автору. С. Байгазиев авторлош болуп жазган "Манастаануу" окуу китеби 2016-жылы Кытайда басылып чыккан. Ошондой эле, С. Байгазиев авторлошу болуп жазган "Кыргыз адабияты" окуу китеби Өзбекстандагы кыргыз мектептери үчүн Ташкентте жарык көргөн. С. Байгазиев Манастаануудан башка дагы адабият таануу, педагогика, методика, публицистика, проза, поэзия, адабий сын тармактары боюнча да бир-нечелеген китептердин автору. Ал коомдук "Манас" академиясынын академиги, "Айкөл Манас", "Кылым залкары", "К. Д. Ушинский" атындагы медалдардын, Евразия чыгармачылык гильдиясынын, "Спасшие мир" орденинин ээси. Окумуштуунун "Манас" эпосу боюнча жазган китептери окумуштуулар жана окурмандар тарабынан мыкты бааларга татыктуу болуп келет.

## С. Байгазиевдин «Манас» эпосу боюнча жазып, билим берүү тармагына жайылткан илимий-педагогикалык, илимий-популярдуу, усулдук, публицистикалык, окуу, таалим-тарбия китептери:

1. Улуу Манас- улутубуздун тил жана дил бешиги. –Эркин Тоо басмасы, 1994.
2. Айкөл Манас. –"Техник" басмасы, 2001.
3. Балдарга Манас баатыр жөнүндө. –Гүлчынар, 2007.
4. Улуу "Манас" улут тиреги. –Алтын тамга, 2007.
5. "Манас" эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары. – Алтын тамга, 2013.
6. Улуу "Манас" эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси. –Алтын тамга, 2013.

manas-discovery.kg


7. Кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары- ата журт тиреги. – Гүлчынар, 2013.

8. Айкөл Манас атанын руханий-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү. – Билим басмасы, 2013.

9. "Манас" эпосуну рухий-адептик, патриоттук улуу дөөлөттөрү. – Алтын тамга, 2014

10. Манастаануу: Бакай-чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту. –AS Print, 2015

11. Кошой даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин улуу өрнөгү. – Алтын Принт, 2015.

12. Манас менен Каныкей мекенчилдиктин идеалы жана рухий сулуулуктун улуу өрнөгү. – Алтын Принт, 2015.

13. Улуу Манас баатыр- урпактардын патриоттук идеалы. - AS Print, 2016

14. Аялзаттын тунугу, ак жоолуктун улугу Каныкей- Ала-Тоолук кыздардын руханий-адептик маягы. - AS Print, 2016.

15. Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. – Алтын тамга, 2018.

16. Манас жана Чыңгыз. – Бишкек, Алтын тамга, 2018.

17. Улуу "Манастын" алтын казынасынан жети нуска. – 2019.

18. Манас, Бакай, Кошой- Ата журтка жеңиш жана бакыт алып келген жарандык улуу биримдиктин символу. – 2019

19. Айкол Манас Ата журтка кандайча кызмат кылган?-2019

20. Улуу "Манас" эпопеясы- дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. – Бишкек, 2015

21. Кылым таймашы же Кошой баатырдын улутка утуп берген улуу мөөрөйү. – Бишкек, 2016

22. Манастаануу. ЖОЖдор үчүн окуу китеби. – Кыргызполиграф комбинаты, 2001.

23. "Манас" эпосун интерактивдик усул менен окутуу. – Гүлчынар, 2010.

24. "Манас" эпосу: тарыхый эстутумга, антимаңкурттук

manas-discovery.kg
рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо. – Алтын тамга, 2012.

25. "Манас" эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. - Алтын тамга, 2012.

26. "Манастын" ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты. -. Алтын тамга, 2012.

27. Бала Манастын инсан катары калыптанышына эмгек тарбиясынын ролу. - Алтын тамга, 2012.

28. "Манас" эпосунун биримдик, достук, ынтымак жөнүндөгү улуу идеялары – бүгүнкү жарандык тарбиянын тиреги. - Алтын тамга, 2012.

29. "Манастаануу" (ЖОЖдор үчүн окуу программасы. – Бийиктик, 2012.

30. "Манастаануу". ЖОЖдор үчүн окуу китеби, коллектив менен бирге. - Бийиктик басмасы, 2013.

31. Эл мугалими Бектур Исаковдун педагогикасы. (Анын "Манас" эпосун окутуусу) – Учкун, 2013.

32. "Манастануу" 2016-ж. (Кытайда жарык көргөн), коллектив менен бирге жазылган.

33. Манастаануу - 40 басма табак, Бишкек, 2017.

34. Кыргыз этикалык жана этнопедагогикалык асылнарктары. – Алтын тамга, 2019.

35. "Манас" эпосунун педагогикасы. – Алтын Принт, 2021.

manas-discovery.kg

# МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаровдун жарлыгы жана улуу Манас эпосунун рухий ресурстар. Алгы сөз....................8

УЛУУ "МАНАС" ЭПОСУНУН РУХАНИЙ, АДЕПТИК-ЫЙМАНДЫК, ИДЕЯЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК, ПАТРИОТТУК БААЛУУЛУКТАРЫ..........................................17

I. АК КАЛПАК КАЛКТЫН ЭРКИНДИГИ, АТА ЖУРТТУН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫ, ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮ-АЙКӨЛ МАНАСТЫН ЫЙЫК ИДЕЯСЫ ЖАНА ТУТУНГАН ЖАРАНДЫК УЛУУ ПРИНЦИБИ..........................................17

II. СӨЗ МЕНЕН ИШТИН БИРИМДИГИ – МАНАС АТАНЫН АДЕП-АХЛАГЫНЫН АСЫЛ КАСИЕТИ..........................................27

III. ДОСТУК–"МАНАСТЫН" ЭТИКАСЫНЫН ӨЗӨКТҮҮ ЖОБОСУ..........................................30

IV. МЕКЕН, ЭЛ АЛДЫНДАГЫ АТУУЛДУК ПАРЗ, ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК, МЕКЕНЧИЛДИК– "МАНАСТЫН" АДЕП-АХЛАГЫНЫН ӨЗӨКТҮҮ ЭРЕЖЕСИ..37

V. ЭМГЕКЧИЛДИК, МЭЭНЕТКЕЧТИК – ..........................................47
МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН ТҮПТҮҮ КӨРСӨТКҮЧҮ.........47

VI.ҮЙ-БҮЛӨ АДЕП-АХЛАГЫНЫН АЛТЫН ТИРӨӨЧҮ – МАХАБАТ!..........................................53

VII. АТА-ЭНЕНИ ЫЙЫК ТУТУП УРМАТТОО – МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН МЫЙЗАМЫ..........................................60

VIII. КЫРГЫЗ КАЛКЫНЫН УЛУТТУК БИРИМДИГИ-МАНАСТЫН ЖАРАНДЫК АДЕП-АХЛАГЫНЫН УЛУУ МҮДӨӨСҮ..........................................65

manas-discovery.kg

**IX.** КАНАТТАШ КАЛКТАРДЫН ӨЗ АРА ЫНТЫМАГЫ ЖАНА БИРИМДИГИ - «МАНАСТЫН» ИНТЕРНАЦИОНАЛДУУЛУГУНУН КӨРСӨТКҮЧҮ ........................................68

**X.** АКЫЛМАН БАКАЙДЫН БААРЛАШУУ (ДИАЛОГ) УСУЛУ-"МАНАСТЫН" ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЭТИКАСЫНЫН КЫЛДАТ КАСИЕТИ ........................................74

**XI.** "МАНАС" ЭПОСУНУН КӨП ТИЛДҮҮЛҮК ИДЕЯСЫ–АК КАЛПАК КЫРГЫЗДЫН АКЫЛМАНДЫГЫНЫН АСЫЛ КЕНЧИ
XII. ЖУРТ БИЛЕРМАНДАРЫН, ЭЛ БАШЧЫЛАРЫН, ЧОРОЛОРУН ТАНДООДО МАНАС АТАНЫН КОЛДОНГОН ЖОЛ-ЖОБОСУ ........................................87

**XIII.** КАЛК БАШЧЫЛЫРЫНЫН (МАНАС, БАКАЙ, КОШОЙ) АСЫЛ МАКСАТТАР МЕНЕН ШИРЕЛИШКЕН ЖАРАНДЫК УЛУУ БИРИМДИГИ - АТА ЖУРТТУН ЖЕҢИШТЕРИНИН АЧКЫЧЫ ........................................93

**XIV.** ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМ, ТЕГИН, ТАМЫРЫН ТААНУУ, ЖАНА МАҢКУРТЧУЛУККА КАРШЫ РУХ-МАНАС АДЕП-АХЛАГЫНЫН ЖАРКЫН КАСИЕТИ ........................................99

**XV.** АР-НАМЫСТУУЛУК - "МАНАСТЫН" ЭТИКАСЫНЫН ТҮПТҮҮ КЕНЧИ ........................................106

**XVI.** МАНАСТЫН РУХАНИЙ ЖООМАРТТЫГЫ, АЙКӨЛДҮГҮ, АДАМКЕРЧИЛИГИ ........................................114

**XVII.** МАНАСТЫН БООРУКЕРДИГИ, КЕЧИРИМДҮҮЛҮГҮ ЖАНА ЭЛ МЕНЕН БОЛГОН БИРИМДИГИ ........................................126

**XVIII.** БААТЫРДЫН КЕМЧИЛИГИН МОЮНГА АЛА БИЛГЕНДИГИ ЖАНА СЫНЧЫЛДЫГЫ ........................................131

manas-discovery.kg

**XIX.** ЭНЕ ТИЛ – "МАНАСТЫН" КӨКӨЛӨТҮП КӨТӨРГӨН ТУУСУ ........................................................ 134

**XX.** ӨНӨР – БИЛИМ – МАНАСТЫН АТА-ЖУРТУНУН ТИРЕГИ ........................................................ 140

**XXI.** "МАНАСТЫН" ТАБИЯТ ДААНЫШМАНДЫГЫ – БҮГҮНКҮ ЭКОЛОГИЯЛЫК АДЕП-АХЛАХТЫН ТҮП ТАЯНЫЧЫ 150

**XXII.** ЖЕКЕ ТАЛАМДАР МЕНЕН ЭЛДИН, МЕКЕНДИН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНЫН БИРИМДИГИ – МАНАСТЫН МОРАЛДЫК АСЫЛДЫГЫНЫН ЖАНА РУХАНИЙ БИЙИКТИГИНИН БУЛАГЫ ........................................................ 159

**XXIII.** «МАНАСТЫН» СОГУШКА КАРШЫ ГУМАНИЗМИ .... 163

**XXIV.** "МАНАСТАГЫ" ТАРБИЯ АКЫЛМАНДЫГЫ ................ 171
1. Улуу мурастын бала, "туяк" жөнүндөгү философиясы ............ 171
2. Акбалта менен Чыйырдынын тарбия даанышмандыгы............ 176
а) Бала Манастын озгөчөлүгү ........................................ 176
б) Акылман акбалта АЛТАЙДА "кабыланды" кандайча таптаган? ........................................ 178
в) ЧЫЙЫРДЫ ЭНЕ "КАРА АЛА БАРЧЫНДЫН" КАНАТЫН КАНТИП ЖЕТИЛТКЕН?........................................ 182
3. АКЫЛ ТАРБИЯСЫ ЭРТЕЛЕП ОЙЛОНГОН, ЭРТЕҢКИСИНЕ ОЙГОНГОН БАЛА БААТЫР ........................................ 188
4. АТА-ЖУРТТУ КОРГОО ҮЧҮН БАЛАНЫ АСКЕРДИК-ЖООКЕРДИК ӨНӨРГӨ ТАПТОО БИЛГИЛИГИ ........................ 191

**XXV.** БИРИ-БИРИН КЫЙБАС ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖАНА ӨЗ АРА ЖАРДАМДАШУУ АДЕБИ ........................................ 202

**XXVI.** АКЫЛМАНДЫК-АСЫЛ АДЕП-АХЛАКТЫН НЕГИЗИ ........................................ 208

manas-discovery.kg

**XXVII.** ЭЛ-ЖЕРДИ СҮЙҮҮ. МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ САКТОО, КОРГОО ЖАНА ЧЫҢДОО ........ 213

**XXVIII.** МАНАСТЫН УЛУТТУН ТАГДЫРЫН, КЕЛЕЧЕГИН ЖАНА ДҮЙНӨНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮН ОЙЛОНГОН СТРАТЕГИЯЛЫК ДААНЫШМАНДЫГЫ-МУУНДАРДЫН РУХИЙ МЕКТЕБИ ........ 225

КОРУТУНДУ ........ 232

С. Байгазиевдин Манастаануучулук ишмердиги ........ 235

manas-discovery.kg

manas-discovery.kg

***Улуу "Манас" эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук баалуулуктары***

(Окуу-тарбия куралы)

***Духовные, морально-этические, идейно-философские и патриотические ценности великого эпоса "Манас"***

(Учебно-воспитательное пособие)

**Редактор:** Элмира Сабитова
**Тех.редактор:** Керимова Жениш
**Компьютердик калыпка салган:** Союзбек кызы Нурзада

Басма «Алтын Принт»
№ 29, көлөмү 15,1 басма табак,
Нускасы 300 даана

---

Бишкек ш., Орозбеков көч., 44,
тел.: 62-13-10
e-mail: altyntamga@mail.ru

manas-discovery.kg

manas-discovery.kg



Советбек Байгазиев - көрүнүктүү педагог окумуштуу, белгилүү адабиятчы аалым, публицист, акын, КРдин эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор, КРдин Илим жана Техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Россиянын Эл аралык педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү. Орус педагогикасынын атасы-Ушинский атындагы медалдын ээси, Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын, коомдук Манас академиясынын, Кыргыз педагогика академиясынын академиги, КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын Ч.Айтматов атындагы мамлекеттик Жаштар сыйлыгынын ээси. Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын лауреаты. Нарын, Талас областтарынын, Жумгал, Ала-Бука райондорунун Ардактуу атуулу. Кыргызстандын 6 жогорку окуу жайынын Ардактуу профессору.